ҮМҮТАЙ ЖЭЭНБЕКОВА

# ЖАРАЛАНГАН АККУУ



63.3.2
Ж-20

Үмүтай Жээнбекова

# ЖАРАЛАНГАН АККУУ

БК

Бишкек - 2014

О/З
Таш-Көмүр
шаардык
БК
6110 инв

УДК 94(47)
ББК 63,3,2
Ж-20

Үмүтай ЖЭЭНБЕКОВА

**Жараланган аккуу:** повесттер: – Б.: 2014.

Ж-20
ISBN 978 9967-17-195-1

Турмуштун оош-кыйыштары күчөп, базар мамилесинин катаал шарты арaанын жүргүзүп турганына карабай, чыгармачылык менен алектенип келаткан Үмүтай Жээнбекованын бул жыйнагына эки повести киргизилген.

С. Жээнбекова Ү., 2014.

УДК 94(47)
ББК 63 3.2

ISBN 9789967-17-195-1

# ЖАРАЛАНГАН АККУУ

... Жалындаган жаш кезим. Сабактан чыгып үйгө шашылдым, себеби, бүгүн он бешинчи сентябрь – менин туулган күнүм, он жетиге толом. Ата-энеме быйыл бүтүрүүчү экенимди эске салып, классташтарымды конокко чакырууга араң көндүргөм. Кечки коноктун камылгасына шашып бара жаткам, жолумду жигиттер тосуп, ороп алышты.

– Ии–и, чоң кыз, туулган күнүңүз менен! – деди Маха.

– Рахмат, кайдан уктуң? – деп мен таң калдым.

– Бизде жер тыңшаар мамыт деген бар, чакырганды унутуп калыпсың да? – Маха бут тосо чачын сылады.

– Тарт бутуңду! – дедим мен ичимден коркуп турсам да чымыркапып.

– Ох–хоо, кыз чоңоюп калыптыр, бутуңду тарт дейт го. – Ал шылдыңдай баштады. Мен жер карап уялдым. Күкө короздоно басып келди.

– Койсоңчу Маха, мындай кылышын жакшы эмес, кыздарды миптип сылык гана узатуу керек. – Ал колумдан кармай топтон чыгарып – Кечиресиз, чоң кыз, жол сиздики, – деп узатып койду. Артка кылчайсам, ал досторуна колун көтөрүп: – Булардын короздору менен эркекче сүйлөшөбүз, – деп, «хахалап» күлдү.

Кутулганыма кубанып жолумду уладым. Үйгө барып апама жардам берип, кечкиге дасторкон жайдык.

– Жаңылай, кызым, бери келчи. – Күтүлбөгөн белек, аппак көйнөк, жалаң гана тойго, кечеге кийчү көйнөк, тигилиши да укмуш, чачыма да гүлү бар аппак чач карматкычты мага сунду. – Көйнөгүңдүн жаны бош болсун, өзүңдүн жаның бек болсун, көйнөгүң күзгө, өзүң жүзгө жет, акылдуу, ыймандуу, бактылуу кыз бол! Мына кызым, чоңойдуң, өз тагдырың колуңда, жолуңдан адашпай, турмушта максатыңа жетишиңе тилектешмин, бизди жер каратпашыңа ишенем, сен чечкиндүү кызсың! – деп бетимден өөп, белегин берип жатып, апам көзүнөн жаш кылгыртты.

Көйнөктү кийип көпөлөк болуп калдым. Аябай жакты. Атам магнитофон тартуулады, сүйүнгөнүмдөн кыйкырып жибердим.

– Уа-ай, ата, чын эле магабы?

– Ооба, кызым сага, жактыбы?

– Жакпагандачы. Кандай бактылуумун. Ырахмат апа, ата! Мен силер менен бактылуумун.

Коноктор келгенче үй-бүлө өзүбүзчө майрамдадык, атам лимонаддан ачып бокалдарга куюп куттуктоо сөз баштады. Атам да, апам да арак ичишпейт, майрамдарды дайыма лимонад менен тост айтып тособуз. Атам узак сүйлөдү. Инилерим да куттукташты. Мен толкунданып, ааламга батпай турдум.

– Жаңылай, Жаңылай! – деген үндөр сырттан угулду. Чуркап чыктым, классташтарым бир керемет чоң куурчакка гүл кучактатып, мени каратып кармап алышыптыр.

– Туулган күнүң менен, туулган күнүң менен! – деп чурулдашып калышты. Мен сүйүнгөнүмдөн баары менен өбүшүп көрүштүм. Үйгө киргизип, орун алышканда баарына чай куюп сундум.

– Алсаңар, чайдан ичкиле, – деп өзүмө батпай жаттым.

– Чайыңды кое тур, пайыңдан куй, – дешти, пайыбыз лимонад. Анан каалоо сөздөр башталды. Мен мурда кечелерге барчу эмесмин, тартибин түшүнбөйм. Бирок, отурушта тартип бар экен. Жакшы окугандар эмес, айынча жашы улуулар төрдө отурушту. Биздин үйгө бир жолу чоңдор конокко келишкен, ошондо эң төрдө башкарма эң жашы экен, анан кызматына жараша отурушкан, эң четте улагада ак сакалын колдору менен сылап коюп кампанын кароолу отурганы эсимде. Атаман сурасам мындай конокто аксакал эмес, башчы төрдүн ээси болот деп койгон. Ошондон кийин менде биздин кечелерде да жакшы окугандар төрдүн ээси болот деп элестетчүмүн, андай болбоду, сөз да солдон-оңго, оңдон-солго бериле берет экен.

– Сага чексиз өмүр.

– Кажыбас кайрат.

– Чың ден-соолук.

– Кең келечек.

– Тоодой бакыт.

– Арчадай жаштык.

– Индиянынкындай сүйүү.

– Бааларың беш болсун.

– Сени ийгиликтер коштосун... каалоолор улана берди. Бир топтон кийин Чыңгыз: – Эми сөздү алыстан келген конокторго берели, – деди. Мен таң калдым.

– Ким конок? – баары күлүп жиберипти. Менин оң жагымда классташым Жайна, Жыпара отурган.

– Мынча магдырайсың, бөөшүп, – деди Жайна.

– Кантип билбей каласың, куусуң ээ, өзүңдү башкача көрсөтпөсөң! – деди Жыпара. Мен чынында классташтардан тышкары чоочундар келет деп күткөн эмесмин, ошондуктан жана байкоосуздан баарын кучактап өбо берипмин, азыр уялып калдым.

Эмне дээримди билбей дендароо турганымда Чыңгыз эстүүлүк кылды.

– Эч нерсе эмес, ак көңүл адам кээде байымсыз болуп калат, Жаңылай бүгүн бөбөк эмеспи, капа достор сөз коноктордо. Ошол учурда төрдө отурган узун бойлуу, чымыр денелүү жигит колуна тост кармап сөзгө өттү.

– Урматтуу коноктор, мен тост айтаардан мурда бир сунушум бар, бүгүнкү биздин кичинекей алдейибизди төргө өткөрүп алсак каршы болбойсуздар деген үмүттөмүн! – Баары кол чаап, мен төргө өттүм. Мага жигит сүрдүү да, сырдуу да, сүйкүмдүү да көрүнүп, жүрөгүм дагы бир ирет болк дей түштү, деги эмне болуп баратам.

– Тартип боюнча өзүмдү тааныштырып өтөйүн, атым Жапар Сарыгулов, эки бир тууганбыз: Капар, Жапар. Арстанбаптан болом, айтылуу Шамалды-Сай шаарчасына айдоочулук кесипке ээ болуу үчүн келгенмин. Тынарбек классташыңар менен досмун, ушул жигиттин колоксосүндө ак гүлдүн туулган күнүнө келип отурам.

Ал сөзүн өтө узак сүйлөдү, кулагыма көбү кирген жок. Анын орундуу сөзү, оттой жанган көзү мени арбап алды. Кулагым тунжурап, өзүмдү жоготтум, бир кезде колумду кармап:

– Кел, чоң кыз, сага берейин деген белегим, сунайын десем гүлүм жок, гүлдесте ордуна ырдесте тартуулайын, – деди.

Ай калкыйт көктө, ак жайдын түнү,
Өзүңсүң жалгыз өмүрдүн гүлү.
Сен дагы мени эртеби-кечпи,
Жүрөрсүң сүйүп, ай жүрөгүм сезди, – деп кубулжуган мукам үнү менен обон созду. Ошол кезде менин кубанычым койнума батпай, өзүмдү коёрго жертаппай, жүрөгүм кабынан чыкчудай түрсүлдөйт. Тигил конок жигитти кароодон корком. Уурдана карап жаттым, капысынан

көзүбүз чагылыша түштү. Бүткөн боюм чымырап, калтырап кеттим.

Бийге түшө баштадык, ал кезде «Птица счастье» деген ырга секирип атып бийлечүбүз, анан кыргызча «Чүчбара» деген ыр бар эле, ага да ышкырып, кыйкырып атып бийледик. Бийде өзүмдү Жапардан качырып жүрдүм, бирок уурданып карайм. Жигиттердин бири:

– Секире берип чарчадык, вальс, – деди.

София Ротаропун «Меллан колие» деген ырына вальска түшчүбүз, карасам Жапар мага келе жатыптыр, шашып калдым. Бир классташымдын болбогон оюна койбой аны менен бийге түшүп калдым. «Ох, кудайга шүгүр, кутулдум» дедим, бирок көзүм Жапарда.

Ошондон кийин башкача болуп калдым, өзүм да түшүнбөйм. Оюмдан Жапар кетпейт, анын жалын чачкан кумарлуу көздөрү, зымпыйган мүчөсү, шадылуу колдору, салабаттуу таштаган кадамы көз алдымдан кетпей койду. Түндө да уйкум качып, ойлосом жүрөгүм туйлайт. Эмне үчүндүр жол күтө берем. Мага эч сөз айтпаса да күтүп жүрдүм. Бирок, арадан бир ай өттү, келмек турсун салам да айттырбады. Күтө бердим, оюмда дайыма күтөм дейм.

Октябрдын он үчүндө Жайна туулган күнүнө чакырды. Быйыл мектепти бүтүрүүчү болгонубузду шылтоолоп эже – агайлардан уруксат алганбыз. Апамды да ушул шылтоо менен эптеп көндүрдүм. Ай сайын майрамдайбыз, кээде бир айда эки жолу. Апам жөнөткөн сайын:

– Макул кызым, барсаң бар, жигиттерге алданып калба, – дей берет.

– Койчу апа, ушунчалык жеңил көрүнөмүнбү? – дейм эркелей.

– Жок, кызым, жеңил көрүнбөсөң да жигиттер шок болот! – деп эскертет. Апам кайрадан сүйлөнө, түшүндүрө берди.

– Анын үстүнө үйдөн чыкпагансың, өзүңө сак бол, эртерээк кел! – деп узатты.

Жайна мени күтүп турган. Жолдо сүйлөшүп келе жаттык.

– Тынарбек баягы досу менен келди! – деди. Мен билмексен болдум.

– Кайсы досу?

– Баягычы, сени катуу куттуктаган жигит ким эле... Жапарчы, ошол келди! – Ал сүйүнчүлөгөндөй.

– Келсе эмне экен? – демиш болгонум менен, эмнегедир ошкоолжуй түштүм, жүрөгүм түрсүлдөп, жолуга элек эле өзүмдү жогото баштадым. Үйгө келсек, баары орун алып калышыптыр. Бизди көрүп кол чаап жиберишти.

– Ох-оо, келгиле! – Орундарынан тура калышты, баарына кол берип учурашууга туура келди.

Кеченин шаңы – бий башталды. Көпчүлүктө бийлеп жүрүп астыртан Жапарды карадым, ал да мени карап туруптур, дароо көзүмдү ала качтым. Бир аздан соң жаныма келип калды.

– Кандайсың? – Мени карап күлмүңдөп турду. Жүрөгүм туйлап, арга таппайм.

– Рахмат! – дедим да жылып четке чыктым. Кантип, кайра анын жанына барып калганымды өзүм да билбейм, музыканын ыргагында вальска бийлеп жаттык.

Жапар экөөбүз бири–бирибизди кароодон жалтанабыз. Мен калтыраймынбы десем, Жапар менден бетер, арабыз анча алыс, колдорубуздун учтарын гана кармап алганбыз. Убакыт да бир топ болуп калды, деги тарагыбыз келбейт.

Аңгыча «жетимиштин» (Жетимишинчи жылы туулган, бизден бир жыл мурда окууну аяктагандар) жигиттери келишти. Алар дароо чыр чыгарып, көңүлдүү кечебизди бузду. Мунтан башталды, карасам жанымда Жапар жок, четте бирөө менен жакалашып жатат. Жете келип, колдон жетелей жөнөдүм. Үйдүн арты менен качып, чоң жолго кирбей, токой тарапка бет алдык. Токойго кирип майда бадалдарга жашынып алдык.

– Жаңылай, биз кайдабыз? – деп Жапар тынчсыздапат.

– Унчукпа, тигилер келе жатышат, башыңды ылдый түшүр, тынч отур! – дедим өктөм сүйлөп. Мурда ысык сезимдерден коркуп сүрдөсөм, азыр корккондумдан өктөм сүйлөп жатканымды өзүм байкабай жаттым.

Куугунчулар Маха, анын жардамчылары – Саша, Алик, Тумар, Куке, Беки.

– Эннеңдурайын, ушул итти эзиш керек, менин кимдигимди билбей жүрөт. Өзүмдү таанытып койбосом... – тилденип жаткан Маха, өз аты Мадалбек. Бир үйдүн жалгызы, атасы Маханын кичинекейинде үйдөн кетип калган. Апасы Зайна жалгыз баласын эрке өстүрүп, каалаганын кийинтип, ичирип, Маха каалаганын жасап

көнгөн. Кийинки кездери топ баштап, чоң кызматтагы адамдай буйрук бере берчү.

– Карагыла, тапкыла! – деп кыйкырып жатты. Ширеңке жагып издеп жатышат. Дем чыгарбай жер менен жер болуп жатып калдык. Бири ширеңкени тутандыра бадалдын майда бутактарын өйдө көтөрө берди, бутунун учу менин манжаларыма тийип турду, демимди ичиме ала үн чыгарбай турдум. Кудай жалгап ширеңке өчүп калды, бутакты кое берип ширеңкенин кутусунан куу издегендей болду, сөгүнө кутуну ыргытып басып кетти.

– Кеттик, бүгүн болбосо эртең колго түшөт, э–эй, жолоочу, ажалың менин колумда, уктуңбу-у! – деп Маха токой жаңыртты. Алардын үндөрү алыстаганда гана ордубуздан козголдук.

Ай толуп турган кез. Кечкисин анча суук болуп калыптыр, анын үстүнө Нарын дарыясынын жээги. Суунун муздак шапатасына үшүй баштадык. Жапар костюмун чечип мага жапты.

– Өзүңчү, үшүбөйсүңбү? – дедим көзүнө кадала.

– Жок, кыздын жанында жигит үшүбөйт! — деп жапканын түздөдү. Көздөрүбүз дагы чагылыша түштү. Селт эте көзүмдү ала качтым. Мурда караңгылыктан коркчумун, азыр коркууну унутуп, Жапардан алыстоодон корком. Ал колумду кармап:

– Сага эмне жагат? – деди.

– Магабы, тамактанбы?

– Сук окшойсуң? – Экөөбүз тең күлдүк. Башка бирөө минтип тамашаласа урушуп кетмекмин.

– Жок, эми да? – дедим сөз таба албай.

– Табият сулуулугунан эмне жагат?

– Тюлпан гүлү! – дедим.

– Ал кандай гүл? – деп Жапар көрбөгөндөй сурады.

– Ал кызгалдакка окшош болот.

– Кызгалдакка, экөө бир тууганбы?

– Ооба, атасы башка, энеси бир окшойт, – дедим. Биз күлдүк. Жапар каткырып жатып кайра сурады.

– Сен таза идеологсуңбу, же биологсуңбу?

– Жок, ботаникмин.

Анын акыркы күлгөндөрү тамаша болсо да ката сүйлөгөнүмдү сезе муңая түштүм. Күлкүсүн токтото сөзүн улады.

– Мага кызгалдак жагат; аны негедир аяй берем.

– Эмне үчүн?

– Кызгалдак жөнүндө бир уламыш айтып берейинби? — Башымды ийкеп, макул болдум.

... Илгери бир заманда Шадыкан деген бай болуптур. Анын жалгыз кызы бар экен. Ай десе айдан, күн десе күндөн сулуу. Көзү шам чырактай, үнү шыңгыр булактай, басканы маралдай, бийлегени жыландай, деги айтып бүткүс сулуу экен. Кыз бойго жетет. Ал Чатыр–Көл деген көлгө келип дайыма жуунуп эс алат. Бир күнү кызды белгисиз бирөө карап тургандай сезилет. Кыз туш тарапка көз жиберип таппай коёт. Ошол көрүнүш күндө кайталана берет. Кыз бир күн көлгө келбей коёт, бирок ошол белгисиз көз караш самап эртеси кайра келет. Жигит да бир күн көрбой калганына кусаланып, кыз жуунган жээкке келип, камыштан жасалган чоорун сыбызгыта тартат. Чоор аябай муңдуу чыккандыктан кыздын жүрөгү чыдабай кетип, жигитке карай чуркайт. Жүрөгү сезген жигит кызга жетүүгө ашыгат.

Бул жолку жолугушуу баа жеткис бакыт эле. Экөө кол кармашып көлгө тиктешет. Куушуп ойноп, андан ары көлгө бой таштاشат. Бирде балык болуп, бирде кайык болуп сүзүшөт, бирде түгөйлөш аккуулардай оюн курушат. Кумар таркабайт, жолугушуу күндө кайталана бергендиктен кабар Шадыканга жетет.

Кыздын көлгө баруусуна тыю салат. Эрке өскөн кыз көлгө качып бара берет. Шадыкан желдеттерине жигиттин кимдигин билүүнү буйруйт. Токойдо бир кемпирдин небереси экендиги аныкталат.

Жигиттин атасы элин баккан мерген болот. Мөңгүнүн жаракасына түшүп дайынсыз болгондо эли жер которуп, энеси сөөктү таштабаймын деп мөңгүнү карап, тоо түбүндө кала берет.

– Кызымды кайдагы бир томаякка бербеймин! – деп каарданган бай желдеттерине боз уланды өлтүрүп келүүнү буйруйт. Муну угуп калган кыз токой аралап чуркап отуруп жигитке жетет. Шадыкандын желдеттери келсе жигит жок, карыган кемпир калган. Сураса кемпир жооп бербейт, башын кыя чабышып, жигитти издеп жөнөшөт. Ор таяна эки караан качып бара жатышкан, ошентип, кыз менен жигит качып кетишет. Эртеси экөөн тең кармап келүүгө бай кайрадан буйрук берет. Үйгө алып ке-

линкенде кыздын муң-зарын уккан атасы ушул жигитке берүүгө макул болот. Бирок убадага тура албайт. Анткени төмөнкү айылдын бийи жалгыз баласына деп коз таштап, алдынан калыңын өткөзүп коёт.

Шадыкан айласын таппай жүргөндө, бийдин баласы Балта кыз менен жолугушуу үчүн келе жатат деген кабар угулат.

– Кызым, Балта келе жатат деген каңшаар бар, эмне кылабыз, сени ага бербесек элибизди чаап, сени күң, мени кул кылат! – дейт. Кыз көшөрүп жигитти сүйөөрүн айтып ыйлайт. Ары ойлонуп, бери ойлонуп кызы менен жигитти качырат.

Балта келгенде «Кызыбызды уурдатып жибердик» дешет. Балта кызды жаш кезинен жакшы көрчү, кабарды укканда ооруп калат. Бий желдеттерин талаага жаап, таап келүүнү буйруйт. Тез эле кармап алышат. Бий жигитти өлтүртөт. Жигиттин жаны шамалга айланат. Кызды зордоп Балтага алып берет. Кыз Балтага көңүл бурбай, каптал, кыраңга отуруп алып жашын көл кылып ыйлай берет. Жашы такыр кургабайт. Күндөн күнгө кыз соолуп отуруп, акыры жок болуп кетет да ордуна кызгалдак өсүп калат. Балта жок дегенде кыздын чачынан сылай албаганына арман кылып, оорусу күч алат. Кереемети күчтүү сүйүү дарты Балтаны да тилден алат. Өлөөр алдында Балта тилге кирип:

– Эх, Алла жаратканың чын болсо, бул дүйнөдө сүйгөнүмө жетпедим, чырайына тойбодум, ушул кызгалдакты суугарып туруу үчүн чагылгандуу жамгырга айлансам?.. – деп тилейт. Ошентип Балта да өлөт. Сураганындай жаны кара булут болуп, асманга учат.

Ошондон бери жазда кыраңга кызгалдак чыгат экен, аны шамал эркелете сылайт. Эргип кеткенде кызгалдакты жулкуп-булкуп улуйт. Кыз бечара шамалдын шапатына жуурулуп, желектери туш тарапка чачылат. Балта болсо каарын төгүп, чагылганын чартылдата жамгыр болуп куюлат.

– Жапар, үйгө кайталы, апам урушат, таң сүрө баштаптыр? – дедим.

– Жүр, кеттик! – Шашып ордунан тура калып, мени колдон ала айылды көздөй жөнөдүк. Сөз, үн жок.

– Жаңылай, эмне үнчүкпайсың, ойчулсуң го, бул жомок да? – деди Жапар.

– Берилип кетиптирмин! – дедим.

– Образга кирип кеткенсиң го? – Мага ийиле карады, унчукпадым.

– Кой антпе, биз эстүү адамдарбыз, баарын жеңебиз! – Үйгө да келип калдык.

– Сен азыр кайда барасың? – Жапардан бөлүнгүм жок.

– Менби, Шамалды-Сайга сабакка, сен кир, таңкы уйкуңдан калба, көрүшкөнчө! – деп колумду кыса кармап жолго түштү.

Үйгө кирип уктап кетиптирмин, Жапарды кызгалдак соруп жатканда чоочуп ойгонуп кеттим. Карасам түшүм, күн чыгып калыптыр. Жүрөгүм ордунда эмес, түрсүлдөгөнү кадимкидей угулат. Ошондон кийин Жапар менен күндө жолугушуп турабыз, болгону жарым саатка, апам байкуш күндө урушат.

– Эй, кыз, кайда баратасың дагы? – Апамдын чаңырыгынан чоочуп тык токтодум.

– Жайнага.

– Кайт артыңа, кайт! – дегенде ыйламсырап бөлмөмө кирип кеттим. Ыйлап отурсам терезеден караан өттү.

– Жаңылай! – деп акырын чакырды.

Ыргып туруп чыракты өчүрдүм да терезени ачтым. Терезеден башымды чыгарып алып кол кармашып акырын сүйлөшүп жаттык.

– Кандайсың?

– Жакшы, бирок апам билип калды, урушуп жатат?

– Эч нерсе эмес, ата-эне антпесе болбойт да.

Бир топ турдук, анан бирөө келе жаткансып кетти.

– Апам келе жатат! – деп шашып ордума барып жата калдым. Ырас, апам экен. Чыракты жагып:

– Жаңылай, уктап калганын, ачка бойдон, терезеси да ачык, – деп сүйлөнүп, тереземди жаап, үстүмдү кымтылап коюп чыгып кетти. Акырын ордумдан туруп жылып барып терезени ачтым.

– Жапар, эмне болдуң? – Мени күтүп, терезенин түбүндө отурган жерден тура калды.

– Отура калдым, – деди ал. Шыңкылдап күлүп жатсак атам сыртта чылым чегип жүргөн тура, байкап калды.

– Ким?

Мен терезени жапканга үлгүрбөй ордума шашылдым. Жапар коргондон аша секирип кетти. Атам терезенин ачык турганын көрдү да, турган жеринде ачуу үн менен

кыйкырды.

– Салкынай! – Апам бөлмөгө чуркап кирди.

– Бу, терезең ачык, кызың кана, кана дейм?! –

Атамдын ачуусунан баарыбыз коркчубуз. Апам бечара жарыкты күйгүздү.

– Мына кызым, жатат, – деди.

– Жатат имиш, терезеңди көрбөйсүңбү, ачык! – Атам апамды жеп жиберчүдөй карап, – кызыңа сак бол! – деди да басып кетти. Эми эле жаап кеткен терезенин ачык турганын көргөн апамдын ачуусу келе түштү.

– Ай, кыз, тур ордуңдан! Ким менен сүйлөштүң, токтот дебедимби, кулаксыз кандай кызсың? – деп балтырымдан чымчыды. Үн дебей отура бердим. Айласы куруган апам ордунан ыргып турду да мык менен балка таап келип, терезени бекитип салды.

– Эми, жолугуп болупсуң? – деди да чыгып кетти. Жапар эки күн келбеди. Бир күнү сабактан чыгып келе жатсам жолумду тосуп туруптур, сүйүнүп кеттим.

– Кандайсың? – Адатынча суроо узатып, кол алыштык. Балдар, кыздар бизди таштап кетип калышты.

– Зор! – дедим.

– Бошсуңбу? – Жапар мага карады.

–Ооба, сабак бүттү, демек бошмун.

– Баштыгыңды таштап, баягы биз жашынган жерге өтпөйсүңбү, мен ошол жерде болом? – деди.

Үйдө эч ким жок экен. Спорттук кийимдеримди кийип токойго жүгүрдүм. Жапар утурлай тосуп чыкты. Мен ага тийише качтым. Куушуп жүрүп чарчадык. Анан жашынмак ойнодук. Бир кезде Жапар ким бир мүнөттө канча жалбырак топтойт деп, жарышып калдык. Күзгү жалбырактарды топтоп кирдик. Жан талашып бар күчүм менен үйүп салдым, Жапар колуна гана терип алыптыр.

– Бүттү! – деп кыйкырды мени карап:

– Оо-уу, робот турбайсыңбы? – деп бир жыгачты кармап «микрофон» жасап: – Оюндун жеңүүчүсү – Кадырбаева Жаңыла-ай! – деп менин колумду көтөрүп, тегеренди. Экөөбүз аябай күлдүк. Топтогон жалбырактарды бирибирибизге чачып ойнодук. Чарчагандан жалбырактарга тоголоно оонап жаттык.

– Ой-бой, чарчадык, – деп экөөбүз тең жалбырак мыкчып кыйкырып жатсак, бизди балдар курчап калышты. Ордуман ыргып турдум. Махалар экен. Баарынын колун-

да бирден чылым, бизди мыскылдуу карап турушту. Коркуп кеттим. Оюмду жыйгыча Куке Жапарды качырып кирди. Жапар артка кетенчиктеп жыла берип, как жыгачка чалынып бели бурала чалкасынан жыгылып баратып, кайра түзөлө Кукенин бет жакка урган муштумун оң колу менен тосо Кукени бет талаштыра уруп жиберди. Саша колунда кармап турган как бутак менен жон талаштыра урганда Жапар бөкчөңдөп барып түзөлдү. Саша экинчи ирет урууга камынып калган, Саша кармап турган жыгач кантип Жапардын колуна өтүп калганын байкабай калдым. Ал жыгачты алыс ыргытты да Сашаны так секирип көкүрөккө тепти. Саша сулап калды. Маха эми гана чылымын таман алдына тебелеп ызырына баштаганын байкадым. Чуркап барып Жапарды корчолодум.

– Тийбегилечи! – деп жалбардым. Маха мени карап башын чайкап койду да тигилерге кайрылды.

– Кеттик! – деп жолго түштү. Куке артынан ээрчиди. Саша:

– Шашпагылачы, колум кычышып турат, – деген болуп, бирок Жапарды тиктеп алып тигилерге шаша жөнөдү.

– Азыр убактыбыз тар, шеф күтүп жатат, кийинки сапар... – деди да Маха жолун улады.

– Укмуш учур болду эле да... – деп калгандары артынан ээрчишти. Булар айыл тарапка кетпей, суу жээгиндеги корум таш менен өйдөлөп бара жатышты. Мага кызыктуу сырдай туюлду.

– Жүр, андыйбыз, – дедим Жапарга. Ал да кызыгып жатса керек.

– Кеттик, – деди. Биз алардын артынан жашынып жүрүп отурдук. Жакын барып калдык. Алар тиги боордогу жерден караганда билинбей тургандай коюлган темир дарбазага кирип кетишти.

Бир аз убактан соң милиция кийимин кийинген жашы отуз бештер чамасында башка улуттагы киши кирип кетип, көпкө кечиккен жок, Маха аны узатып чыкты. Жапар экөөбүз аларга он метрдей жетпей ташка бекингенбиз.

– Хоп энди, индинга келаман, таер килиң, хоп энди, бомасам! – деди Маханы жондон таптап, – ха, алиги етадими? – деди.

– Жетет, жетет, бүгүнчө болсо болду да, эртең кенине

барарбыз... – деп, Маха шыпшынып эки жагын карады.

– Яхши калиң! – деп тиги жолун улады. Маха колун көтөрүп койду да, биз жашынган чоң таштын үстүнө келип, бейшептеп жиберди, көзүмдү жумуп жата калдым. Аска таштын боорундагы борчук бизди далдаалап турду. Ал жанагы темир дарбазадан кирип кетти. Жапар мени түрттү.

– Кеттик! – Биз артка кайттык. Үн сөзсүз келе жатабыз. Бир кезде Жапар: – Жаңыл, көргөнүбүз сыр болсун, эч кимге айтпа, макулбу? – деди.

– Булар эмне жумуш жасайт деп ойлойсуң? – десем, Жапар эки жагын элеңдеп каранып алды.

– Анык билбей туруп бирдеме деш кыйын го?

– Менин оюмча наша менен иштешет.

– Унчукпа десе!.. – деп Жапар мени ашыкча сүйлөтпөй койду. Айылга жакындаганда ал мени өзүнө буруп токтотту.

– Эми жакшы бар, мен тигил жак менен кетем! – деди да колумду кысып, сылап да койду.

– Макул, көрүшкөнчө... – Мен үйгө карай бет алдым. Апам жумуштан келип калыптыр.

– Кайда жүрөсүң? – деп бар үнү менен бакырды. Титиреп сүйлөй албай калдым. Атам бир саамга карап турду.

– Кир кызым, барар жериңди айтып, же жазып кетпейсиңби? – деди.

Кенен дем ала үйгө кирип кеттим. Жапар көпкө келбей калды, аны күтүп сагына баштадым. Кимдендир, эмнедендир корком. Кеч киргенде кирип – чыгып калсам, апам кулакты жейт: «Ийи, эмне болду? Тынчың кетип, токтот дебедимби?» – дейт, унчукпай кутулам. Бирок, күн өткөн сайын уйкум качып, кусалана баштадым.

Чоң танаписте мектептин алдындагы отургучта отургам, бир окуучу келип, салам айтты.

– Эже, сизди бир аке бакта чакырып жатат, – деди.

Оюмда Жапар деп, мулуңдаган бойдон бакка жөнөдүм. Бирөө ары карап отуруптур. Жүгүргөн бойдон Жапарды элестетип барып, арт жагынан кучактай жыгылдым, экөөбүз чөпкө оролуша куладык, карасам Маха экен. Намысыма чыдабай туталанып ыйлап жибердим.

– Сен белең жинди, эмне шылдыңдайсың, шүмшүк, бар жогол, экинчи көрүнбө, бандит десе, мен... – Башка

сөз таба албай солуктаган бойдон мектептин арткы эшигинен кирип кеттим. Экинчи кабатка көтөрүлгөн тепкичтин түбүнө кирип ыйлап жаттым... Олда менин байымсыздыгым ай!" деп кейий бердим.

– Ой, Жаңылай, сенсиңби? – Дене тарбия мугалим таң кала – Сага эмне болду, ким мынча капа кылды, кана айтчы? – дегенде ого бетер шолоктодум. Агай колу менен башыман сылап: – Бул жерде турушуң болбойт, бас! – деп экинчи кабатка алып чыкты.

Сабакта отурууга чамам келбей шалактай баштадым, башым айланып, жер көчтү, кускум келди. Класстагылар абалымды көрүп коркуп кетишти...

... – Кадырбаева Жаңылай, – дегенде көзүмдү ачсам ооруканa экен, апам жанымда. Өзү кызматта туруп, тез жардамга барып алып келсе да мени тааныбаптыр. Колдорумду кармап, көздөрүмдү ачып көрүп жатып, «Ой, менин кызым го!» дептир.

Кан басымым көтөрүлүптүр, апам мындайы жок эле деп чыйпылыктайт. Ооруканага жаткырышты. Жапар да ооруканага келип турду. Бир күнү апам шаштырып алып жөнөдү. Кайда эмнеге бара жатканымды түшүнбөдүм. Бөлмөгө киргизип «чечин» деди. Апамды бир карап алып айткандарын жасадым.

– Чык, буга! – деди. Өмүрүмдө көрбөгөн бийик столго кантип чыгаарымды билбей турсам, бир орус аял келип, столго чыгарып текшере баштады.

– Салкынай, ты что, дура что ли, она чистая! – деп кыйкырды.

– Ну, Вера Петровна, у нее парень есть, парень! – апам чебелектеди.

– Ну, что парень, девочка моя, извини! – деди да сыртка чыга жөнөдү. Болгон окуяга кимди күнөөлөрүмдү билбей бөлмөдө отуруп шолоктоп ыйлап жаттым. Эртеси үйгө жооп беришти. Күндөгү тирилик, окууга бармай-келмей, майда барат үй жумуштары. Күндөр өтө берди, Жапарды күтүп жүрөм, дайын жок. Сабактан келсем апам:

– Дүкөнгө барып шекер алып келчи? – деди. Кыйылып жатып араң жөнөдүм. Айланага көз сала жолдо жай бараткам, Тынарбектин эшигинде Жапар отурат. Кантип кыйкырганымды билбейм.

– Салам, кандайсың? – Аны көрүп сүйүнүп кеттим, анын балбылдаган көзүн көптөн бери көрбөй сагынып

калган элем. Жүзүнө жалдырай карадым.

– Эмне келбей койдуң?

– Келип жүрөм, сага жолугуу кыйын болуп калды? – деди көзүн күлмүңдөтө.

– Эмнеге? – Токтой калдым. Жапар ойлуу карады. Анын айтсамбы, айтпасамбы деген эки анжы абалын сездим.

– Айт, айта бер, эмне болду?

– Кечээ барсам, атаң чыгып аябай урушту, – деди буту менен жер чукуп.

– Алар ошентишке акысы бар дебедиң беле? – деп күлүп койдум.

– Ооба, ошондой дечи, бирок сага жолуга албай жатпаймынбы?

– Мына бүгүн жолугуштук – Анын саамайын колум менен өйдө көтөрүп койдум. Экөөбүз ээрчишип басып дүкөнгө бардык. Тез эле үйгө келсем, чоң жаңжал чыгып жатыптыр.

– Кызыңды тый дебедим беле сага!

– Кызыма эмне болуптур?

– Эмне болмок эле, тиги дүкөн жакта жүрөт, ээрчишип! – Ушул сөздөрдү угуп туруп калтырап чыктым, үйгө кирип бардым.

Экөө тең карап туруп калышты. Өз бөлмөмө өттүм. Артымдан апам кирди. Мени бир топко карап туруп, катуу айтып токтото албаганына аргасы кеткендей эми алдаганга түштү.

– Кызым, алтыным, кундуздай чачыңдан сенин, мени укчу?

– ?!

– Сен тигил жигит экөөң бири-бириңди жакшы билбейсиңер, анан азыр жашсыңар, сага али эрте, жигит күтүүнүн убактысы бар, шашылба. Окушуң керек! – деди.

Менде үн жок, ооздон сөз чыкса эле балээге каламбы деп чочулайм, бир чети апамды аяйм, көз жаш жаак таянган оң колумдун салаасына толо мөлт этип, чыканакты көздөй сызылып куюлду.

– Мындан кийин келбе дечи, суранам кызым, макулбу? – Апам жооп күтпөй чыгып кетти. Ой-санаа... Жапарды келбе деп кантип айтам? Аны көрбөсөм кыйналып кетем.

Эки күн өттү. Кеч, терезе чертилди. Акырын туруп парданы ачтым. Жапар! Терезе мыкталуу. Биз экөөбүз бири-бирибизди жутуп жиберчүдөй сагынычтуу тиктешип калдык. Жүрөгүмдүн туйлаганын. Ал колун айнекке койду, мен дагы айнекти сыладым. Көзүмдөн жаш чууруп кетти. Жапар башын чайкап, айнекке жүрөк тартып канжар сайып койду. Апам капыстан кирип келди, байкап калды. Көзүмдөн куюлган жашты ката албадым.

– Ал ким? Эмне, менден да сага ошол артыкпы? – Апам бар үнү менен заарын чача чыңырды. Унчукпай койуу канчалык оор, кулактарым чуулдап. Көзүм караңгылап, чаар чымындар уча баштады. Эки колум менен кулактарымды басып ордума жетүүгө кадам таштадым, акыбалым жетпеди, өзүмдү учуп бара жаткандай сездим.

– А-ай! – апамдын ушул чыңырыгы кулагымда калды. Дагы кан басымым жогорулап кетиптир, апам өзү өлчөп, ийне сайып, дары берип үйдө эки күн карады.

– Абалың кандай? – деп классташтарым сабакка келерим менен эсен-түгөл сурашты. Жайна келип: – Достор, чоң жаңылык, Маха жакшы жигит болуп калыптыр. Азыр үйүндө аккууну багып жатат – анын ишеничтүү айткан сөздөрү өңүнөн байкалып турду. Жыпар Маханы жакшы көрчү, анын үйүнө барып, аккууну өз көздөрү менен көрүүнү сунуш кылды. Жыпар Маханы, Маха мени, мен Жапарды... азыр да Жыпар мени жаман көзү менен карап койду. Баарыбыз аккууну көргөнү Маханын үйү тарапка агылдык.

Маханын үйүнө барып окуучулар баарысы кыйкырып, чакырып жатышты. Маха короосунан чыкты.

– О-оуу, кайдан?

– Сага келдик, аккуу багып жатыпсың, көрсөтөсүңбү?

– Ооба, макул, киргиле!

Аккууну алып келип ортого койду. Аны тегеректеп алып карап жаттык. Мен четте элем. Маха мага карап: – Кел, жакындан көрсөң? – деп колун жаңсады. Аккуунун жанына өттүм. Бир укмуш, неге мынча сулуу, айланта суктанып карап жаттым. Анын койкойгон мойну, аппак жүнү, карагаттай капкара, тегерек көзү адамды өзүнө тартып бийчи кызды элестетет. Ал көздөрүн ирмеп–ирмеп алды. Өзүн ала качууга дареметi жок эле. Оң канатынан жараланган.

Аккуунун тептегерек көзүнөн жаш тегеренип, мына-

мына ыйлап жиберчүдөй сезилди. Ал бизди карап алсыз үнү менен «кряк-кряк» – «Мен алсызмын, мен жалгызмын» дегенсиди. Боорум ооруп кетти. Анын назик жүндөрүнөн сыладым. Бечара, тобуң кайда болду экен? Бечера, түгөйүң кайда болду экен?

– Кайдан таптың? – мени мелтирей карап турган Махага суроо бердим.

– Аралдан.

– ГЭСтин үстүндөгүбү?

– Ооба.

– Ал жерге кантип өттүң?

– Пионерлыйдагы кароолчудан кайык сурадым.

– Ал сага ишенеби?

– Мен ал жакка көп барам, тааныш болуп калганбыз.

Маханын мурду дердейип, бир чети чоң эрдик кылгансып көкүрөгү көтөрүлүп калды.

«Табияттын кандай кооз жаныбарлары бар, аларды коргоо биз үчүн милдет, Кызыл китептеги ар бир жаныбар, өсүмдүктөрдү сактап, муундан-муунга белек катары калтыруу ар бирибиз үчүн адамдык парз», – деп агай айтпады беле, демек, Маханын жумушу чынығы эрдик го...

– Азаматсың, Маха, эми бечераны бутуна тургузуп тобуна кошсоң жеңиш сеники.

– Аракет жасайм, – Маха ойлуу баарыбызды кыдыра карап калды. Кайра сабакка келсек, Зина эжеке бизди жемелеп кирди.

– Кайда жүрөсүңөр?.. – Биз унчукпай тура бердик.

– Силерге айтып жатам, кайда жүрөсүңөр?.. – деп кайрадан кыйкырды.

– Тиги, Маха... – деп Жайна мукактанды.

– Маха эмне болуптур?! – Андан бетер заарланды.

– Маха жарадар аккуу багып жатыптыр – дедим башымды көтөрбөй.

Эжеке унчукпай калды, сабак башталды. Бизге бир топ маселе берип койду да, өзү терезени карап ойлуу отура берди.

Сабактан кийин үйдө отурсам Зина эже келип апамдан менин үйгө барып түнөп келүүмдү суранды. Апам аны абдан сыйлап, жактырчу.

Биз айрылыш жолго жетип калдык.

– Маханын үйүнө барып аккууну көрө кетеличи? – деди эжеке. Мен башымды ийкеп, ошол жакка бет алдык.

Маханын үйүнө келип эшигин кактык. Маха өзү чыкты.

– Саламатсызбы, эжеке?

– Саламатчылык, сенде аккуу бар дейт...

– Ооба, кириңиз. – Маха бизди киргизип, тиги аккуу камалган сарайга жөнөгөндө бир жеңил машина келип токтогондой угулду. Андан бирөө түштү.

– Маха! – деп эшиктен кыйкырды. Маха шашып, бизди сарайдын бир бурчуна жашырды.

– Үнчүкпөй отургула, тигилер көрбөсүн, – деп алаңдады. Сарайдын каалгасынын жыртыгынан карап турдук. Маха эшик ачты, төрт-беш киши кирип келди. Ичинде баягы Жапар экөөбүз көргөн семиз өзбек жигит бар экен. Алардын үндөрү бизге угулган жок. Бир кезде алардын бирөөсү Маханы ичке бир койду, экинчиси чачынан кармап артка чалкалата бетин көтөрдү, үчүнчүсү жаакка үстөкө-босток тартып жиберди. Тиги семиз колун кезеп бирдемелерди сүйлөндү да чыгып кетишти. Маха колу-бетин жууп, сыр бербестен боюн түзөп келип, эшик ачты.

– Булар кимдер? – деген суроомду жоопсуз калтырды. Аккууну алып чыкты. Эже аны көпкө карап отуруп, жүндөрүн сылап, көзүнө жаш алды.

– Жарадар аккуу, аккуулардын адамдардай сезим-туюму бар дешет, – деди.

– Кандайча? – Маха таң калды.

– Булар сүйө алышат, сагынышат, мекенин күтө билишет!

– Уламышпы, же?..

– Жок, кадимки жашоодо.

– Укмуш го?

– Ошондой, чын дилиң менен карап айыктырсаң чоң соопко каласың, тилегиңе жетесиң, кой биз кеттик, – деп Зина эже чыгууга шашылды. Жолката үн-сөзсүз келе бердик. Эжени ой басты. Анын оюн бузгум келбеди.

Түн бир оокум, уктап калыптырмын, чыккан кобур үндөн ойгонуп кеттим. Ашкана жактын чырагы жанып турат. Кандайдыр бир үн угулат. Эженин үйүндө конок бар окшойт деп ойлодум. Үйдүн ичи чылымдын ачуу жытына толгон. Эшикке чыккым келди. Акырын эшикти ачсам Зина эже жалгыз экен, ырдап жатат. Жанында бир бөтөлкө, анан чылымдын калдыктары үйүлгөн. Мен же

ары өтүп кетпей, же кайра кирип кете албай туруп калдым.

*Чиркин сүйүү сыздатты го жүрөктү,*
*Сыздап жүрөк далай–далай күн өттү.*
*Жалгыз калдым жараланган аккуудай,*
*Жабыркадым арман мени түгөттү,* – деп Рыспайдын «Издейм сени» ырынын обону менен созолонду. Эжеде арман бар деп ойлочумун, бирок мынчалык күчтүү арман деп күтпөгөм. Боорум ооруп кетти, көптөгөн суроолор башыма келди, оозум барбады. Мени көрүп тура калды, бирок мастыгынан ордунан араң обдула кайра отуруп калды.

– Туруп алдыңбы?

Үн катпадым.

– Уктатпадым да, ээ?

Дагы үнчүкпадым.

– Э-эх, кызым, кандай сулуусуң, отурчу!

Мен үн–сөзсүз, тили жок адамдай көзүмдү жалдыратып, ыйламсырап эжени карап турдум. Эже мени карап туруп, кайрадан чылым түтөтө баштаганда колундагы чылымын, ширеңкени, жарымы ичилбей калган арактын алып, ыйлагап бойдон сыртка чыгып кеттим. Баарын алыс ыргытып, солуктап келип эжени кучактап ыйлай бердим. Ал чачымдан сылап: – Макул ичпейм, чекпейм, жүр жатабыз, – деп бөлмөгө кирди. Көпкө ыйладым, ал үн-сөзсүз жата берди. Бир топтон кийин мен тарапка оодарылды.

– Жаңылай, уктадыңбы?

– Жок, уйкум келбей жатат.

– Анда кулак сал, мен сага жомок айтып берем.

... Мен ал кезде үчүнчү курсту аяктагам, биздин окуу жайга Оштон жаңы декан келиптир. Жаңы окуу жылы. Төртүнчү курстун биринчи күнү. Ошол кезге чейин окууга алаксып бир да жанга көңүл салган эмес экем.

Аудиториянын эшигин жарчудай сүр-сүр, кире бериште кимдир бирөө менен кагылышып кеттим. Каректерге каректер, жүрөктөргө жүрөктөр кадалып, кадам таштоого алым жок, мас болуп туруп бердим. Жанымда Ширин деген курбу кызым бар эле, ал мени күчкө сала алдыга сүрүп жиберди.

– Ай, Зина, бул эмнең, жигит көргөнсүңбү деги, ме карма, – деп чачылган китептеримди терип жатты.

Ошондон кийин агайга байланып калдым. Ортобузда сөз болбосо да, аны бир көрүш мен үчүн бакытка айланды. Бир күнү кат келди. Агайдан экен. Фучик багына кечки саат төрткө жолугушуу белгилептир. Эртеси ошол убакытты утурлап бакка бардым. Агай четирээк орундукта отуруптур. Улам–улам саатын карайт. Баруугa даай албай, бакка жашынып карап тура бердим. Бир саатка жакын күтүп ордунан тура узап баратты. Ичим тызылдап: «Агай, мындамын токтоңуз, дагы бир аз отурсаңыз!» деп үнүмдүн бардыгынча ичимден кыйкырып жаттым. Агай да аны сезгендей улам айланта карап, акыры таксиге чыгып кетти. Анын ордуна барып отурдум. Эртеси сабакта агай суроолуу карай берди, уурулук кылгандай, көзүмдү ала качып, өзүмдү да качыра бердим. Жакшы жаныма эч ким отурган эмес. «Каап, кече жолугуп эле койбой!» деп коем ичимде. Андан кийин агай мени жолугууга чакырбады, бирок баягы орундугуна келип бир саат отурат. Мен да келем, агай саат төрттөн бешке чейин отурганын карап туруп, кеткен соң бештен алтыга чейин мен отурам.

Бүгүн кечинин саат беште келсем агай жок, кетип калган деген ойдо жаңы эле ордума отурганы эңилгенимде маңдайымда бир туфли пайда болду. Карасам агай, тура калдым.

– Келиңиз, мен жөн эле ... – Шашып калдым.

– Билем ар күнү жөн эле аңдыша беребиз! – деди. Мен кызарып кеттим. Бурулуп кетип калууга кудурет жетпеди. Экөөбүз тааныштык.

– Сен – Нарындын сулуусу, мен – Оштун жигити. Өзүмдү тааныштырсам, – тааныштык.

– Агайдын ар бир үнүн уккан сайын эргийм, жүрөгүм туйлайт. Фучик багы биздин жолугушчу жерибиз. Ошол жерден гана кенен сүйлөшө алабыз. Бир жолу акчам калбай калды. Агайдан батирге үй табууга жардам сурадым. Ал бир досунун үйү бар экенин айтты, бирок жалгыз жашайсың деди. Себебин сураштырбай макул дептирмин.

Батирлүү болдум. Ал жерде агай кадимкидей кечки тамакта мени менен отуруп, көпкө сүйлөшүп, качан гана менин уйкум келгенде кетет. Күн өткөн сайын көнүгүшүп, агай келбей калса үйгө кирбей суукка тоңуп, сыртта көпкө жүрө берчү болдум. Бир күнү агай келбей калды, калчылдап сыртта жүрдүм. Эртеси базарда

жүрсөм алты жашар кыз, төрт жашар уулун ээрчиткен бир аял менен бирге агай базар аралап жүрүптүр. Ичим күйүп, кызганыч бийлеп кетти. Эмне кылаарымды билбей дендароомун, ачуум келди, бирок кимге? Ал кимим? Агай мени көрө – сала утурлады. Колумдагы баштыгымды таштай качтым. Үйгө келип жаздыгымды кучактап ыйлай бердим. Агай артымдан кирип келди. Өзүмдү кармана албадым. Агайдан алардын кимдигин сурабадым. Ыйым менен мууздагансып, ага улам жакындайм, агай өзүн качырууга алыстайт. Анын колдорун бекем кармап алгам. Биз арбашууга өттүк. Ошондогу агайдын көз отуна коргошун эримек, мен да ошол коргошундай эрип, сымаптай колкудум. Биз үй бүлөдөй жашап калдык. Батирде түнкү саат он экиге чейин отурат, анан балдарына кетет. Ал кеткенден кийин таңга жуук уктайм, жүрөгүм туйлап, кызганыч бийлеп алат. Төрөгүм келди, төрөсөм агай түбөлүк меники болчудай...

Эки жыл жашадык, бойго бүтпөдү. Бир күнү текшерилсем эне болууга жөндөмсүз болуп чыктым. Агайга сөз айтпай, ичимен сызып, бул жакка качып келе бердим. Ал мени «Аккуум» деп эркелетчү. Ошондон бери өзүмдү жарадар аккуумун дечүмүн.

... Зина эже сөзүн ый аралаш токтотту. Ошентип уйкусуз таң атты. Сабакка Зина эжеке экөөбүз тең кеч бардык. Эжеке журналга кетти, класска кирейин деп барсам, бөлмөнүн эшиги жарым ачык экен. Талкуу мен жөнүндө жүрүп жатат.

– Жаңылайдын ата-энеси каршылык көрсөтүп, Жапар экөө жолуга албай калган. – Жайна чаңкылдады.

– Ата-эне ошентет да, анан эмне сага, – деди Чонду. – Бирок, Жапар менен Жаңылай жуп да, ээ-э, укмуш тимеле, экөө жанашса түн менен жылдыз сырдашкандай, ай менен көл жупташкандай жарашыктуу көрүнөт! – деп Кулу тамшанды.

– Салам баарыңарга, менден башка эрмегиңер жокпу? – дедим тамашалап.

– Салам, салам, аяш келип турабы? – Кулунун сөзүнө териге түштүм.

– Ишиң болбосун! – партага отура калып ыйлап жибердим. Өзүм Жапарды көптөн бери көрбөй сагынып араң жүргөм. Сабактан кийин үйгө кетким келбей жол боюнда ойлуу тургам.

– Салам, мени күтүп турат белең? – Жапар келип калды.

– Ооба. – Ал менин баштыгымды колдон алды, экөөбүз токойго жөнөдүк. Кар жаап койгон. Кар урушмай ойнодук. Аяз ата, кар кызын жасадык. Аяз кыздын мойнуна менин кызыл моюн орогучумду байладык. Аяз атага Жапар шапкесин кийгизип койду. Аларды карап «Жапар менен Жаңылай» деп окшоштуруп каткырып жаттык.

Кеч болуп баратат. Эми эки жакка кетебиз. Аны ойлосом жүрөгүм сыздайт, Жапардан болунгум жок.

– Жапар, сени менен Шамалды-Сайга кетип калгым келип турат, – дедим уялыңкы, бир чети тамашалай.

– Кой антпе, сен деген кызсың, ата-энең эмне дейт, алар издешет.

– Бизди кенен жолуктурушпайт.

– Мейли, күндө келип терезеңден сени көрүп кетип жүрөм го. – Ал чачымдан сылап турду.

– Жаңы жылда сени кечеге алып барам.

– Апам жөнөтпөйт, – дедим кабагымды бүркөп.

– Жолун табабыз!

Кеч күүгүмдө үйгө келдим.

– Эй, кыз, кечке кайда жүрдүң, шарфың кана?

Башымды жерге салып, үн катпай турдум.

– Эй, кыз, шарф кана деймин? – Апамдын ачуусу келе түштү.

– Зина эженин үйүндө калыптыр! – Араң кутулдум.

Эртеси шарфты алуу үчүн бакка бардым. Маха жолукту.

– Салам, бул, Жапар экөөңөрдүн ишиңерби?

– Ооба, эмне экен?

– Жөн, сурадым да...

Мен шарфты алып кайтарымда: – Бир аз тура тур, сүйлөшөлү, – деп калды.

– Жок, убактым аз, – дедим. Маха катарлаша басып келип жолумду тороду да, көзүмө кадала карап туруп, анан четке жылды. – Жакшы бар, – деп кала берди.

Таң калдым, мурдагы Маха эмес. Таптакыр өзгөргөн. Мурда жок дегенде бир чымчып, же колумду кайрып тийишип, ыйлатчу. Үстөк-үстөк каттарды жөнөтүп, жолуккан жерде жообун сурап айламды кетирчү. Азыр болсо уялыңкы карап, өзүн түздөп, деле көзгө жакын болуп бараткандай. Элдин баары жаш-кары дебей Маханы мак-

тап, шилекейлери чууруйт.

Жаңы жыл да келди. Шамалды-Сайга кантип уруксат алам. Эки күн мурун апамды отургузуп, жумуштун баарын өзүм аткарып жүрдүм. Жаңы келген келиндей колу-бутум шыпылдап, апамдын көңүлүн алсам деп жаным тынбайт. Болжогон убакыт да келди. Кечки тамакка отурдук.

– Апа, эртең Шамалды-Сайдагы кесиптик лицейдин балаты майрамына барып келейинчи?

– Шамалды-Сайга!.. – апам так түйүлдү.

– Балаты майрамы дейсиңби, кызым! – Атам мага карады.

– Ооба.

– Саат канчада?

– Эртең менен ондон кечки бешке чейин.

– Кайра келип кала аласыңбы?

– Келем!

– Кантип келесиң? – Апам безилдейт.

– Такси менен...

– Макул кызым, бара бер, бирок бешке келип кал!

– Бара бер дейт. – Апам ызаланды.

– Барсын, барсын, – деди апамды жондон таптап, – күндүз экен го, бара берсин, – деп койду.

Биздин үйдө атамдын бир ооз сөзү – мыйзам. Аны баарыбыз ың-жыңсыз аткарышыбыз керек.

Эртеси Жапар такси менен келди. Балаты майрамына кирдик, Жапар мени жетелеп алган. Мен баягы апам алып берген ак көйнөктү кийип, чачымды жайып, жылтырак байлап алгам. Жапар «Үч мушкатер» киносундагы Дартаньянга окшоп чыкты. Бизди кызыгуу менен карап жатышканын байкадым.

– Жүр, тиги менин тайпалаштарым, – деп төрдөгү топко жетеледи.

– Таанышып алгыла!

– Чобра, атым Чоюбек.

– Канат.

– Кемел.

– Тынарбек – деп көзүн кысып койду.

– Асел.

– Айида.

Четинен тааныштырып болгон соң: – Жаңылай, – дедим.

– Жапар, Жаңылай кимиң болот? – Кемел сурады. Биз бири–бирибизди көпко карадык.

– Жаңылай менин ак гүлүм болот! – деди Жапар. Баары кол чаап жиберишти. Мен кызарып кеттим.

Ыр-бий, музыка, ар кандай оюндар, кече кызыктуу өтүп жатты. Бир кезде беш жигит-кыз ортого чыгып бийлөө тапшырмасы берилди. Төрт жуп чыккандан кийин тамада кайрадан бешинчи жуптун чыгышын суранып жар салды. Жапар колумдан жетелей ортого чыктык. Оюндун шарты гезит бетинде бийлөө экен. Оюн башталды. Улам бирден жуп гезит бүктөмү кичирейген сайын оюндан чыгып жатышты. Гезиттин акыркы бүктөмү – Жапар экөөбүз калдык. Карасам гезитке эки бут батпайт, Жапар мени шап колуна көтөрүп алып бийлеп кирди. Колум мойнуна оролгондо өзүм асманга учуп бараткандай сезилди. Көрүүчүлөрдүн кыйкырыгы, чапкан колдору кулактын сыртынан кетти. Музыка токтоду. Жапар акырын түшүрө баштады. Элдин кубаттоосу, бар болгула деп кыйкырышканы эми гана угулду. Биз олжобузду алдык. Көрүүчүлөр бизди кетирбей «Танго», «танго» деп кыйкырып жатышты. Мен Жапарга бул бийге бийлей албаганымды айттым. Аңгыча тамада даярсыңарбы десе Жапар:

– Даярбыз! – деп кесе айтып салды.

– Мен билбейм! – дедим Жапарга кайрадан.

– Жеңил турсаң болду.

Ошентип, танго башталды. Музыканын ыргагында бийлеп жаттым, кээде Жапар тегерен деп шыбырайт, колумдун учунан кармайт, мен чимирилем. Кайрадан Жапар мени алып учат. Бутум жерге тиер тиймексен учуп жүрөм. Көңүлүм да куунак, өзүмдү бактылуу сезип турдум. Ушул кече бүтпөсө дейм. Бий да бүттү. Бизди сүрөгөн көрүүчүлөргө карап жүгүндүк. Жүгүнүп жатып Маханы көрүп калдым. Ал бизди көзүндө огу болсо атып жиберчүдөй карап турган экен. Жүрөгүм оозума кептелгендей боло түштүм. Ал жерден бизге торт менен шампан белекке беришти. Айнанын бөлмөсүнө бардык. Өмүрүмдө шампан ичпесем да азыр ичүүгө туура келди.

– Биздин араба да келейин деп калды? – Жапар досторун шаштырды.

– Кана достор, Жаңы жылыңар менен! Жапар досум, ылайым эле Жаңылай экөөң бактылуу өмүр шериктер-

ден болгула! – деп Чобра тос сүйлөдү.

– Чынында жарашыктуу жубай болосуңар, «Бойлосо бою тең, ойлосо ою тең» деп коет кыргызда. Көз тийбесин.

Аңгыча машина сигнал басты. Жапар терезени карады.

– Мына биздин араба да келип калды.

– Араба, араба менен кетесиңерби? – деп Айна таңдана калды.

– Ооба, эмне экен, кыргызча араба эле дейт. Жүр, Жаңылай кеттик, жакшы калгыла, – деп Жапар мени шаштыра баштады. Менин кетким келбейт. Жапардан алыстасам аны жоготуп алчудай корком. Сыртка чыктык. Маха туруптур.

– Жапар, мен кетпейм, – деп артка бурулдум.

– Кой антпе, үйдөгүлөр эмне дейт? – Жапар колдон ала алга жетеледи. Арга жок жөнөдүм.

Машина заматта зуулдап, үйгө да жетип келдик.

– Жапар, калып калчы?

– Кайда?

– Үйгө, биздин үйгө.

– Койчу, алтыным, – Ал биринчи жолу «алтыным» деп атады да колума атамдарга деген белегин берди. Жолго токтогон, көрсө бир торт алып алыптыр. Мага берип жатып токтой калды да таксистке кайрылып: – Кичине күтө туруңузчу – деп өтүндү. Мени менен үйгө жөнөдү. Эшикти атам ачты.

– Ассалоому алейкум, Жаңы жылыңыздар менен! – деп колундагы тортун атама кармата салып, кайра артка чуркады. Атам бирдеме дейин дегиче машинага жетти.

– Ким?

Мен жер тиктеп калдым.

– Кызык, бирок дурус жигит экен, ыймандуу.

Мен унчукпай бөлмөмө кирип кеттим. Маханын көз карашы эсимден кетпей койду. Убакыт өткөн сайын жүрөгүмдүн сыгылганы күч алып, бир жерге отура албай туйлап калдым.

– Кел эми, жаңы жыл тосолу, – апам чайга чакырды. Чай үстүндө тынчым кете берди.

– Сага эмне болгон, ооруп турасыңбы?

– Ооруган деле жокмун.

– Чайдан ысык ичсең, – деп апам чебелектейт. Чай да

тамактан өтпөдү. Араң отурдум.

– Кыйналып турсаң барып жат, – Атам уруксат бергенде сүйүнүп кеттим.

Түн бир убак, бөлмөдө ары-бери баса бердим. Уйку жок. Апам кирди.

– Сага эмне болду?

– Билбейм, апа, коркуп жатам.

– Кимден?

– Жапардан.

– Эмне, кайра келеби?

– Келсе кана, жакшы болмок.

– Сен эмне деп дөөрүп жатасың, аны жыйыштыр дебедим беле?

– Жыйыштыра албайм, качан түшүнөсүз? Деги сиз, кандай энесиз? – деп ыйлап жибердим. Аябай катуу ыйладым, апам селейип тура берди. Атам кирди.

– Эмне жаңжал?

– Мени эч ким түшүнбөйт, ыг...ы, мени эч ким түшүнбөйт, – деп мен ыйлай бердим.

– Кайдагы бир жигитти деп, өзүңдү кыйнап сага эмне? Ал болбосо башкасы тургандыр. Сага азыр эрте дебедимби. Түшүнбөгөн сенби, же менби? – деди апам ачуусу келе.

Мен ыйлай бердим, ыйлай берип кускум келе баштады. Калтырак басып, шалактап барып жыгылып кеткенимди гана билем.

– Үйдө дары да жок, машина тап! – деп апам атама кыйкыргандай болду.

Таң ата эсиме келдим. Апам мени кароодон өзүн ала качып жатканын байкадым.

– Апа эмне болду?

– Эч нерсе, кызым, түнү бою кирпик ирмебей ошого чарчап турам.

– Жок апа, чарчагандык эмес, бир нерсени жашырып жатканга окшойсуз?

Ушул учурда мээрман айым келип абалымды сурады да апама кайрылды.

– Кечээги жигитке дагы кан керек болуп жатат, күйөөңүзгө айтыңызчы мүмкүн бирөө жарым табылып калаар?

Сөздү угар замат ордуман кандай ыргып турганымды

билбей калдым.

– Кана ошол жигит!..

– Сага туруугa болбойт, кызым! – деп мээрман айым шашып калды. Болбой жулкуна турдум.

– Макул, өзүм алып барам, бирок өзүңдү карма, коркпо түшүндүңбү?

Бөлмөгө жеткенде: – Көпкө кармалууга болбойт, тезирээк чык! – деп киргизди.

Жапарды таанып болбойт, өз көзүмө да ишенгим келген жок. Бети–башын аппак кылып ороп коюптур. Колунун манжалары араң кыймылдайт. Жанындагы орундукка отуруп, колунан акырын кармадым, ал да келгенимди сезгендей бар күчү менен колумду кыскан болду, ал алсыз. Көзүмдөн жаш салаалап, анын алсыз колунан өөп, бөлмөдөн чыга жөнөдүм. Мээрман айымдан сурадым.

– Жапарга эмне болуптур?

– Жигит тепкичтен кулаптыр, башы менен жерге түшкөн го? – деди.

Жок, кантип куласын... Маханын кылганы!.. Ал кечээги көз карашында так ушуну кылмак. Басып баратып да ушул ойдон кутула албадым, Маханын көз карашы бет алдыма тартыла берди.

– Кандай кызым, Жапардын абалы жакшыбы? – деди. Апамды таң калыштуу карадым. Таң калганым, ал мурдагы мүнөзүнөн такыр тайып калыптыр. Сурарын сурап алып көзүн ала качты.

– Кызым, Жапар жакшы болуп калса, силерге тоскоол болбойм, – деди.

Унчуккан жокмун. Анан апам кечетен бери болгондорду айтып берди.

Шамалды-Сайдын ооруканасы жакын болгондуктан ушул жакка алып келишиптир. Ооруканага келгенде өзүмө келе албадым. Кечеде таанышкандар да түнү бою жүрүшүптүр. Алар мени ооруканага алып келишкенин көрүшүптүр.

– Жаңылай го, буларга эмне болгон? – дешип атам менен апамды көрүп, алардын бири суроо салат.

– Жаңылай силердин кызыңарбы?

– Ооба, аны кайдан тааныйсыңар? – Атам кайра алардан сурайт.

– Тооба, экөөнө эмне болду? – дешет.

– Ким экөөнө, түшүндүрө айткылачы? – Апам кай-

ра алардан сурайт. Улам суроо артынан суроо берилип, жооп болбогонуна таң калышат.

– Кызыңыздын жигити Жапар да тепкичтен кулап, ушул жерге алып келдик, абалы оор – деп Айна толук түшүндүргөндө гана апам ыйлап жибериптир. Атам түнү бою Жапарга кан керек болуп, ошону менен алектенип-тир.

Апам үйгө жөнөп жатты. Анын айткандарын угуп туруп ыраазы болгум келди.

– Апа, ырахмат! – дедим. Ал кайрылып келип, чачымдан сылап, маңдайымдан өбө чыгып кетти. Атам да бир адамды кан тапшырууга алып келиптир. Менин жакшы болуп калганымды көрүп, үйгө кетти. Сыягы атам убактысын жалаң Жапарга бөлгөндөй.

Жакшы болуп калдым, Жапардын алдына тез-тез кирип турам. Абалы дале оор бойдон. Бир күнү кирсем, бир кемпир бар экен, Жапарга баруудан тартынып чыгып кеттим. Сураштырсам, Жапардын апасы, карыганда балалуу болушкан тура. Ошондуктан, Жапар дайыма өзүн тааныштырганда апасын сөзгө кошот экен.

Жапар күн санап оңоло баштады. Мени болсо орун жок деп чыгарып коюшкан. Жапардын ата-энеси бар үчүн ооруканага көп келе албайм.

Каникул аяктап, окуу жылы да башталып калган. Сабактан чыгып үйгө баратсам жолумдан Маха чыкты. Көзүмдө огум болсо атып жиберчүдөй карадым. Ал мени менен саламдашуу үчүн кол сунду: – Кандайсың?

Мен жооп берген жокмун.

– Жаңылай мен... – дегенде шарт бурулуп басып кеттим. Анын актануучу шылтоосун уккум келбеди.

Маха өзүнүн жасаган ишине катуу өкүндү. Жаңылайды сезип калат деп ойлогон эмес. Өзүнүн эч кимге көрсөтпөй жасаган ишин эрдик катары көрчү. Жаңылайга жолуккан менен, аны сөзгө тарта албаганына өзүнө өзү кыжырланып, айыл четиндеги ээн токойго кар малтап барып, энесинен ажыраган мамалактай бакырды, өксүдү, жер тепкилеп оонап жатты.

– Уш-шу, сен болбогондо, Жаңылай меники болмок, а-аах, сениби, сени! – деп тура калып бак-дарактарды тепкилеп, туш-тарапты кар менен ургулап, чалкасынан жатып ыйлай берди.

– Жаңылай, сен үчүн баарын таштайм, сен үчүн

оңолом! – деп үнүнүн бардыгынча токой жаңырта кыйкырды. Мунусун токой гана уккандай күңгүрөнүп койду.

Азыр Жаңылайды Жапардан башка эч нерсе кызыктыра албайт. Маха да муну билип-сезип жүрөт. Ал башын көтөрө ордунан туруп, ГЭС тараптагы баягы жашыруун үйгө бет алды, кайрылып киргиси келди.

– Жок, топтон чыгам, – деп үн чыгара артка кайтты. Жапар эсине түштү. Караңгыдан пайдаланып тепкичтен кулатып жиберип, тамдын башы менен качып, экинчи тараптагы тепкичтен билмексен болуп чыкканын ойлоду.

– Хы-хы-хыы, акең карагай, эмнеси болсо да эптейт го, – деп өзүнчө маашырланып койду. «Жапар, бары бир жеңем, көрөсүң го Жаңылай меники болот, меники!» – деп ичипен айтса да эмнегедир токойду жаңырткандай сезип кетти. Хайдардын тапшырмаларынан баш тартам да кылмыштуу топтон чыгам деген оюн бекемдесе да, топтон чыгуу оңойго турбасын Маха жакшы билет. Кумары кара куурайга байлана электе топтон алыстап алганы оң. Жашыруун үйгө барбай кетип калганына, өзүн шер ойлоду Маха.

... Эшик кар, үй тар дегендей, кыштын ызгаары чыкылдап турган учуру. Быйыл кыш суук. Сабактан жооп сурап чыккам, эмнегедир шайым жок, үйгө баратсам Чобра жолукту.

– Салам чоң кыз, кандай?

– Өзүң кандайсың, Жапар кантти? – дедим кубана.

– Жакшы, ата–энеси кетип, өзү кирип-чыгып калды. Баягы Жаңы жылдагы сүрөттөр чыгыптыр.

– Ии-ий, жакшы болгон тура.

– Сен Шамалды-Сайга барасыңбы?

– Албетте, азыр келем. – Үйгө келип, апама айтып, баштыгымды коюп тез чыктым. Чобра жок. Бир ак волга турган, машинадабы деп эки жакты карап машинага жакындадым. Бир күч жаагымды карыштыра кармап, оозумду бекитти да машинаны көздөй түрттү. Көзүмдү ачып машинанын айнегинен сыртта турган Чобраны көрдүм. Ал өйдөрөк жылып, тыттын түбүндө бирөөнү күткөн абалда турат.

Булар түз эле Үч-Коргон тарапка алып кетишти. Айрылыш жолдон дагы бир жеңил машина кошулду. Жүрөгүм шуулдап, аргасыздан үн-сөзсүз кете бердим. Кыймылдоого кубатым жетпейт. Дөөдөй немелерге күчүм жетмек

беле. Деги сүйлөгөн жан жок. Чоң дарбаза ачылды. Түз, жарык коргонго баратып жертөлөгө киргендей караңгы боло түштү. Арттагы машина да ошол жерге барып куйрук улаш токтоду. Жигулиден башына кап кийгизилген бир жигитти алып түшүштү. Баскан турганы кимдир бирөөгө окшош, ким экенин ажырата албадым.

Бизди бөлмөгө киргизишти, бирок тиги жигитти эки киши кармап турду. Сулууча келген, мурутчан, семиз өзбек киши отуруптур. Анын колун буттарын кыздар укалап жатат. «Мени да ушуга алып келишкен тура, эми буттум го» деген ой заматта башымды жарып өттү. Өзүн укалап жаткан кыздарды түртүп жиберип мага ынтылды. Көздөрүм алая түштү.

– Бунча чирайнн сенга ким таасия килган, кизим?

Калч-калч этип сүйлөй албадым.

– Хо-ой кизча, жавоп килмайсаммы? – мени алып келгендердин бири таз болчу, ошол мага буйрук бере сурады.

– Тегма у гозалга, кол тегкизма, канака адамсан, шундай фаришта турса юу, шунга биз кол тегкизсак. Шунча кетирган кунохларимга аллахяза берган. Мана менин фарзандым ёок, нега, унга озум себапчиман. Энди манин фаришдаларга берар азарим колмади. Бу чирайга нечталар азап чекар. Вай гозалим, гозалим сенга оомад! – деп чачымдан сылап, мени саамга карады.

– Коркма кизим, коркма, буйыл бутуруфчисанма?

Сүйлөөгө акыбалым келбеди, башымды араң ийкедим. Семиз маңдайымдан өөп, өзүнүн туяксыз экенин айтып өкүрүп-өксүп ыйлай баштады. Мени карап алып, кана менин кызым болуп калсаң деп, кайра-кайра өксүй берди. Акыры тигилерге буйрук бере жигитти камап койгула да, мунун бир тал чачын да түшүрбөй өз ордуна жеткиресиңер деп буюрду.

Алып кеткен жерге бир аз жетпей машинадан түшүрүп коюшту. Чобра улам саатын карап коюп күтүп турат. Жүрөгүм тарсылдап, коркконуман дале өзүмө келе элекмин. Чобрага барсамбы, же үйгө кете берсемби деп ойлоп, ушунча күткөн Чобрага бардым. Ал көрө сала:

– Ай-иий, эй, эки саат болду, эмне болсо да келдиң го, кеттик.

Жолдо ойлогонум азыр көз алдымда болуп өткөн окуя. «Кап кийген жигит ким болду экен? Баягы аккууга барганда көргөн өзбек киши жок экен, эгер ошол киши бол-

Таш-Көмүр
О/З
6110

со кап кийген жигит Махабы, ким?

Чобранын сөзүн укпай калыпмын.

– Жаңылай, Жаңылай, сага эмне болду?

– Эмне дедиң?

– Ойлонуп кеттиңби, же уктаппы?

– Укта-ап, койчу!

– Эмне укпайсың, анда?

– Кайра башынан айтчы?

– Сен тиги Жапардын ата-энесинен эмнеге качтың?

– Аа, ыхы-ы, билбейм – деп күлүмүш болдум, ичим уйгу-туйгу. Беш мүнөт эмес, бир мүнөттө эмне болушуңду билиш кыйын экен го. Семиздин мага боору оорубаганда, алар үчүн бир куурчак кызматчы болуп кала бермекмин да. Азыр минтип Жапарга келиш кайда? Жанагы кап кийгизилген жигит ким? Ал байкуштун тагдыры не болду экен? Ой менен алаксып, ооруканага да жетип келдик. Жапар күтүп турган экен. Азыр эле жашоодон үмүт үзүп, кайра жанып, тирүүлүгүмө ишенип ишенбей келе жатканым үчүн Жапарды көрүп эркеп кеттим.

– Кел, Жаңылай! – Анын орундуктан турууга алы жок экен. Жанына отура калып ыйлап жибердим. Жапар кучактаган калыбында чачымдан жыттап, сылап жатты.

– Кой ыйлаба, мына сопсонун болуп калдым, ыйлабачы, – деп мени сооротуу менен алек. Чынында Жапарды абдан сагынган элем. Жанагы окуя болбогондо мынчалыкка бармак эмесмин, көөдөнүмдү коркунуч бийлеп алгандыктан, шолоктоп көпкө ыйладым.

Окуя болгон жерде семиз каптагы жигитке мени байланыштырып сүйлөдү. Ким? Махабы? Дал өзү. Дене боюм чымырап кетти. Андан башка болушу мүмкүн эмес, ошол болсо эмне болуптур, а кандайча ушул окуяга кабылып калышым мүмкүн? Дене боюм чымырап кетти. Зина эжени ээрчитип барам, эгер Маха үйдө жок болсо анда так ошонун өзү? Чыйрала түштүм. Жапарга жылмая карадым. Ал мага сыймыктана карап койду. Көзүн балбылдата чачымдан сылай баштады.

– И-ии, мына эстүү кыз ушинтип күлүп-жайнап отурат да, окуулар кандай? – Жапар кичинекей кызды эркелеткендей сүйлөдү. Эмне үчүндүр аны карай албай жалтайлай баштадым. Анын алдында өзүмдү күнөөлүүдөй сезип кеттим. Окуя жөнүндө айтсамбы деп кайра тартындым, «Сыр бербей эле коеюнчу» – деген чечимге келдим.

– Эмне болду? – Жапар күдүк оюмду сезип койгондой суроо узатты.

– Эч нерсе. – Колтугуна кирдим. Анын кучагында куурчактай болуп калам, бирок өзүмдү анын жанында ушунчалык сулуу, бактылуу сезчүмүн.

... Хайдар аке кызды узатып коюп көпкө ыйлады. Өзүнүн ырайымсыз кылмыштарына Алла перзентсиз кылып жазалады деп кейиди. Антсе да, кылмыштуу топтон чыга албады. Көндүм адат. Топко кирип калган соң чыгып кетүү кыйын. Бүгүн Жаңылайды көрүп, эмне үчүндүр катуу өзгөрдү Хайдар аке, убактылуу боорукер болуп турган кези, Маханы да суракка албады. Ыйлактап жатып, эки жагын караса эч ким жок. Бар күчү менен бакырды.

– Ва-ай, ким бар?

– Хожаин, лаб-бай, – деп пиво көтөрүп кызматчысы кирди. Эмнегедир Хайдар ушул кызматчысын аяй берчү.

– Санмысан, Карим?

– Ха, уларни келтирай?

– Менга Насибони келтир!

Хайдар Насибаны көңүл жазгысы келгенде гана чакыртчу. Азыр андай болгон жок. Насиба өзүн ырастап кирди. Демейде «Менин периштем» деп баса калчу Хайдар, бу саам карап да койбоду. Үйүнө барып бала-чакасын көрүп, тыйын-тыпыр таштап келүүгө буюрду. Муну күтпөгөн Насиба түшүнбөдү. Башынан ушундай турмушка көнүп калган Насиба Хайдарды жактырып, айрыкча анын «кылыгларинг топылмас» деген сөзүн уккусу келип турат. Катынпоз Хайдар убактысын жалаң төшөк менен өткөрчү, бүгүн баарынан тажагандай. Насибанын колуна акча берди да, уруксат берип, оодарылып жатып алды. Насибанын эңсөөсү суу сепкендей өчтү. Шылтоо таап калып калуунун аргасын таппай турган. Хайдар кайра оодарылып, кетпей турган Насибаны көрүп, айдоочусун чакырып аны үйүнө жеткирип келүүнү буюрду.

Маха үчүн үмүтсүз аткан таң болду. Кээде Жаңылайды эстегенде үмүт жылт дей түшөт. Жашоо үчүн ар нерсеге барса боло берет деген ишенимде жүргөн Маха жаңылганын түшүндү. Баары бир кайра жаңыла берет. Эшик ачылды ПТО келип Маханы Хайдардын алдына алып кетти. ПТО – Хайдардын пул тапкыч огу эле.

– Кел, углум, – деди Хайдар. Шефтин мамилеси ба-

арып таң калтырды. Маханы өзү менен кошо тамактандырды. Мындай мамиленин артында кандай иштер турганын эч ким билбеди.

– Сенга оомат күлүп турупту йигитча, шундаг фаришта киз учин сени ям'аззот киляпман, умиримда бир мартаба яхшилик булсын, нема дединг?

– Өзүңүз билиңиз!

– Ха-а-ха, зор йигитсан да, яна уз хакишингиз дейди ия, ха-ха-ха – деп санын чаап бир топ күлдү да: – Сен бошсан, Маха, яшсан, келачагини фариштонг менен бейходор утказ, биз тарапни унит, бар, яна айнуганумча кето кал!

Мындай чоң кылмыштуу топтон Жаңылайдын келбети үчүн оңой суурулуп чыгуу Маханын үч уктаса түшүнө кирген эмес. Маха көпкө чейин ишеле албай жүрдү. Апасына жардам берип, улуу-кичүүлөргө да урмат көрсөтүп, тарбиялуу, ыймандуу жигит боло баштады.

Окуядан кийин Маха өзгөрдү, анын башкы максаты Жаңылайдын көңүлүн өзүнө бурдуруу болучу. Маха Хайдардын «тез кет» деген буйругун угар замат коштошпой чыгып кеткенине уяла түштү. Хайдардын чийген мыйзамынан чыкпай, Токтогулдан далай «күкүрт» ташып, өз энесине эмне жасап жүргөнүн айтпай, далай иштерди бүтүргөнүн эстеп балким, Хайдар ошол үчүн азаттыкка чыгаргандыр деп да ойлоп кетти. Бир окуя эсине түшө калды. Жол боюнда наркозат текшерүүсү жүрүп жатканы тууралуу кабар жетип, Маха бардык «күкүрттөрдү» белдерди ашып, мерчемдүү жерге жеткиргенде Хайдар өзү кошо болгон. Эми баарына кайыл, иши кылып артымдан түшпөсө болду. Коркконунча бар, анткени ПСИХ менен ПТО дегендер Хайдарга билдирбей, өздөрүнчө да иш алып бара бериши Махага белгилүү.

Кечээги окуядан кийин ой басып, коркок болуп калдым. Бирөө менен сырдашпасам жарылчудаймын.

– Зина эже, бошсузбу? – дедим. Зина эже менен ички бугум чыкканча сырдаштым. Болгон окуяны төкпөй-чачпай айттым. Бирок, кап кийгизилген жигит ким экени бизге белгисиз бойдон калды.

– Биздин эртеңкибиз жараткан үчүн дайын, а өзүбүзгө убакыт гана жеткирет. Кудайдан алакан жайып, келечектен бак тилөө кеч, себеби баары даяр, убакыт кайда жетелесе ошол тагдыр биздики экен. Мен эртеңкиме

ишенбей калдым. Бул көргөнүм, түшүм болсун!

– Ооба, ооба, Жаңылай, – деп Зина эженин оозунан келмеси түштү.

Жапар ооруканадан чыгып окуусуна да барып калды. Жаз келип, эртең сегизинчи март. Үйгө баратсам Маха белегин камдап жолумду тосту.

– Кандай, Жаңылай, майрамың менен! – деп белегин сунду. Эки анжы боло түштүм. Алгым келбеди.

– Рахмат, мага эч нерсе керек эмес! – деп басып кеттим. Артымдан жете келип: – Билем, керек эмесмин, сунган колду сумсайтпачы! – деп жалдырап жиберди. Айласыз алдым. Баягы Маха жок, бир топ өзгөргөн, айылдагылар да ооздон түшүрүшпөй мактап калышты. Чынында Маха оңолгондон бери айыл тынч. Жаш

тар да кепеп көчөлөп калышты. Баары бир мага жакпайт, белегин кыжырлануу менен алып бара жатсам Жыпар жолукту.

– Жыпар, сага Маха белек берди, – деп кармата салдым.

– Магабы, Махабы, Сенби? – деген Жыпар ырсайган бойдон туруп калды.

Кечинде Кулунун үйүнө кечеге чакырган, Жапарды күтүп отурдум. Жайна келди. Дароо Жапарды сурадым.

– Ой, келбесе сага келет белем! – дейт шаштыра. Апам уруксат берип жатып: – Эртерээк тарагыла, этият болгула! – деп калды. Жайна шоктонуп: – Биздин коргоочубуз жок, а сиз коркпой эле коюңуз, Жаңылайдын коргоп алары бар дейт камырабай.

– Ой, өлдүм, жинди! – дедим уялганымдан.

Кече аябай көңүлдүү өттү. Жапар экөөбүз эч болүпбодук. «Жапар, неге жолуктуң экен, ушунчалык да бериллеминби, мындай болбойт, кичине жөндүүрөөк болоюн» дейм, кайра эле көздөрүм Жапарда. Анын басканы, турганы, күлгөнү, ал тургай дем алганы да мени кайдыгер калтырбайт. Өзүмчө: «Ага да мендей болсо керек!» – дейм.

– Жаңылай, жүр сыртка чыгып келели, – деди Пери. Сыртка чыксак кыздар топтолуп алышып жыргап жатышат.

– Ии, апан эмне болду десе, – Жайна: – Ананбы, анан, ал акырын кучактап туруп эринден өпкөндө, жөн эле

учуп кетейин дейт экенсиң, – десе, кыздар кыраан каткы күлүп жатышат.

– Ха-ха, хи-хи-хи, ой жинди, сенде уят жок, – деп калды бирөө.

– Ии-ий, өзүңөр сурагыла, анан кайра менде уят жокпу, – деп Жайна чычалайт. Мени көрө коюп: – Мына, ишенбессңер мындан сурагыла, жигити бар эмеспи? – деп ортого мени түртө салды.

– Эмнени? – дедим.

– Сен обүшкөндө кандай абалга түшосүң?

– Биз али обүшө элекпиз! – дедим. Кыздар ишенбегендей болушту.

– Оп-поо, айтсаң эми? – Мен чын эле өбүшө электигибизди айттым.

– Айтпасаң өзүң бил, – дешип тарап кетишти. Жалгыз алардын артынан жөнөдүм. Жапарга жакындаганда жүрөгүм тарсылдап, өзүмдү коерго жер таппай калаарым анык.

Кече аяктап үйгө бараткanбыз.

– Жаңылай менин чакан белегимди алып койчу? – деп Жапар бир куту сунду. Биз бөлүнө албай көпкө турдук.

– Шамалды-Сайга кантип кетесиң?

– Күн жылып калды, мындан суукта да келип-кетип жүрбөдүмбү, көнүп калдым. Келбей калганда түнү менен уйку жок, – деп күлүп калды. Араң бөлүндүк.

Үйгө келип кутуну ачтым. Кооз аккуулар бар экен. Жупташкан аккуулар, бири-бирине моюн созо кыналышат. Мага аябай жакты. «Биз да өмүр бою кыналышып, эч бөлүнбой отсок», – деп тилеп жатып уктадым.

Май айы да кирип келди. Сегизинчи май Жапардын туулган күнү. «Эмне белек берем?». Бир күнү түшүмдө баягы кызгалдак Жапарды соруп кетти да буту калганда ээн талаада жалгыз калдым. Шуулдаган шамал, тээ алыстан жарык бир жылт этип көрүндү, ага жетпей ойгонуп кеттим. Түштөн чоочуп, Жапарга азыр жетким келди. Жүрөк кысылып, сабакты эптеп кеч киргиздим.

Кеч кирип, каш карайган кезде терезе чертилди, карасам Жапар, учуп чыктым.

– Э-эй, кыз, каякка – деген бойдон апам калып калды.

Жетип келип Жапардын мойнуна асылдым. Ал да ушуну күткөндөй белимди имере кучактады. Көпкө кучагынан чыкпадым. Ары жакта Маха бизди карап туруп-

тур. Коркуп кеттим.

– Тиги. Махабы?

– Ооба, ал экөөбүз күндө ушул жерден жолугабыз, – Жапар кепсебей сүйлөдү. Менин ачуум келе түштү. Жапарды түртө Маханы көздөй ынтылдым.

– Мындай турчу, оного жолугайын!

– Эмне, жумушуң барбы? – Жапар күлө сүйлөдү да кулагыма бирдеме деп сүйлогон болду, алаксыткан экен. Маха көздөн далда болду.

– Сегизинчи май күнү силердин классыңарды Сары-Челек көлүнө эс алууга чакырам.

– Сары-Челекке, ага биздин класс акча топтош керек, даяр эмеспиз го.

– Жок, менин эсебимен болот, төшөнчү гана алып аласыңар, чакыруу берип жибердим.

Биз ал күнү кыйылышпай шарт коштоштук, антке-ни, Жапарга белек камдай элек болчумун. Апаман кеңеш сурасам саат алууну сунуш кылды. Туура көрдүм. Эртеси Зина эже чакыруу барагын таркатты. «Заря» саатын алып даярдап койдум. Таң ата шашылып даярдык көрүп жатам. Апам жардамдашып жүрөт.

– Жонон жатасыңарбы, кызым? – Атам суроо узатты.

– Эртең келсек керек – Атам сурабаса да, келер күндү айтып койдум.

– Макул, эмнеси болсо да тынч–аман келсеңер болду, сага ишенем кызым, жакшы бар, – деп жумушуна жөнөдү. «Эмне үчүн ар дайым мен сага ишенем дей берет?» деген ой келе берет. Апам жолго узатып чыгып, автобуска жүктөрүмдү салышып койду.

Жол ката ырдап-чордоп, Сары-Челекке да жеттик. «Турбазадан» орун алдык. Мында оюн-зоок, тамаша, бий, кино, деги зерикксиге убакыт жок. Тез-тез жамгыр жаап турду. Ошондуктан Сары-Челек көлүнө бара албадык. Жапар экөөбүз элден бөлүнүп калыптырбыз. Ал жагы мени чоочуткан жок. Биз бирде бийге, бирде оюнга чуркап жүрүп, акыры киного кирдик, «Танцор Диско» аябай жакты. Кинонун таасириби, же мурдатан жанып келген махабатпы, жүрөгүм от-жалын болуп күйүп турду.

Жапарды жетелеген бойдон тепкич менен өйдөлөдүм. Бийик дөңсөөгө чыктык. Түн болсо да айдын жарыгында тегерегин коосдугу көңүлдү көкөлөтүп дүүлүктүрөт. Түркүн түстөгү гүлдөр жайкалып, арча жыты, гүл жыты,

таза аба, тунук сүйүү – баары кошул-ташыл биригип делебемди козгоп жиберди. Мурда Жапарды тик кароодон жалтансам азыр көзүмдү албай турдум. Көпкө тиктеше бири-бирибизге бой урдук. Шиберди уйпалап, эми гана буралып гүл ачкан чөптөрдү тебелеп, тегиздеп салдык. Көпкө оонап, бирде Жапардын үстүндө, бирде Жапар үстүмө оодарыла күрөш десе күрөшкө окшобогон бир нерсе болуп жатты. Асмандагы жылдыздар бет маңдайыма жакын келип көз кыса жымыңдашкансыйт.

Жапардын ысык эриндери биринчи ирет эриндериме тийгенде асмандагы жылдыздар ала салып, аларды да унутуп эрип бараттым. Бир кезде денемди ысык ток урду, «Апа» деген үн токой жаңырткансыды, бүткөн боюм дирилдей, балкып бараттым. Мына дагы ток урду... Жер силкингендей... Тоо басса да макулмун, денем болк-болк деп, жүрөгүм ысыды. Дүрүлдөгөн ысыктык бүткөн боюмду каптады, ана дагы... Эсиме келе Жапарды түртө ордуман туруп, аны жаакка бир чаап, токой тарапка көз жашым токтобой бара жаттым. Ушул күнү кыз кезим менен коштошконума ичим сыйрылып, Жапардын «Сен, меникисиң!» деген сөздөрү гана ишеним арттырып турду.

Үйгө келсек, апам кайдадыр даярдык көрүп жатыптыр.

– Келдиңби, базарга барып келе коеюн, тойго чакырыптыр, биз тойго кетебиз, – өзүнчө күйпөлөктөйт.

– Мен барбайм!

– Сен үйдү карайсыңбы?

Ичимден сызып, сырым күбүлбөсө экен дейм. Канткен күндө да Жапарга ишенем. Ал да күндө келип турду.

Он экинчи май күнү апам-атам, инилерим баары тойго кетишти. Жапар келди. Үйдө эч ким жок, аны үйгө киргизип алдым. Кан таламай ойнодук, бийледик. Тээ түн бир оокумда Жапар: – Мен кетейин?— деди.

– Кайда?

– Шамалды-Сайга.

– Койчу ай, саат үч болуп атса.

– Эмне экен?

– Мен сени жибербейм!— деп колунан сүйрөп, өзүмдүн болмөмө алып кирдим. Мен эмнегедир баягы түштөн соң Жапардан такыр алыстагым жок. Маха бизди дайыма акмалап жүргөндүктөн чоочулай берем. Жапар менен болгон жаңылыштыгыма – «чийинден чыкканыма» эч

өкүнбөйм, ушул ойлор менен баарына көз жумуп, бел байлап алгам.

– Биз жаңылыштык, – деген Жапардын сөзүнө жообум даяр.

– Эми бизди эч ким бөлө албайт, – деп кыска жооп узатып, Жапардын эркине койбой экинчи жолу бейбаштык кылдым. Жапар негедир шашып чыгып кетип жатты.

– Эртең келесиңби? – Анын колун бекем кармадым.

– Көрөм го.

Жапар эртеси келбеди, анын эртеси да келбеди. Күтүүдөн чыдабай бараттым. Эртең он алтынчы май, эгер келбесе издеп барам деген ойдо түн уйкум качып турган. Терезе чертилди. Жапар келди, учуп чыктым. Кучакташкан бойдон: – Эмнеге кечиктиң? – дедим.

– Апам келип калып, бүгүн узаттым.

«Оо–ох» дедим кенен дем алып.

– Корктуңбу?

– Ананчы, сенден такыр алыстагым жок.

– Шашпа аз калды, мектепти аяктарың менен алып кетем, – деди. Бул сөздү укканда андан бетер жибип кеттим.

– Бакка барып отуралычы? – Жапар жалдырай карады.

– Азыр апама айтып коеюн – Мен үйгө кирип апама кайрылдым.

– Биз, Жапар экөөбүз бакка барып эс алып келеличи.

– Ой, түндө эмне бар бакта, тиги Махаңар болсо дайыма аңдыйт имиш, бир балээге кабылбагыла, – деди апам кооптоно.

– Коркпочу апа, ал азыр эстүү болуп калган, бизге такыр эле жолобойт, барып келеличи?

Мен апама жалдырап жатсам атам келди.

– Эмне болду?

– Апам чыгарбай жатат.

– Мен уруксат бердим, бара бер кызым, ишенем силерге, Жапар да жаман жигит эмес, – деди. Мен сүйүнүп кеттим.

Жапар менен бакка бет алдык. Эмне үчүндүр жүрөгүм тарсылдайт. Сүйүнүчтүн, же кубанычтын кабары экенин түшүнбөйм, колтукташып бараттык. Мурда кол кармашуудан тартынчубуз. Жетилип калдык, ошентип жаштыгымды сүйүүгө жеңилүү менен өткөрүп калдым. Ал

кезде өзүмдү жеңилдим, же сүйүүгө багындым деп ойлоо акылыма сыйбаптыр. Таштаган ар бир кадамым өзүм үчүн туурадай сезилчү. Дарыянын жээги салкын, абасы таза, эч ким жок, ээн. Шарпылдаган суунун шары бизди коштогондой күүлдөйт. Эмнегедир ой толгоолор келип, биринчи ирет ыр жараттым.

Урупуп жээкке толкундар,
Шыбырды коштойт шоокумдар.
Энчилеп өзүм койсом да,
Жүрөктө неге коркуу бар.

– Ох–хоо, акынсың го! – Жапардын тизесине отурдум.

– Жагабы? – деп сурап койдум.

Жапар чачымдан сылай эркелете баштаганда ыргып туруп качып жөнөдүм. Чуркап жүрүп чарчаганда колуна түштүм.

– И–ии, багындым де, багындыңбы? – деп кучактап алып жыттагылап жатты.

– Болду байкеси, багындым, болду эми, кичине эс алайып, – деп жалына баштадым. Ансайын кое бергиси келбей өзүнө бекем кысты.

– Алтыным, ак гүлүм, – деп жалбара берди, анын оозун колум менен бекитe: – Антпечи, – дедим. Ансыз да эргип турган жүрөк коргошундай көлкүп турду. Мен өзүмдү чогултууга дарман жетпей чачыла баштадым. Суунун шары бизди коштоп «Жалында жаштык, жалында!» деген өңдөнөт.

Дүйнө кезип учуп бара жаттым. Асман, ак булут, жер суунун баарын энчилеп, ааламды тегиздеп учуп бараттым. Кандайдыр бир «шырт» эткен добуштан «селт» этe тегеректи карадым. Бизден анча узак эмес жердеги корумдуу дөңсөөдө турган караанды көрүп калдым.

– Тигинде бирөө турат! – дедим.

– Кана? – деп Жапар караганча тиги жок болуп кетти. Биз ээрчишип, ошол караан тарапка жөнөдүк.

– Эч ким жок, өзүң коркуп кеткениң го, «Коркконго кош көрүнөт» деген кеп бекеринен айтылбаган да, – Жапар мени жетелеп, кайрадан жээкке түштүк.

Артымды карадым, дагы көрүндү.

– Тигине, карасаң! – Жапар караганча дагы көрүнбөй калды.

Мен уяла түштүм. Таң сөгүлө баштаптыр.

– Үйгө кайталычы?

– Эмне, коркуп жатасыңбы?
– Билбейм, таң атаарга аз калды.
– Ооба, таңкы жел сого баштады, – деди Жапар да. Биз айылга карай жол алдык.
– Сага эмне болду, үшүдүңбү?
– Жок, коркуп жатам.
– Эмнеден?
– Сенден!
– Эмнеге?
– Билбейм, жоготуп коюудан коркуп жатам. Жапар көзүмө тигиле, көздөрүн балбылдатып: – Сенсиз кайда барам, көзгө көрүнбөгөн аркан менен чырмап, чачтарыңа байлап алып, анан жоготуудан корком деп сынай бересиңби? – деп күлдү.
– Эмнеге сынамак элем, корко берем, белгисиз күч бизди бөлүп салчудай боло берет, – дедим ыйламсырай.
– Коркпочу жаным, чынын айтсам мага да кээде ушундай сезимдер келе берет. Бирок, тагдыр бизди кандай шарга салса да ажырабайбыз, сенсиз жашоо жок, – деп карегимден өөп койду.
Ошол күндөн бери, бир шойкон болгондой Жапар келбей калды. Жүрөгүм бир шумдукту сезгендей уйгу-туйгу. Толук бир жума өттү. Апама айтууга аргасыз болдум.
– Апа, Жапар бир жумадан бери жок.
– Сабырдуу болчу кызым, анын да иштери бар да, колу бошобой жүрсө керек, келет,— деп көңүл жубатып койду. Көңүл чөгөт боло берип, акыры ата-энемдин да тынчып алдым.
Апам менен жолго чыктым. «Запорожец» маркасындагы майыптардын машинасы токтоп, айдоочу бир сомдон алып кетерин айтты. Машинага отуруп жатып тиги айдоочунун эки буту жок экенин көрүп, апама кайрылдым.
– Он сом бериличи! – десем, айдоочу угуп калды.
– Жок, мага ашыкча акчанын кереги жок, сураганымды берсеңер болот, – деди.
Мен унчукпай калдым. Бир аз тымтырстыктан кийин айдоочу жол жээгин жаңсай: – Мындан төрт күн мурда ушул жерде бир жаш жигитти «УАЗ» машинасы уруп кетти. Жигит мас экен, айдоочунун айтымында бирөө түртө салып качып кеткен имиш, артынан кууп жетпей калыптыр.

– Сиз ошол окуяны көрдүңүзбү?

– Ооба, Кызыл–Жардан кеч кайткам, жолдо милициялар, тез жардам машинасы туруптур, мен да токтоп тургандардан сурадым. Оюм жамандыкка кетти, Жапарды ойлодум, өзүмдү жоготуп бараттым. Аны таанып бай да, Жапар эч качан арак ичпейт, ал башка деген ой гана чыйралтып турду. Бирок, мен эңсегендей болбой чыкты. Жапарды ооруканадан таптадым. Мурда тааныш болуп калган врач мени карап туруп: – Сен, Жапар Сарыгуловдун таанышы белең? – деди да колумдан жетелей четке чыгарып: – Кызым, муну бешене дейт, досуңдун өмүрү тайкы экен, ата–энеси алып кетти, – деди. Кулагым чуулдап, отура калдым. Бир топтон кийин гана эсиме келе: – Жалган, жалга–ан! – деп бакырып, өксүп ыйладым. Канча ыйлаганымды билбейм. Ийне сайып, дары беришиптир. Үйгө кеч кайттык. Атам жолубузду утурлай чыкты. Көзүмдүн шишимик тартканын көрсөтпөгөнгө аракет кылып, жанынан тез басып өтүп кеттим.

– Эмне болду? – деди атам.

– Ал өтүп кетиптир! – апам атам менен сүйлөшүп калышты.

– Эмне дейт, жаман болгон тура, алда кокуй ай– ия, жакшы жигит, бечара жаш кеткен тура, – деп апамдын артынан атам үйгө кирди. Бөлмөгө кирип дагы ыйладым. Бир топто терезеден карасам атам сыртта чылымын түтөтө ары – бери басып жүрдү.

Эртеси мектепте акыркы коңгуроо болмок, чоң кечеге даярдык көрүлүп жаткан. Бармак турсун ойлонгон да жокмун.

Зина эже келди. Ыйладым, башка сөз айта албадым. Анын айткандары кулагыма кирген жок. Арадан эки күн өтүп, Зина эже кайрадан келди. Эшиктен кирип эле күлүмсүрөп: – Кандайсың, бүгүн сейилге чыгып келели, барасыңбы? – деди.

– Кайда?

– Минтип отура бербей бакка чыгып, алаксып келбейлиби?

Эженин айтканы мага туура келди. Биз бакка жөнөдүк. Араң эле кадам шилтейм.

– Жаңылай, эже-синди, экинчиден сырдашпыз, доспуз. Тагдыр. Эч ким каалагандай жашаган эмес, жашоо уланыш керек. Мага муну билген киши айтты, кулагы-

ма бири кирсе, бири кирбей жолукчу жайга шашып бараттым. Назарымда Жапар ошол жерде күтүп тургандай. Болжогон жерге жетип, баягы жер ээн, бак-дарактар да суз, баары аянычтуу. «Жалгыз келдиң» дегендей сезилди. Чар тарапты карап алып ыйлай бердим, үнүмдүн болушунча өкүрдүм. Биз жөлөнчү бак дарактарды, ал тургай кумга оонаган жерлерди мыштагылап чыңырдым.

– Жапар, мени кантип таштап кеттиң, кайдасың? – Кечээ кумга оонап кумар кангыча куушуп ойногон издерге бүгүн арман жашымды төгүп боздоп жаттым. Көкшүнүм суубады. Мени кой дээрге дарманы жетпей Зина эже өзү кошо ыйлап жатыптыр. Жээкке түшүп сууга бетимди чайып чыгып келе жатып баягы түндө көргөп караанды дагы көрдүм.

– Токто! – деп чыңырып, дөңсөөгө чуркадым. Артымдан: –

Сага эмне болду, соосуңбу? – деп Зина эже келе жатты. Дөңдө эч ким жок, дагы ыйлап жаттым.

– Жаңылай эмне болуп жатасың?

– Ал дале жүрөт, – дедим.

– Коркутпачы, садага! – деп эже жалынып жалбарды.

Ошол күндөн тарта түнт болуп кеттим. Бирөө сүйлөсө эле ыйлайм. Жаныма эч ким жолобойт. Армандуу жаш тыйылчудай эмес.

...Маха бүгүн Жаңылайдын артынан акмалап бакка келип, анын сыздаганына чыдабай кетти. Өзүнүн жасаганына катуу өкүнгөндөй болду. Өз ичинен «Сүйгөн кызымды өз колум менен азапка салдым. Мен акмакмын!» – деп өзүн өзү жекирип жатты.

Ошол окуяны эстеди. Маха ошол күнү Жапар менен Жаңылайдын жолугушуусун акмалап, түнү бою алардын сүйүүсүнө ичи от-жалын болду. Эртеси Шамалды–Сайдан Жапарды тапты. Учурашкан соң: – Кел, жакындан таанышалы, – деди.

– Сыртыбыздан таанышпыз, жакындан таанышуунун зарылдыгы жоктур, – Жапар анчейин сүйлөшкүсү келбеди. Муну сезген Маха, сөздү башка багытка бурду.

– Жок, Жаңылай экөөңө жамандыгым жок, бактылуу турмуш гана каалайм. Мен Жаңылайды сүйгөнүм менен, силер бири-бириңерди чындап сүйөөрүңөрдү да түшүнөм, урматтайм! – деди Маха. Жапар дайыма сөзгө конок бере

акырына чейин угуп турса да, ким кандай айтса ишене бермей ак көңүл адаты бар.

– Ырахмат!

– Ырахматыңды кой, ишке өтөлү.

– Кандай иш? – Жапар таң калды.

– Биз дос бололу, силерге жолтоо болбой, колдон келген жакшылыгымды жасап турайын. Кол алыша, көкүрөк тийгизишип достукка бел байлашты. Бир жерге барып, өздөрү жөнүндө айтып отурушту.

– Ушундай дос, чоң кылмыштуу топтон суурулап чыктым, – деди Маха күлүмсүрөй, бирок Жаңылайдын сулуулугу үчүн экендигин ачык айта албады.

– Жаман болгон экен, кийинкисин оңдосун! – деди Жапар, колун суна барбалаңдады.

– Ошонуң чын болсо, кел дос, ушул аракты достугубуз үчүн ичели. Жапар ичпейм деп актанган да жок, Маханын ичиндеги калдайган кара булут «Адам аласы ичинде» болуп ага сезилбеди.

– Макул, өмүрүмдө биринчи арак ичишим,— деди Жапар.

– Бул жерде эмес! – деп Маха көзүн жүлжүйтө күлгөн болду.

– Кайда?

– Дамбы дөңсөөсүнө.

Алар кучакташып, дөбөгө чыгышты. Ичип көрбөгөн Жапар тез эле алдырып мас болуп калды.

– Э–ээ, дос кеттик, гүлүмө жетишим керек, ал мени күтүп жатат, – Жапар Маханын мойнунан кучактап ордунан обдулду.

– Азыр, жетебиз! Жолдо Маха кайрадан котур ташын кармагысы келди, «кара кушун чыгара койсомбу? деп ойлоду, жо–ок, из калтырбаш керек бирок, кантип?» колундагы ташты ыргытып жиберип, Жапарга жете келип моюндан кучактап жөнөдү.

– Ээ. Дос ушул абалда кантип барам?

– Абалың эмне, сени сүйсө баарына чыдайт, – деп Жапардын далысын таптап койду. Маханы Жапарды кантип күм–жам кылуу оюу биротоло чырмап алды. Үч-Коргон ГЭСинин чоң көпүрөсүнөн чыга бериште артынан машинанын жарыгы көрүндү. Жолдон чыга берген киши болуп дароо бутунан чала Жапарды машинанын алдына түрттү. Маха качып жөнөдү. «кыйч-куйч... Карс-күрс...» эткен

добуштан токтоп, артына бир кылчайды, Жапар машинанын жарыгында жолдо жаткан. Айдоочу машинадан ыргып түштү да жарадарды көздөй жүгүрдү. Заматта милициянын машинасы, тез жардам келип калды. Буларга кабар кандай жеткенин андай албай Маха качып жөнөдү. Колдоруна жанар чырак алышып айлананы тинте башташты. Жолдун өңүтүн мурдатан билген Маха «Пионерныйдагы» аксакалга жетип жашынууга үлгүрдү. Ал эми аксакалга анын кайсы убакта барышы кызыктырчу эмес, мурдатан копүмүш болуп калган.

МАИ кызматкерлери айдоочунун айткандарына макул болушпады, айлананы тинтип, акыры айдоочу шылтоо издеп жатат деп алып кетишти. Маха да Жапар жөнүндө ар түрдүү кабарларды алып жатты. Ал үчүн Жапардан кутулуу өмүрүндөгү эң чоң бакыт. Эми Жаңылай аны менен сүйлөшпөй коюуга аргасыз деген ишеним бийлеп алды.

... Ак сүйүүдөн жанган тилек, бүгүн жалындап ичте күйөт. Ичим от болуп күйүп, үшкүрсөм оозумдан ысык жалын чыгат, көөдөн муңга, көкүрөк зарга, жүрөк ыйга айланды. Жапарды эңсейм, эстейм. Эмнегедир көңүлүм айнып, кускум келип жүрдүм. Тамакка табитим жок, курут жегим келет. Сандыкты аңтарып жатып курут таптым. Апамдын кеңеш китептеринин ичинен бирин алып, бойго бүтүү тууралуу окудум. Боюма бүткөнүнө толук ишендим. Коркуп кеттим.

Эртеси Зина эженин бөлмөсүнө кирип ыйлап жибердим.

– Ой, эмне болду?

– Менин, менин!..

– Сага эмне болду?

– Менин боюмда бар!

Зина эже эмне дээрин билбей, мени кучактай калды да акырын: – Куттуктайм! – деди.

– Эмне?

– Биринчиден, сен эне болосуң, экинчиден, Жапардын атын өчүрбөй, андан белек алып калып жатпайсыңбы?

– Ата-энемчи, аларга эмне дейм, ишенишчү эмес беле?!

– Болору болду, мындай акыл мурда келиш керек эле, азыр кеч.

– Ооба, кеч. Өзүм күнөөлүүмүн. Жаман түш көрүп, ошол түштөн кийин Жапардан такыр ажырагым келбей жаңылыштыкка өзүм себепчи болдум.

– Көп сыгылба, жардам берем. Эч кимге сыр бербе. Өзүңдү тыкан алып жүр.

Ошондон кийин кабагым ачылып, эркин сүйлөп, көп нерсеге көңүл бурчу болдум. Өзгөрүүмдү ата-энем кубанып кабыл алышты.

– Азаматсың, кызым! Жашоо уланыш керек, кайраттуу бол! – деп атам кубаттады.

Зина эже бир күнү: – Эртең Маха бизди баягы аккуусуна алып барам дейт, баралыбы? – деди. Апам озунуп: – Барат, аралгабы, Маха мененби? Барат. – Апам бечара эми мени Махага имериле калсын деп жүрөт го оюнда.

– Кызым, Маха аябай жакшы жигит болгон. Анан Ошко пединститутутка барат туура. Сага жакшы жардамчы болот. Баргыла, кечке келип каласыңар да.

Аралга жөнөдүк. Маха күтүп туруптур.

– Кандайсың? – деди жер карай мага колун сунду.

– Жакшы, – дедим жолго түшө жонөп жатып.

– Келе баштыгыңды.

– Жөн эле кой.

– Бер, берип кой! – Сөзгө Зина эже аралашты. Үн катпадым. Алар көп сүйлөшүштү, көңүл бурган жокмун. Кайыкка биринчи отурушум. Көл аябай жакты. Колумду сууга салып жыргап бара жаттым.

– Аралга да аз калдык – Маха тынчтыкты бузду. Бурулуп алды жакка көз чаптырдым.

– Тигил, камыштуу жерби?

– Ооба.

Маханын аккуусу биздин келгенибизди сезгендей, кубангандай канатын кагып «кряк, кряк» деп үн салды. Маха менен канаттарып жая куду кучакташкандай көл үстү менен сызып келди. Маха жумшак жүнүнөн сылай, тумшугунан жыттап жатты. Аккуу да Маханы айлана сүзүп, анан аралды айлана күүлөнүп келди. Биз таң калдык.

– Ох–хо, аккууң сени сүйөт го! – деди эже тамшана баш чайкады.

– Ошондой, биз сагынышып калабыз! – деп Маха көзүн жүлжүйтө аккуусуна сыймык менен карады.

– Аккуу кандай аянычтуу, эх, жалгыздык! – деди

Зина эже. Маха менен мамилем жоктугунан кандай жигит экепин билчү эмесмин. Жаш кезинен жалаң шоктугу гана эсимде.

Бизди ээрчитс аралды айлантып чыкты. Аралда аккудан башка өрдөк, чулдук көп экен. Алар жумурткалап, кээ бири жөжөлөп калыптыр. Уча качып, кайра айланып келип жатышты.

– Кайталы, булардын тынчтыгын бузбай, – дедим артка чегине. Камыш арасында Маханын бекиткен казан–табагы бар экен.

– Биер сенин экинчи үйүң туура? – деди Зина эже суроо узата.

– Ооба, ошондой.

Мен өзүм жалгыз аккууну имерчиктеп жүрө бердим. Маха менен Зина эже түшкү тамак камын көрө баштапты. Дасторкон жайылып калды.

– Кел чайга, – Маха чайга чакырды. Дасторкон үстүндө Маха: – Жаңылай, Ошко таежеңдин үйүнө барат турбайсыңбы, дарегиңди жазып берчи? – деди. Ойлонбой туруп жазып бердим. Маханы кубаныч бийледи. Мурдагыдан да жеңил кыймылдап, эч нерсе аябай өзүнчө кудуңдайт.

– Келгиле, балык кармайлы? – деп бекиткен кайырмактарын алып чыгып, бирден карматты. Зина эже, мен кайырмакты сууга таштаганыбыз менен эч майнап чыкпады. Маха өзү кыймылдап бардык кайырмактарга жетишип жатты. Кармалган балыктарды эпчилдик менен гезитке ороп, чокко көөмп бышырып берди.

– Күн батып баратат, кайталы, – дедим.

– Кетким келбей турат... – Зина эже каткыра күлдү.

– Апам урушат, кеттик!

Ошентип, Маха бүгүн өзүн абдан бактылуу сезип келе жатты.

– Бечераны катуу сүйүнттүң. – Зина эже шыбырады. Биз кайыкка отурганда аккуу келди, канаттарын каккылап, «кряк–кряк» деп бизди кетиргиси келбегендей.

Эңсеген тилек кусага, ак сүйүү арты арманга, булактай күлкү муңга, үмүт зарга, көөдөн ыйга, тулку боюм чокко айланды. Ичимде жалын... жалын ичимде канчага күйөрүн билбейм! Бир жылт эткен үмүт алдыга жетелейт. Ал жетиле элек курсактагы күмөнгерим— боюмдагым. Анткени, ал үчүн баардыгына даярмын. Жапар

менен түшкөн сүрөттөрүмдү карайм, алар менен сырдашам. Нарынды бойлоп басып күн өткөрөм. Бүгүн да ошол көрүнүш, үйгө келсем апам: – Эртең атаң менен Ошко барасың, даярдан! – деди. Эртеси жолго чыктык, аяктан бизди Жаркынай таеже тосуп алды. Атам короону айланта карап, таежеге кайрылды.

– Балдар, кайда?

– Чаткалда, чоң атабыздын колунда. Быйыл бажаңызды да ишке Чаткалга бөлгөн. Мен бир айдан кийин кетем. Жаңылай жакшы келбедиби, балдарга кичине тээк болот.

Атам менен таежемдин божурашкан сөздөрү бүтпөчүдөй. Эртеси атам кайра жөнөп жатты.

– Анда, кызды өзүң алып барасыңбы?

– Ооба, эки күндөн кийин бошмун, сиз, кете берсеңиз болот, – деп атамды узатып ийди. Мунусу мага аябай жакты, анткени Зина эже келмек, Фрунзеге учабыз.

Болжошкон күн келди, «Таеже сизге ырахмат, мен бул жерде жүрө албайм. Издебегиле, апамдарга да айтпаңыз, өзүм дайынымды билдирем. Кабар келгенче кабатыр болбогула» деген кат калтырдым. Зина эже экөөбүз аэропорттон жолугуштук.

– Кандайсың?

– Жакшы.

– Кантип таптың?

– Такси менен эле.

– Белет алып койгом, убагында келдиң.

– «Ош–Фрунзе» учагына чыгууга даярданыңыздар! – деп жарыя салышты. Биринчи жолу учакка отурушум.

– Куспасаң болду, – деп Зина эже улам тынчсызданат. Учууга самолет даярданып калды. Учуп бараттык, бийиктен жерди карасаң көзгө илешпейт. Борборго заматта жетип калдык.

– И-ий, жакшы жеттик, – Зина эже менин куспаганыма кубанды. Көчөдө бирөөгө телефон чалды.

– Бир аз күтөлү, келип калат.

– Ким келет?

– Баягы агайым.

Арадан жарым саатча убакыт өттү. Бир машина келип токтоду. Жаңы маркадагы машина абдан жакты. Машинадан сулууча келген бир киши түштү. Күлмүңдөп келип эженин маңдайына туруп калды.

– Зина, Зиночка келдиңби? – деп көзүнөн кубанычтын

нуру

чачырап турду. Экөө кучакташа калышты, тоскоол болгум келбей ары бастым. Бир кезде эже мени издеп калды.

– Жаңылай кайда кетти?

– Бирөө бар беле?

– Ооба, кызым бар.

– Кызым, – агай таңдана эки жакты карай, – Кызыңбы, сага окшош болуш керек, ээ? Кана, кичинекей паристени издеп жатты. Агайдын ошондогу издегени мага кызык.

– И–йи, келдиңби? Мына менин кызым, – деди Зина эже колу менен жаңсай көрсөттү. Агай таң кала: – Мен, мен... – деп мукактанды.

– Жок агай, эч нерсе эмес, түшүндүм. Менин окуучум. Жакшы көргөнүм үчүн «кызым» дей коем. Таанышып алыңыз.

– Манас.

– Жаңылай.

– Мен, паристени көргүм келген. Айла канча тагдыр, сени жалгыз көрбөсөм экен деп тилегем,— деп улутунду. Зина эженин көзүнө жаш тегерене түштү.

– Кечирип кой, туура эмес сүйлөп алдым көрүнөт? – Агай өзүн ыңгайсыз сезип турду.

– Эч нерсе эмес, кийин сүйлөшөбүз. Азыр бизди жайгаштырыңыз, анан...

– Жүргүлө үйгө.

– Кайсы үй?

Менин үйүмө.

– Сиздикинеби?.. Шарипа эжечи?..

– Ошол жерден түшүндүрүп берем, кеттик.

Эже ойлуу баратты, мен шаардын көөздүгүнө суктанам, заңгыраган таза көчө, заңкайган үйлөр, нечен муун карыткан дүпүйгөн дарактар көркко көрк кошуп тургансыйт.

Машина бир жерге токтоп, агай: – Мен азыр, – деп беш кабат үйгө кирип кетти. Бир келин узатып чыкты, алар саат болжошуп, бирдемелерди сүйлөшүп жатышты. Машина менен бакка бардык, мен аларга жолтоо болбоюн деп, башка орундукка барып отурдум. Кыялга баттым.

... Манас Зинанын колун кармай, жетелеше басышты.

– Зина, арадан көп жыл өттү. Сенин кайда экениңди

билбей калдым. Эмне кетип калдың?.. Эжең да көнүп калган болчу. Себеби, ал ооруп жүрчү, акыры оору алып тынды.

– Эмне, Шарипа эже өтүп?..

– Ооба, анын өткөнүнө үч жыл болду. Мен жалгызмын. Балдарды таята-таенеси «Жалгыз кызыбыздын чүрпөлөрүн жыттап жүрөлү» деп алып кетишкен. Сагынганда көл тарапка аларга барып турам. Барсан сайын «Жалгыз жүрбөй үйлөн» дешет. Бирөөнү табышты, качып кутулдум. Сени күтүп жүрдүм. Кел, эми баш кошуп алалы?

– Баш кошобуз?..

– Ооба, жок дебечи?

– Кантип? Мен даяр эмесмин – Зина апкаарыды.

– Эмнеге даярданмак элең. Үйдө баары бар. Сенин төркүнүңө кабарлайбыз, болду.

– Аларга мурдатан айткан эмесмин.

– Эмне экен, турмуш ушинтип болот да. Жок дебечи?

Зина эмне дээрин билбей турду.

– Экөөбүз... Зина, мени жалдыратпачы?

Зина ары-бери басып, бир топто башын ийкеди. Манас кубангандан жүзүндө кызыл жүгүрүп, оң жоон укканына жетине албай турду.

– Кеттик үйгө!

...Той өтүп, алар бирге жашап калышты. Тойдон кийин Зина эжеге кайрылдым.

– Эже, бир жерден батир издеп табайын,— дедим.

– Эмне болду? – Эже чоочуду. Жер тиктедим. Агай келип: – Эмне болуп жатасыңар? Келчи кызым, сүйлөшүп, жакшы таанышалы, – деди. Унчукпай отура бердим.

– Жаңылайды окууга киргизем деп алып келгем, чогуу жашайбыз деп чечкенбиз, – деди Зина эже.

– Түшүндүм, окуу менин колумда. Ал эми үй мына. Зинага кыз болсоң менин да кызым болосуң. Үй чоң, өз үйүңдөй кенен жүрө бер, – деди. Эже мени карап, кашын серпип күлүмсүрөдү.

– Агай, мен сырттан окуугум келет.

– Макул сырттан болсо, сырттан. Анда жумуш таап берем.

Мен ичимден бышып араң тургам, ыйлап жибердим. Агай шалдайып отуруп калды. Араң бөлмөгө кирдим. Жаздык кучактап, ыйлап жатып уктап калыпмын.

Үйдөгүлөр түшкү тыныгууда кезинде баштыгымды акырын алып, бутумдун учу менен басып, үйдөн чыктым Ал көчө менен эки аялдама жол бастым. Ушу ченде телефон автоматын көргөм. Телефон туткасын алып, Ош менен байланыштым.

– Алоо, ким бул? – деген Жаркын таежемин үнүн тааныдым.

– Мен, Жаңылаймын, Фрунзеден байланышып жатам, окууга кирдим.

– Ай, Жаңылай, бир дайыныңды айтып кетсең болмок. Бир жигит издеп келиптир, Маха дейби, эмне дейин?

– Мени билбейм деп коюңуз, ошол жигиттен качып жүрөм!

– Макул анда, жакшы оку!

Маханын артымдан түшүшү чоң жардам болду. Кандай шылтоо тапмакмын? Үйгө кайра баратканда ичимди ойлоп коём. Белегим менин, кабатыр болбо, сени өз урук-туугаңыңа жеткирем деп, ант бердим. Үйгө кирдим.

– Кайда жүрөсүң? – Агай мени издеп чыкса керек.

– Жөн, жайынча... баскым келди.

– Макул дечи, бирок кардың ачты го, мынчалык ачка жүрбө! – деп жемеледи. Уяла түштүм.

– Сен деген, эне болушуң керек, эрктүү, күчтүү болсоң бала да баатыр төрөлөт. Ошондуктан, тагдыр салган сынга туруштук бер, баарын жеңиш керек, – Агайдын бул кеңешинен Зина эже баарын айтканын түшүндүм. Айтыла турган нерсе да.

...Жаңылай берген даректен аны таппаса да илгери үмүт менен келген Маха Жаркын эженин коргонунун коңгуроосун басты. Чыркыраган сигналга эч ким жооп берген жок, ал кайрадан басты. Эшикти уйкудан жаңы турган жаш сулуу кыз ачты.

– Сизге ким керек? – деди кабагын чытый.

– Мен тиги, Мадалбекмин, кыскача мен институтутка математика факультетине киргем... – деп мукактана баштады.

– Хи-хи, эмне маселеңизди чыгарып берейинби?

– Жоок, мен тиги...

– Мени менен таанышканыбы?

Маха эмне дээрин билбей калды. Кыз өтө эле ачык экен. «Ушул кыз менен таанышып, анан Жаңылайды өзүмө тартсамбы?» деген ой заматта келе калды.

– Ооба, ооба!

Күтө тур деп кирип кеткен бойдон бир аз буйдалып кайра чыгып, Махага баштыгын сунду.

– Кармай турунузчу? – деди да эшикти кулптады.

– Зериккенден, уйкудан кол бошобойт, кел эми чындап таанышып алалы. Менин атым Алтынай бүтүрүүчү класста окуйм. Надоело, окуудан тажап бүттүм. Папам менен мамам окуу, окуу дегенден башканы айтышпайт. Алардын сөзү мне не касается, – деп орусча, кыргызча аралаштыра сүйлөдү. Маха кызга таң кала карап калды да: – Мен өзүмдү тааныштырдым окшойт... – деп койду.

– Да-а, – Алтынай күлүп – жүр паркка барабыз!

Маха кыздын таанышпай туруп, жасап жаткан мамилелерине таң калды. Парктын четиндеги орундукка отурушту.

– Сигар тартасыңбы? – деди Алтынай.

– Ооба, – Маха чөнтөгүнөн «Полет» сигаретин алып чыкты.

– Ушунубу, хи–хи–хи, аны өзүң тарт, – деп ничке карандашка окшогон фильтрлүү узун сигарет алып түтөтө баштады.

Маха таңдана карап, ичинен «шүмшүк» деп койду. Кериле басып, узун чачын жайып, кашын кере, көзүн жайната сүйлөгөн кыз кимди болсо да кайдыгер калтырбайт. Бирок, жүрүм-турумунан өзүнүн кимдигин билдирип койду. Маха кыздын жанынан кеткиси келип турса да айласын таппады, Жаңылайды сурай албай аргасыз отурду.

– Сага эмне болду, мага окшогон шүмшүктү көрбөгөнсүң да, ээ? Менден ашкан шүмшүктөр бар, таанышасыңбы?

Маханы ой басты. Жаңылайды сурасамбы, же Алтынайды таштап качсамбы? Муну менен сырдаш болсом, эми жолго түшкөндө адаштырсачы?

– Ай, жигит сага эмне болду? – Алтынай каткырып күлгөндө Маха чочуп кетти. Кыздын жоругуна Маханын кыжыры келсе да, аны билдирбеске аракет кылды.

– Мен, Алайдан келгем, азыр кетишим керек, – дей салды.

– Алайдан?

– Ооба, Алайдан мен кечиктим барайын.

– Кетесиңби?

– Макул анда, – башка сөзгө келбей шашыла жөнөдү. Алтынайдын кол суна жайнаган көзүн карап туруп, Маханын сезими козголо түштү. Ордунан жылууга чамасы келбей, эми кыжырданганы эсинен чыкты. Жайнаган көздү, албырган жүздү ал Жаңылайдан гана көрчү, окшош экен. Алтынайдын колундагы чылымы көзгө урунганда Маха өзүн жыйрып алды. Шашыла аялдамага жетти, троллейбуска отуруп, кыздан кутулганына кубанды. Алтынай жигиттин таштап кеткенине ачуулана «торпок» деп койду.

Оштун базарына кирип, курут саткан жерде топтошуп турган кыздарга көзү түштү. Алар үчөө. Бири баштыктын оозун прилавканын жээгине туштап оозун ачып турат. Экинчиси: –Курутуңуз канчадан? Жеп көрсөк болобу? – деп, сатуучу улам алаксып ары бурулганда бирди оозуна салып, куруттарды баштыкка тоголотот. Улам баштыкты көтөрө салышып, башкасына барышат То-обо, ошентип жарым баштык курут топтоп алышат тура. Алардан эч ким күмөн санабайт. Мындайды көрбөгөн Маха кыздардын артынан ээрчип жүрдү. Алар паркка барып отурушту. Тияк–быяктан балдар, кыздар келишип топтолуп калышты. Курут таркатылып, ортодо каткырыктар. Кыздар өздөрүнүн жасагандарын айтып мактанып жатышты. Баары каз катар тизилип отурушту. Аңгыча бак аралап жалгыз кыз келе жатты. Отургандар ордуларынан туруп кызды ороп алышты. Бири баштыгын, экинчиси сөйкөсүн, бири чокоюн сыйрып кызды тоношту. Качып кетишти. Тоналгон кыз чыңырууга акыбалы келбей, дендароо турду. Маха өзү тоналгондой качып жөнөдү, кыздардын ичинен бирин тааныгандай болду. Ооба, Алтынай экен.

Жаңылайды Оштон издеп таппады. Институтуттун бардык факультеттерин кыдырып, стдент болгондордун тизмесин карап чыкты. Маха айылга сентябрга чейин турууга келген. Көчөдө Куке жолугуп калды. Жаңылай жөнүндө сөз козголуп, Маханын ачуусу келе баштады. Кукенин Ошто дегени ага жакпады. Ачуусу келе муштуму түйүлө баштаганын көргөн Куке бечара акырын ордунан туруп жолго түшөөрдө: – Каяка?! – деген Маханын үнүн укканда бүткөн бою ток ургандай зыркырап кетти.

– Аа, менби, ажааткапага, – дей салды.

– Тез кел!

Жолдон обочороок чыккан Куке «оох, пай–пай, жигит сүрдүүсүң, сенин алдыңда мышык бойдон өтөм го» деп өзүнүн кайратсыздыгына моюн сунду. Ушул учурда Саша менен Алик да Маханы көрүп жоон талга жашына калышкап. Качан гана Маха жер муштап алып үйүнө кирип кеткенде Куке турган ажааткананга жакын келип, аны аңдып турушкан. Куке эки жагын элеңдеп чыгып үйүн көздөй жөнөй берерде Алик куду Маханы туурап:

– Эй, сен каякка! – дегенде Куке аз жерден кайра ажаатканага кире качмай болду. Муну көргөн тигилер ыраан катты. Анткени, баары Махадан жан чыкканча коркушаарын билишет.

– Маха кана? – деди Куке.

– Жүрөгүң ордундабы?

– Билбейм, карап көргүлөчү...

Маха Жаңылайга жасаган азап-тозогуна өкүнө, жаздык кучактап өкүрүп-бакырып жатты. Күн өткөн сайын апасына жардам берип, үй жумуштарынан бошобогон Маха, бир маал Жаңылайдын үйүнөн кабар алып келбесе жаны тынчыбайт. Зайна баласынын мүнөзүнүн өзгөргөнүнө жетине албайт.

– Апа, мен эртең Ошко кетем, – Маха апасына эскертти.

– Окууң башталайын дедиби?

– Ооба.

– Мен камданайын.

– Убара болбоңуз, – Маханын бул сунушун эне кабыл алмак беле. Көйнөгүнүн этегин үзө басып, нанын бышырып, козусун сойдуруп, кууруп салып берди.

Апасынын аракеттерине Маха ыраазы боло, энесин аяды. Өзүнүн буга чейин апасына көп азап бергенин ойлоп ыйлады.

– Апа мени кечирчи, кезинде көп эле ката кетирип сизди кыйнадым, кечир апа, – деп апасынын колунан өөп чөгөлөдү. Зайна апа баласынын далай жолу мас абалындагы сөгүнүшүн, ал тургай жеген келтегин да унутуп койгон.

– Эмне болду сага кечирим сурап каралдым, окууңду жакшы окуп, ушул түз жолуңдан адашпасаң, баарын унутам, садагам, – деп жерден тартып тургузду. Энелердин жүрөгү жумшак, дили ак болоорун эми түшүнгөн Маха, көзүнө жаш алып апасын кучактады.

– Рахмат апа, ак сүтүңдү актоого колумдан келишинче аракет жасайм. Мээнетиңди актайм, апа! – деп сөз берди.

...Манас агайдын көктөн тилегени жерден табылып, бактылуу турмушта балкып турган чагы. Бүгүн жумуштан эрте келген. Жаңылай эмне үчүндүр агайды мурдагыдай алдынан чыгып «Келиңиз» деп тоспой өзүн качырып калды. Кээде кокусунан карп-курп чыгы калса көйнөгүн чымчып, өөдө көтөрүп башын салып өтчү болду. Бүгүн да ошентти.

– Келиңиз, – деп көйнөгүн көтөрүп ашканага кирип кетти да, буйдалып жүрдү.

– Жаңылай, бери келчи кызым! – Жагдайды жактырбаган агай:

– Кызым, биз баарыбыз энеден жаралабыз. Сен да эне болосуң. Кандай жолдо эне болсоң да тагдырдын сынагы. Сен бактылуу энесиң! Өзүңдү кыйнабай кенен жүр. Көйнөгүңдү чымчып, өзүңдү качырба, – деп аталык сөзүн айтты. Жаңылайды Манастын айткан кеңеши кыйла чыйралтты.

– Зина, канча айлык болду?

– Эмне канча айлык?

– Кызыбыздын... – деп жаңсай көрсөттү.

– Беш ай.

– Ой, анда тигилерге алпарып... – деп шашылды.

– Умай энелерге дейсиңби, алып бардым.

– Күйөөсүн эмне дедиң?

– Эмне дейт элем, жаңы турмуштары башталганда авто кырсыктан өлдү дедим.

– Ишеништи беле?

– Эмне демек эле, паспортту сурады, эптеп бүтүрдүм, – деди.

Ушул күндөн тартып башымды көтөрүп басып, ачык сүйлөп жаркылдап күлүп калдым. Кокүрөгүмдөгү койгойүм ата-энем. Аларга билгизбей багам. Аларга кантип билгизмек элем. Атасынын ишенген кызы эмес белем. Буларды ойлосом заманам куурулуп, туңгуюкта калам. Күндөр өтө берди. Жаңы жылга да аз калды. Былтыркы жаңы жыл мен үчүн кайталангыс. Мына азыр ошол күндөрдөн бир үзүмү болсочу. Кантип? Өткөн өмүр артка келбейт туура. Ал кездер жаштыктын аязга карабай гүлдөгөн учуру туура. Кайран жаштык. Бак аралап ушуларды ойлоп ары бери бастым. Кар киши жасагым келди.

Бирок кантип жасайм.

Жыл да жаңырды. Жаңы жылды Фрунзеликтер өзгөчө шаң менен тосушат экен. Мен өзүм менен өзүммүн. Эшикте бир түп арча бар. Агай ошол арчаны эрикпестен жасап чыкты. Кечинде кечеге кетишти. Мен колумдан келишинче дасторкон түздөдүм. Үйдө жалгыз болгон үчүнбү, айтор, олтура албай койдум. Былтыркы жаңы жыл кечээ эле болуп өткөндөй уламдан улам көзгө тартылат. Кар кечип өткөн күндөрдү эстеп жүрөгүм эзилип, жүрө бердим. Көзүмдөн аккан жаш көкүрөгүмө таамп, шурудай тизилип муз болуп калыптыр. Аны качан гана агай менен Зина эже келгенде айтышты.

– Ай-ийй, кызым, сен тоңуп калыпсың, карачы, көзүңдөн аккан жаштын тоңгонун! – деп ызылдай баштады.

Сүйлөөгө алым келбей, эриндерим дирилдейт, бир топто өзүмө келдим.

– Алда кокуй ай, убагында келгенибизди кара, негедир үйгө кетким келип шаша бергем. Пай-пай, кызым ай, – Зина эже ыйламсырап, кейип кепчип, үтүккө шейшеп ысытып бутумду ороп, деги тынбады.

– Биртке арак ичирип кой зыяны тийбейт. Коркпой ичире бер, – агай Зина эжени шаштырды.

– Балагачы?

– Бала чоноюп калбадыбы, зыяны тийбестир, ээ! Зина эже агайдын сөзү менен жүз грамм куюп ичирип жиберди. Биринчи жолу ичишим. Кабагымды бүркөдүм.

– Жутуп ий, эч нерсе болбойт. 1989-жаңы жылды мен ушинтип тостум. Саат он эки болуп, сыналгыдан жаңы жыл жаңырышына кагылган коңгуроо билдирди.

– Кана, жаңы жылыңар менен!

Ошентип бири бирибизге каалоо тилек айтып күндү өткөздүк. Күндөр өтө берди. Зина эже мен жатчу бөлмөгө кирип, аянычтуу карап туруп чыгып кетти.

Эртеси да ошол. Жакшы эле оозун жасайт, бирок айта албай койду. Бүгүн негедир башкачамын, белим ооруйт, өзүмчө кыйналып жүрдүм. Эже дагы келди.

– Сени менен ачык сүйлөшсөмбү? – Ээгин араң кыбыратты. Мени карай албайт.

– Кайсы маселеде? – дедим.

– Билем, сага оор бирок... – эже мукактанды. Дароо сездим. Билмексен боло, бир жагы кыжырым келди.

– Айта бериңиз, ачык айтыңыз, – дедим.

– Сен мага жардам бере аласыңбы? – Зина эже жалооруй, ачка калган адамдай карады. Менин кандай жардамым болушу мүмкүн. Ойлонуп отурдум. Жөн суроо эмес, башка иш болсо мынчалык жалдырамак эмес, кандайдыр бир шумдуктуу өтүнүч экени жүрөгүмдү бир булкуп алды. Жок десем кантет, байкуш Зина эже ушунчалык кайрылып, каралашып келип... Же, макул болсомчу, анда өзүмдүн көргөн күнүм не болот. Берген антым...

– Ойлонуп көрөйүн, – үнүм муңдуу чыкты. Бербейм деп айтуу да кыйын, ары карап жатып алдым. Антпеске аргасы жок деп жатышабы? Же мен алардын жакшылыгын ушинтип акташым сөзсүз шартпы? Бирок, мен боор этим менен жаралган, Жапардан калган белегимди чоң ата, чоң энесине тапшырам. Ушул чечимге келдим. Үйдөн чыгып кетип болсо да, баламды өзүм менен бирге алып калам. А кайда барам? Ойдон улам белим да, башым да ооруп басылды. Тез-тез ооруп калды. Зина эжелерге айтпастан тез жардам чакырып, кийинип акырын көчөдө басып жүрдүм. Жарыгын жаркылдатып түнкү тынчтыкты бузуп тез жардам машинасы келди. Ал келип абалымды билгиче үйдөн агай чуркап келе жатты.

– Тез жардам чакырттыңызбы?

– Ооба.

Аңгыча агай да келип калды.

– Үйдөн бирөө бар экен го, сиз кошо барасызбы? Чыдабай бараттым.

– Бир жериң ооруса бизди тургуз дедик го, кызым ай! – Зина эже кейип жатты.

Оорукананын эшигине жеткенде төрөп койдум. Кызматкер аял: – Сүйүнчү, кызыңар уул төрөдү! – деп уулум экообүздү палатага которуп киришти. Уйку тартат. Уктайын десем ак халатчан медайым: – Уктаба, суроолорго жооп бер? – деп тынчымды алат.

– Фамилияң?

– Кадырбаева Жаңылай Байзаковна, 1971–жылдын он бешинчи сентябры.

– Жолдошуң?

– Ал өтүп кеткен...

– Аты–жөнү?

– Боюмда бала калганын анын туугандары билишпейт. Баланы өзүм тарбиялайм, – дедим. Ал мени таң

калыштуу карады.

– Өзүң бил.

– Эми уктай берейинби?

– Жок, уктабашың керек, убагы келгенде уктайсың, – деди. Уйкудан кыйналып кеттим. Көз ирмелсе жакка акырын чаап, болбогон суроолорду узатат. Эки күндөн кийин балага ысым бериш керек болуп калды.

– Балаңдын аты-жөнүн кандай жазабыз?

– Кадырбаев Белек Кадырбаевич.

– Белекти чын эле өзүң чоңойтосуңбу?

– Ооба, – дедим. Аңгыча сырттан медайым бир наристени көтөрүп кирди.

– Сүтүң барбы, ушул баланы тойгузуп берчи?

– Макул, бериңиз, – Татынакай бөбөк, тим эле чупулдатып сорот. Уузга тоюп, уктап кетти.

– Мунун апасы түндө качып кетиптир!

– Кайда качат?

– Ким билсин?

– Мен баланы багып ала турган адам тапсам болобу? Мен өзүм эгиздей эмизе берем.

– Болот, алар жакшы үй-бүлөдөн болсо.

– Албетте, жакшы адамдар. – Зина эже менен Манас агайды элестетип алып өзүмчө кубана бердим. Эже келип мени чакыртты.

– Кызым кандайсың, эмне ойлуусуң?

– Эгер туура эмес айтсам капа болбоңуз?

– Эмнени, айт, айта гой?

– Мен азыр эле бир бөбөктү эмизип чыктым, анын энеси баланы таштап качып кетиптир.

– Качып, кайда, ким экен?

– Кимдигин билбейм. Айтор бала кароосуз. Менин уулум менен тең, багып албайсызбы? Экөөн тең эмизе берем, – дедим.

– Багып... – Эже шалдая түшүп, артына бурулуп жөнөп калды.

– Эже, жооп бербейсизби? – ичим сыйрыла түштү. Бир чети ыңгайсыз абалда калдым. Башын ийкемиш боло алып келгенин да унутуп чыгып кетти. Тамаксыз калдым. Телефонго чакырышты.

– Алоо, ким?

– Жаңылай, кызым. Мен Манасмын. Эжең бирдемелерди божурап жатат, түшүнбөдүм?

– Бир бала бар экен, ошону багып аласыңарбы дегем.
– Таштандыбы? – деп кыйкырды. Жаман болуп кеттим.
– Наристеде эмне күнөө! – дедим да сөз айта албай телефонду коюп койдум. Мага катуу тийди. «Белегимди алган күндө да бир күнү ушинтип айтмак экен да. Жоок, эч таштабайм!» өзүмө бекем турдум.
Эки күн бою мага эч ким келген жок. Эми кайда барам, күбөлүк алгыла деген тактамасын эчак беришкен. Мына, жаңы үрөгөндөр жүз бурду. Дагы эки күн келбесе бизди чыгарып коет. Кайда барам. Оюм ордунда эмес.
– Жаңылай, сыртта бирөөлөр чакырып жатат, – деп санитарка келди. Катуу сүйүндүм. Чуркап чыктым.
– Биз келдик! – Зина эже менен Манас агай турат.
– Сагындым, келгиле! – дедим, экөөнү бирдей кучактап.
– Биз чечимге келдик.
– Кандай?
– Баланы алабыз, кийин түшүндүк, – дешти.
– Анда, азыр келем, – дедим.
Баягы мээрман эжеге бардым.
–Эже, баягы мен айткандар келишти.
– Киргиз экөөн тең.
Аларга жеттим.
– Экөөңүздөр тең кирет экенсиздер.
Бири-бирин караша, эшик талашып умтулушту. Экөө тең эшикке капталып калды. Артка чегинип, кайра да ошол. Буларды карап күлдүм.
– Хи, хи, токтосоңуз, мына бирден, – деп катар киргиздим. Алар башкы доктурга кирип кетишти. Бөлмөгө кирип алып «Эмне болор экен?» деп тынчсыздана ары-бери баса бердим. Алар кечигип кетишти. Чарчадым окшойт. Жата кеттим. Ошол бойдон уктап кетипмин. Бирөө кирип:
– Уктап калдыбы? – деген үндөн ойгоно карасам Зина эже экен. Көңүлү ачык жайдары.
– Иш бүттү кызым, балага тактама алдык. Эми күбөлүк жаздырсак болду.
Мен аябай кубандым. Ошентип наристенин тагдыры чечилди. Ал да, ата-энелүү болду. Сыртка чыксам, мээрман эже жаныма басып келди.
– Азаматсың кызым, аябай жакшы адамдар экен.

Оокаттары тың окшойт. Баланы эч кыйналбай багып алышат. Абдан чоң соопко калдың? – деди.

– Үйүнө бардыңыздарбы?

– Ооба, дароо комиссия түзүп, өзүнүн машинасы бар экен, барып келдик. Эми, сен эгиз бала багасың, өзүңдү карашың керек. Эртеси бизди ооруканадан чыгарып кетишти. Эже менен агай бөжөңдөшүп тигил баланы алмак салмак жытташат. Үйдүн ичи жаркырап бакытка бөлөндү. Жай турмуш өтө берди.

Балдардын күбөлүгүн көргүм келди. «Кадырбаев Белек Кадырбаевич 1989-жылдын 2-февралы», «Топоев Сагын Манасбекович 1989-жылдын 2-февралы» Экөөнүн туулган күндөрү да бир экен. Эгиздей тороло беришти. Мен бала эмизген сайын Зина эже мени кызганычтуу карайт. Башында такыр сезбепмин. Кийинчерээк байкап калдым. Бир күнү агай бизге:

– Балдарга жээнтек тартсакпы? – деди.

– Аны кимге тартасыз?.. – Үтүрөңдөй түштүм.

– Кошуналарга да, – дегенде, уккум келбей, ордумдан тура Белекти алып бөлмөгө кирип кеттим. Уулумду бооруma алып ыйлай бердим. «Атаң өлбөгөндө биз да бактылуу болмокпуз жээнтек таркатмакпыз. Эмичи... тагдырдын бешенеге жазганыбы, же кимдир бирөө күнөөлүбү? Уулум сени эрежеге жеткирип туугандарыңа кошом. Бир жолун табам». Ушуларды ойлоп ыйымды токтотууга канча далалат жасап күчүм жетпеди. Көптөн бери ичимден сызып бук болуп жүргөм. Ушул шылтоо болуп көпкө ыйладым. Сагынды көтөрүп Зина эже кирди, мени карап туруп чыдабай кетти. Уулун жерге жаткырып Белекти колдон ала койду.

– Жаңылай, ыйлаба кызым, ыйлабачы... Сен бактылуу энесиң. Аял затынын бактысы – бала. Калганы боло берет, – сөздөрдү айтканда эженин көзүнөн жаш тегеренип, эчкире ыйлачудай араң сүйлөп, эриндери дирилдеп, канча карманса да кубаты жетпей карагаттай көзүнөн бурчактай жаштар, биринин артынан бири кулады. «Мени көрүп ыйлагысы келип кетти окшойт» деп ойлонуп койдум. Бирок кезеги менен ушинтип үн чыгарбай ичинен сыздачу болду. Мен эч нерсеге түшүнбөй, же ачык сурай албай жүрдүм. Кыштын ызгарына карабай сыртта көп жүрүүчү болду. Ички дүйнөсүн кемирген бир кемчилик бар экени мага анык сезилди.

Бирок эмне? Күндөрдүн биринде бизди таразага алып баргыла деп ушул чөйрөдөгү бөбөктөрдүн мээрман эжеси келип кетти.

– Атасы, бизди таразага алып баргыла дейт, – Зина эже агайды жумуштан ушинтип тосуп алды.

– Макул барабыз, – мен дагы бөлмөгө кирип кеттим. Бири кем дүйнө деген ушул экен го. Эже бир кезде балага да, сүйүүгө да зар эле. Эми уулу, турмуштук жолдошу, үй жайы баары жетиштүү. Бирок эмнеге умсунат, билбейм. Көп ойлонот. Ал эми, мен болсо бир пендемин. Уулум чоңойгон сайын санаам көбөйдү. Кимди ата дейт. Сагынтайдын атасын ата десе кантем. Майда–барат нерселерди ойлой берип башым ооруп чыкты. Түн уйкум качты, таңдын атышы да тозок болду. Өзүм барып Сагынды эмгизип келдим. Ал кезде энеси катуу уктап калган экен. Эрте менен чыйрыгып чыктым. Титиреп калтырап боюмду түзөөгө акыбалым жетпейт.

– Жаңылай, сага эмне болду? – эже чыйылдап, жанымда чимирилет.

– Манас кел мага жардам бер, кызыбыздын табы жок, ысыгы чыгып турат, – деп мага дары ичирди. Өздөрү балдарды ороп таразага кетишти.

... Жолдо бири бири менен сүйлөшүп бара жатышты.

– Жаңылай күндөн күнгө арыктап баратат.

– Ооба, балдарын эмгизүү оор болуп кетти окшойт, Умай энелерден сурачы балага кошумча эмне берип керек. Зина Манастан мындай сөздорду укканда жүрөгүнө бычак сайгандай тийди. Ооба, Зинанын арманы да ичинде. Ал ичтен сызып, энеге окшоп чыныгы эне боло албаганына көп кайгырчу. Жаңылай бала эмизген учурда ичи күйүп, сыздап кетчү. Азыр да ушул ойлор менен каңырыгы түтөп сыздап баратты. Ал жерде балдар эмгиси келип ыйлап калса эмне кылам, кантип сооротом. Зина көпкө кыжалат кылган сарсанаасы балдарды эмгизүү.

– Келиңиздер эгизсиңерби? Кайсы көчөдөн?

– Лермонтов – 115. Жок, эгиз эмеспиз.

– Бирөөнүн энеси ким?

– Анын зарыл жумушу болуп, келе албай калды. Чогуу турабыз, таразага ала берсеңиз болот, – деди Зина баланын өз энеси болбосо карабай койчудай шашкалактады.

– Тартабыз, фамилиялары?

– Топоев Сагын, Кадырбаев Белек 1989-жылдын 2-февралы. Тигилер балдардын салмагын, бойлорун өлчөй баштаашты.

– Оронуз?

– И-ии, мына, – Зина Сагынды орой баштады. Тынч уйкусу бузулганга кыжаалаттанып, жаактарына оро тийген сайын эмчек издеп Сагын чыркырай баштады. «Эми эмне кылам?» Зинанын айласы чындап куруду.

– Эже, эмизиңиз?

– Азыр, – демиш болду. Тигилерге сыр бербей ары карап эмчегин чыгарды. Эмнегедир бүткөн бою зырылдап, эмчеги зыркырап, чыйрыккандай титиреди. Эмчегине ысык суу кеткендей болду. Эме баштаган бала эмчекти оозунан чыгара ыңаалады. Зина кайрадан үрптү баланын оозуна салды. Бала дагы чыгарды. Эми кантем дегиче эмчектин учунан агарып бирдеме тамчылады. Мындай болорун күтсө да, ишенбеген Зина колун тосту. Ырас, Зинанын эмчегинен сүт чыкты. Зина өзүн кармай албай ыйлап жиберди. Ал муң заарын чыгара ыйлаган менен кубанычтын ыйы эле.

– Кээ бир энелер баласы ыйласа өзү кошо ыйлайт, – деп медайымдар күлүп калышты. Бирөөнүн ички сырын ким билсин. Ыйлап отуруп Сагынды уктатып, анан Белекти колуна алды. Өзүн эми адам катарына кошту. «Алла таалага шүгүр» деп үшкүрүнүп алды. Машинага отурганда Зинанын башкача кубанычта экенин байкап таң калды.

– Бүгүн башкачасың го? – Зина суроону жоопсуз калтырды. Манас келинчегинин мындай кубанычын көптөн бери көрө элек болучу. Үйгө келгенде Манас:

– Балдарга кошумча тамак берүүнү сурадыңбы? – дей салды.

Ошол кезде Жаңылай да чыгып келе жаткан аны Зина менен Манас байкаган жок.

– Макеш, эми кошумча тамактын кереги жок, – Зина Манастын мойнуна асыла.

– Мен эне болдум, – көздөрүн балбылдата.

– Мурда эмне эне эмес белең?

– Мен... энеби, мен мурда кимдигимди өзүм да билбейм, эми эне болдум! Эне, түшүнөсүңбү – ЭНЕ! – Зина андан ары катар жаткан бөбөктөргө имериле чөгөлөдү.

– Алтындарым, чүрпөлөрүм, бүгүн эмчегимден дирилдеген ак сүтүмө тоюшту.

Манас эч түшүнбөдү. Тескерисинче, «Зина ооруп калган эмесппи?» деп чоочулады.

– Зина, мага карачы – өзүнө бура, – сен, ооругандан соосуңбу?

– Эже, эмне дедиңиз? – Жаңылайдын үнүн угуп Зина артына шарт бурулду.

– Каралдым, кандайсың? Жакшы болуп калдыңбы? Мени карачы мына, – деп эмчегин чыгара үрпүн ушалап басканда сүт кадимкидей дирилдеп агып турду. Көргөн көздөрүнө ишенбей турушту. Бир кезде Манас агып жаткан сүткө колун тосо.

– Сүт экен, сүт экен, карачы мына сүт! – деп кубанычып күлкү менен чыгара.

–Ой, то-обоо, ушундай да болобу? – Ырас, ушундай болгонбу? Мурда бала чагында Жаңылайга чоң энеси жомок катары бир аялды айтчу азыр ошону ойлоду. «Согончогу канабай өмүрү өтүп, бирөөнүн ымыркайын кызыл эт кезинен асырап, чын жүрөгү менен берилген үчүн, Алла таалам анын эмчегинен сүт чыгарган» деген сөздөрүн жаңырытты. Анда жомоктой укса азыр көзү менен көрүп турат.

– Чоң энем калп айтпаган экен, – деди. Зина Жаңылайдын жанына олтура.

– Рахмат, кызым сага! – Зина көзүндөгү чубурган жашты аарчууну элес албай сүйлөп атты.

– Билесиңби, сенин артыңдан уулдуу болдум. Анан сен балдарды мээрим төгө эзилип эмизгенде ичим күйүп, «Мен да чыныгы эне болсом го» деп далай жолу кар кечип айдан, таңдан, кызарып батып бараткан күндөн, тилечүмүн. Мына үнүм жетти, көрүнөт мен бактылуу экемин. Рахмат кызым сага, – деп бетимден өбө. Жүзүндөгү жаш аралашкан эриндери титиреп турду. Ошол күндөн тартып Зина эже балдарды эмизет, мен кышкы окуума өзүм чыгып жүрдүм.

... Маханын окуганына бир ай ашып баратат. Анын математик экени Оштун институтуна дайын болду. Студенттер, мугалимдер да буга маселе чыгартуу үчүн издеп калышчу. Башында бой көтөрбөй эле чыгарып жүрдү. Кийин-кийин кача баштаган. Эгерде Жаңылай да ушул жерде болсо эч жадабайт. Азыр ал сүйгөнүнүн дайынын

биле албай, анын карагаттай нурданган көздөрүнө кусаланып күндөн күнгө кумары артып, ичтен сыза түтөп жүргөндө, бул майда-барат жумуштар жадаткандан башка пайда келтирбейт. Адаттагыдай Махага чакыруу келди. Ал институттун арткы эшиги менен чыгып, качып жөнөдү. Бара жатып аялдамадан Алтынайды карп-курп жолуктуруп алды. Ичинен «Ацгектен көчсөң дөңгөккө», «Каап десе», жүзүн дароо бура кез келди жөнөдү. Алтынай Маханы оңой качырабы?

– Ма-аха-а! – деп бар үнү менен чаңыра жете келип кармап калды.

– Кайда жүрөсүң сагынтып? – Маханын шайы кетти.

– Сабактан кол бошобойт. – Маха Алтынайдан кандай алыстоонун жолун издеп ойлору алек-чалек. Деги акылын жыя албай өзүн-өзү жемелей баштады. «Каап десе, мындан көрө маселе чыгарганым жакшы эле го!».

– Маха-а, эмне болду? – Алтынай чойоктоду. Анын жанында эки кыз, эки жигит бар. Алардын баары Махага жакпай жатты. Чачтарын ар кандай жасатышкан, кийген кийимдери да көзгө суук. Алтынай ой боюна койбой, Маханын колун көтөрүп, тигилер менен таанышууга мажбурлады.

– Менин досум, Маха, таанышып алгыла.

Бир четтен аттарын аташты:

– Толик

– Женя

– Галя

– Валя

Маха баарын бир сыйрадан карап: – Мени кечирип койгула, убактым жок, барайын? – деди.

– Издеп жүрүп араң тапканда качпачы! – деп Алтынай кучактап жабышты. Маха айласын таппай, колго түшкөн коендой бурүшө аялдаманын кычыгына кыпчылды. Алтынай маңдайына олтуруп жайнаган көздөрүн балбылдата карап турду. Жаңылайдын көз карашына окшоп кетти. Көздөрүнүн кирпиктери төгүлүп, узун чачы далысын жаба көз жоону алат. Мүчөсү да келишкен, кумурадай беш ийилип, кундуздай жайылган кара чачы ага ого бетер төгүлүп турду. Маха Жаңылайын сагынып араң жүргөндө, кыздын келбети Маханы өзүнө тартты. Маха Алтынайга тартыла баштады. Суздап турган жүрөккө жылуулук кирип жандана түштү. Алтынайга Маха би-

ринчи жолу көргөндө жагып калган. Маха да олбурлуу, кең далылуу, мүчөсү зымпыйган, көзү жүлжүйгөнү менен жылдыздуу жигит. Маханын артынан ээрчип, өз энчисине тымызын баса Калыскан да жүрчү. Маха аны сезчү, бирок сыр бербейт. Калыскан азыр да акмалай даракка жашынып, же батынып келе албай, же таштап кете албай турган. Ал топтун кандай топ экенин бир көрүп баалап, «Маханы булардан, кантип бөлсөм» деп сарсанаа болуп турду. «Олда менин мококтугум ай. Түз барсам, Маха мени кагып койсочу? Эмне кылсам?» Өзүн-өзү жемелеп айласы куруду. Акыры барууну туура тапты.

– Маха кайда барасың? Мен сени издеп... – Ушул сөздөрдү Калыскан араң айтты.

– Ийи, Калыскан жакшы келбедиңби, ме дептеримди, ичинде баары бар, – деп Маха Калысканга маселе чыгарган дептерин кармата салды. Калыскан кеткиси келбей жүрөгү ооруй, көзүн жалдырата.

– Жүр кеттик! – деп Маханын колун кармаганын өзү да сезбеди. Маха кыздарды алмак-салмак карады. Мүнөттүк тандоо эмес тагдырдын сыноосу экенин Маха түшүнгөн жок. Көзүнө Алтынайдын жайнаган көзү жакшы көрүнүп кетти.

– Мен барып калам, бара бер, – деп Калысканды жолго салып койду. Маханы өзүнө тарта албаганына өкүнгөн Калыскан аргасыз жолго түштү. Азыраак басып кылчактап карап турду.

– Эртең дем алыш, жүр биз менен Сулайман тоосуна чыгып, эс алып келесиң? – Алтынай Маханын көзүнө тигиле колдон алды.

– Даярданыш керек беле-е?

– Сен деген коноксуң, кийин даярданасың, азыр конок болуп келе бер.

Маха макул болду. Сулайман тоосуна чыгып кетишти. Махадан узай албаган Калыскан аялдамада калып калды. Маха тоо тарапка бет алганда артына кылчая карап Калыскандын аялдамада турганын көрүп, «Бечара кыз, эмне турат?» – деп койду. Булар тоого чыгып шаарды карашты.

– Оо-уу, шаар укмуш көрүнөт го, бир-эки. – Алар бийик-бийик, көп кабаттуу үйлөрдү санашты.

– Жыйырма.

– Кырк, – ар кимиси ар кандай санашты. Маха менен Алтынайдан башкасы эч жакка көңүл бурбай, кайдадыр шашып жатышты.

– Болгула кечигебиз. Аля дейм, болбойсуңбу? – Галя шаштырды. Маха болсо, Алтынайдын жетегинде тигилерди ээрчиди. Алар бир топ узак басышты. Сулайман тоосуна биринчи жолу чыккан үчүн анын кооздугу өзүнө тартса да, жайбаракат көрүүгө Маханын эрки жок. Алтынайдын каретине арбалып чектен чыккан топко туш болгонун Маха сезбеди. Жетелешип барып бир үңкүргө туш болушту. Алгач Маха көңүлүнө эч нерсе албады. Катар тизилген кароолчулардын жанынан өтө берди. Улам ылдыйлап бараткандай сезилди. Аңгыча жолунан бир жигит тосуп:

– Бул, ким? Чужой го? – деди. Алтынай: – Тийбе, жаңы кирди мени менен! – деп тигил жигиттин жолун тороду.

– Ушундай дечи! – деп кыздын тырсыйган көкүрөгүн чоң колу менен мыкчый кармады. Көңүл таштап, көз буруп, аз да болсо имериле калган Маханы кызганыч бийледи. Бирок, көпчүлүк. Чоң кылмыштуу топ бар экенин Маха илгиртпей түшүндү. Деген менен артка кайтууга жол жок. Быякка кирген адам жөн чыгып кете алмак эмес. Маха ичинен «Бир жолун табармын» деп сыр бергиси келбеди.

– Кел, анда таанышып алалы? – деп тиги Махага кол сунду – Менин атым Вова.

– Мен, Махамын! – деп тиги керсейген Вовага колун бербей өтүп кетти.

– Ох-оо, хорошо! – деп Вова ичин урду. Үңкүрдүн ичинде чырак шам коюлган экен, андан сырткары өз-өзүнчө даярдалган бөлмөлөрү бар экен. Маха өздөрүнүн үңкүрүн элестетти. Ага караганда анча чоң жана шарттуу үңкүр экен. «Буга караганда, бул чоң топтун кабинети болсо керек», – деп койду Маха. Бир орундукту ээлеп алып, ар тарапка көз чаптырды. Тээ четте бир орундукта бир кыз-жигит олтуруптур. Алар кагазга бирдеме жазып, анан акча санап, тигилерге дары жана ийне кошуп берип жатышты. Маха кандай дары экенин дароо түшүнүп, чок баскандай чоочуду. «Качып кетиш керек». Ал Алтынайды издеди. Эч жерде көзүнө чалдыкпады. Бир кезде дары алуу үчүн кезекке тургандардын катарынан Алты-

пайды көрүп калды. Заманасы куурула сай сөөгү сыздап кетти. «Мен кимге ишендим, кандай акмакка кезиктим, эми эмне кылам?» Ойго батып олтуруп, жанагы Вованы көзү чалды. Ал бир жигиттерге иш табыштагандай колун көзеп сүйлөп жатты. «Мындагылардын «тирүүсү» Вова окшойт» деп түшүндү Маха. Чынында ошондой. Алтынайдын кезеги жетип дары алганын көргөн Маха үчүн жашоо түгөнүп бараткандай сезилди.

– Суусундук ичесизби? – деди бир сулуу кыз келип. Айласы куруп турган Маха алаксый олтурайын деди.

– Ичем, – дей салды. Маха эч күмөн албады. Суусундукту керээ-керээ жутуп алды. Нашаа кошулганын кайдан билсин. Бир топтон кийин башы айланып, жер көчүп уйкусу келе баштады. Башын көтөрсө эле үңкүр кулап түшчүдөй, көзү аңтарылды. Андан аркысын билбейт. Жанагы үңкүрдөн текшерип киргизген Вова деген жигит, сунган колун сумсайткандыгы үчүн Махага өчөшө түшкөн, суусундукту ошол бергизген. Эми эки жигит Маханы көтөрүп кирип, бир бөлмөгө таштатып салды. «Баш көтөрсө эле сая бергиле!» – деп катуу табыштап койгон.

– Шеф тигил жигитке ашыкча болуп кетти, акысын ким төлөйт? – деди бирөөсү.

– Өзү төлөйт. Бүгүн болбосо эртең үч күн, үч түн катары менен эс алдырбай сайсаңар, өзү эле төлөп, жалдырап сайына баштайт. Мындан эч коркпогула, антпесек бизге ким өз эрки менен алуучу болот? – деп чыгып кетти. Алар Вованын айтканын жасашты. Үч күндөн кийин Маха энеден туума бойдон өзүнө келди. Сулап жаткандардын арасында экен. Көпкө өзүнө келе албай ыргалып олтурду. Кыз бала аралаш. Ордунан обдула кийим издене баштады. Ар кай жерде жаткан кийимдерди кармалап өз кийимин тааный албай жатты. Айласы куруп, батканын кийип сыртка чыкты. Курсагы аябай ачып калган. Башы каңгырап бош. Ачкалыктан жылан көрсө да жегидей болуп турду.

– Ийе, жигит абалың кандай? – Мыйыгынан күлгөн Вова абалын сурап койду. Сандала басып орундукка араң жеткен Маха

– Курсагым ачты! – деди Вовага жалдырай карап.

– Конокко тамак алып келгиле! Өтө көп уктадың го?

– Уктап калыпмын, бет жуусамбы?

– Адам болоюн дегенсиң го, тигине кумган, жууй

бер! – деп туруп баратып кумганды кезеп өттү. Маханын ага жетээр абалы жок. Ушул орунга араң жеткен. Анын үстүнө тамактын жыты келип, ого бетер алсыратты. Керсейген Вова тигиндей барып, бир аз карап турду.

– Кумганды берип, копокту жакшы сыйлап узаткыла! – деп саатын карап чыгып кетти. Тигилер Маханы жакшы сыйлашты.

– Жакшы барыңыз, сизди күтөбүз. Ар дайым кызматыңызга даярбыз! – деп сылык узатыштып жатып, – биздин акыбыз? – дешти эле Маха тыйынды калбаганын айтты.

– Эртең таштап кетейин?

Жолдо баратып, жанагы жылаңач элестер көз алдынан кетпей бара жатты.

Маха ташка олтура калды. Жүрөгү сыгылып, болуп өткөн окуяга кыжаалат, өзүн текшерип көрсө, колунун кан тамырга кеткен жерлеринде тешилбеген жери жок.

– Ка-ап, мен акмакмын. Тагдыр мага таш жолдун боюнда эки кызды бекер тандатпаган экен. Ал кыздар жөн кыз эмес эле менин тагдыр жолум экен, адаштым, чоң адаштым, кайрадан жаман адатыма көчтүм. Болгондо да эң татаалына. Ийне сайынууну таштоо кыйын дешет. Мен түгөндүм. «Бирөөгө көр көөлөсөң, өзүңө зындан! Мына мен Жапарга кылган жамандыгым үчүн, мени Жараткан ошол Жаңылайдын элесине багындырып торго салды. Мен түгөндүм. Алда байкуш, апам ай! Шорго жаралган эне экенсиң го! Оо, Кудай, неден жаздым, неден жаздым? Мен адам болгум келчү, адам болгум келет", – деп башын мыкчып, жер муштап туталанды. Маха жатаканасына түндө келди. Кароолчу эже эми гана эшикти бекитээрде жетип келип киргенге үлгүрдү. Анын бөлмөсүнөн тез-тез кабар алып турган Калыскан утурлай чыкты.

– Ой, Маха келдиңби? – Маха жашынууга жетише албай калды.

– Келдим, тамагын болсо берчи?

– Макул азыр! – Калыскан ага тамак, чайы менен көтөрүп келди.

– Маха, абалың эмне болгон. Кийимиң да башка?

Маха эмне деп жооп айтаарын билбей, өлөсө, ачка иттей шапылдатып тамак ичти. Калыскан ойлуу карап турду.

– Жанагы шүмшүктөр сени тонон, андап калса үч күн

камап коюшкан го?! – деп кейий баштады.

– Үч күн?

– Ооба, сенин кеткениңе үч күн болду. Бүгүн келбесең, издөө салмакпыз.

– Койчу ай, болбогон сөздү.

– Ишенбей турасыңбы? Азыр тиги балдардан сура.

– Жо-ок, жок ишендим болду. Мени тынч койчу, эс алайын.

– Макул анда, жакшы эс ал!

Калыскан анын ийне сайышканын кайдан билсин. Анын оюнча тоңолду. Ал Алтынайды каргап, Зульфияга жамандап жатты.

– Зульфия уксаң, ай тигил айбандар Маханы тоноп, эч жылаңач кууп жиберишиптир. Мунуң камап койгон жеринен качкан го?

– Ай койчу, ушул Махаңды, деле акылмандай көрөсүң го. Өзү каалап кетсе экөөбүздүн колубуздан эмне келмек, бежиребечи көп эле, – деп укпай жатып алды.

Эртеси эрте туруп Калыскан Маханы карап койгусу келип барса, бөлмөсүндө жок болуп чыкты. Чогуу жашагандарды тургузуп сураса эч ким билбейт. Калыскан жүгүрүп сыртка чыкты. Жакын ортодо жок. Оюна баягы аялдама келди. Ошол тарапка чуркады. Ырас эле Маха ошол жакка бара жаткан. Көрө калып Калыскан кубанып кетти. Бирок кайрадан чоочуп, бүткөн боюн калтырак басты. Себеби, Маха бүрүшө басып бараткан. Калыскандын көзүнө алда немедей жаман көрүнүп кетти. «Ооруп калса керек» деп ойлонуп, кууп жетти.

– Сен кайда баратасың?

– Менби, азыр келем

– Бир жериң ооруп турабы?

– Жок. Ооба! Кач, тоспо!

– Маха, мага ачыгын айт. Эмне болуп турасың?

– Менби... карызымды төлөйүн дегем.

– Кайдагы карыз? Кимге?

– Тигилерге.

Калыскан Маханы кучактай ыйлап жиберди.

– Карачы кебетеңди. Бир жакшына жигит элең, үч күндөн кийинки абалыңды көрчү. Кайтчы, Маха, артыңа, кайтчы суранам! – деп Калыскан ыйлактаганда, Маха өзүн жыя: – Жүр кеттик, – деп артка кайтты.

Калыскан абдан кубанды.

– Калыскан, сен мага тамак жасап берчи, – деди. Калыскан шашып-бушуп тамак менен алектенип жаткан кезде Маха тоого качып кетти. Мына, Вова айткандай, ал мурунку карызын төлөп, калган акчасына он күндүк кылып ийне, дары алды. Жатаканасынан чыгууга туура келди. Бирок батирге акчасы жок. Калыскан тамагын бышырып алып, Маханы таппай калды. Ал күнү келген жок. Калыскан аябай тынчсызданды. Маха дарысы таркаган кез

де, бир кычыктан батир таап, эми Калысканды издеп чыкты. Аны алдоонун жолун таап алган.

– Калыскан кандайсың?

– Маха, сен кайдан?

– Кечээ сага айтпадымбы, азыр келем деп.

– Ийи, макул. Эмне болду кечээки тамак турат.

Экөө жарыша күлүп калышты.

– Жүрбөйсүңбү, айланып келебиз?

Калыскан Маханы таң калыштуу карады.

– Ырас айтам, мага жасаган жакшылыгыңды кантип жууйм? – деп башын сыламыш болуп бечара өңдөндү. Борукер Калыс күлүп: – Болду эми, жүр анда айланабыз.

Калыс үчүн бүгүн табылгыс күн. Ал өзүн бактылуу сезип, Махага баштыгын карматып койгон. Маха сездирбей акчасынын жарымын сууруп алды. Бакта айланкөчөккө олтурганда, Маха Калыскандын баштыгын байкатпай таштап ийди.

– А-ай, баштык!

– И-ий, баштык! – баштык жерге түшүп чачылды. Булар келгенче эч ким албаса да Маха үчүн пыштоо болду.

– Маха, акчамдан жок окшойт.

– Канча жок?

– А-азыр! – Калыскан санады. – Төрт жүз сом жок.

– Төрт жүз жок бекен? – Маха алган акчасын санаганга үлгүрө элек. Ичинен «Оо, уу, байдын кызы окшойт?» деп койду.

– Эми эмне болот?

– Болду да болушунча. Жүр кеттик – Калыскан эч камырабай жатаканага жөнөдү.

– Кеч болуп баратат, – Маха да сыр бербей – Мен жатаканага жашабайм. Тигил жакта бир агам бар, кечээ үйүндө коноктогон. Мындан ары ошол жерде жүрө турган болдум.

– Жакшы болгон тура. Мен ашпозчулуктан кутулупмун.

Экөө күлүп калышты. Жалган сөзгө Калыскан бүт эрки менен ишенген. Калыскандан узап бара жатып Маха алган акчасын санады. Туптуура төрт жүз. Ичинен кубанды. Бир азга шапатада эс алып олтургусу келди. Жаңылайды эстеди. Өзүнүн жаман жолго түшүп калганына өкүндү. Бирок артка кайтууга жол жок. Ушинтип Калысканды кезеги менен акчасы түгөнгөндө алдап жүрө берди. Бара-бара ачык айтып, «Акча берчи?» деп сураганга өттү. Калыскан аянбай берип жүрдү. Бир күнү Зульфия:

– Сенин Махаң ыржайып күлүп, көзүн кызартып тээтигил тоонун этегинде бир кычыкта олтурат. Мунуң бирдеме чегет десем ишенбейсиң, – деп жемелеп калды.

– Кайдан көрдүң? Окшош болуп жүрбөсүн? – Калыскан ишенген жок.

– Ай, басчы! Ай, басчы! Ишенбедиң го? – Кемпирге окшоп сүйлөгөн Зульфия безилдеп, байсалып келе жатты. Болжогон жерге да жетти. Көргөн көзүнө ишенбеген Калыскан Маханын абалына жини келбестен, ага боору ооруп, жерден тургузуп, жөлөп-таяп, бети-башын тазалады.

– Эже, бир күнгө бөлмө бериңизчи? – деп жай издеди. Зульфиянын ачуусу келди.

– Бир каадалуу жигитиң бар, таза чебелектедиң да. Ушунуңду билеби, наркоманың!

– Болду эми, бул андай эмес.

– Көрүнүп эле турбайбы, актабай эле кой. Бас кеттик. Таштачы мунуңду.

Зульфия Калысканды болбогон оюна койбой Маханы таштап кетүүгө айласыз калды. Калыскан кетип бара жатып эмне үчүндүр оюна бир деме келди. Байланыш бөлүмүнө кирип барып тез жардам чакыртты да, Зульфиянын урушканын укпай көшөрүп олтуруп, Маханы тез жардам менен ооруканага жеткирип келди.

– Көк бет экенсиң, эми ошонуң айыгып, экинчи чекпей калса го, антпесечи?... – Зульфиянын кейигени Калысканга оор болуп кетти

– Жетишет! Болду! Сүйлөбө! – деп бар үнү менен токтотту. Өзү көпкө солуктап жатты. Маха көзүн ачса ооруканада.

– Мени ким алып келди?

Мээрман айым Калыскандын калтырган катын берди. Маха бул катты жүз окуса да, мээсине эч нерсе кирбей койду. «Кийин окуйт окпойм?» деп катып алды.

Жаңылайдын кайда экенинен так кабар уга албаган Салкынай эже Байзак агалар элден намыстанып, эч кимге «Кызыбыздан дайын жок» деп, жада калса өз балдарына да ачык айта алышпай, ичтеринен сызып, күн өткөрүштү. Кээде гана түнкүсүн бала-чака уктаган кезде Салкынай бышактап калат.

– Байзак биздин кыздан дале дарек жок. Кандай кылабыз? Кээ күндөрү чыдабай кетем, сагындым. Көп түрлүү ойлор мени кыйнайт! – деди.

– Сабырдын түбү сары алтын кемпир, антип жаман ойго алдырбай, жакшы үмүт менен жол кара. Башында айтпадым беле, биздин кызыбыз эстүү, кайраттуу кыз, тайежесине тигил Махадан кутулуш үчүн кеттим, окуп жатам дептир го. Бир жыл күтөбүз дебедим беле, эми үч ай болду, дагы тогуз ай бар, – деп эркектик кайрат менен сыр бербегени менен, өзү да уйгу-туйгу ойлорду ойлоп, ичтен сызып, жол кароодон кат күтүүдөн түңүлбөйт.

– Эмнеси болсо да, кызыбыз эсен соо жүрсө болгону, – деп Салкынай тиленет.

... Күндөр өтүп, май айы да келди. Бөбөктөр күндөн-күнгө торолуп, кылыктары көбөйүп төрт айга толуп калышты. Адаттагыдай таразага жөнөдүк. Мен мурдагыдай сыгыла берүүнү таштап, уулум менен алекмин. Таң атып кеч киргени биз үчүн сезилбейт. Агай бизге араба алып келген. Сагынга эмне алса Белекке да алат. Ойдо жок жерден Зина эже мага чоң маселени козгоп калды.

– Жаңылай, сен айылга ата–энеңе барып келсеңчи. Жол каржыңды берели. Белекти карап турабыз?

– Кантип барам? Эмчегимден дирилдеп сүт агып турса! Агай да жумуштан эрте кайтыптыр, бизди утурлады.

– Охоо, менин уулдарым! – Агай ушинтип кыйкырганда экөө тең талпынышат. Биз, эже экөөбүз жарыша бешиктен чечип, агайга экөөсүн тең карматтык. Агай бирде Сагынды, бирде Белекти кытыгылайт.

– Аха, аха, – деп үйгө кирип кетти. Жумуштан келип, күнүгө булар менен ойнойт. Зина эже дале ошол маселенин үстүндө.

– Ата-энең сенден бир кабар уга албай түгөндү го.

Аларды да аясаңчы.

– Эмне болду? – Кепке агай аралашты.

– Жаңылайды айылга жөнөтсөкпү?

– Азыр болбойт, күздө барат. Бала да чоңойот. Анан тиги бетиндеги сепкилди кетирүүгө жардам бер. Азырынча кат жаз, же телефондо сүйлөш.

Агайдын бул кеңеши мага жакты. Мен байланыш түйүнүнө барып үйгө чыктым. «Кимиси алаар экен?» деп турам.

– Алоо! Бул ким? – Атамдын коңур үнү кулагыма бир укмуш угулду. Өзүмдү ыйлап ийбейин деп тиштенип алдым.

– Ата, кандайсыз? Бул мен элемин.

– Ийе, Жаңылай кызым! – Атамдын сөзүн аягына чыгарбай апам жулуп алды.

– Жаңылай!

– О-ов, апа кандайсыз?

– Үнүңдөн кагылайын каралдым. Сагынттың го! – Апам башка сөз айта албай бышактады.

– Келе мага бышактабай, кызды чоочутуп... Кызым, баягы апаң да болор болбоско ыйлайт, өзүң, окууларың? – Атам көп нерселерди сурады. Мен жакшы дегенден башка сөзгө өтө албадым. Иним Ильяз менен да сүйлөштүм. Ал дароо эле мага – «Сизди Маха издеп жүрөт» – деди, күлүп гана кутулдум. Ильяз мени менен сүйлөшүп жатканда атам апама: – Мына айтпадым беле, биздин кыз тырыйпчаак деп, ишенбейсиң, уктуң го окуп жатыптыр. Иштеп жатыптыр. Эми көп бышактаба. Баары жайында. Бул менин кызым! – деп кубанып, көкүрөгүн көтөрүп, мактанып жатты. Телефонду коюп койдум. Себеби, өзүм чыдабай ыйлагым келип кетти. Ошол жерден бир орундукка олтуруп алып, көпкө ыйладым. Бул жерде иштеген бир аял келип абалымды сурады.

– Эмне болду кызым? Жаман кабар уктуңбу?

Баш чайкадым.

– Ээ, сагындым дечи? Эх, ошондой болот, ата-эненин кадырын ушинтип алыс жүргөндө билесиңер. – Ал мага суу берди. Мен ыйымды токтотуп, суудан ууртап, жолго түштүм. Эми үйгө жөө баргым келди.

«Мына атасынын ишенген кызынын жоругу. Жоругумду билсе ата-энем кандай болоор экен?». Мен ушул ойлор менен чырмалып, өзүмдү «жалганчы» деп жеки-

рип келе жаттым. Бир жигит жолдо кыздын колуна суу куюп берип жатыптыр. Аларды көрүп, Жапар арыктан суу ичиргенин, жүзүмдү чайып көтөргөнүн элестетип жүрөгүм сыздап кетти...

Таянар тоом агай менен эжем. Агай жүгүрүп жүрүп мени жумушка орноштурду. Сүт заводу. Шаардан четте жайгашкан. Жүз он сом айлык алдым. Мен үчүн чоң маяна. Жумушка кетем, келгенче эки эмчегимди сүт тээп чатырап келем. Күз да келди.

— Жаңылай жумушуңдан бир он күнгө дем алыш сура?— деди Зина эже.

– Эмнеге? – Агай сөзгө аралашты.

– Тиги, баланы эмчектен чыгарабыз.

– Жаңы өсүп келе жаткан баланы санааркатчы беле. Кичине басып алсын.

Там-туң басып калган Белек, Сагын экөө аталап агайды бура бастырышпайт. Жүрөгүм далай сыздаса да аргам кайсы. «Атаң ал эмес?» десем түшүнмөк беле. Сагынды ээрчип, «Ата» деп жүрөт. «Эми кантем, мына, бала да тилге кирип, акылы өсүп келе жатат. Мен мунун тууган-туушканын таба койчу эпе эмес белем. Эми канттим?». Ушул ойлор мени чүнчүттү.

Кеч күз. Бир күнү жумушка барсам. Арстанбаптан бир кыз келип жумушка орношуптур. Айылдан жаңы келген кыз. Беттери тултуюп, кыпкызыл экен. Менин окуучум болду. Чогуу иштейбиз. Тааныштык. Аты Айнура экен. Дайыма чогуу иштеп, ынак болуп кеттик. Мамилебиз жакшы болгону менен төгүлүп сыр айтпайм. Иш боюнча гана. Ал башка сырларын айтып жиберет. Угуп эле тим болом. Жаңы жылда айылга барарымды гана айттым.

* * *

Маха ооруканага кандай түшкөнүн түшүнө албай жатты. Кирген кыздан: – Чоң кыз, мени ким алып келди?

– Билбейм. Тынч жатыңыз, – деп чыгып кетти. Белгисиз бирөөдөн буга үч маал тамак келип турду. Маханын башы маң.

– Жакшылыкты ким жасашы мүмкүн? – деген суроого жооп таба албайт. Доктур карап жатты.

– Жыйырма беш күн дарыланасың! – деген кеңешине аргасыз көндү.

– Ошону менен бүтөбү?

– Жок, кийин ай сайын он күндөн дарыланып турушуң керек, үч ай, ошондо гана каның тазалакат. Ошондо да тиги балекетти сайынбасаң...

– Кокус колдонуп алсамчы?

– Анда дагы узарат. Өзүңө кыйын, гүлдөгөн жаштыгыңды жакшы ийгиликтер коштосо, келечегиң кең болот. Ошон үчүн айтылат «Өз келечегиң өзүңдүн колуңда» деп түшүндүрдү.

– Ооба, рахмат! – Башын жер караткан Маха баягыдай ийнесин эңсеп, жүрөгү кармабай бейкапар жүрдү. Оюнда «Мени окуудан кууп ийет го!» деп ойлонду. Ал эми окуу жайга Калыскан ооруканадан тактама жаздырып, бүт баарын ырастап койгон. Бир күнү Махага дагы тамак кирди. Анда экинчи жолку дарыланууга келгенин. Маха: «Бул мага күйүмдүү адам ким? Эмнеге өзүн көрсөтпөй кетет?» деп акырын келип терезеден караса Калыскан чоң дарбазадан чыгып бара жатыптыр. Маха таң калды «Эмнеге менден жашынат? Ийне сайынып жүрүп, Калыскандын баштыгын сурап да, сурабай да далай курутпадым беле? Эми көрчү, бул дагы эле күйүп жатат". – Маха уялгандан бети ысып чыкты. «Демек, мени ооруканага жеткирген ушул кыз экен да» – деп ойлонуп койду. Маханы дарылаган доктурдун «Сен үчүн күйүп жүргөн кызды барктай алсаң ушул жоругуңду кайталаба» – деген сөзүн эстеди. «Каап десе, эми канттим? Бул эмнеге мага өзүн көрсөтпөй жүрөт?» Эртеси бакта олтурса, Калыскан кирип келди. Маха көрө коюп жолун тосту.

– Кел, Калыс! – десе, ал сыр бербей карап туруп: – Сен ушул жердесиңби? Эмнең ооруйт? – деп Маханы таң калтырды

– Ооба, жөн эле... – деп Маха чачын сылады.

– Мен, бир жердешиме келгем. Макул анда тезирээк жакшы болуп кет! – деп эч нерсени билмексен болуп басып кетти.

Маха шалдайып олтуруп калды. Калыскан мурдатан Махага келип кеткенин билгизгиси келген эмес. Эртеси түндө келип, тамагын таштап кетти. Анда да терезеден көрдү. Бирок үнчукпады. Оюнда «Бул кыз эмнени ойлоп мынча убара болуп жүрөт? – деп мыйыгынан гана күлүп койду. Калысканга Маханын сүйүүсү жөнүндө маалым болду. Себеби баягы өзүн билбеген учурда төрт сырын төгүп салган. Калыскан аны сүйүп жүрөгү андан алы-

стоого жол бербегени үчүн «Жок дегенде сырттан кабар алып турайын» деп ойлогон. Калыстын өзүн сездирбегени ушул эле. Антпесе, «Мага эптеп жакшы көрүнүү үчүн жасап жатат» деп Маха өзүн көтөрмөк. Калысканда «Эмнеси болсо да жакшы адам болсун» деген гана ой, жакшы адам болуп, ар дайым ийгилик менен жүрсө, Калыс анын атын жүрөгүнө өмүр бою ыйык туткан бойдон өтмөк.

Арадан күндөр өтүп, күз да келди. Маха дарыланып бүттү. Жүрөгү эми такыр кармабай баягысындай алдыңкы студент болуп экинчи курста окуп жүрөт. Калыскан экөө кацысынан гана жолугуп калышат.

– Салам! – деп коюп Калыскан тик кароодон жалтанып өтүп кетет. Мурдагыдай маселе да чыгарттпай, Махадан өзүн алыс кармайт. Бирок көзү оптондо. Маха муну сезет. «Кана качанга чейин өзүн алыстатаар экен» деп ойлойт. Бир күнү базарга баратып биреөдөн качып келе жаткан Алтынайга дуушар болот. Айла таппай келе жаткан Алтынай Маханын колтугуна кирип, кемселин оронот. Жамгыр да шыбаттап турганы үчүн Маха аны кучагына алат. Куугунчулар:

– Бир кызды көрдүңөрбү?

– Тигил жакка кетти, – деп Маха жогору жакты жаңсайт. Ошол күнү Маханы Алтынай үйүнө алып барып аябай сыйлайт.

– Эмнеге көрүнбөй кеттиң? – Алтынай көзүн жайнатты.

– Мен ооруканада жаттым. Коп дарыландым. Баягы биз колдонгон ийне мага жакпады. Сен да дарылансаң, сайынбай каласың.

– Койчу, жомогуңду, – деп Махага эркелей.

– Атаңдар кайда?

Колун ала ыргып турду: – Алар Чаткалда. Бүгүн жалгызмын. Биздикинде калып конок бол.

– Жок, мен сабак жазам.

– Сабак! Көрчү, профессорду. Эмне математика илиминин доктору болосуңбу?

– Эми анчалыкка жетпесем да аракет жасай берейинчи

– М-мм, ошодой дечи. Макул каршы эмесмин. Ии Маха, сен баягы жомоктогу аккууңду качан көрсөтөсүң?

– Көрөсүңбү?

– Көргүм келип турат!

– Эмдиги алтынчы күнү баралы.

Жигит эмеспи Алтынайдан алыс болгусу келсе да минтип кармалып сөзү үчүн жоопту болот. Маханын жүрөгү дале болсо Жаңылай деп согот. Бир өмүр аны жүрөгүнө туу кылып кармайт. Азыр да Алтынайдан узап баратып, Жаңылайдын көзүнө Алтынайдын карегин окшоштуруп күйүп баратты. Канча алыстайын десе да, Алтынайдын жайнаган көзүн көргөндө кусаланып турган жүрөк арбала түшөт. «Эх, Жаңылай! Мага тайэжеңдин дарегин жөн бербеген экенсиң. Бөлөм менен чырмалып кал дегенсиң го!» деп Маханын каңырыгы түтөп түктөйүп, аялдамада чылым тартып олтурду.

Болжошкон күн да келди. Маха эрте туруп «Алтынайга барбай качып кетем» деп ойлоп аялдамага шашылды. «Ош– Кербен» автоунаасы эртең менен жөнөмөк, ошого жетип кетип калам деп келсе, Алтынай жол каржы төлөп, эки орун камдап, Маханы күтүп туруптур. Алтынайды көрө коюп, «Бул кыздан оңой менен кутулбайт экем» деп ичинен жаман көрсө да тишин көрсөтүп: – Азаматсың, Алтынай, жүр эми чыгалы, – деп орун алды.

Маха кызды үйүнө алып барбай баягы кароолчу чалдын жанына койду. Өзү азык алып келүү үчүн үйүнө кетти. Апасынын сандыгын казып болгон эт, ашын алды.

– Апа, биз агайлар менен келгенбиз! – деп алдап келди. Жолдо келе жатканда бир «Нива» Нарын жээктеп, Шамалды-Сай тарапка кеткен эле. Маха эч нерсени ойлободу.

– Уулум, баягы ПТО аралды алтын сандык кылып алган. Азыр келип кетти. Билип болбойт. Түнкүсүн аралга өтөт. Кокус, ал арал жакка бет алса мен беш атарымды бир жолу басып коём. Түшүндүңбү? Сак бол, – деп чал эскертти.

Маха кароолчунун кебине таң калды. «Оңбогон гана ПТО шефтен бекинип өзүнче топ баштайын деген го». Маха менен Алтынай аралга келгенде баягы аккуунун кубанганын айтпа. Канатын улам каккылап, «Кряк-кряк, кряк-кряк» деп ар кандай обондо сайрады. Алтынайдын таң калуусу Маханы кайраттандырды. Ал аккуусу менен куушуп ойноп, баягыдай эле сылап– сыйпап көпкө эркелетишти. Түн бир оокум. «Тарс» эткен мылтыктын үнүнөн Маха чоочуп кетти.

– Алтынай, тур кеттик!

– Эмнеге? Кайда? Түндөбү?

– Ооба. Бол, ПТО келе жатат!

– Жанагы абышкага келгенби?

– Ооба. Бол эми кетип калалы.

– Кетип. Мени кара, бекинебиз. Анын кандай буюм бекитерин билебиз! – деди Алтынай кебелбей.

– Кантип билебиз?

– Маха ойлосоң, азыр биз сууну шарпылдатып сүзсөк алар бизди кууйт. Андан көрө бекинебиз, – деп жашынууга мажбурлады. Алар калың камышка жашынышты.

ПТОлор келди. Бир сандыкты эки кишиге көтөртүп, ушул калың камыш тарапка бет алышты. Маха да, Алтынай да чоочуп кетишти.

– Маха, кыймылдаба! – деп Алтынай анын колун бекем кысты. Алар алды жактагы жерди ача башташты. Ушул кезде Алтынайга атасы анча-мынча «Өзүңдү коргоо үчүн керек болот» деп спорттук ыкмаларды үйрөткөн. Ошол ыкма менен көз ачып жумганча ПТОну сулайта чапты. Жер казып жаткан тигил экөөн да тоголотту.

– Маха, бол булар келинде бир саат уктайт. Биз кетели! – деп шашып, өтө тез кыймылдап экөө төрт сандык таап, эки кайыкка бирден олтуруп, сүзүп жөнөштү. Тигил абышкага жетип, бир кайыкты таштады.

– Аксакал, биз качпасак болбойт, тиги ПТОну билесиз өрттөн да тирүү чыгат.

– Эмнеси болсо да уулум, сак бол? – деп абышка кайыгын байлап жатты.Таң атып калганда ПТО сүзүп жээкке келди да, аксакалды тепкилеп сабады.

– Эй, куу чал! Тур! Товар кана? – деп кекиртектен алды

Уйкуда жаткан абышка чоочуп кетти: – Аа, кандай товар? Эмне болуп?— деп мукактанды.

– Эмне болуп? – деп коёт – Товар кайда? Товар деймн! – деп үнүн барынча айкырып, чалды сүйрөйт. Айласы куруган абышка чоголой калып, ПТОго жалбарып жиберди.

– Айланайын, уулум, сенин ал жакка эмне алпарганыңды билбесем же артындан түшпөсөм, менде эмне айып. Андан көрө кайыгым кана? Уулум, менин бар оокатым ошол эки кайык менен өтчү эмес беле. Эми эмне кылам? – деп ыйламсырап бужүрөдү. Абышканын күмөнсүз сөзүнө ынана калган ПТО олтура калып башын

мыкчыды.

– Мен күйдүм аксакал! Мен күйдүм, миллиондогон акчалар учуп кетти!!! О-өөх, курган жаным ай, неден жаздым. Кимге алдандым? Кимге?! – деп чылымын бурулдата соруп, башын салып көпкө олтурду.

– Кайык барбы?

– Бири турат...

– Мен тигилерди жээкке алып чыгайын.

Кайрадан аралга жөнодү. ПТО ичинен түтөп. Эми гана өзүнчө топ кураарда кара басып колундагы оокатын жедирип алганына ичи күйүп, «Кайрадан эле Хайдарга кызматчы боломбу?» – деп ойлогондо ПТОнун күйбөгөн жери күл болду. «Жо–ок. Менин бул жумушумду тигил экөөнөн бөлөк эч ким билбейт. Муну ошол экөө уюштурган» деген ойго келип, аларды жок кылууну ойлоду. «Эмне кылсам? Кандай болбосун суудан кургак чыгышым зарыл». Ою ар тарапка бөлүнүп олтуруп акыры, кайыктын түбүн тешип коюну туура тапты. Жанындагы канжар сымал бычагы менен чукулап олтуруп кайыкты тешип койду. Тигил экөөнө сыр бербей алып жөнөдү. Оппонтии кайык жээкке жетпей чөгө баштады. Сүзүүнү билген ПТО чыгып кетти. Ал эми тиги экөө чөгүп кетти. Жээкке жеткенде ал абышкага:

– Кайык тешик экен го?! – деп бакырды

Эч нерсени түшүнбөгөн абышка айласы куруй мойнуна алды

– Ооба, ооба, мүмкүн.

ПТО жым дей түштү, анан эле: – Эмнеге тешик кайыгыңды бересиң?

– Байкабапмын?

– Тигил экөө чөгүп кетти, мен өзүм араң чыктым. Жардамчы чакырт!

Сууучулар келип бирин тез эле тапты, ал эми экинчиси үч күндөн кийин табылды. ПТО болсо «Өч алдым» деп ичинен курсант.

Маха менен Алтынай жогорку арал аркылуу жээкке чыгып, жүктүн ооруна карабай жолго таң сүрүлө жетишти. Жүк канчалык оор болсо да буларга сезилбеди. Олжо ырас эле экөөнө буйруп турган экен. Заматта автоунаа болду. Болгондо да түз Ошко.

– Кайда баратасыз?

– Ошко...

– Иий, жолубуз түз болгон туура. Бизди аэропортко таштап коёсузбу?

– Макул таштайын.

Айдоочу экөөнүн эмне алып бара жатканына кызыккан жок. Буларды жолдон эч ким тосподу. Болжогон жерине эч тоскоолдуксуз кирип барышты. Сандыктарын киргизип алышып, аябай каткырышты.

– Оо, укмуш ээ, Маха, укмуш! Кана эми терезе, эшиктерди чыпкалай жап! Буларды көрөлү...

Алтынайдын буйругу менен эшик терезеден жылчык калтырабай бекитти.

– Кана мырзам, ачыңыз? – Алтынай Махага жылмая карады.

– Өзүң ача бер!

– Жок, олжонун ээси сенсиң. Сен болбосоң, мен ал жерге кайдан бармакмын.

– Сен болбосоң, албайт элем!

Экөө кайрадан каткырышты.

– Ой, жигит, сен эркексиң, ач! – Алтынай кылыктапды.

– Биссимилла рохман рохи-им, – деп Маха өмүрүндө биринчи жолу бул сөздү оозуна алып турган учуру. Калтырак баскан колдору кармоого эп келбей, тердей түштү. Тырышчаак жигит кыздын алдында сыр бербей кыйнала ачты. Көргөн көздөрүнө ишенбей эки жерде ооздорун баса, көздөрүн алайта олтура калды. Чоочуганчалык бар, ал сандыкта апийимдин уну бар эле, даяр жем. Ийнеге колдонсо да болмок. Жөндөй жесе да болчудай. Майдалап сатса миллионер болушат. Маха бир топко бозоргон өңүн калыбына келе албады.

– Бул, эмне? – деди титиреп.

– Бул, алтын! – Алтынайга жылуулук кире баштады.

– Кайдагы алтын?! Мен муну өрттөйм! Уктуңбу?.. Өрттөйм! – Маха ачуусу келе сандыктын оозун кайрадан беките баштады.

– Ээй келесоо, соосуңбу? Эмне болду сага? Өзүңө келчи!

– Ооба, жиндимин кач. Кач дейм!

Сандыкты талаша баштashты.

– Маха, уксаң мени, билесиңби бул...

– Ооба билем, билем! Укмуш! Тур ары. Көргүм келбейт сени да, олжоңду да жек көрөм! Жок кылам!

Маха кадимкидей ачуусу келип, баягы дарыланган бойдон «Ушул илдеттен алыстайм» деп жүргөн. Эми минтип кайрадан кезигип атпайбы. Өзүн токтотууга чамасы жетпей кутурган иттей туйлады. Алтынай Маханы жакшы сөз менен да, жаман сөз менен да токтото албашына көзү жетти. Ал баягы ыкмасына салып уктата чапты. Көзү бозоруп жер көчкөндөй сезген Маха кулады. Кайрадан өзүнө келгенче Алтынай сандыкты эптеп жылдырып жумшак керебеттин түбүнө жашырды. Чай демдеп, ага жанагы дарысынан кошо салып даярдап, Маханын ойгонушун күттү. Бир топто өзүнө келди.

– Уйку кандыбы? – Эч нерсе болбогондой абалда Алтынай эркелей колун артты.

– Суусадым. Чай же суу берчи?

Кызга бул табылбай турган.

– Кел, муздак чай ичсең. – Маха катуу суусагандыктан баарын жутуп жиберди. Бир аздан соң кайра кусуп салды. Дагы ичти.

– Эмне болду?

– Шамалдап калсам керек.

– Дагы бир ичсең? – Алтынай күткөндөй ишунусу аш болуп кетти. Маха кайрадан уйкуга кирди. Ошол күндөн тарта Алтынай Маха экөө бир үй-бүлөдөй жашап калышты. Окуусун дагы унутту. Олжону сатып бир жерге жашыруун кино тасма алып келип «Кофе бар» ачты. Ойдо жок жерден Маха чоң топ жетектеп калды. Кыш да келди. Маханын жеке унаасы бар. Алтынайдын ата-энеси Чаткалда. Иниси болсо өзү жалгыз үйдө. Булар байып калышты. Сатыла элек олжонун дагы теңи бар. Маха буларды сатууга такыр кийлигишпейт. Кайда жана кандай сатуу Алтынайдын мойнунда. Маха тек гана текшерүүчү. Булар Сулайман тоосунун түбүндө бир өзбек улутундагы кишинин үйүндө жашап турушту. Кези менен Алтынай инисинен кабар алып коёт.

– Кайда жүрөсүң? – десе инисине жообу даяр.

– Иштеп жатам. Атамдардын акчасы жетпей жатпайбы, – деп коёт.

Иниси эстүү жигит. Сабагын калтырбай окуйт. Кечкисин үйдө жалгыз болсо да олтура берет. Эжесине да толук ишенет. Батирге алган үйүндө кепен жашашчу. Акчаны жакшы төлөгөнү үчүн ээси ээн эркин койгон. Жаңы жыл да келип калды.

– Мен апама барып келейин, – деди Маха.

– Отуз бири кечке келип каласыңбы?

– Ооба, сөзсүз! – деп жолго түшкөн Маха айылына кирип келди. Капысынан Жаңылайдын үйүнүн жанынан чоң баштык көтөргөн бир кызды көзү чалды. Маха өтүп баратып артына кылчайып карады да тыбырчылай кетти.

– Токтотчу, токтот! – Шашып–бушуп алды–артын карангыча автоунаасы токтоду. Бирок, Маха кызга жетпей калды. Үйүнө бурулуп кетти. Жаңылай. Маханын денеси чымырап, калтырай, кимдендир апкаарый алдастады. Желкесин кашып ары– бери баса берди. Заматта кубанаарын же өкүнөөрүн билбей калтырады.

– Кеттик байке үйгө!

Маха эсине келе түштү.

– Ыхы, кеттик! – Өзүнүн жүзү чыдабаганы менен жүрөгү кубанып турду.

«Андан бери көп жыл өттү го» деп өзүн сооротту. «Алтынайды эмне кылам?» Жаңылайдын экөө бөлө экенин ойлоп, заманасы куурула түштү. «Каап десе, Алтынай мага уйгактай жабышты да, эми кантем?». Аркы-теркини ойлоп уйкусу качып Жаңылайдын үйүнө барды. Чоң майрам болуп жаткан. Жүрөгү туйлап Жаңылайдын үйүн айлана чылым чегип жүрдү...

– И-ий–ээ, кел кызым, кел алтыным, кагылайын көлөкөм! – деп Жаңылайдын апасы биринчи болуп тосуп чыгып, заматта эле урук-тууганын, кошуна-колоңдорун топтоп, козусун жыга тартып чоң майрам тосуп жатышты.

– Жаңы жылды быйыл чоң кубаныч менен тосот экенсиң да! – деп кошунасы Салкынайдын кубанычына шерик боло күлмүңдөдү.

– Кудайга шүгүр, эне көйнөгүмө батпай турам! – Салкынай кубанганынан көзүнө жаш кылгырта калат. Сырттан көз салып турган Жаңылай «Баланын кумары, жыты, үнү эне үчүн баа жеткис экен го» деп ичинен өз баласын сагына энесин аяп аяр карады.

... Эртеси түшкө жакын ойгонупмун.

– Апа мен бакка барып келейинчи?

Бул сөздү укканда апамдын сай-сөөгү сыздап кетти окшойт.

– Кызым, мен сени сагынып, түн уйкум качып, заар-

ман жол карасам да, сен менин абалымды сурабай туруп, кимге эстедиң? – деп эчкирип ийди. Шалдая түштүм. Эсим эңсиреп, оозума сөз келбей, тилим күрмөлбөй калдым. Ордумдан жылганга да чамам жетпеди. «Ырас, келгенден бери эне-баладай болуп, ал абал сураша элекпиз». Айланада эч ким болбосо да кимдендир уялып кеттим.

– Апа, апа... апа деййм! Кечириңиз мени? Кечириңиз? – Мен каңырыгым түтөй үнүмдү каргынтып араң сүйлөдүм. Көзүмдөн эрксиз төгүлгөн жаштар көрпөгө тып–тып тамчылады. Заматта мындай абалга түшүп кетээримди апам күтпөсө керек. Эңиле калып мени ийинден кармай: – Кызым, сен мени кечир? Мен өзүмчүлдүк кылган окшойм! – Чачымдан жыттап ыйын дале токтотууга абалы жетпей солуктап турду. Башымды өйдө көтөрүүдөн уялдымбы же чамам жетпей жаттыбы, айтор шылкыйып олтура бердим.

– Сенин дартыңды эне болуп, мен түшүнбөсөм, апаң ким, ким сага бору ооруйт? Мени кечир? Бар жүзүңдү чайып, эски эс алчу жайыңа барып кел. Олда менин таалайсыз кызым ай. Бар бара гой.

Апам мага уруксат берери менен шарт туруп кетүүнү уят көрдүм, ал жерге барган менен эч кимди таппайм, эмнеси болсо да ал жерге бара албадым. Кыштын күнү кыска да заматта эле кеч кирди. Биздин үйдө той болуп жаткансып келди кетти көп. Убакыттын өткөнүн билбейм. Түн жарым болгон ченде

– Эже, эже сизди Маха аке чакырып жатат. – деп иним эдиренден ата-энем, коноктордун көзүнчө айтып салды.

Мен акырын бөлмөмө кирип кеттим. Жарыгын тамызбай терезеден сыртка көз салдым.Көчө жарыгында Маха мурдагыдан өзгөргөндөй көрүндү. Бир канча толуп, кадамы да мурдакыдай шыпшыңдабай салабаттуу. «Кана эми сенин ордуңда Жапарым болсо мурдагыдай. Жок дегенде тереземди сылап кетсе да тынч уктаар элем». Зээним кейип, жүрөгүм сыздап кетти. Колумдан эмне келмек, бар күчүм жашка гана чыгат. Ыйласам бир азга жеңилдей калам. Аяз чүмкөнгөн жылдыздар менен сырдашкым келди. Аларга көз салсам суукту сезбегендей жанып турат. Кардын күртүлдөгөнүнөн чочуп кеттим. Маха менин терезем тарапка келе жатыптыр. Жылан баскандай денем жыйрыла түштү. Акырын жылып ордума жата калдым. Терезе тык–тык кагылып турду.

– Жаңылай, сен ушул жердесиң билем. Мени кечир. Сени сүйүп калганым үчүн күнөөлүмүн, мени кечир?! – деп кайра-кайра жалбарып кечирим сурап турду.

– Сенин бар экениңе ыраазымын. Сенин дем алганың мени жашоого умтултат. Мейли сүйбөсүң да такыр өчүп калбай алга умтул! Сенин бактың менин бактым экенин эми түшүндүм. Мени кечир!

Эмне себептен кечирим сураганына түшүнбөдүм. Ойлонбодум дагы. Апам бүгүн кечээгиден жайдары.

– Кел кызым, биртике наар алып жүрөгүңдү ойготуп ал. Анан кайда баруу өз эркиң! – деди. Ичимден кубандым. Бакка барбай кете албайт элем. Калың түп дарактар аяздын суугуна төшүн тосо, көйнөктөрүн чечип, жылаңачтанып, бири-бири менен алышып, чарчаганда муз болуп тоңуп калгандай, ак бубак бастырып алган кирпик каштарын ирмөөгө күчү жетпей уйкуда. Токой тынч. Чээнге жалпы кириптир. Бир гана Нарын дарыясы кышты тоготпогондой күүлдөйт. Биз жарышчу жайыктар да мелмилдейт. Кар кечип туш тарапка жүгүргүм келди. Бирок, булардын тынчтыгын бузгум келбеди. Эч ким мага көңүл бурбагандай. Акырын басып кар тоголоктоп аяз бала жасадым. Уулумдун баш кийимин сала келгем, аны кийгизип алып бир топко карап турдум. «Мына Жапар бир кезде сен экөөбүз өзүбүздү жасаган элек. Эми мен биздин уулубузду тургуздум. Билесиңби сен мен үчүн тирүүсүң, мезгил гана алмашты». Жаныма Маханын келип калганын сезбепмин. Көзүмдөн чубурган жашты арчуу үчүн жүз арчуу издеп чөнтөкө кол салайын дегенде гана жанымда бирөө бар экенин байкадым.

– Ых-хы! – Мен чоочуп кеттим.

– Коркпо! – деди да куран окуп кирди. Муну күткөн эмесмин. Таң калыштуу карадым.

– Мага таңыркаба. Маркумдарга курандан башка эч нерсе буйрубайт.

Маха менен саламдашуунун ордуна акырая карап алып, үйдү көздөй бет алдым. Жолумду тосуп кармап алып, көзүн көзүмө кадалта:

– Балбылдаган көздөрүңдү эч кимге ыраа көрбөйм. Жаңылай, силердин сырыңардын баарын билем. Сага ошол түнкү, эсиңди тандырган табышмакты унутушка жардам берем. Сен мени менен болсоң гана болду! – Маха оюн чын дилден айтып жатса да мага катуу тийди. Жаак-

ка кандай чаап жибергенимди билбей калдым.

– Тарт колуңду?! – Бар күчүм менен силкинип чыгып чуркап бараттым. Кулагыма «Силердин сырыңарды билмем!» деген сөзү жаңыра берди. Түн бир оокумда туруп, баштыгымды жолго камдадым. Апам таңата кирип келди.

– Жаңылай, эмне болду кызым? Кетесиңби?

– Ооба, ата мен кете берейинчи.

– Эмнеге?

– Бул жерде көпкө жүрө албайт экем.

– Бүгүн кетесиңби?

– Азыр, – атам менин чечкиндүү сүйлөгөнүмдөн артка кайтпашымды түшүндү.

– Кемпир, кызыңды даярда машина таап келейин.

– Ой, дароо эле кетип калабы? Бүгүн тигил Жайналар келейин дешкен, – апам чебелектеди. Атам мага карады.

– Мен даярмын, ата!

Апам ыйлактап жүрүп, белек камдап атты. Мени эч нерсе кызыктырбайт. Уулумду сагынып араң үч күн турдум. Мага Маханын көп жардамы тийди. Азыр да ошону шылтоолоп кетип жатам.

– Апа, мени түшүнүңүзчү, суранам. Тиги, Маханы көргүм жок. Мага тынчтык бербейт.

Апам жалооруй карады: – Кечээ… ал… бакка бардыбы?

– Ооба.

– Көзүмө жаш тегеренип кетти, өзүмдү уулум менен гана ойсуз күн өткөрөрүмө азыр толук ишендим. Айылга келгенден бери жалгыздыктан жүдөп кеттим. Кусаланып зарга толгон жүрөгүмдү жалгыз гана Белегим жай алдыра алат экен. Уулумсуз жашоону элестетким келбейт. Кудайга миң мертебе ыраазымын. Жаңылгандан тапсам да мага эрмек бергенине… жолго түштүм. Апам жалооруй карагап бойдон калып калды.

– Бүгүн учак учпаса, эртең келем. – Атам апамды сарсаана болбосун дедиби, алдын ала жооп сурап алды. Апамды аяп кеттим. Бир өмүр атамдын сөзүн мыйзам тутуп, өзүн пир тутуп, ыгынан чыкпай, каяша да айтпай жашап келди. Эми мен чоңоюп, анча-мынча оорун жеңилдетүүнүн ордуна минтип, өзүм менен өзүммүн. Атамчы, бечара атам болсо, менин бул абалымды кайдан билсин. Ал мага ар дайым ишенип келген. Ишенген

кызынын жасаган шоктугу кайсыл күнү ойрону чыгып калаар экен.

Жүрөгүм сыгылып ичтен сыза ыйламсырап келе жаттым. Ушуну күтүп бараткандай сезилди мага атам.

– Кызым, оор тагдыр бир эле сенде эместир. Антип жашыба. Билем сага кыйын. Бирок, кайраттуу бол! – деди.

Ого бетер шолоктодум, ыйладым. Айдоочу таң кала күзгүдөн карап-карап баратты. Эчкире ыйлап атып башым ооруп чыкты. Бүрүшө бүктөлүп арткы орундукка тыгылып уктап кеттим.

– Тур кызым, билет алып койдум. Азыр саат он бирде учат. Акыркы билетке жеттим. Дагы бир саат бар. Жүр тамактаналы, – деди атам. Ичтейим такыр байланып калыптыр. Атам мени улам-улам карайт. Жеп-ичкен болуп олтура бердим. Атамдан жашырган сырым ашкере болуп калбаса деп корком. Эртерээк узап кетсем дейм. Атамды тик карай албай койдум. «Фрунзе–Ош учагы учууга даяр. Орун алыңыздар!» деп кыйкыра баштады. «О-ох» өзүмө келе түштүм. Атам эмне үчүндүр менден бир деме күмөн санагандай болуп калып калды.

* * *

Маха Жаңылайдын кеткенин угуп жүрөгү түшчүдөй тарсылдады. – Жаңылайга эмне себептен жакпайм?

– Кайдан билдим? Куке калтырап турду.

– Сенчи, кандай ойлойсуң?

– Саша ийнин куушуруп коюп, башын жерге салды.

– Алик сенчи, сенден да сөз чыкпайбы?

– Менин оюмча жүрөккө буйрук бере албайт.

Аликтин жообу гана чыйралтты.

– Жүрөккө, туура жооп. Демек, жүрөгүнөн орун ала алган эмесмин! – башын жерден албастан: – Жакшы калгыла, достор.

– Маха, сени ПТО даректеп жүрөт имиш.

– Им-миш, ким көрүптүр?

– Азыр да артыңда жүрөт, анын сакчылары.

– Жүрөт имиш!..

Махага азыр эч нерсе таасир бербейт. Колун шилтеп коюп басып кетти. Ал өзүнүн Алтынайы белек кылган «Жигули 06» унаасы менен жол тартты. Айдоочуну да таап берген. Алтынайдын соода жумушундагы аты Каны-

ша. Аны Маха гана Алтынай деп билет. Башка жаңы соода ишинде Каныша деген атка өткөн. Маха болсо анын ишине такыр аралашпай, Каныша да өзүнчө чоң соода түйүнүн ачып алып иши илгерилеп, ити чөп жеп турган учур. Инисинен кабар алып турат. Каныша кирип–чыгып Маханы үч күн, үч түн күтүп, бүгүн келбесе айылга издеп баруушу туура таап турган учурда кирип келди.

– Маха, жаным келдиңби?

– Келдим! – Кабагын түктүйтө жооп берди. Делбиреп чыккан Алтынай четте калды.

– Эмне кечиктиң?

– Айылдаштарым сыйлап...

– Ошол элеби. Анда эмнеге шайың жок?

– Өзүмчө... Артымдан ПТО адам салыптыр.

– Ким айтты?

– Айылдагылар.

– Ал бизди таба албайт. Чай ичесиңби?

– Кофе берчи.

Кофеге наша кошкондон Алтынай коркчу.

– Кофе калбаптыр, чай эле ич?

– Макул, берчи!

Маханы аракка же нашага мас кылып, көңүл ачканды каалаган Алтынай билгенин жасады. Түн бир оокум. Алтынай кыйла ирдепип алган үчүн кароолчулары бар. Айдоочусу да ишеничтүү. Түнкү саат бир. Алтынай Маханы алдап олтуруп ийне сайдырды. Өзү да сайынды. Коптон бери Алтынай өзү каалагандай кумар кандыра элек. Бүгүн сааты чыгып тургандыгы үчүн убакытты так кетиргиси келбеди. Сыртта эмне жумуш болуп турганын алар сезген жок. Айдоочу Сансыз да алибеттүү, шамдагай жигит. Эмне үчүндүр уйкусу калып арткы эшиктен чыгып кароолчуга келе жаткан. «Тарс» капысынан акырын чыккан пистолеттин үнүнөн эңкее калды. Эшиктин кире беришиндеги жигит кулап түштү. Муну көргөн Сансыз арткы эшиктен кирип, Маха менен Алтынайды алып качууга үлгүрдү. Алар эч нерсени сезбейт. Бирден төшөккө ороп жигулиге салып, качып чыкты. Артынан жөө куугун болгонсуду. Булар ПТОнун адамдары, алар Маханы коптөн күзөтүшүп, Маханын чоң топ ачып алганын тактап берүү үчүн, бүгүн ПТОну алып келишкен. Топтун келип калышына Женя себепчи болгон. Апткени, Женяны кармап кыйнашып айттырып алышкан. Үйдүн даре-

гин да ошол Женя берген. Сансыз көзүн алаңдатып түнкү тынчтыкты буза шаардан чыкты. «Эми кайда барсам?». Аркы-теркини ойлоп тынч орун таппады. Маханын айылында жүргөндө да эки киши буларды башкача карагандай сезилген. Махага айткан эмес. Буларга жумушка киргенден бери кийим кечеге оңолуп, курсагы да кенен тоюп калганын эстеп, «Буларды сакташым керек» деген чечимге келди. Арстанбаптагы тайкесин ойлой калып, кубанганынан ичинен бир кыйкырып алып, ошол жакка жол алды. Ата-энеси биринин артынан бири оорудан көз жумган соң Сансызды тагасы бапестеп чоңойткон. Өздөрүнүн алты баласы болсо да, Сансызды алар оор көрбөй, эч нерседен кем кылбай өстүрдү. Бирок ата, апа дегизбей койгонуна кээде Сансыз капа болуп кетет. Экөөн бул абалда кантип алып барат. Арстанбапка жетип бир коктуга кирип, машинаны от алдырган бойдон олтура берди, өчүрсө тоңуп калышмак, ал тарап өтө суук болот. Таң аткан кезде бир жүгүрүп келейин деп чыгып кетти. Маха канча уктаганын билбейт. Көзүн ачса ээн талаада, жанында Алтынайы да бар. Экөө бирден төшөккө оролгон. Акырын колун чыгарса түнкү жаткан абалда. Коркуп кетти. «Ким бизди бул акыбалда бул жерге алып келди?». Эки жагын элеңдеп жүрөгү оозуна кептеле түштү.

– Ээ-й, тур! Тур деймн!

– Эмне? Эмне болду? – Алтынайда катуу чоочуп кетти. Көзү ачылбайт.

– Эмне болду?

– Кайда экенинди билесиңби?

Уйкусу умачтай ачылган Алтынай: – Кайдабыз?.. Кантип?.. Эмнеге? – көздөрүн алаңдатып тегерегин каранды.

– Кийимибиз жок го?..

– Кой десе жок жоругуңду баштап, сен бир жолуккан шайтан болдуң го. Эми алга кадам шилтегенде түз жолдон адаштырасың. Карачы эми, карачы?!

Зээни кейиген Маха үнүн барынча ачуулана кыйкырды. Күнөөсүн мойнуна алгандай жер тиктеген Алтынай: – Азыркы кимдин иши деп ойлойсуң? – араң оозун кыбыратып.

– Кайдан билдим. Жөн киши бизди ушул абалда башына урабы!

Экөө урушуп атышып баштыкка көзү түштү.

– Ийи, мына кийим! – Алтынай кубанып кетти.

– Кийим...
– Ооба, ме кий?
Экөө жарыша кийинип кириштн.
– Бизге кам көргөнүнө караганда өз кишилерибизден го? — Маханын кабагы кичине ачыла түштү.
– Тигине, Сансыз жүрөт!
Тээ алыста карга жуунуп аткан Сансызга жүгүрдү.
– Ассалом алейкум, жигит!
– Валейкум салам. Турдуңуздарбы?
– Эмне сыр болуп кетти?
– Жүрүңүз, чогуу сүйлөшөбүз.
Экөөнүн жай келе жатканынан ичи жылый, жаны жай ала түштү.
– Кимдер экенин билбейм, – деп болгон окуяны буларга Сансыз айтып берди
– Ким болушу мүмкүн? – Алтынай Маха экөө бири-бирин суроолуу караштьі. Бир топто Маха: – ПТО болуп керек?
– Аралдагыбы...
– Дал өзү!
– Бизди кайдан тапмак?
– Ал жердин түбүнө кирсек да сууруп чыга ала турган киши. Эгер ошол болсо артынан из калтырбай кетет.
– Азыр кайда барабыз? – Алтынай элтеңдей.
– Азырынча ушул жерде менин тагамдын үйүндө жашынып турабыз.
– Бул жер, кандай жер?
– Арстанбап. Кызыл-Үңкүр айылы.
– Арга жок, бекинебиз да. Андан көрө сенин тайкелериң кандай кабыл алат?
– Мен турам го. Алар жакшы кишилер.
Сансыз буларды тагасынын үйүнө алып барды. Үйүнө конок келсе кучагын жая тосуп, дароо эле анын кимдигин териштирбей бир козусун жыга тартуу Тутуш таганын адаты болчу. Азыр да кемпири Сайраш экөө казанды эптеп жүрүштү. Бүгүнкү күн конок тосуу менен өттү. Алар кечинде жакшы таанышып олтурушту.
– Атым Мадалбек дечи, жакшы, бул – колуктуңбу?
Эмне дээрин билбей абдырай түштү.
– Ооба, ошондой! – деп Алтынай Маханын буйдалганына сыр бербей. Ырас, чогуу жашаганга үч айча болуп баратат.

Жаштары алтымышка таяп калса да, күчтүү, өз оокаттарына тың жасашчу. Уул–кыздары турмуш куруп шаарда жашайт. Өздөрү оору-сыркоодон сырт оокат өткөрүп жүргөн карыларга Маха ичинен ыраазы болуп турду.

– Ушундай, Маха уулум, бала-бакыраны өстүрүп өз өзүнчө болуп кетишине жол койдум. Азырынча күчүбүз бар. Аларга да бир кезде тоодо жашоо кызык болуп калаар.

Уул-келиндерин күтүп жүргөндүгү чындык.

– Келгиле, бөлмөгө кирип эс алгыла, түн да бир оокум болуп калды.

Сансыз да кошо кирди.

– Эртең эмне кылабыз?

– Эртеңби? Эртең сен Ошко барып биздин үйдү байкаштырып келесиң. Бирок сак бол.

– Үйгө кошунанын үйү аркылуу кир.

– Эгерде артында из калтырбай кетсе, демек, ал ПТО болот.

– Үйдөгү акча, товарды алышкан болуш керек...

– Үйдүн ичин үч көтөрүп чачты да, ошончо келип соо коймок беле!

– Карап көрөсүңбү?

– Макул. Бирок мага шерик керек.

– Албетте.

– Женяны таап кошуп ал. Ашкананын бир бурчунда кирпич ордуна калың кагаз чапталган. Актап койгом. Ошол жерде дары жана акча бар. Аны тигилер көрбөшү мүмкүн. Ошону ала кел. Биз орун которуп кетебиз. Берки чоң бөлмөдөгүнү таап алышкан болсо керек.

Эртеси Сансыз Ошко келди. Сырттап жүрүп үйдү байкаштырса үйдүн түш тарабына кароол коюлуптур. Издеп жүрүп Женяны тапты.

– Женя, абалың кандай?

– Жаман эки жагын каранып элеңдеп, кимдендир жашынып жүргөндөй сыяктанды.

– Эмне элеңдейсиң?

– Эмне дейт туура. Сен эмне эч нерсени билбейсиңби?

– Эмнени билишим керек?

– Маха менен Алтынайдын үйүн өкмөт тарабынан көзөмөлгө алышты. Эгендин сөөгү тигил шаардын четинен чыкты. Ал эми үйдөн болсо 5 килло апийимдин уну табылды. Андан сырткары көп сандагы акча да табылып-

тыр. Бир жакшы жагы алар үйдү өздөрүнө өткөрө электиги. Ал жерде ким жашагандыгы тууралуу дайын жок.

– Женя, сен тигил акчалар кайдан чыкканын биле аласыңбы?

– Кайдан дейсиң?..

– Анда сага бир жумуш бар.

– Жумуш?

– Ооба.

– Койчу эми, ошол үйдү карап чык дегени турасыңбы? Жаш жанымда куурагым жо-ок.

– Сени эле мен кууратайын деп жүрүпмүнбү?

– Эмне максатың бар?

– Менин максатым үйдө дагы акча бар ошону алып чыгуу.

– Сен эмне өлгүң келип турабы? Же, тигил темир торду сонун көрүп турасыңбы?

– Ар кайсыны келжиребей сөзүмдү ук.

– Келжиреген сенби же?..

– Кел дос, сөз талашпайлы. Андан көрө ишти баштайлы.

– Улам эле иш дейсиң да, багбандын багына алмага ууруга кирип жаткансып. Ээй, сен деген ойлончу, ойлончу бай болгур. Билсең ал жерде кароолдор күнү-түнү орун алмашып карашат. Ал тургай кошуна колоңдоруна да дайындалган. Эч жол жок. Кете бер каалаган жагыңа.

Женя сөздөрүн айтып колун шилтеп коюп басып кетти. Сансыз чылым түтөтүп алып артынан үн сөзү жок ээрчиди. Женя үйүнө жетип артын карап, атасын ээрчиген жаш баладай артынан улам жашынып коюп келе жаткан Сансызды көрө бырс күлүп жиберди.

– Ээй, болду эми, кир үйгө!

Сансыз жылмайып коюп кирип кетти. Ал түнү башка сөзгө келбей тынч укташты. Шылуундук менен балалыгы өткөн Женя ойлонуп көрсө иш жагып кетет. «Сансыз эми жүр десе кайра тартпайм» деп ойлонот. Сансыз башы катып тандай албай кыйналып кетти.

– Кел тамак ич!

– Жакшы жат, – Женя менен Сансыз ушул эле сөздөрдөн башка сөзгө келбей эки күн өткөрүштү.

– Женя, сен туура айтасың. Мен болсо бары бир жол таап кирем, – деди. Чылымын соруп, соруп алып Женя.

– Кел анда тобокелге салдым, сен менен бирге эмнеси

болсо да көрдүм, – десе Сансыз сүйүнүп кетти.

– Мунуң достук, кеттик анда...

– Ушул туруштабы?

– Жок, азыр иш жолун түзөбүз, анан түнкү саат бир-экилерде ишке өтөбүз.

Женя ары-бери баса берди.

– Ой, болду дейм. Башымды айлантпай олтурчу!

– Баш айланат бекен баатыр. Сиз басканда биз унчукпай олтурдук го.

– Ай болдучу эми, өткөн иш өттү да.

– Бир саат мурда болсо ошол окуяны түйүнчөктөй түйбөй унутуш керек.

– Макул досум, унуттум. Башта жумуш чиймеңди.

Сансыз шыпылдап колуна калем алып ак кагазга эрикпей Махалардын үйүн, алдыңкы жана арткы жолун, ийне жибине чейин чиймелеп сүрөтүн түшүрдү.

– Мына бул жер арткы, мунусу алдыңкы эшик. Ал эми тигил жагы коңшу тарап. Эми байкачы баардык жакта жарык бар бизге оңтойлуу жагы кайсыл тарап деп ойлойсуң?

Женя чиймени бир топко карап турду да: – Биз бардык жак менен кирсек болот, бир гана амал менен!

– Кандай амал?

– Эки кирпичти жип менен кошоктоп байлайбыз. Анан аны электр тогуна ыргытабыз

– Сен соосуңбу?

– Угуп тур!

– Угуп жатам

– Жарык өчөт. Ошол кезде брибиз белгиленген жерде болобуз. Андан кийин тигил эки кароолчунун бирин четке мурдуна уйку дары сээп алып сүйрөп коёбуз.

– Экинчисичи?

– Экинчиси тузакка өзү түшөт.

– Женя, мунуң жакшы ой дечи, бирок коркунучтуу экен.

– А сенин оюңча кантебиз?

Көпкө тунжурап олтурушту.

– Сенин оюң туура экен. Бирок өзүбүздү сактоо үчүн колубузга кол кап кийиш керек, бутубузга эки бут кийим керек.

– Мээлей го керек, эки бут кийимчи?

– Бири менен киребиз, экинчиси менен чыгабыз.

– Ха-ха-ха гений десе, ой ана тигил жүз аарчыңды чөнтөкө сал Нукилинге окшоп өзүбүз кошо уктабайлы.

– Ха-ха-ха, этияттык менен кыл үстүндө тамак жейсиң.

– Кылдагы эмес, от үстүндө экенибизди унутпашыбыз керек.

– Дагы бир айтыла турган ант экөөбүзгө тең тийиштүү.

– Грузинчесинен бычак кармап ант ичелиби?

– Жок, кыргызча намаз китеп эле жакшы.

– Кел анда...

Экөө намаз китепке колун коюп, ант беришти.

«Эгерде колго түшсөм жеке өзүммүн, башканы билбейм». Сөздөрдү алмак–салмак айтып ант беришти. Кучак жая көкүрөк тийгизишти да, жумушту башташты.

– Антты бузганды кудай урат!

– Антты бузганды кудай урат!

Өздөрү чийген чийинден чыкпай чоң кылмышка кол урушту. Баары булар түзгөндөй бара жатты. Бир гана билбеген жери үйгө киргендеги каалгага коңгуроо уланган. Электр жарыгы эки тараптан тең улангандыктан, айрым точкалар өчкөн эмес. Каалганы кармап тартканда жарык күйүп, коңгуроо да катуу кагылды. Экөө эки тарапка качышты. Сансыз кошунанын үйү аркылуу качып жөнөдү. Женя келген жагына кетти. Булар болжогон жерден жолугушту. Көчө толо из кубарлар ызылдашып кымгуут ар кай жакка чапкылап жатышты. Сансыз менен Женя экөө Токтогул багынын жээгинде майда бадалдардын арасында үнүн чыгарбай таң атканча жатышты.

– Ээ дос, биздин коргоочулар так иштешет туура

– Биз жай кыймылдап койдук

– Эмнеге?

– Жарык өчөөрү менен тигилерди уктатпай эле чуркасак үлгүрөт элек

– Жок, Женя анда алар бизге ок үзмөк, бирибиз жарадар болуп колго түшмөкпүз

– Азыркыбыз туура деп ойлойсуңбу?

– Туптуура, бизден эмне кетти аракет жасап ала албадык дейбиз

– Сен тимеле алгыч болуп атпадың беле?!

– Эми түшүндүм.

– Койчу ай, эми бышкан тамак эле да...

– Өзүң көрдүң го...

– Андай эмес. Жөн гана биздин эпсиздигибизден бол-

ду. Шалаакылык кылып койдук.

Женя уурулукка кирип олжолуу боло албаганына кейип, сөзүн улады.

– Мен көп акчаны болжогон элем.

– Эптеп калсак аны алмакпыз да. «Буйруксуз ашка кол салба» деген накыл сөз туура экен. Эмнеси болсо да эсен сообуз го, ошол бизге дөөлөт, кайгырба дос.

– Ээ койчу эми! – Мурда буга чейин талап–тоноп бекер оокатка кызыккан Женя үчүн бүгүн минтип куру кол калып өтө өкүнүчтүү эле. Колун шилтеп басып кетти. Ал эми Сансыздын жүрөгү тарсылдап, из кубарлардан качканын ойлоп, аман калганына жараткантга тобо кылып олтурду. Ушуну менен эле Сансыз менен Женя экөө достугун үзүп коё алышпабы? Сансыз бул жагдайды ойлосо, ичи ачышып кетет. Женя экөө ынак достордон. Ушул жумушка Сансыз адеп келгенде Женя гана буга түз, туура мамиле жасаган. Азыр кол шилтеп басып кетип баратат. Артынан Сансыз шалпайып ээрчип алган кези менен:

– Женя, Женя дейм токточу, – деп жалбаргандай шыбырап коёт. Женя болсо анын үнү чыкса эле: – Койчу ай, турчу ары, – дейт.

Ошентип жүрүп олтуруп чыдамы кеткен Сансыз чуркап келип Женяны кучактап: – Таарынбачы дос.

– Дос дебе, сендей, эпсиз жылт менен дос боло албайм! – Женя шарт кесе сүйлөдү. Сансыз ишенбеген абалда күлмүңдөп: – Чынбы, ыя? Достук ушинтип тез бүтөбү?

– Бүтөт да. Карачы кандай чоң олжодон калдык.

Баятан өзүн күнөөлүү сезе берген Сансыз эми ачуусу келе түштү.

– Сен, айбан экенсиң! Мен эмне тигилерге айтып койдумбу? Көрдүң го алардын койгон буктурмасын! Унчукпай койсо мени эле күнөөлөйсүң. Макул, мен да сенден кол үздүм. Керегиң жок. Бирок бир айтаарым сага: «Адал эмгек аш болот», «Ак ийилет сынбайт». Ал эми силердин тобуңардын өмүрү кыска экендигин унутпа!

Женя селт дей түштү. Сансыздын сөздөрүн кайталап чечмелеп көрдү, бирок өтө терең чече албады.

– Коркок айта берет, – деп коюп, өз жолуна түштү.

* * *

Маха менен Алтынай ойгонгон кезде, тагасы менен кемпири малга кашек салганы сарайда жүрүшкөн. Маха

бир аз карап турду.

– Тажеңе, сиз үйгө кире бериңиз, мен жардам берем, – деп Маха шыпылдап чөп ташып берип турду.

Үйдү Алтынай иреттеп, мешке эптеп, от түтөтүүгө аракет жасап жатты.

– Иий, каралдым, келе гой, мен жагып берейин. Сен кызым, шаарда чоңойгон кызсың от жага албайсың.

– Аракет жасап көрөйүн дедим эле.

– Мына кызым үйрөнүп ал, – деп Сайраш жеңе от жакканды үйрөттү. Шыпылдап-шыпылдаган келинден Сайраш жеңеге жумуш деле артчудай эмес. «Деги жеңил желпи тиричиликке бышык экен. Менин келиним болсо жыргамак экем», – деп бечара жеңе ичи жылып олтурду. «Иий, баса булар эмнеге минтип жүрүшөт дейм да, сурасамбы? Эмне деп сурайм?». Жакшы эле оозун таптап келип сөз таба албай олтуруп калат.

– Ээ кемпир, бизге баштык толтур, тигил өйүздөгү жылкыларды көрүп келели. – Тутуш тага кайра шаштырды.

– Бол тез кыймылда, биз кечке келип калышыбыз керек.

– Күн кыска кайдан келесиңер тигил Салиманын үйүнө жатып алгыла.

– Кокус жетишпесек калабыз.

Буларды жылкыга узатып коюп Сайраш жеңе сөз баштагысы келип, ичинен «Үйүңөр барбы? Жок туура келбейт, деги сөзгө чоркок адам болбойт тура», – деп өзүн жемелеп, такыр эбин таба албай күн кеч кирди. Алтынай болсо Сансыздан кабатырланып жатты. «Бүгүн кеткенине төрт күн болот. Эмне болду экен? Деги эсен-соо келсе экен. Дүнүйө деп бир бечараны чокко салып койдумбу? Жоок, Кудай сактасын, аны албаса да эсен-соо келсе болду». Алтынай ичинен дүпөйүл болуп, кирип-чыгып, жол карап, бирөөнү күткөнүн билгизбей, ой баса каңгыйт. Жасаар жумушун да орундуу бүтүрө албай чаалгыйт.

– Кызым чарчадың окшойт эс ал, – деп тайжеңе болбогон оюна койбой төркү бөлмөгө киргизип жиберди. Эми убакыт өтпөй Алтынай сарсаанага батты...

* * *

... Маханы шылтоо кылып, шаарга уулума жетип, кумарым канганча жыттап олтуруп калдым. Эртеси уу-

лумду алып, шаар айланып жүрдүм. Бир жумадан кийин жумушка чыктым. Жумуштан чыгып, аялдамада турсам бирге иштеген тааныш жигит жаныма туруп калды.

– Чоң кыз, иштегениңе көп болуп калса да, эч ким менен сүйлөшпөйсүң, сырың барбы?

– Жо-ок, өзүм жалгыздыкты жактырам.

– Кой антпе. Кел таанышып алалы. Менин атым, Насыр!

– Жаңылай!

– Кайсыл жерден болосуң?

– Оштон.

– Мен да Оштукмун. Арстанбаптын Кызыл–Үңкүр токой чарбасынан болом. Өзүңчү?

– Мен Аксылыкмын.

– Жакшы. Аксыда алма көп дейби?

– Ооба.

– Бизде жаңгак көп.

Бул жигиттин «Бизде жаңгак көп» деген сөзүнөн улам Жапардын да «Жаңгак токойдон болом» дегени эсиме келе түштү.

– Иий, ошол жакта... – Мен суроомдун аягына чыкпай токтодум. «Балким Жапардын жакыны болсо, жүрөгүн оорутуп албайын», – деп өзүмдү карманып сурай албадым.

– Ошол жакты, көргүң келип жатабы? – Тигил шайыр жигит менин оюмду чечмелей суроо берди. Мен кубана: – Ооба, ооба, аябай кооз жер дешет го.

– Кооздугуна сөз жетпейт. Жазда, май айында ушул заводдун жумушчуларын, биздин бригаданы ошол жакка эс алууга алып барам. Барат белең?

– Албетте.

Менин бүгүнкү жумушум ушинтип Жапардын айылын сөз кылып, айылдашы менен таанышканым үчүн кызыктуу болду. Чарчаганымды унутуп, сүйгөнүм Жапардын айылына барарымды ойлоп, өзүмдү бактылуу сезип, жайдары үйгө келдим. «Эртерээк жаз келсе экен!» – деп тилеп жатып уктадым. Жүрөгүм алып учуп, жумуш күндөн күнгө кызыктуу...

## КҮТҮЛБӨГӨН ЖОЛУГУШУУ

Маха Сансыздын таякеси менен жылкыдан кайтып келе жатып айылга жеткен ченде «Нива» автомашинасынан бирөөлөр түшүп жатышты.

– Абдылда акалар го, ээ-э, булар баягы уулун ооруканадан чыгарып келишсе керек, жүр, бастыр, тезирээк жетели! деп Сансыздын таякеси шашыла атына камчы салды. Артынан Маха да тездеди. Алар жеткенче ары-бери өткөн кошуналар көбөйө түшүптүр. Тутуш алыстан салам айта аттан түшө тургандарга кол берип учурашып жатты.

– Ассалоому алейкум, ака кандай, аман–эсен... айланайын Жапар, амандыгыңа шүгүр, жаныңдын бекемдигин көрчү, Кудайга миң мерте ырахмат, – деп кучагын жая бир жигитти өпкүлөп жатты.

Маха артынан ээрчий саламдашып жаткан. Ойдо жок жерден Жапар менен жүздөшкөндө жүрөгү чокко басылгандай чоочуду.

– Хе-эй. – Оозунан ушул сөз чыгып кеткенин өзү да байкабай, бет алдында ырсая карап турган Жапарды жүлжүйгөн көздөрүн чоң ачып карады. Сезиминде жакасын кармап, «То-обо, өңүмбү, же түшүмбү, эмне болуп кетти?» – дегендей эки жагын карап, же мурда байкап качып кете албай, Жапар менен кол алыша албай саамга аргасыз туруп калганда, Жапар өзү аны башкалардай күлүмсүрөп кучактай калды. Маха элдин сүр-сүрү менен четке жылды. Кадам шилтөөгө алы келбей, кулагы чуулдап, жер жарылса жаракага шашыла кирип кетүүгө даяр эле. Канча турганын ким билсин.

– Э-эй, мейман жигит, кир үйгө? – деп бир жигит колун ичкериге жаңсай калды.

Үйдө отургандардын этегинен орун алып жайлана баштады.

– Эми, туугандар, уулумдун абалы өтө жакшы эмес, өткөндүн баарын унуткан. Бизди да тааныбайт. Тилде жан жок, кулагы укпайт, азырынча жаны гана калды. Ушуга шүгүрчүлүк келтирип, түлөө өткөрөлү деп чечтик, кандай дейсиңер?

– Туура, эсен болсо акыл–эс бара–бара ордуна келет да, – деди Тутуш аке.

– Ооба, догдурубуз да ушуну айтты.

Сөздөрдү укканда Маха өзүнө келе түштү. Баятан алапайын таппай турган. Анын эси дарты Жапар эсине келгенче ал жерден жылып кетүү керек. Элге аралашып, жүзүнө кан чуркай отуруп калды. Алар үйгө келгенде кеш карайып, эл орунга отуруп калган. Жапардын акыл-эси ордунда болбосо да Маханын тынчы кетип турду. Уйку соонун арасында түнү бою жөөлүп, чоочуп ойгонгон бойдон кайра уктай албады.

– Сен катуу шамалдап калсаң керек? – деп Алтынай чебелектейт. Маха эч нерсе уккусу жок, бар күчүн чылымга чыгарды. Сыртка чыгып карды күртүлдөтө кечип, түндүн жарымын эптеп өткөрдү. Таң атканча Жапарды машинага түртүп жибергени элестеп туруп алды.

– Аксакал болуп калдың, кечээки көрүнүшүң кантет, айланайын! – Тутуштун кемпири чай үстүндө кейип кирди.

– Кемпир, сен эмнени билесиң, тиги Абдылданын уулу тирилип келип турса, акыбалын көрүп туруп кантип ичпейсиң.

– Тирилип, ии-и, Жапар келиптирби?

– Ооба, алып келишти. Туугандары баары келишти.

– Анан кандай, жакшыбы?

– Айтып жатпаймынбы, уксаң, бала өткөн-кеткенди, өзүнүн ким экенин унуткан.

– Кантип?

– Кызыксың да, өлүп кайра тирилсе ошондой болот да...

– Мээси иштебей калабы?

– Өзүңдүн мээң иштебейт. Иштейт, убактылуу өзүнө келе албай жатыптыр.

– Олдо бечара ай, мейли тирүүлүгүнө да шүгүр, жанын кайтарган кудай акылын да берер. Ошондой акыбалга кабылткан кандай айбан, жаш-шабагыр!

Ушул сөз Маханы дагы бир жолу жерге киргизди. Тиштенип, жүрөгү титиреп отурду.

– Догдурлар бара-бара калыбына келет дептир, – Тутуш чайдан уурттап үмүттүү сүйлөдү.

– Ошентсин, кандай укмуш, сымбаттуу, салабаттуу, акыл–эстүү жигит эле.

Арадан он күн өттү, Сансыздан кабар жок. Кабатырланган Алтынай Махага кайрылып:

– Маха, мен шаарга барбасам болбойт...
– Өзүң бил, мен дагы бул жерде көпкө тура албайм.
– Үйгө барып байкаштырып, ПТОңду да издеп табам.
– Алтынай, аны менен ойнобо, ал өтө жаман киши, андан көрө бул ойдон кайт, баарын токтот.
– Сатуу ишин го токтотсом болот, ал эми алууну токтото албайм. Чөнтөгүмө ала келген азыраак дары менен он күндөн бери жүргөм, түгөндү, эми кетишим керек. Атамдар акча салбаган болсо адатымча үйдү курутам. Кызык эмнеге бизге дөөлөт тез келип, тез кетти?
Маха тунжураган абалда Алтынайдын сөзүн кулактын сыртынан кетирип отурду.
– Эмне дедиң? – Маха кайра сурады.
– Бизге дөөлөт тез келип, тез кетти, эмнеге дейм?..
– Кайдагы дөөлөт? – Кабагын чытыган калыбында кайрадан мүгдүрөй түштү.
– Кайдагы дейт тура. Баягы сандык дөөлөт эмеспи?
– Жок, ал – арам өокат.
– Арам...
– Ооба, арам!
– Койчу былжырабай... арам имиш. Эй, эстүү жигит, мени карачы, ошол сен арамга чыгарган оокат канчаларды ирдентип, министрдей жашатып жатпайбы? Болгону адам өзүнүн басканын сага окшоп арамга чыгарбаш керек. Ичкен-жегениңди сиңире билгенде гана кандай оокат тапсаң да жугат.
– Токтотчу ушундай кебиңди, сага жакса жасай бер, мен оюндан чыктым.
– Өзүң бил, бирок чыктың дейли, эми кандай жумуш жасайсың?
– Билбейм, – Маха башын жерге сала чылымын соруп отура берди.
– Кой, сенден майнап чыкпайт, кеттим. Колумдан келип, күрдөөлдүү акча тапкан күнү жардамга келем, күт! – деп чыгып кетти.
Маха аны узатып чыккан жок. Бала кезинде ПТО менен Токтогулга барып, Үч-Теректен балакет кутуларды алып келе жатканда жолдо милийсалар тосуп, автоунааларды дөңголокторүнүн кычыктарына чейин аңтара тинтип жатат дегенди угуп ПТО Махага карап:
– Уулум, сен тигил көлдөн сүзүп өт, тээ тиги аскада биз барганча ордуңдан жылбай бизди күт! – деп кутунун

сыртынан пленка ороп, жоолукту белине байлап көлгө жөнөткөн. Кеч күз, суу муздак. Маха денесин ийне сайгылап, бар күчүн үрөп жандалбаска салып сүзүп баратты. Ушул саам ага өмүрү эмес, мурдатан байланган ПТОнун тагдыры кымбат. Улам жээкке жакындаган сайын жээк Махадан алыстагандай ары карай жылып кетип жатты. Бар күчүн үрөп, акыркы аракеттери калганда араң жээкке жетти. Көк муштум боло үшүгөн Маха калтырап-титиреп, улам барган сайын анып денеси музга айлангандай, тиши-тишине тийбей шакылдай баштады. Күн бүтүп бараткандай, тигилерден дайын жок. Бир сааттай күттү.

– Ой, азаматсың, жолборссуң, уулум жолборс, – деп ПТО алыстан мактап кирди. Дароо арак ичирип, денесин да арак менен жышып жиберди.

Мына ошентип балапан кезинде ПТОго жардам берсе, эми минтип анысы душман чыкканына жаны кейип турду. Далай талаа кезип, адыр басып, бел ашып таман жоорутуп жасаган эмгектерине арзыбаган акы алып кубанып жүрсө, азыр жасаган иштери канчалаган таза адамдарга көр казганына чүнчүп отурду.

Маха муштумун түйө «Оңбогон гана кан соргучтар, силердин түбүңөргө жетем!» деп ордунан турду. Ал жанында ала жүргөн каратэ эрежелери жазылган китебин окуп андагы көнүгүүлөрдү күндө жасап, жылкы издеп жүрүп көргөн шаркыратмага барып да машыгып жүрдү. Мындан аркы иштеринде жанына жолдош керек экенин ойлоп да койгон жок.

Бүгүн Сансыз келди.

– Эмнеге кечиктиң? – Маха жөн-жай сурап койду.

– Сурабаңыз, жумуш оорлоп кетти, акырына чыга албадым. Топтордун баары сизди издешип жатат. Сак болуңуз!

– Бул, ПТОнун иши.

– Ооба, сиз азырынча орун которуңуз.

– Кайда барам?..

– Фрунзеге.

– Фрунзеге, ал жакта менин эч кимим жок?

– Ал менин ишим эмес, тагдыр сиздики, аман калыштын жолу ушул.

Маха заманасы куурулуп, жашоо бүтүп калгандай оор дем алды.

Кечке ой менен алпурушкан Маха Сайраш тажененин тамакка чакырган үнүнөн улам, каш карайып калганын байкады. Үйгө кирип нан ооз тийип:

– Тутуш ага, жеңе мени кечириңиздер, силерге ырахмат, кылган жакшылыгыңар бир күнү кайтып калаар, кокус бирдеме болуп менден кайтпаса кудайдан кайтаар. Менин убактым ченелүү, азыр кетишим керек.

– Ой, балам, караңгыда кайда барасың?

– Бир айдоочуга кечээ жолуккам, алып кетем деген.

– Ал ким экен?..

– Макул анда, ырахмат – деп Маха коштошуп чыгып кетти. Калп айтып чыкса да жолу болуп бир КамАЗ бузулуп, бир адам аны оңдой албай бирде түбүнө жата калып, бирде үстүнө чыгып убараланып жатат.

– Ассалому алейкум?

– Кел, жигит.

– Жардам керекпи?

– Түшүнүктүү жигит окшойсуң, кел келе бер.

Маха дароо чечинип, ишке киришипти, тез эле жолго түшүштү.

– Кел, эми таанышалы, атым – Темир.

– Менин атым Мадалбек, Маха деп койсоңуз болот.

– Маха, жакшы атың бар экен. Жол болсун, кайда барасың?

– Фрунзеге.

– Анда мени менен кете берет экенсиң да?

– Сиз да ошоякка бы?

– Ооба, ал жакта эмне, туугандарың барбы?

– Кайдагы тууган. Мендей жетимди тууган эмне кылсын!

– Ха-ха, ха, жетиммин дечи!

– Тумалай десе да болот, жалгыз гана энем бар, өзүм да жалгызмын.

– Жумуш издеп чыккансың го?

– Таптыңыз.

– Дурус жигит көрүнөсүң, мага эле шерик болуп ал.

– Сизгеби, эмне жумуш жасайбыз?

– Россияга жүк ташыйбыз. Кытайдан жүк алып келишибиз мүмкүн.

– Ушул КамАЗ мененби?

– Ооба, анан эмне учагың барбы? Ушул тулпарым ме-

нен дүйнө кезип бала бакырамды багып келе жатам!

– Мен эмне жумуш кылам?

– Сен менин жардамчым болосуң.

– Жарайт! – Маханын кандай ишке болсо да кызыккан жайы бар. Ошондон улам ар кандай топтор аны пайдаланып жүргөнү бекеринен эмес.

– Жаш экенсиң, дагы бир жумуш бар, Фрунзеге барганда бизге жумуш чыкканча бир кытай таанышым бар. Сени ошого алып барам.

– Эмнеге?

– Машыгасың, ал каратэге үйрөтөт.

Маха эмне дээрин билбей, ичинен гана кудуңдап турду. Көктөн тилегенди жерден табылды. Тиги киши кабыл алса болгону.

– Сенин шыгың бар.

– Кантип билдиңиз?

– Жана, мага жардам берип жүргөнүңдө байкадым.

– Кантип?

– Сен, өтө жеңил жана тез кыймылдадың.

Маха ичинен жаратканга ыраазы боло шүгүрчүлүк келтирди. Анын коптон көп эңсегени каретенин сырларын үйрөнүп, ПТОнун түбүнө жетүү.

– Уйкуң келсе бул жерге чыгып жатсаң болот – деп арт жактагы парданы тартып, орунду көргөздү.

– Мага машина айдаганды үйрөтөсүзбү?

– Ооба, жакшы өздөштүрсөң документ алып берем. Эмнеси болсо да так иштесең колумдан келишинче жардам берем. Апаңды да карай аласың.

Маха бүгүнкүдөй толук, тынч уктабаганына көп болгон. Аябай жакшы эс алды. Жашынан бирөө үчүн иштеп келсе да эч качан бироонун чөнтөгүнө кол салып, ууруллук кылган эмес. Калп айтып, же ушактап бирөөнү курулай каралаган эмес. Болгону чоң муштум болгон. Айылдын тынчын алып, кээде чылымга наша кошо тартып алып, ашыкча кутуруп элге жаман көрүнүп калган. Негизинде ал түз жигит, өмүрүндө көп катачылык кетирди. Аларды ойлосо, айрыкча, Калысканды жанагы балекеттин айынан алдап жүргөнүн эстесе жүрөгү ооруп, өзүн катардан чыгарып салат. Узак жолго биринчи жолу чыгышы. Каалаган жерде уктап, уйкусу канган кезде Темирге шерик болуп күн өткөзүп жол улашты. Өзүнө кудай жеткирген жеңил элпек жигитти сыноо үчүн Темир ошол Маха ол-

турган тарапка төшөктүн түбүнө акча бастырып койду. Алыста көп жүргөн үчүн жанында 25–30 миңдеп акча жүрчү. Болжогон жерге жеткенде:

– Мына иним «Чычкан» деген жайлоо ушул жер. Эми мен эки саат уктап алайын – деп жатып алды. Маха түшүп эки жакты карады. «Машина өчүп, суусу тоңуп калбаш үчүн газды басып-басып тур!» деп тигил байкеси дайындаган. Маха кези менен рульга олтуруп, газды берип коёт. Газды тепкен сайын өзүнчө кубанат.

– Кандай Маха?

– Уйку кандыбы?

– Кел, эми түштөнөлү.

Маха тигинден тегеренип чыкканча, койгон акчасын караганга үлгүрдү. Баары жайында. «Жакшы жигит окшойт». Ичинен кубанып койду.

– Келе колду, ага-ини болуп алалы.

– Ха-ха, каршы эмесмин – Маха чып дилден колун сунду.

– Мен балдар үйүндө чоңойгом. Сенин апаң бар экен, демек мага караганда таалайың бар. Томолой жетим деп мени айтса болот. Ата-энем ошол балдар үйүндөгү тарбиячылар болду. Ата-энемин теги жайы белгисиз – Темир буларды айтып жатып калтырап, чылымын соруп–соруп жиберди.

Маха: «Менден да бактысыз адам барбы?» деген суроо менен агасын карап, чайнаган нанын жута албай калды.

– Ооба иним, сенден бактысыз адамдар да бар – Маханын суроосун көзүнөн окуп алгандай жооп берди.

– Хээй, бирок билесиңби иним, азыр абдан бактылуумун эки кыз, бир уулум, алтындай жаркылдаган жарым, үйүм бар. Мен өзүмдү ушуларга арнап койгом, ушул үй-бүлөм үчүн иштейм, жашайм – деп каткырып койду.

– Эми болсо Алланын буйругу менен Маха аттуу инилүү болдум – Экөө күлүп калышты.

Сапар уланды.

Маханын жүрөгү толкуп, көңүлү толуп жанында сокур тыйыны болбосо да Темир аттуу ак жүрөк байкелүү болуп алганына жетине албай баратты. «Мен ушул жашка чейин адам өмүрүн куурчак катары ойногон топторго ак дилден кызмат жасап келдим. Эми тутунган агама да чын жүрөктөн аянбай жардам кылам» деп ичинен өзүнөн өзү түздөн бекемдеди. Фрунзеге жеткенде.

– Маха тигил жерден чылым алып кел.

Маха Темир байкесинин берген акчасын чылымдан артканын кайтарып берди.

– Сал, чөнтөкө!

– Бул, сиздики.

– Мен сага берип жатам.

– Мага акчанын кереги жок.

– Эми керек болот.

Маха ойлонуп туруп анан алды.

– Сен кыжаалат болбо, мындан ары экөөбүз бир кишибиз.

Кеч кирип саат он бир болгон кезде Темир бир дарбазага келип коңгуроосун басты. Бою кичине бир чал чыкты. Кыргызча так сүйлөдү.

– Кел Темир, кел уулум. А, бул ким?

– Ассалом алейкум. Бул жигит менин иним, кир, кире бер – Маха да тигил ак сакал менен саламдашып үйгө баш бакты. Үйдүн ичи таза жана тыкан, бардык буюм оз ордунда. Бирок үйдо жалгыз гана, абышкадан башка жан жок. Темир агасы «Фрунзеде мени байке деп аташың керек, болбосо Оштук сарттар деп бөлүшөт» деп эскерткени үчүн байкелеп калган.

– Байке сыналгы көрсөм болобу?

– Видео коюп берейинби?

– Барбы?

– Бул жерде бары бар.

Махага Бруслинин киносунан коюп берип, өзүлөрү болок бөлмөдо сүйлөшүп олтурушту.

– Эми аксакал өзүмө ушул жигитти бир тууган ини кылып тутундум.

– Көрүнүшү жаман жигит эмес

– Ошондой

– Бирок сак бол

– Туура айтасыз. Сиз да сынап көрүңүз.

– Ушул түнү эле сынап коём. Келе акчанды, – абышка өзүнүн акчасы менен Темирдин акчасын кошуп, сапырып салды.

– Тигил жигитти чакыр!

– Маха!

– О-ов.

– Келчи бери!

– Эмне болду? О-уу – жерде чачылып жаткан акчалар-

ды көргөн Маха:

– Буларды эмнеге чачтыңыз?

– Баштыктын оозу ачылып кетти – жанагы абышка сыр бербей колуна бош баштык кармап алган.

– Кел эми иреттешип кой.

Маха абышканын сынап жатканын кайдан билсин, шыпылдап ары киного шашып тез-тез топтошуп үчөөлөп санап кириште. Канча шашылса да бир топто тактап бүтүштү. Маханы тер басты. Калтыраган колдору менен араң кармап, улам–улам коркунуч сезим жүрөгүнө уюй берди. «Мынча акча жалаң гана кылмыштуу топтун башчыларында болчу эле. Дагы ошондой илдеттүүлөргө туш болдумбу? Кудай сактасын, азыраак иштеп көрөм, эгер ошондой топ болсо чыгып кете аламбы?». Ичинен уйгу-туйгу ойлор менен алектенип, мындай топтордон көңүлү калгандыктан оюн бир жерге токтото албай кыжаалат.

– Кана уулум, сендеги канча?

Түрлүү түмөн ойго алдырган Маха санагын унутуп койду.

– Башынан санаш керек. Миң-миңден топтогом. Белин да байладым – кайрадан санап кирди.

– Мендеги 18 700 – Маха акчаларды ортого таштады.

– Менде 11 200 – деди Темир.

– Эң көбүн мен топтопмун 20 100 – деди абышка.

– Баары болуп 50 000 экен. Ушунча беле? Туурабы? – Маха абышканы карады. Мурутун кыбыңдатып күмүңдөгөн калыбында башын ийкеди.

– Ачыңыз баштыгыңызды – Маха акчаларды ирети менен баштыка салып берди.

– Мен, бошмунбу? – анын шашканы кино.

– Баракелде уулум бошсуң. Көрө бер киноңду – ошентип бул сындан да жакшы өттү.

Бирок абышка:

– Шашылба, дагы сынайбыз!

Эртеси чал таң заарда Маханы тургузду.

– Уулум биздин эң жашыбыз сенсиң, тигил базарга барып жегилик алып кел.

– Жолду билбейм да.

– Кошунанын кичине баласын кошуп беребиз.

Колуна он миң беришти.

– Мына он миң, эмне алып келишиң кагазда жазылган.

– Ушунча акчага базарлык жасаймынбы?

– Базар кээде кымбат, кээде арзан, азыр акча деген сапырылып сапаты кетип турган учур бара бер.

Жолдо баратып базарлык баракчаны ачты, төрт нерсе жазылыптыр. Маханын жүзү чымырап, төбө чачы тик туруп кетти. «Булар мени сынап жатышат. Туура, мен киммин? Бир тентимишмин, сынасын, дагы сынасын. Сындан так өтсөм, анан булар мага толук ишенишет го?». Жетелеген бала экөө Ош базарына барып барактагы жазылгандан бөлөк эч нерсе албай кайра кайтышты. Жаш балага бир балмуздак гана алып берди.

– Бир миң төрт жүз сом иштеттим. Бир балмуздакты гана кошумча алдым, калганы булар – деп алган базарын так тапшырды. Акча так кайтып келди. Абышка:

– Түзүк бала экенсиң, ушул акча менен качып кетет го деп ойлогом – деп күлүп калды.

– Мениби?

– Ооба.

– Акчага арбалып күнүмдүк майда нерсеге кызыккым келбейт. Эртеңкини ойлоп, кадам таштоо керек го деп ойлоймн.

– Азаматсың иним, так жүрүш керек.

Ошол күндөн тартып булар Махага ишене башташты, Маха да ушундай жакшы адамдарга жолукканына кубанат. «Деги кудайдын ичи кепсп тура. Мендей кара мүртөзгө да жакшы адамды, кең келечекти, түз жолду көрсөттү» деп Маха Аллага шүгүрчүлүк келтирип жүрдү. Бир күнү:

– Маха, мен Кытайга кеттим, келгенче сен бул аксакал менен жашап тур – деди Темир.

– Канча күндө келесиз?

– Он же он беш ар кандай. Клиенттин товарына карайбыз.

– Клиент деген эмне?

– Мени жалдаган коммерсант.

– Коммерсант деген эмне?

– Алып сатуучу – ишкер. Азыр жашоо-турмуш өзгөрүп турган учур. Алгоо-долгоо замап. Мындан ары акырындап «Базар экономикасы» башталат. Бул деген, элдин көпчүлүгү базар менен жашайт. Алып сатарлар көбөйөт. Союз болсо бузулду десек да болот. Аз калды. Кыскасы иним иштесең тиштейсиң. Мен келгенче атаңдын айтка-

нын жаса, түшүндүңбү? Сен качан гана алыскы сапарга даяр болгонуңда мени менен кошо жүрөсүң.

Маханын башы маң: «Мен кантип эле алыска даяр эмесмин, жолдо келатып кусуп деле кыйналбадым эле». Анын оюнча алыскы жолдо кускан адамды гана таштайт деп ойлогон. Ийнин куушуруп олтуруп калды. Качан абышка даярдай баштаганда алыска даяр эместигин түшүндү. «Демек, адам алыскы жолдо өзүн – өзү коргоого даяр болуш керек тура». Абышканын көнүгүүлөрүн канча кыйын болсо да үйрөнө баштады. Экөө көп сүйлөшпөйт.

– Чай ичиңиз, Кайда барасыз? Ушул элеби? – ушул сөздөн бөлөк сөзго келишпейт. Маха кээде олтуруп болбогон суроолорду бергиси келет. Бирок убакыт таппайт. Абышка аны эч көнүгүүсүз калтырбайт. Бир күнү:

– Эми ишти баштайбыз – абышка күлүмсүрөп койду.

– Буга чейин эмне иштебедикби?

– Жок, ал жөн эле көнүгүү болчу.

Ошол күндөн баштап абышка экөө эртелеп шаардын ичи менен чуркап того чыгышат. Ошол жакта чоң көнүгүүлөрдү жасашат.

– Тамакты өтө көп жебеш керек – бир күнү аксакал күтүүсүздөн эле Маханын жегенин текшере баштады.

– Эми таш көтөрөбүз.

–Кантип?

Абышка жүзүн шарт бурду да:

– Эми үчүнчү жолу суроо берсең, сага машыгуу жасатпайм. – деди. Маха эми «Суроо бербе, айтканымды жаса» деген сөзүн эстеди. Унчукпас болуп абышканын айткан сөзүн жаттап көрсөткөнүн иштеп, секир деген жеринен секирип, улам бийик-бийик секире алганга үйрөндү. Адамдын угуу, дем алуу, уктоо точкаларын жатка үйрөндү. «Акыректе колдун кыры менен түз соксо адам өлөт, эгер кичине жантайтып урса уктайт». Мына ушундай эрежелердин түрүн окуп үйрөндү, жатка билди.

– Эми аз калды. – бул сөздү укканда Маха «Ушунча даярдансам да эми аз калды, десе качан даяр болом». өзүнчө эч нерсеге түшүнбөйт. Даярмын деп корстон болуп компоюп кубанып коёт. Бир күнү күтүүсүздөн эле абышка өтө ачуусу келди

– Жекеме жеке чык. Жашоо керекпи? – деп, жанын ачыштырып ура берди. Маха тамашалап жатат го, деп анча кол кайрыбай кача берди. Бара-бара ачуусу келе

чындаша түштү. Так түйүлүп секирип агайы менен тикелешип душманга кол көтөргөндөй катуулады. Экөө көпкө чапкылашты. Маха жеңилип калды. Ээси ооп көпкө жатты. Канча жатканын билбейт. Көзүн ачса агайы олтурат

– Эмнеге жеңилгениңди билген кезде... Маха мени изде. – деп коюп качып кетти. Маха али да болсо так өзүнө келе албаганы үчүн

– Ак сакал, токтосоңуз. – деген бойдон олтуруп калды. «Кыйын адам экен, кайсыл жерден жаңылдым». Аябай ойлонуп, экөөнүн чабышып жаткан учурдагысын кайра-кайра кино тасмадагыдай элестетти, бирок таба албады. Кеч киргенде баштыгын асынып, үйүнө келсе эшикте кара кулп турат. «Кызык, абышка кайда же кечирээк келеби?». Ошондон бир жума өттү. Абышкадан дайын жок же Темир байкеден кабар жок. «Кайда барсам?». Эрте туруп күндөгүсүндөй эле көнүгүүсүн жасап тоо кыркалап тоодой күч топтоого киришти. Капысынан эле аркы беттеги үңкүрдөн бирөөнү көзү чалып калды. Маха тактап карагыча ал кайра кирип кетти. Ойлонуп турбай эле ошол жакка бет алды. Капкактуу үңкүр экен. Жашынып бир топко турду. Баягы абышка сыртка чыгып олтурду. Маха аны көрдү да «Жаңылганымды эстешим керек». Кайрадан өткөндү элестетип көпкө олтурду. «Абышка так түйүлүп секиргенде иий ооба, мына ошондо аны бутум менен тоссом деп атып, чалынып оонаган кезде, ал мени сокподу беле». Ыргып туруп үңкүрдүн оозуна секирип тура калды.

– Аксакал! Аксакал! – деп аны чакырды. Анын атын сураган кезде айтпай койгон, ошон үчүн аны «Аксакал» деп атайт эле.

– Ии, жигит мени кантип таптың?

– Адам өзүнө керекти издеп жүрүп табат.

– Мына сага эми гана ишенсе болот. Демек баарын таптыңда?

– Ооба таптым, – деп Маха ак сакалга кайсыл жерден жаңылганын айтып берди.

– Туура таапсың. Эми катуу даярдансаң болот, – деп күлүмсүрөй олтурду. Экөө кадимкисиндей кечкисин үйүнө келишти. Ортолорунда дале ашыкча сөз жок. Таңга жуук Темир келди. Махага көп сүйлөбөгөн абышка зеригип калган адамдай, бежиреп Темир менен көпкө сүйлөштү. Экөө көпкө сырдашышты. Маха таң калды.

«Мен абышкага жакпай жатсам керек? Кыраакы киши балким менин жүрүш-турушумдан жаман жөрөлгөмдү көрүп турду бекен». Маха өзүнүн өткөн тентектигин канча жашырса да билип алгандай коруна берчү.

– Кандай иним, сапарга даярсыңбы?

– Даяр десең болот. – Маха абышкадан бул сөздү укканда кубанып кетти.

– Ушул жүрүштө Россияга жүк алам,. Кошо кетебиз.

Махага «кошо кетебиз» деген сөз жагып турду. Арадан үч күн өттү.

– Маха жүр бир адам келди сүйлөшөбүз – деп Темир байкеси чыгып кетти.

Артынан баратып капысынан эле тааныш адамды көзү чалды. Жакшылап караса ырас эле тааныш. Жашына калды. Ал баягы псих Махмуд эле. Аны даана көрүп Маханын жүрөгү лакылдап кетти. «Эмнеге келди? Булар менен да байланышы барбы? Баягы көп акча жөнүндө эмес го». Алапайын таппай жашынып тура берди. Алар көпкө турушту. Темир улам артын карайт. Маханы күтүп жатканын билсе да Маха ордунан жылбады...

Сансыз Маханы намыстантып түндө кубуп жибергенине өкүндү. Ал тургай тагасынан да жеме укту. Аз да болсо элпектигине көнө түшкөн, тигилерге Маханын түндөп кетиши орунсуз эле.

– Ал бечара эмне болду? Кандай күн өткөрүп жүрөт? Ой бала чыныңды айтчы ботом, тигилер деги кандай жубайлар эле? Үйгө келгенде чогуу жүрүштү. Анан эле түшүнбөй калдык.

– Аларбы? – Сансыз эмне деп шылтоо табарын билбей, башы маң болуп көпкө олтурду.

– Ой мукактанбай айтчы?

– Алар ата-энесинин кой дегенин укпай баш кошуп алып качып жүрүшкөн.

– Аа, ошондой. – бул жалганды табуу, келиштирип айтуу да Сансызга оор болуп кетти. Ичинен «Уфф» деп алды.

– Анан эмне болду?

– Анан эмне болмок, өзүңүз көрдүңүз го, экөө эки жакка кетишти.

Бул сөздөрдү ырас көргөн тагалары башын ийип олтуруп калышты.

– Эх жаштар, жомоктогудай жашагысы келет. Эми

Маха эмне болот?
– Маха го жигит, тигил кызчы бечара?
– Аларды унуткулачы. – Сансыз сыр бербей кол шилтемиш болгону менен өзү да ичинен бүкү–түкү болуп жүрдү.
Темир кайтып үйгө киргенде Маха жолун тосуп, эч нерсе көрбөгөндөй кеттикби?
– Сен таза кечиктиң го? Тигил киши Россияга жүк жүктөйм дейт. Жол каржысы эки жүз миң десем оор көрүп, түшүр деди. Экөөлөп баалашсак кантет.
Маха улутунуп жиберди.
– Уфф сага эмне болду иним?
Кандай деп түшүндүрөрүн билбей
– Жүгү эмне экен?
– Помидор дейт
– Мен сизден... эки жагын элеңдеп каранды да – үйгө эле жүрүңүзчү?
– Мындай байке – деп жаш чагынан ушул топто иштеп көргөн азабын, жасаган кылмышын ийне жибине чейин айтып берди. Булардан жашырынып жүргөнүн да ачык айтты.
– Каап, мен ага азыр дедим да кантели булар анда опурталдуу адамдар экен да. Эмне кылабыз? – Экөө ой басып олтуруп. – Маха, таптым, жүгүн жүктөйбүз, бирок өзүңөр кошо барасыңар биз менен дейбиз.
– Макул, болуп калса мен кантем?
– Сенбиби? Сен бул жерде олтуруп тур, мен барып келем.
Темирдин кеткенине кыйла болду. Маха күтүп чарчады.
– Келиңиз байке, эмне болду?
– Өзүлөрү чогуу жүрө турган болушту.
– Анда мен калдым
– Жок сен калбайсың. Аларды ошол жактан тынчытып келебиз.
– Кантип?
– Жолун өзүм табам
Болжогон күн келип, жүк артылып, сапарга чыгышты. Псих дагы эки адамы менен буларды жеңил машинада узатып бармай болду. Маханы камаздын ичиндеги уктоочу жайга элден мурда киргизип жаткызып койду.
– Жүктү жеткиребиз, акыбызды алабыз, анан сенин

өчүндү алабыз.

Камазга тигилерге караштуу бир жигит олтурмай болду эле.

– Менин жанымда адам бар, алыскы жолго ашыкча албайм. – деп түшүрүп ийди да, ак сакалды да алып алды.

Бир камазда үчөө баратышты.

– Ак сакал, эми сиз кайтыңыз, – деп артка кайтарып жиберди да, Махага сакал тагып жаман тумакты жапыра кийгизип түсүн таанытбай өзгөртүп салды.

– Эмнеге үйдөн эле ушинтип чыкпадык?

– Жанымда сакал жок эле тигил жактагы ак сакалдын бир таанышынан албадымбы.

– Ошондойбу

Жолдо буларды көптөгөн милиция кызматкрлери тосуп, баарынан таза чыгышты. Андан сырткары Маханы кыйнаган жол каракчылары болду. Кээ бири тек гана өз акыларын ачык айтып алышса, кээ бирлери өтө ашыкча сурашып, андан да жаманы курал колдоно калганы да жок эмес. Абышканын даярдаган таалим-тарбиясы чоң жардам берип, тигилерди эсин оодара чаап кете беришти. Тигил узатып жүргөндөр Өкмоттүн чөнтөкчүлөрүнөн чыгара алышат. Ал эми жол каракчыларга киришпей бөтөн адамдай өтүп тээ алыстан тосушат. Жүктү эсен соо болжогон жерине жеткиришти. Аларды тосуп турган адамдары да бар экен. Маха дагы артка жашынууга камынды эле

– Азыр жашынба. – Темир жашынтпай койду. Маха сакалын түздөп акырын түштү.

– Сыр бербе андан көрө мен жүк менен болом, сен тигил эки машинага бул динамитти эптеп жабыштырып кой.

Маха ичинен «Эмнеге экөөнө коём, анда бизди кармайт да» деди да Психдин машинасына койду. Колунда мээлей. Алар ошол жерде артка кайтышты. Толук бир күндөн кийин узилден «21–28» номерлүү ак жигули машинасы атылып ичинде үч адам каза тапты деген жаңылыкты угушту.

– Артка жүк албай эле кете беребиз

– Чыгымды кантебиз?

– Чыгым тартпайбыз. Кокус даяр жүк чыкса алабыз, бирок издебейбиз.

Жумуштарын так аткарганына абдан кубанышып ба-

ратышты. Кайра жүк да болду. Ак сакал болжогондон эрте келишти.

– Охоо, эсен-соо келдиңерби? Тез кайттыңар го. – Булар көпкө сүйлөшүп олтурушту.

– Тигилерди да тынчыта алдык

– Жакшы иштепсиңер.

– Маха, сен эки машинага бирдей койдуң беле?

– Жок

– Эмнеге?

– Анда бизди издешмек да өкмөттүк уюмдар

– Туура айтасың. Аны ойлонбопмун. Азаматсың иним.

– Темир кубанычтуу жылмайып, абдан зирек инилүү болгонуна чексиз бактылуу болуп олтурду.

– Ээ баса, эмне жүк алып келдиңер?

– Карагай

– Аа жакшы

Бул жумуш Махага абдан жакты. Россияга мөмө-чөмө, ал жактан кайтканда карагай, шифер, цемент, момпосуй, консерва деги табылган эле жүктү басып келе беришет. Мурда Темир Россиядан тең жарым акчасын алдырып келсе азыр андай чыгым тартпай калды. Бул да болсо Маханын жардамы экенин толук түшүнүп, Маханы өзүнө өтө жакын алып алды. Махада байкесине абдан ыраазы. Адал оокат ак мээнет Маханын жашоого кызыгуусун арттырып турду. Кези менен өзүнүн чаң баскан арткы издерин эстегенде жүрөгү лакылдап, жийиркенич пайда болот. Коркуу сезими да кээде үшүтүп калат.

Абышка менен да жакшылап тил табышып алган. Жаңылайга болгон сүйүүсү дагы да болсо курч бойдон. Аны ойлосо түн уйкусун чылым тартуу менен өткөрөт. өмүрүндөгү эң өкүнгөн күнү, Жаңылайды бактысыз кылып, Жапарды өлүмгө түрткөнү. Мезгил артка кайрыса баарын жакшылык менен бүтүргүсү келет. «Эми Жапар өзүнө келсе эмне кылам? Убакыт эмнеге жетелесе качып кутула албайм да. Күтүүдөн башка арга жок. Мен эми ПТОнун тобун курутсам, бизден кийинки муундар нашанын азабын тартпас», Маха ичинен ушул топ жок болсо эле мындай иштер токтойт деп ойлочу. Алардын түбү терең экендигин кайдан билсин.

Менин жумуш күндөрүм абдан кызыктуу өтүп турду. Май айынын келишин күн санап күтүп жүрдүм. Май да келди.

– Саламатсыңбы Насыр?
– Иштер кандай сулуу?
– Жайында. Качан аттанабыз?
– Кайда?
– Эс алууга
– Арстанбапкабы?

«Арстанбап» деген ат мен үчүн өтө ыйык эле. Жүрөгүм тарсылдап көзүм жайнап кетти. Мен ошол жерге барсам эле Жапарды таап алчудай делбиречүмүн.

– Майдын акырында биздин бригада өткөн жылдык планды ашыгы менен аткаргандыгыбыз үчүн он күнгө дем алыш бермек. Ошондо барабыз.

Күндүн өтүшү мен үчүн кыйын болду. Уулумду жетелеп дем алыш күндөрү шаар аралап, селкинчек, айланкөчөк, күлкүлүү күзгү жана башка оюндарды кыдырып ойноп күн өткөрөбүз. Болжогон күн да келди.

– Эже, эртең биздин бригада Арстанбапка эс алууга бараттык эле. Белекти да алып алайын деген элем.

– Белекти биз эле карап туралы. Узак жолдо наристени кыйнап аласың.

Көзүмө жаш кылгырып кетти. Ойлоп көрсөм эжемдин айтканы туура. Эртеси эртелеп жолго чыктык. Бешинчи күндүн таңында Арстанбапка кирип бардык. Жол жүрүп эзилип калыпбыз. Уйкудан көз ачылбай түш оогон ченде араң турдук. Кой союп, тамак менен алектенип кеч кирди.

– Эртең биз бошпуз
– Эртең ойнойт экенбиз да?

– Ошондой, – деп Насыр менин жеңилимди жерден, оорумду колдон алып жүрдү. Деги имерилип жанымдан кетпейт. Түнкүсүн ыр-бий. Эмнегедир бул жерге келгенден бери көңүлүм ачык жайдары жүрдүм. Жүрөгүм алып учуп дагы алдыда чоң мени күтүп тургандай улам эртеңки күнгө шашам. Каткырып күлүп ортого от жагып жоолук таштамай, кыз куумай оюндун түрүн ойнодук.

– Жаңылай таң атты турсаң. Жер көргөзүп келем. – деп Насыр мени түрткүлөйт. Түнү бою ойноп кеч уктаганга уйкудан козголгум жок.

– Ымм. Азыр. – деп кайра эле уктайм.

Жанымдагы кыз ойгоно калып Насырды көрүп чоочуп

– Аа-аай, – деп чаңырып баарыбызды ойготту. Аркы чатырдан жетекчибиз

– Сулайманов ал жакта эмне жүрөсүң?
– Азыр эле кирдим эле. Кечиресиз.
– Кыздар жаткан жерге барбагыла дебедим беле?
– Кечиресиз!

Ошентип сейилге да чыкпай калдык. Топ ойноп жүргөнбүз.

– Жер ээлери келе жатышат. – деп жигиттер шыбыраша бири-бирин түрткүлөп калышты.

– Насыр, жердештериң
– Ассалому алейкум.

Бир топ жигиттер келди. Биз менен саламдашып, анан эки топко бөлүнүп топ ойноп жатканбыз. Алардын артынан бир жигит шашылбай келе жатты. Басканы көзүмө жылуу көрүндү. Эмне үчүндүр тааныштай. Ал жакындаган сайын жүрөгүм тарсылдайт. Тегерек болуп топ ойногон топту жарып оттум. Өзүмдү токтоткум келсе да кандайдыр бир күч мени ошол жакка жетелеп кете берди. Арадан бирөө

– Жапар келе жатат. – деди

– Жапар! Жапаар! – Үнүмдүн баарынча кыйкырып жигиттин жолун тородум. Ал болсо нес болуп тура берди да, мен жакындаганда шарт бурулуп качып жөнөдү. Көргөн көзүмө ишене албай артынан куун бараттым. «Дал өзү. Менден эмнеге качып жатат? Бул өлбөгөн экен да. Тигилер мени эмнеге алдашты?». Жапарды кууп баратып оюм опго бөлүндү. «Келбети, мүчөсү да Жапар, атыда Жапар демек, ошол Жапар. Мен жаңылган жокмун. Менден эмнеге качат?»

– Жапар токто! Мен Жаңылаймын! Жапаар! – ый аралаш үнүмдү болушумча талаа жаңыртып кыйкыра бердим. Канча жол басканымды ким билет, айтор Жапар качкан бойдон бир үйгө кирип кетти. Мен да жетип келдим. Жолумду тосуп бир аял чыкты.

– Ой кыз, сен кимсиң? Эмне болду?
– Эне, бул Жапарбы?
– Ооба Жапар. Эмне экен?
– Мен жолугайынчы.
– Ал балада кандай жумушуң бар? Кызым, ал азыр эч нерсени түшүнбөйт.
– Мен түшүндүрө алам, мени ага жолуктуруңузчу?
– Сен кимсиң? – аргасы куруган эне мени жооткото баштады.

– Менби? Жаңылаймын.

– Келчи, үйгө кирип сүйлөшөлү. Тигил элдерди карачы.

Арт жагыма карасам жанагы топ ойногондордун бары, андан калса айылдагылар көзү көргөнү топтолуп алышыптыр. Көзүм караңгылай жер көчүп ордумдан туруп, кайра жыгылдым. Кулап баратып терезеден мени карап турган Жапарды көзүм чалды. Колумду ошол жакка сунуп бери чык деп ишаарат бергенимди билем.

Көзүмдү ачсам кичинекей торт чарчы келген, көзү алайган бир эже чакан бөлмөдө мага ийне сайып олтуруптур. Көрсө менин кан басымым адатынча көтөрүлүптүр.

– Мына өзүнө келди. Касиет эже, кыз көзүн ачты!

– Ыя, эй кудай, эй айланайын кызым бизди коркутуп жибердин го. Жүр үйгө. – мени ээрчитип үйүнө бардык. Жапар дагы качты. Жанагы мени кууп келген адамдар азайып, өзүм менен бирге иштегендер калыптыр. Насыр:

– Жүр, Жаңылай кеттик!

– Мен эч кайда барбайм. Мени күтпөгүлө – дедим. Күн да кечтеп калыптыр.

– Кир кызым, эми жакшылап сырдашалы.

– Жапар менен сүйлөшүп жүргөн кыз менмин – бет пардамды сыйрып салып ачык айттым – уулуңуз Шамалды–Сайда окуучу эле. – деп мен өзүмдү тааныштырдым.

– Эми кызым сага жакшылыкча айтайын чыгып кет үйдөн, уулум азыр баягыдай эмес. Анын үстүнө темселеп келген кызды эле келин кылып алсам эл эмне дейт.

– Эне туура түшүнүңүз. Жапарды ушунча убакыт күттүм, издегим да келген, бирок, мага Шамалды–Сайдагы доктур «Ал өтүп кетти» деп айткан эле, адашкан экен. Ошентсе да Жапарды күтүп жүргөм.

– Көп сүйлөбөй чыкчы кызым эшикке, – деп мени колумдан тартып сүйрөп эшикке чыгарып салды. Эшикти каккылап ыйлап олтура бердим. Жүрөгүм сыздап, Жапардын тирүүлүгүнө таң калдым.

– Жапар, эмнеге мени таанybайсың?

– Сен кимсиң?

Артымдан үн чыкты. Шарт бурулсам бир зымпыйган жашы элүү бештер чамасындагы сулууча киши туруптур. Эмне деп жооп беришимди билбей мукактанып тура бердим.

– Мен, мен...

– Кир үйгө кызым эмнеге мынчалык ыйлап алгансың?
Мурдумду жаш баладай шыр тарта артынан ээрчий бастым. Каалга илинүү эле
– Ач эшикти! – тиги киши кыйкырганда каалга ачылды.
– Келиңиз...
– Каалганы эмнеге бекитип алдың?
– Ээ, бир кыз, Жапарды кууп келиптир, кет десем «Мен Жапардын сүйлөшкөн кызымын» дейт араң кетирдим.
Мен үн сөзсүз тура бердим.
– Кир кызым, кире бер!

– Кайсыл кыз? – Сенби? Бейбак! Кетип кал дебедим беле! Жогол!
– Токтот!.. – Жапардын атасы да ачуусу менен кыйкырды.
Апасы болсо ыйлактай баштады.
– Жапар менен жүрдүм десе, ишенип киргизе берет белем.
– Болду дейм!..
Сырттан Жапарга окшош бирок, андан бою кичинерээк, тоголок келген жигит кирди. Мени көрүп тааныштай саламдашты.
– Кел, кандайсың? Сен, Жаңылайсыңбы?
Мени тааныган адам бар экенине жетине албай кеттим. Сүйлөөгө тилим күрмөлбөй башымды гапа ийкедим.
– Апа, Жапардын сүйлөшкөн кызы. Кел төргө өт.
Эми мага каршылык көрсөтүшүн билбей бечара эне нес боло түштү.
– Менин атым Капар. Сени Шамалды-Сайда Жапар ооруканада жатканда көргөм, андан сырткары Жапар сүйгөн кызымдын сүрөтү деп мага кат менен сенин сүрөтүңдү, кийин экөөң түшкөн сүрөттү кошо берген, азыр көрсөтөм.
Жаным жай ала жүрөгүмө жылуулук кирип жандана баштадым.
– Мына ушул сүрөттөр эле. – Менин колумдагы сүрөттөрдү апасы шарт жулуп алды.
– Баары бир ишенбейм!
– Сени көп сүйлөбө дедим го. Кана кызым дартыңды айт. – атасы аябай токтоо, эстүү киши экендиги сөзүнүн

орундуулугунан, оор басырыктуу мүнөзүнөн байкалып турду.

– Менин Жапардан уулум бар. – үнүм араң эле чыкты.

– Эмне дейт, шуркуя?! – апасы дагы безелене баштады – кайдагы бир тентиген айбандын сөзүнө ишене бересиңерби?! – атасы сөзгө көңүл буруп да койбоду.

– Уулуң кайда? – үнү каргылдапа ый аралаш чыкты.

– Фрунзеде – башымды көторө албай араң жооп бердим.

– Мен баланы көргүм келет. Капар унааңды даярда. Ошко барып Фрунзеге учабыз. Жапарды да алып барабыз. Кандарын текшертип, ошого жараша иш тутабыз. Эртелеп жолго аттаналы.

– Мен кайда барам?

– Сен ушул үйдө бүгүнчө калып биз менен барарсың? – жооп күткөндөй бир азга карап калды.

Телмирип олтура бергенден жүзүм чыдабай тура калып шыпылдап Жапардын энесине кол кабыш кылайын дедим.

– Тур, тиякка уяты жок – деп кагып койду.

Төркү бөлмөгө кирдим.

– Эмне зиркилдейсиң? Бирөөнүн баласы да. Буга жеңил дейсиңби, ушинтип келиш. Айла жок, тагдыр экен. Мунун ата-энесинин абалын ойлобойсуңбу?! Зиркилдейсиң, кыз сеники болгондо эмне кылат элең?! Эстүү кыз көрүнөт. Балаңдын абалы минтип турса, окуянын чындык болушу сени кубандырган жокбу? Мени ойлонтуп турат. Эртең балаң эркек болууга кубаты жетеби, жокпу? Муну да ойлобойсуң.

Атасынын кейиштүү сөздөрүнүн баарын уктум. Жапар бир бурчта, мен бир бурчта олтура бердик. Жапар көзүн алайтып бирдемеден коркқондой элендейт. Мен жакындасам качып жөнөчүдөй абалын көрүп, ичимден сыздап ыйлай бердим. Жүрөгүм тилинип көзүмдөн жаш ордуна ысссык кан куюлуп тургандай...

Ачка калдым. Тамак берилди, тамагымдан өтпөй кепшөөсүнөн жаңылган малдай олтура бердим. Кез- кез көзүмдөн жаш куюлуп кетип жатты. Жүрөгүмдүн ыйлаганы уулума алаксып кичине унутта калгансыган. Эми кайрадан сыздап жүрөгүм ыйлай баштады. Таң эрте жолго чыктык. Мен, Жапар, Капар жана атасы.

– Таза текшерткиле! – апасы буйрук бере дайындады.

– Ооба – атасы да макул болду.

Манас агай менен Зина эже эч нерседен кабарсыз олтурганда, биздин кирип барышыбыз аларды чоочутуп жиберди.

– Келгиле, тынччылыкпы?

Мен үнсүз каалганы ачып,

– Кире бериңиздер!.. – дедим.

Алдыда атасы бараткан. Нарытада томпоңдошуп ойноп жүргөн эки баланы көрүп катып калды. Мен уулумду чакырдым.

– Белек, Белек – уулум мени көрө жүгүрө басты.

– Апа, – деп мага карай келе жаткан баланы бооруна кысып, уулун көргөн атадай буркурап жиберди.

Мага карай:

– Уулум, Жапарым – эчкире ыйлады, ыйын токтотууга кудурети жетпеди. Артында турган Капар да көзүнө жаш алды. Белекти көпкө жыттады – Жаңылай, кызым бери келчи. Мени кечир, сага ишенбей, балаңдын канын текшертебиз деген элем. Белек болсо Жапардын өзү экен. Жапарым жашында ушундай бала болчу. Карачы уулуң да менден жатыркабай олтурат – көзүнүн жашын сүрттү.

– Ким болсо да сиздей айтмак, оюңузга албаңыз. – деп Манас агай сөзгө аралашты.

Ал күнү баарыбыз агайдын үйүндө түнөдүк. Жапар болсо же сүйлөбөйт. Кээде гана мени карап күлүп коёт. Кеч киргенде Зина эже тигилер менен ачык сүйлөшкүсү келди да:

– Эми эмне кыласыз?

– Эмиби, тойго чакырабыз.

– Тойго!

– Ооба, эмне туура эмеспи?

– Жо–ок, туура дегизчи, бирок...

– Айт, айта бер оюңду – Зина эже кызара түштү.

– Жаңылайдын катасын ата–энеси билбейт.

– Билбейт... Бул жагы оор экен.

– Ушундай. Жапар менен жолугушканына ата–эне каршылык көрсөтүп жүрүп, бирин бири кыя албай... калганы сизге түшүнүктүү да.

Жапардын атасы көпкө ойлонуп түнжурап олтура берди.

– Силер чоң жардам көрсөткөн экенсиңер менин уулума. Жаштар жаштык кылып жаңылса да Алланын жаз-

ган буйругу деп ойлойм. Ушуга да шүгүр, Жапарымдын абалы минтип калмак экен, мындан туяк калганы кубанычтуу. Жаңылай, сага Жапардын абалын ачык айтсам. Азыр ал күнүмдүк гана жашоодо. Канча күндүк, же жылдык өмүрү бар билбейбиз. Эмнеси болсо да өмүрүченелүү. Андан да оору өткөндү такыр унуткан. Сен эмес ата–энесин, ал тургай өз атын да билбейт. Эгер айып этпесең уулуңду гана алып кетсек.

– Мен кантем! – буркурап жибердим.

Башын жерден албай атасы өзүн күнөөлүү сезгендей көрпөнү кармалап олтура берди.

– Ойлонууга убакыт бериңиз – дедим.

– Анда биз мейманканада жашап туралы.

– Үй турса мейманкана дегениңиз кандай? – Зина эже чыйпылдады.

– Күндүзү мында болобуз, кечкисин мейманканада туралы?

– Ата, андан көрө шаарга чыгып келбейлиби? – Аргасыз ушул сөздү айттым, балам үчүн кошоматтандымбы, же аларды алаксытуу үчүнбү,өзүм да билбейм.

Баарыбыз чогуу шаар айландык. Белегим булардан бөлүнгүсү жок. Жапарды карап алып жүрөгүм эзилет. Токтогул багында отурганбыз.Жапар эч нерсе менен иши жок болсо да Белек менен Сагынды жакшы ойнотуп жатты. Аларды көрүп басып бардым. Жапардын күлкүсү баягы бойдон. Бүткүл жан дүйнөсү менен берилип жүрөгү как жарылып чын дилден күлчү. Канча жылдык унута албай сагынтып кусаланткан күлкүнү азыр угуп, кубанганымдан артынан ээрчий ыйламсырап жүрө бердим. Бир кезде тигил балдар менен жашынмак ойноп жүргөн Жапар капысынан мени кармап калды. Көздөрүбүз баягыдай чагылыша түштү. Ал мени биринчи таанышканда кандай караса азыр да ошол кареги менен мени арбап атты. Менде үмүт жанды. «Жапардын сезими ойгонду» деген ой менен алга кадам таштагым келди.

– Зина эже, Жапарга турмушка чыгам.

– Эмне дедиң? Сен ушул Жапардын абалын көрүп туруп ага турмушка чыгасыңбы?

– Ооба. Чынында Жапардын мындай абалга түшүүсүнө мен күнөөлүүмүн. Эми буга турмушка чыгып ооржеңилин кошо тартышайын деп чечтим.

– Энеси сени кандай кабыл алат.

– Баарына чыдайм.

...Мен Жапарга турмушка чыктым. Атамдарга кайнатам кабарга барды. «Уулдуу экенин азырынча айтылбай турсун» деп кайын атам өзү чечти. Келди кетти болуп коноктордун аягы тыйылды. Зина эжем айткандай кайын энем мени эч ким жокто кулдай жумшайт. Кээде жасаган жумушум жакпай колумдан жулуп алып, түртүп жиберет. Темтеңдеп араң гана турам.

– Апа болду го эми, мында эмне күнө, – деп кайнагам Капар ортого түштү.

– Ушул күнөөлүү, Жапардын ушул абалга түшүшүнө, бир гана сен күнөөлүсүң! – деп заарын чача зиркилдейт.

Жапарды таштаганыма кубангавым мекеп азапта калдым.

Кайын атамдын катуу киришкенинен тоюмду алып барышпай болду.

Жапардын эссиз абалы мага оор келгени аз экен. Кайын энемдин мага жасаган кутумдугу мени жеп түгөтө баштаган. Арыктап араң басам. Ыргалып жүрсөм да кайын энемдин үнүн укпада бар күчүмдү топтоп чуркап жумуш жасайм. Кечке тыным жок. Уулум эмнени билет, атасы Жапар экөө оюндан колу бошобойт. Кайын атам күндүзү үйдө көп болбойт. Кээде гана бир-эки саат үйдө олтуруп калса жыргайм. Кайын энемдин оозунан аз да болсо жылуу сөз угуп калам. «Жакшы сөз жан эргитет, жаман сөз жап кейитет» деген лакап бекеринен айтылбаган го. Мурда маани бербесем да азыр толук түшүндүм.

– Жаңылай кызым, сенин бир жериң ооруп турабы?

– Жок – кайын атама энемин жоругун такыр билгизгим келбейт.

– Арыктап эле баратасың. Эмики ишембиде айылыңа той алып барабыз. Өзүңө каран, тамак ич, аз да болсо өзүңө келип алсаң боло.

– Мурда келиниң семиз беле?

– Ушу сеп өнөр көрсөтүп жүрсөң керек?

– Мен эмне? – кайын энем башка кеп таба албай олтуруп калды.

– Башы жок катын экенсиң, өзүң ойлонуп көрсөң да болмок. Сага айтып бүткөм – деди да жумушуна кетти.

– Атаңа арызданган экенсиң да, а?! Шуркуя!

Келгенден бери ушул сөздү уга берип кулагым бышып бүткөн. кайын энемдин сөзүнө намыстанган да жокмун.

Уулум:

– Чоң ата, кака байашыш? Мага акмушдак, момпошуй ала келешби? – дейт Белек чала сүйлөп.

– Алып келем уулум, карегим. – деп чоң атабыз жумушка күндө ушул көрүнүштө жөнөйт.

Белегим кечке чоң атасын күтөт, өз атасы экөө топ ойнойт. Селкинчек тебет. Эмнеси болсо да өтө ынак. Мени ушул жагдай гана кубандырат. Болжогон күн да келип айылыма той алып барышты.

– Жаңылайдын уулу бар экенин бириңер да оозуңардан чыгарбагыла, – деп кайын атам катуу эскертти.

Жапардын тирүүлүгү ата-энемди да кубандырды. Анын эссиз абалын көргөндө:

– Кызым ушундай абалда болсо да жашай бересиңби? – апам мага жалдырап карап турду.

– Ооба, Жапарды ушунча жыл күттүм. Мага тирүүлүгү гана чоң бакыт.

– Алда кызым ай, өзүңү бир карачы, өз арманыңды ичиңе салып бүтүп калыпсың.Сенин энеңмин жыйыштыр бул турмушуңду. Жапар атту жер жүзүнде табылып калаар.

– Апа, аны убакыт көрсөтөт. Тагдыр меники.

– Жаңылай эже сизге бирөөдөн кат бар эле. – Ильяз мага кат берди, окуганга мүмкүнчүлүк болбоду. Апам сеп даярдаган экен. Кайын атам:

– Мээнетиңе ыраазымын кудагый. Алыскы жолдо аны алып кете албайбыз, – деп албай койду

Арстанбапка баргандан кийин, катты сууга барганда ачтым.

«Салам кат»

Саламатсыңбы Жаңылай. Абалың кандай? Сени издеп таппадым. Мени жек көрүшүңдү билсем да үмүтүмдү үзө албадым. Жүрөгүм сен деп согорун билсең да менден алыссың. Сенин суу жээктеп сейил курган күндөрүң мени азапка салып, акыры Жапарга душмандык кылышыма түрткү берди. Сенден кечирим сурабайм. Кечирбешиңди билем. Жапарды кызганыч менен ажалга түрткөм. Суу жээгиндеги бакта силер ойногон ар бир күнүңөрдү акмалап жүрүп, чоң кызганыч менен алоолонуп, күйүп, ушул ишке баргам. Жасалган ишти башында туура деп ойлогом. Качан гана кумга оонап Жапарды жоктогонуңду көрүп, сенин башыңа азап, арман алып келгенимди түшүндүм.

Жапар азыр тирүү.
Мен өз көзүм менен көрдүм. Аны табышыңа жардам берем. Эгер кааласаң. Менин дарегим.

Фрунзе шаарындагы Кулиева көчөсү 180–үй.

Каттын келгенине алты ай болуптур. Бул катты көрүп өзүмдү жек көрүп кеттим. Жапар бечара мен үчүн минтип азаптуу дартка чалдыккан тура. Мага апасынын жасаган жоругу аздык кылат экен. Эми кандай жорук жасаса баарын көтөрүшкө өзүмдү даярдадым. Буулугуп кеткенде суунү шылтоолоп көпкө муңумду сууга чыгарам. Апамдын канча жолку «Ажыраш» деген сөзүн кулагымдын сыртынан кетирдим. Эне кантсе да асырап өстүргөн кызынын тагдырына көңүл кош боло албайт. Мени аяр карап ичтен сызып жүргөнүн туйсамда байкабастыкка салам. Өз көңүлүмдү өзүм көтөрүп ар дайым жайдары жүрүүгө аракет жасап ошол мүнөз мага кыял болуп калды.

– Ээ шуркуя шыпшыңдап кайда бардың?

Кайын энем мага ошентип зиркилдесе мурда кабагым бүркөлүп шалдая калчумун. Ал эми азыр болсо...

– Эмне болду? Апа чай ичесизби? Мына баратам. – деп жумушту орду менен жасап, кыңылдап ырдап жүрө берем.

– Буга сөз деле таасир этпейт. – деп энем мурдагыдай көп асылбай акырая карабай, бир жакка кетсем жолумду карачу болду. Белегим да чоңоюп калды. Мен окуумду бүтүп дипломумду алдым. Ошол айылда биолог мугалим болуп орноштум. Жумушка да үйдөгү майда барат тиричиликке жетишишим керек. Бирок жетишпей калган күнүмдө энем безилдейт. Анын безеленгени ичкен ашым болуп калды. Кайын атам аябай түшүнүктүү киши. Кайнагам да үйлөнүп абысындуу болдум. Кайын энем ал келинине аябай жакшы мамиле жасайт. Бир күнү жумуштан келсем үйдө эл көп. Опур–тапыр, ызы–чуу. Жүгүрүп үйгө кирсем, Эл кыргыз үй тигип жатышыптыр. Эч нерсеге түшүнбөй, энемди издедим ал алынын жетишинче өкүрүп олтурат. Үйдөгүлөрдүн баары толук.

– Жапарың ааламдан өттү, – деп айтты бирөө.

– Эмне–е?.. Кана?

– Ишенбей турасыңбы?

Мени жетелеп төрдө жаткан сөөктүн жүзүн ачып көргөздү. Этегиме илешип Белек да барып калган экен.

– Ата-а! – деп чаңырып жиберди.

Адатымча кан басымым көтөрүлүп жыгылып түшүтүм. Көзүмдү ачсам аялдар мени орол алышыптыр. Ошентип, али акыл эси тайкы болсо да Белекке аталык мээримин төгүп беш жыл жашадык. Эми уулу биринчи класска кирерде өттү. Ушунча жылдын ичинде бир ооз сөзүн укпадым. Күлкүсү гана эргитчү. Эртеден кечке Белекти жетелеп ойноп жүрө берчү. Белек үчүн оор жоготуу болгонун эми түшүндүм. Эч кимге кошулбай жүрө берет. Мектепке мени менен барат. Ата-энеме ошол Жапар өткөндө ачык айтылды, өткөн иш өтүп, бала болсо чоңоюп калган. Атамдар эч нерсе дей алышпады. Баарынан оору жылдык-аштан кийин кайын атам:

– Кызым, сен жашсың бул жерде жүрө бербей шаарга иштеп өз теңиңди тап. Белек көнүп калган жүрө берсин. Сагынганыңда келип турасың. Сага бакыт каалайм. Сен беш жыл сүйүүнүн тозогунда күйдүң. Энеңдин жоругуна чыдадың. Сага биз абдан ыраазыбыз. Жолуң ачык. – деп айтты.

Сөздү укканымда мени үйдөн кууп чыгып жаткандай оор тийди. Жапарды кайрадан жоктодум. Шал болсо да, көр болсо да анын тирүүлүгү чоң дөөлөт тура. Эмнеси болсо да уулум менен чогуу жашап жүрчүбүз. «Эмми кайда барам?» деп ойлонуп алып сыздай бердим. Буркурап боздоп атамдын этегине жыгыла

– Ата, жалгыз кайда барам? – деп эчкирип-эчкирип жибердим.

– Олдо балам ай, кантейин. – деп энем колтугумдан таяп тургузду.

– Макул кызым, өзүң бил! – деп атам да көзүнүн жашын тыя албай бүлкүлдөдү.

Андан кийин эки жыл жүрдүм. Белек 3-класска окуп калды. Мектептин айлыгы азайып бирде берсе, экинчи айда акча жок. Кыйнала баштадык.

– Коммерсант дегендер акчаны көп табат экен. – деп үйгө барсам энем айтып калды.

Ойлонуп калдым. «Коммерсант болуп алсамбы?»

– Эне, коммерсант болуш үчүн көп акча керек?

– Анча акчаны кайдан табабыз?

Бир күнү почтадан мага он миң сом акча келди. Кимден экени белгисиз. Алып үйгө бардым. Атам менен энеме айттым.

– Баягы Фрунзедеги эжең салгандыр. Жапарга бата-

га келе албаганына уялып, аты жөнүн жазбаса керек. Иштете бер. Баягы өзүң айткандай коммерсант болуп ал – деди.

Акчадан көзүбүз чачырап карып бирде ток, бирде ач болуп турган кезде иштетпей коё албадык. Мектепти таштап коммерсант болуп кеттим.

Темир байкеси бар тапканын ортого таштап үчкө бөлдү. Ар бирине жетимиш беш миңден тийди. Маха болсо:

– Байке, мага мынча көп акчанын кереги жок. – деп ичинен он миңди алып, калганын Темирге кайтарды. Абышка:

– Мени болсо билесиң төрүмдөн көрүм жакын. Уулум да, досум да сенсиң Темир! Мага мынча көп акчанын кереги жок. Мен үчүн ушул үйдү баш баанекке бергениңдин өзү чоң жардам. Өмүр бою сага кызмат кылам.

Абышка Маха менен Темирди алмак салмак карады.

– Маха, мага окшоп жашоого жол таппай калган кезиңде Темирге туш болсоң керек. Мени Темир түз жолго салып, жашоого кызыгуумду арттырган.

Маха да, абышка да Темирге ыраазы болуп карашты.

– Койгулачы, мен эмне Кудай белем. Силер да жакшы адамсыңар. Ууру же каракчы болсоңор мени кошо түгөтмөксүңөр. Минтип байытып жатпайсыңарбы. Силерге азырынча акча керек эмес... анда мен там салайын. Кандай дейсиңер?

Бир ооздон макул.

– Экөөң тең жүргүлө түштүккө, жаңы үйүмдүн түбүнө таш жыйдырабыз.

Ошентип чогуу жөнөштү.

– Темир байке, менин үйүмө кайрылып өтөлү, апамдын абалы кандай болду экен?

– Албетте, иним!

Маха айылга келгенде Жаңылайдын тою болуп жаткан. Маха Жаңылайдын атын укканда жүрөгү туйлады.

– Байке, күтпөй кете бериңиздер, өзүм барып калам.

– Эмне болду, айылдаштарыңдан бөлүнө албай калдыңбы?

– Ошондой.

– Макул. Бирок, этият бол! Он күн күтөм.

– Макул.

Маха байкесинин боорукерлигине ыраазы.

Ал түндө Жаңылайдын үйүн акмалап жүрүп көрүп ка-

лууга үлгүрдү. Досу Аликти ортого салып «Кимге? Кайда?» турмушка чыкканын сурүштүрүп билди. Маханын сапары Арстанбап тарапта, Жаңылайды жакшылап көрүү үчүн Темир агасынын үйүнө шашылды. Өз айылына келгенин досторунан башка эч кимге билдирбеди. Досторунун бири нашасыз жашай албай калган. Маханын келгенин ПТОго телефон аркылуу кабарлап койду. Ал тургай кайсыл жерде экенине чейин жеткизди. Аликтин үйүндө олтурушкан. Маха арак да ичпей калган. Бир кезде таң сүрүп калган учурда, көчөгө машина токтоп ичинен беш—алты шамдагай жигиттер үйдү көздөй бет алышты. Капысынан сыртка чыга калган Маха жашынып, алардын кимдигин байкоого үлгүрдү. ПТОнун ишенген жигитин даана көрдү. Эч кимге көрүнбөй токой тарапка качты. Айылда андан башка жашынчу жай жок. Артынан куугунчу түштү, өтө тез чуркай алган Маха айылдан алыстады. ПТОда акмак эмес, «Маха качса ушул жакка келет» деп токой жакка тозот койгон. Андай болоорун күтпөгөн Маха ортодо калды. Тегерегинде билеги күчкө толгон жигиттер. Маха айландыра карады. «ПТО жөн адамды корукчулукка албайт да» деп ойлонуп турду Маха.

– Маха, колго түштүңбү?!

Эки жагын элеңдей карап Маха ортодо. Сол тараптагы жигит Маханын көзүнө маезиректей көрүндү. Бар күчүн жыйнап катуу чуркап тумшука берип, топту жарып өттү. Артынан жете келгенин «тарс» тумшука согуп коюп качып кете берди. Корумдуу дөңгө жетип, өр таянган кезде моюнуна сыйыртмак илинди. Артка тоголонуп, аласалып кулап кетти. Ошончо жан карап турбай топтой тепкилеп киришти. Алар Маханы өлүп калаар абалда катуу сабашты.

– Шеф, абалы оор кайда алып барабыз?

– Баягы мени тоногон аралга жеткиребиз. Ал жерде муну эч ким көрбөйт. Ачкадан кыйналып өлөт.

Маха көзүн ачканда кеч кирип калган. Бут тартаарга алы жок. Жанында баягы аккуусу «Кряк–кряк» деп жүрүптүр. Араң кыймылдаган Маха кечээги кептерлерине салган буудайынан, чөнтөгүндө калган жемди аккуусуна берип койду. Бечара, аккуунун жем жегенине кубанган Маха:

– Менин акыркы сага берген белегим – деп койду. Түндү кандай өткөргөнүн билбейт. Эртеси да эсинен кетип

жата берди. Кулагына жыландын ышкырганы угулган. Бир эсине келгенде караса аккуу жылан экөө арбашып жатканын чала–була көзү чалды. Күн ысып августтун тең ортосу. Саратан айы. Күндүн ыссыгына чыдабай кеткен Маха көлөкөгө жеткизи келди. Башын көтөрүп караса аккуу Маханын баш жагына жыланды өлтүрүптүр. Жыланды өлтүрүү үчүн аккуунун катуу кармашканы көрүнүп турат. Кумдар оюлуп кеткен. Арыраак жерде аккуу өзү да сулап жатат. Маха боору менен сойлоп ак кууга жетти. Аккуу араң жан, оозуна суу тамызды. Бечара аккуу кылт-кылт эткизип суу жутту. Маха өзү да суудан бир колу менен керегинче жутту. Суу болсо да тамак эмеспи, жандана түшкөндөй болду. Бир аздан кийин караса аккуу өлүп калыптыр. «Бечара аккуу. Бир кезде аккуу менен ынак элем. Мен мунун жараатын айыктырган элем. Ошол жакшылыгымды кайтарды. Сага бейиштен орун болсун» деп Маха аккуусун кумду колу менен казып, көөмп койду.

Чалкалап жатып жараланган жерине жыландын майын сүрткүсү келди. Сойлоп барып караса билектей жоон жылан экен. Күндүн аптабына майы чыгып турат. Колу менен жылтыраган майынан жараланган жерлерине сүрттү. Ички ичегилери да жанчылып калгандай. Эсине келе түштү. «Жыландан шорпо жасап ичсемби?». Сойлоп жүрүп өзү бекиткен казан табактарын таап, канча кыйналса да тиштенип жүрүп, шорпо даярдады. Күн кылаалап уясына жакындаган кезде бир кашык тамак ичти. Аябай таттуу болуп кетти. «Ач курсакка – ачуу сарымсак» дегендей жыландын эти аябай таттуу болуп кетти. Жыланда жыргатып тишке илинер эти да болбойт. Сөөктү шимип шимип ыргытты. Уйкусу качып, улам биртикеден шорпо ичет. Жыландын терисин сыйрып үчкө бөлүп алган.

Маха үч күн шорпо жасап ичип турду. Күндөн күнгө абалы жакшырып, өзүнө келе баштады. Жыландын шорпосу Маханы жандандырып койду. Жегилик эч нерсеси жок. Эми аркы өйүзгө өтүп үйүнө кеткиси келди. «Суудан өтүүгө күчүм жетер бекен?». Кеч киргенде, тобо келге салып сууга түштү. Жээкке эптеп жетти. Мурдагыдай күчү жок. Бир топко эс алды. Денесинде авратын жашыргандан бөлөк эч кийими жок. Ээн аралда жылаңач үч күн жүрүп, денеси күнгө күйүп калыптыр. Ачышканына

чыдоо да кыйын, арга жок. Үч күн жараттын запкысын тартса эми күнгө күйгөн денеси чыдатпайт. Жарааты да таза айыга элек. «Үйгө барсамбы? Апам чыйылдайт да. Анан жылаңач кайда бармак элем. Үйгө барамда». – деп Маха үйүн көздөй жөнөдү.

– Апа, апа үйдөсүзбү?

– Маха уулум – Зайна апа жарыкты тамызып. – Түндө кайдан? Э, ботом кийимиң кана? Айланайын балам сенин денелериңдин соо жери жок. Бул, эмнеси? Ким мынчалыкка барды? Сен Аликтер менен жүргөн элең? Досторуң ушунчалыкка бардыбы?

– Жок, апа алар эмес, белгисиз бирөөлөр тоноп кетишти.

– Тоноп!..

Маханын кийимдерин берип, үйүндөгү бар дары дармеги менен бирде ыйлап, бирде сүйлөнүп уулун дарылап жатты. Энелер ушул да. Энесинин камкордугун карап олтуруп:

– Апа болду эми иштебечи, өзүм багам!

– Кагылайын, сенин тилиңден. Пенсияга эки жыл калды.

– Анда кароолчу болуп алчы. Саанчы, малчы болбой, эптеп эки жыл иштесең...

– Сен окууңду жакшы оку.

– Окуумдубу, окуумду качан эле таштап койгом.

– Эмнеге?

– Кыйналып кеттим. Андан көрө иштеген жакшы экен. Минтип акчалуу болот экенсиң. Кардың ток, кийимиң бүтүн.

– Кайда иштеп жүрөсүң?

– Айдоочу болдум. Россияга жүк алып барабыз, Темир байкем экөөбүз.

– Темир деген ким?

– Ал киши дүйнөнүн жаркын Адамы. Андай адамдар жер үстүндө аз.

– Эмнеси болсо да жаман жолдон алыс болуп, тынч жүрсөң болду. Мындан бир ай мурун сени бейтааныш адамдар издеп келишти. Түрү суук адамдар. Жүрөгүм түшүп көпкө коркуп жүрдүм. Ошолордон сак бол!

– Апа, кейибей бул акчага окат кылыңыз – Маха үйүнө жашырып кеткенин алып берди.

– Бул, кайдагы акча?

– Менин бешене терим, ак иштеп таптым.

Көзүнө жаш кылгырткан эне Маханын туура жол тандап ак иштеп тапкан ачасын биринчи жолу кармашы.

– Кудайдын кулагы сүйүнсүн уулум. Көз тийбесин. – деп маңдайынан өптү.

Зайна апа анын акчасына кубанган жок, адам болгонуна кубанды. Далай ирет арак ичип, наша тартып энесин чачынан сүйрөп, урган күндөрүн ойлосо жүрөгү сыздайт.

– Эртең менен эрте кетем. Темир байкем күтүп жатат.

– Макул, уулум жакшыдан адашпа.

– Апа, үйгө келе албасым мүмкүн. Жакшы иштеп башка жакка там алып, сизди алып кетем.

– Макул уулум. Тилегиңе жет. Кубанычка тунган көздөрүнөн жаш тынбай куюлуп турду. Жалгыз уулунун жакшы адам болушун күндөп-түндөп Алладан тилеген эненин үнү кудайга жеткен көрүнөт.

Минтип Маха адам болду. Маха кеткенден кийин Зайна апа көпкө кубанып жүрдү. Бирок өткөн шоктугун эстей калса жүрөгү ооруп кетет, коркунуч пайда болот. «Деги кудай колдоп шайтан азгырбасын!» деп тиленет.

Маха Арстанбапка Тутуштун үйүнө барды. Колунан келишинче базарлык камдап алыптыр.

– Маха уулум, жөн эле келе бербейсиңби?

– Жок тайке, бир жолу туз таткан жерине миң жыл салам. Сиздин жакшылыгыңызды кантип кайтарам.

– Сен дагы кыргыздын кулунусуң уулум, унутпай келдиң ыраазымын, биз ыраазыбыз.

– Темир байке менен иштеп жатам.

– Тиги шопур жигит мененби?

– Ооба...

– Ал там салам деп уста алып келиптир.

– Мен ошонун үйүнө барышым керек.

– Ушул көчө менен бара берсең айылдын этегинде. Камазы эшигинде турат.

– Сансыз кайда?

– Ал Ошто.

Тутуш таганын айтымы боюнча түз чоң жол менен кете берди. Жапардын үйүнүн жанына жеткенде үй тараптан бир кемпирдин ачуулуу үнүн уга шарт бурулса, Жаңылай шыпылдап суу, шыпыргы алып кирип кетти. Сүйгөнүн көрүп жүрөгү лакылдап кетти. Жарык болгон үчүн элден тартынып көпкө тура албады. Темирдин үйүнө барып

алар менен ысык саламдашты. Көпкө сөздөрү бүтпөй бежиреп олтурушту. Булар менен канча сөздөрдү сүйлөшүп олтурса да, оюнун бары Жаңылайда. Кеч киргенде Жапардын үйүн айланып келүүнү адатка айлантты. Жыйырма күндөй жүрүштү. Жаңылайдын тагдыры менен толук таанышып бүттү. Жаңылайга боору ооруп түз эле жолугуп, өзү мепен алып кеткиси келет. Бир нерседен чочуйт. «Жазган катымды алган болсо, көрөргө көзү калбай калгандыр. Кайсыл жүз менен жолугам. Катуу кагып койсо эмне кылам?». Темир байкеси менен бир тууган болуп калды. Бир күнү Ошко барып, Алтынайды көрдү. Абалы жакшыдай, сырткы көрүнүшү айтып турат. Бирок ага жолугуудан коркот. Ош базарын аралап келе жатып Калыскандын досу Зульфияга жолукту. Экөөнүн абдан жакшы саламдашканын Темир көрүп:

– Сүйлөшкөн кызыңбы?

– Жок. – Маха улутунуп алды

– Эмнеге, сүйлөшкөн кызың жок?

– Кыздарды көп жактыра бербейм

– Турмуш да керек.

– Азырынча эрте.

Зульфиядан Калысканды сурап ага өзүнүн Фрунзедеги дарегин берип койду. Бирок эмнеге бергенин өзү да билбейт. Арадан өткөн күндөр айга айлар, жылга уланып, Маха Темир байкеси менен иштеген күндөрү көнүмүш адатка айланды.

... Фрунзе шаары Бишкек деп аталып, өзүбүздүн сом деген акчабыз ишке кирди.

– Маха, акчаң бар, дүкөн ач. Сага жүк ташуучу болоюн. – Темир байкесинин кеңеши Махага да жакты.

Дүкөн ачып сатуучу болуп иштеп жаткан. Бир күнү бир кыз менен катуу соодалашып кирди.

– Байке, эми ушул турушун сегиз жүзгө бериңизчи?

– Жок карындаш, сегиз жүзгө болбойт. Миң деп өз билгенин коё бербейт – өзү башын көтөрбөй сүйлөй берди. Тигил кыз да көшөрүп каалаганына алгысы келет.

– Байке мени карасаңыз? – Маха башын көтөрдү.

– Сизге караганда... – экөө тиктеше калды.

Бул баягы Калыскан. Калыскандын көзү жайнап жүрөгү туйлап күлмүңдөп турду.

Экөө ысык саламдашты.

– Охо-о, коммерсант болуп алдыңбы?

– Заманга ылайык жашаш керек болду.
– Кайсыл базарга чыгасың?
– Оштун Кара–Суу дүң базарына.

Ал күнү Маха Калысканды колунан келишинче сыйлап узатты. Жигит эмеспи, жашы жыйырма бешке чыгып, турмушту ойлонуп калган.

– Калыскан, бошсуңбу?
– Кандайча?
– Бойдоксуңбу?
– Аа. Эмнеге? – Калысканга бул суроо абдан жагып турду.
– Сурагым келди.
– Жакшы кал, бошмун десем болот. Өзүңчү?

Жооп Маханы кубандырды. Маха Жаңылайдан башканы жүрөгү берилип сүйө албады. Калыскандын тыкандыгы, түздүгү андан да Маха үчүн жанын күйгүзүп чуркаган мээнетин баалайт. Жүрөгүнүн бир бурчунан Калыскан деген ысымга жылуулук бөлүп турчу. Көп ойлонуп көрдү да «Калыскан мени сүйөт. Анын көз отуна күйүп кетейин дедим го, ушул кыз менен турмуш курам», оюн Темир байкеси бөлдү.

– Маха, эрте жөнөбөсөк болбойт. Жеңең да күтүп калды. Кийинки жума той, жыйыштыр базарыңды.

Маха шашып– бушуп базарын жыйды. Кийинки жума күнү Темир байкеси уул той, там той өткөрмөк. Өткөн жума кабар таркатылган. Темир өзү ак көңүл, боорукер болгондуктан айылдаштары да катуу сыйлашат. Жапардын өткөнүн да укту. Темирдин аялы Жаңылай менен мектепте чогуу иштейт. Жаңылайдан болгон жаңылыктар Махага жеңеси аркылуу жетип турчу. Бир күнү жеңеси

– Жаңылайдын уулунун курткасы жок экен. Казынын былтыркы курткасын белек катары берип коёюн. – деп акыл салды

– Ал тазабы?
– Жакшынакай бойдон.
– Ошентсе да, жаңысын эле алып берегичи!

Темир байке уулунун эски кийимин бергиси келбедиби же тигилерге боору оорудубу, айтор жаңы бергизди. Окуяны көзү менен көрүп турган Маха жүрөгү сыздап кетти.

– Бечара Жаңылай өзү деле жупуну, ал тургай кээде нан жок, чай ичпей келдик деп кейип калат. Бечаралар

катуу кыйналып калыпты. Кайын энеси базарга чык деген экен. Жаңылай акчасы жок чыга албай жүрөт.

Жаңылайдын абалын угуп, Маха чыдабай кетти.

– Жеңе ал келиндин фамилиясы ким?

– Кадырбаева Жаңылай.

– Бул жактын дареги кандай жазылат?

– Арстанбап. Жалал–Абад обл. Кызыл–Үңкүр токой чарбасы. Анан фамилия ат, болду.

Маха байкесине үйлөнөрүн айтып, тойдун алдында Жаңылайга почта аркылуу акча салып жиберди. Жеңесин Калысканды алып качуу үчүн жардамга чакырганы келди.

– Кыз өзү макул болобу?

– Коркпоң жеңе. Жеңе тигил Жаңылайыңыз кантти?

– Ушул сенде бир сыр барбы дейм да?

– Эмнеге.

– Жаңылайдын тагдырына көп кызыгасың.

– Жөн эле, жеңе. Мен да жетим өскөм, жетишпеген күндөрүбүздү ойлосом жүрөгүм ооруйт. Андан да жаш балдардын «жетим, жетим» деп кемсинткени сай сөөгүмдү сыздатчу.

– Аа. Ошон үчүнбү?

– Ооба.

– Жаңылайга бирөө почта аркылуу акча салыптыр, он миң сом.

– Анан?

– Кайын атасы «Баягы борбордогу Зина эжең салгандыр. Жапарга батага келе албаганына уялып жүрсө керек» дептир.

– Мынча жакшы. Демек атасы уруксат бериптир да колдонгонго.

– Уруксат берген үчүн Жаңылай иштеп чыгып, уулун алып, Жалал-Абадга базарга чыкты да.

– Бишкеке барбаптыр да.

– Эмнеге?

– Ал жакта соода жакшы болот. Эл көп.

– Жаңылай аны кайдан билсин.

– Сиз айтып койбойсузбу?

– Жолугуп калсам.

Маха Калысканды издеп Ошко баратып, жолдо Жаңылайга арнаган белеги ага пайда бергенин угуп, чоң кубанычка көлкүп баратты. «Мен жасаган жамандыгым-

ды кудай алдында жуудум, Алла Тааланын каарынан арылдым бекен? Арылдым» деп өзүн өзү актап баратты. Ош базарына келгенде:

– Маха, бүгүн Ошту бир айланып кетеличи?

– Эмнеге?

– Ошту жакшы көрөм. Балалыгым ушул жерде өткөн.

Жеңесинин суранычына жок дей албаган Маха бүгүн калып шаар кыдырууга көндү. Жеңеси кечке Ош базарын, бактарын айланып чарчады.

– Аябай курсагым ачты.

– Жүрүңүз. – деп Маха Токтогул багынын жанындагы «Кафеге» киргизди. Булар кафеге киргенде эмне үчүндүр Маханын жүрөгү солк дей түштү. Кафенин ичин тегерете караган Маха төрдөгү топко көзү түштү. Ал жерде нары карап олтурган ПТОну даана тааныды.

– Жеңе сиз тамак ичип алып, эжеңиздин үйүндө олтура туруңуз.

– А сенчи?

– Менин жумуштарым чыгып калды.

– Калысчы?

Бир ишти бүтүрмөйүнчө үйлөнүүгө жол жок.

– Ал эмне жумуш?

– Сиз аны түшүнбөйсүз. Мени үч күн күтүңүз, барбасам Арстанбапка кете бериңиз. Азыр мени тааныбаган адамга окшоп чыгып кетиңиз. Ошондо сизге жеңил болот.

Жеңеси жүрөгү лакылдап коркуп кетти.

– Сыр бербей кетиңиз.

Маханын мынчалык сырдуу жигит деп үч уктаса түшүнө кирбеген жеңеси, кетүүдөн башка аргасы жок. Күтүлбөгөн жерден Алтынай, Женя, Галя, Толик төртөө кирип келишти. Маха булардан жүзүн үйрүдү. Булар келип орундук таппай калгансып Маханын маңдайынан орун алышты. Маха ордунан туруп кетүүгө аргасыз болуп, эми обдулганда Алтынай:

– Ма-аха! – деп чыңырды, билмексен болуп басып кетүүгө чамасы жетпеди. Канча жашынса да атын уккандан кийин ПТО аны куубай койбойт. Маха да тык токтоду. Тигил орундукта олтургандар да ордуларынан туруп Махага көңүл бурушту. Маха менен ПТОнун көздөрү чагылыша түштү. ПТОну калтырак басты, өңүн боз чала өзүн өзү кармай албай орундукка бой таштады.

– Шеф, эмне кылалы?

ШТО колун экчеп:

– Азыр эмес, – ушул сөздү араң айтты.

Маха ичинен «Каап десе, Алтынайлар келбегенде, кеч киргенде сыртка чыкканын бирден тынчытат элем» деп өкүнүп олтурду.

– Кандайсың, Маха, тирүүсүңбү?

Эски достору катары менен кучактап, өпкүлөп саламдашып жатышты.

– Дайының чыкпай кетти го. Кайда эмне жумуш менен жүрөсүң?

– Кароолчу болуп иштеп жүрөм.

– Сага кароолчулук жарашпайт. Бизге келсең чоң топко жетекчи болосуң.

– Жок, рахмат. Мен азыр жалгыз эмесмин.

– Эмне үйлөндүңбү?

– Ооба, бала бакырым да бар.

– Мынча шаштың?

– Сүйүп калдым. – азыр Маха Алтынайды жек көрүп олтурду. Себеби аден түз жолго түшкөн сайын азгырып кетет. «Эми мени өзүңө тарта албайсың!» деп өзүнө ишенип олтурду. Саатын карап:

– Мен барайын. Кечиресиңер. Кечигип жатам.

– Охо-о, үй-бүлө күтүп жатат дечи?

– Ооба, жакшы калгыла, – деп Маха чогуу коштошуп, кетип бара́тканда Алтынай:

– Маха, токточу! – кыздын шагын сындыра албай туруп калды. Алтынай көкүрөгүн колу менен басып, туфлисин такылдата Махага бөдөнө тумшугун сүрө, колу менен ээгин кармалады.

– Жолугушсак болобу, чоң жигит? – деп шыбырады.

Денеси дүүлүгө түшсө да Маханын кыжыры келе түштү. Алтынайдын колунан шарт кармай сүйрөп орунуна олтургузду.

– Кечиресиз чоң кыз, сизди тааныбайбыз. – деп ачуусу келе басып кетти.

– Тааныбайм дечи!? – Алтынай чаңыра артынан чуркайын дегенде Толик колдон алып токтотту.

– Олтурчу эми, эл ичинде уят болбой.

– Уят, ал эмне? Уят болуу деген бизде барбы? Ха ха ха – ордунан тура ошол жерде олтургандарга карап – Уят болуу деген сөз болобу, ыя? Ушул бизде? Биздин топто

уят деген сөз барбы? – кутурган итче көзүн кызартып, ыйлап да алган. Күлкү аралаш ый, шакаба сөздөр.

Булар олтура албай калышты.

– Жетеле тигиниңди кутуртпай. – Женя Толикке буйрук бере сүйлөдү.

– Кеттик кыздар, башка жерге!

Баары чыгып кетишти. Сырттан аңдып турган Маха булардын баарына күбө болду. Мунун күткөнү ПТО. Ал байкоосуздан жалгыздап чыга калса эле Маха билгенин жасамак.

ПТОнун ойлогону: «Мунун жаны пышык экен го өлбөгөнүн көр. Кантип өлбөй калды экен? Кантип жок кылуу керек?»

– Азыркы кеткен жигитти таппай жүргөн элем. Саал окшобогон жерде жолукту.

– Кечирээк айттыңыз да, ал кетип бүттү.

– Дагы кезигип калаар

ПТО конокко келген. Хайдар аганын баалуу товарын алып келип, топко өздөрү каалаган баага өткөрүп, аны жууп олтурушкан. Бул жактагы топ тигилерди узатуу кечесин эртеси саат бешке болжоду.

– Бүгүн Алай мейманканасында жатып, эртең Салиева көчөсүндөгү үйгө барып конок болуңуздар.

Алар коштошуп тарап кетишти. Мунун баарын угуп турган Маха «Алай» мейманканасына барды. Тигилердин артынан барып оруп алып, түн бир оокумда Маханын тынчы кетип турду. «Кандай кылсам? Кирип барсам, алар кыйкырып жиберишсечи? Жанында ким болушу мүмкүн? Жакшысы бүгүн тынч жата берейин» деп чечти. Баары бир уктай албады. Алар менен удаа киргени үчүн бөлмөсү жанаша болчу. Өзүнүн каалгасын кичине ачып койгон. Тигил бөлмөдөн бирөө чыккандай болду. Маха ПТОнун бөлмөсүнө киргенде ал жүрөгүн мыкчый терезенин түбүндө турган.

– Таптыңбы? – деди ПТО артын карабай туруп.

Маха экенин билген жок. Тигил жигити экен деп ойлоду.

– Бул, мен – Махамын!

– Маха... Сенби... Эмнеге келдиң?

– Ооба, менмин. Өч алганы.

– Өч... Кайдагы өч?

– Өзүң билесиң да сенде канча жылдык кегим бар!

Маханын да, ПТОнун да мурунку убактагы далай жолку терс жоруктары көз алдынан өтө баштады.

Маха бир жумушту жасабайм десе токко тарттырып, же бутунан даракка асып кыйначу.

– Мына ПТО мен да жигит болдум, а сен карыдың, өмүр сапарың да карып турат, – деп ПТОну көтөрүп терезеден ыргытып жиберди. Өзү акырын басып бөлмөсүнө кирип жатып алды.

ПТО болсо бакырган бойдон жерге башы менен түштү. Муну бирөө ыргытканын эч ким аныктай албайт. Анткени ал жүрөк оорусу кармап турган.

– Эмне болуп өлүптүр?

– Жүрөк оорусу кармап, шериги дарыга чыгып кеткенде аба жутам деп терезеден учуп кетиптир.

Элден ушул жоопту уккан Маха билмексен боло жолго түштү. Бир өкүнгөн жери «Өзүм үчүн гана өч алдым. Менин максатым ушундай топторду жоюу, колумдан келээр бекен?». Уйгу-туйгу ойлор менен алышып чийки май жегендей ич күптү боло берди. Эмнегедир кыжаалат. Мунун абалын көргөн жеңеси:

– Сага эмне болду?

– Бир чоң максатымды ишке ашыра албай жүрөм.

– Мага да айтчы, балким жардамым тиер.

– Ха. Ха, ха, сиздин колуңуздан келчү иш болсо го, бирок рахмат жеңе.

– Эмнеге?

– Мага кубат бергениңизге. Азыр үйлөнбөйм.

– Эмне үчүн?

– Максатымды ишке ашырып анан үйлөнөм.

– Кандай максат?

– Түшүнбөйсүз.

– Кызык...

«Маха келин алып келсе куда башчы болом» деп кымыңдап кудалыкка барууну эңсеп олтурган Темир, булардын сомпоюп куру кол келгенинен чоочуп кетти.

– Ой, бу силер...

– Ооба, биз куру келдик.

– Эмне кыз болбой койдубу?

– Анын айласын табат элек го...

– Анан эмне? Жайынча түшүндүрчү. Эки кыз талашып калдыбы?

– Хи–хи, анда жыргабайт белек.

– Оой, айтпайсыңарбы анда?..

– Мындай байке. – Маха башын эмнеден баштаарын билбей жер чукуду. – Мен сизге уюшулган топтордо байланышым болгонун жөнүндө айткам.

– Анын үйлөнүүгө кандай тиешеси бар?

– Кайда барсам алар жаштарды оор абалга келтиргенине күбө болуп калам.

– Ал топторду жок кылуу кыйын иш. Жаштар ошол жолду өзүлөрү тандап алышты.

– Андай деп ойлобойм!

– Кандайча?

– Мисалы, канча жолу ошол жоруктан баш тартсам да, кимдир бирөөлөр мени алдап торго түшүрчү.

– Ошолорго алданган өзүң күнөлүүсүң!

– Кантип?

– Адам баласы эрктүү болуш керек. Каршыңда турган адамдын кандай адам экенин, көз карашынан сезип, андан алыстап же аны коюп суурул чыгуу керек.

Ырас, Маха көп иштерде өзү күнөөлүү болчу. Калыскан артынан чуркаган күндө да Алтынайдын жайнаган көз карашына арбалып кетип калганын ойлоп, «Мен эрксиз экем, бирок жок дегенде Хайдардын тобун жок кылам!» деп ойлоду. Маха унчукпай олтуруп калса Темир «Менин сөзүм таасир берди. Эми үйлөнүүгө аракет жасайт» деп ичинен кубанды. Бирок Маха өз билгенинен кайткан жок.

– Жок, мен жок дегенде бала кезимден азап тартып жүрүп, өзүм куралткан чоң топтун мекемесин жардырам!

– Жардырам!? Кантип?

– Азырынча жолун таба элекмин.

– Ушул ишиңден артка кайт! Сен ал жерден тирүү кайтам деп ойлойсуңбу?..

– Эгерде, өлсөм да, ошол жерди жок кылып анан өлөм, эч нерсе жоготпойм!

– Кандайча жоготпойсуң! Сен өз өмүрүңдү! Алтынга да алмашкыс өз өмүрүңдү жоготуп коюшуң мүмкүн! Мен, апаң, сүйгөн кызың буларды ойлогон жоксуңбу?!

Махага баарынан «Сүйгөн кызың?» деген сөз катуу таасир берди. Жүрөгү туйлап, өзүнүн сүйгөн кызы үчүн жасаган тоскоолун ойлоп, ичинен өзүн өзү жек көрүп кетти. «Мен акмакмын, мага окшогондорго жер үстүндө орун жок. Ушул жашка чейин кимге эсте калаарлык иш

жасадым? Бул жашоого бир келген конокпуз... Ушул жарык дүйнөдө менин колумдан келгени, кутумдук, ичи тардык, көрө албастык анан да минтип жаштарга көр казып жүргөндөргө чоң көмөк көрсөтүпмүн. Адамдык сапатымды кармай албапмын. Мына убакыт жетип сыноодо турам. Ушул учурду жок дегенде Хайдардын тобун чачсам, анан кубанычтуу жана бактылуу күн өткөрө алам», буларды ойлоп Маха байкесине

– Айтканыман кайтпайм. Ушул топту бир жаңсыл кылам.

Бул сөздү уккан Темир:

– О-ох, айбаным! – деп башын мыкчыды.

Махага кошулуп Темир да түнү бою уйку көрбөдү. Таңга жуук Маха сыртта Темир агасынын ары–бери басып жүргөнүн көрдү, өзү үчүнчү пачкадагы чылымын ачкан. Темир Маханы адеп көргөндө көпкө чейин чоочулап жүргөн. Маха бирөөгө жамандык жасабаганы менен анын баскан турганы бир караган адамды чоочутпай койбойт. Кантсе да мыйзамсыз иштерде бала кезинен аралашып жүрөт. Ошон үчүн Маханын сырткы келбети ар кандай адамды күмөнсүрөтүп турчу. Темир да далай жолу чоочуп кийин кийин толук ишенген. Азыр болсо эт жүрөгү эзилип убайым тартып, Маха менен тигилерге каршы баргысы келип турат...

Маха Темир байкесине көрүнбөй көчөгө чыгып, Жапардын үйүн көздөй бет алды. Ушул кезге чейин Жапарга куран окуп коюууну ойлонбоптур. Көчөнүн жээги менен көрүстөнгө барып куран багыштады. «Жапар, арбагыңдан айланайын Жапар кечир мени!? Эми кылган күнөөмдүн жазасын алып жаткандай күн өткөрүп жүрөм, себеби, сүйгөн кызымдын жүзүн карай албайм. Ушул өмүрүмдүн көбүн тетири иштер менен өткөрдүм. Сенин жердешиң Темир ага мага жолукпаса ким билет... Өмүрдөн акмак бойдон өтпөй жок дегенде нашаачылардын тобун чачып алсам, арманым жок. Жеке кызыкчылыгымды ойлоп, кудайга жакпаган ишке тартылып...

Ойлосом, төрт кишинин бактысына балта чаапмын. Мына эми Белек да меңдей болуп ата мээримине канбай, ата тарбиясын көрбөй өсөт, менин чоң катачылыгым. Бирок кечирип кой, Жапар, кечир мени!». Ээн талаадагы көрүстөнгө олтуруп алып, муңун чыгара ыйлап, кечирим сурап жатты...

Жаңылайын элестетип жүрөгү күйгөн Маха үйүнө келгенде, Темир аны издеп короо сарайына чейин карап:
– Маха-а! Ма – аха – а! – үнүн барынча кыйкырып жүргөн.
– Байке эмне болду? – Маханы көрө кучагын жайды.
– Барсыңбы? Кайда жүрөсүң? Коркутуп жибердиң го!?
– Эмнеге коркосуз?
– Билбейм иним, билбейм. Түнү бою уктабадым. Ушул иштен кайтчы, садагам. Суранам сенден!?
Маха башын жерге салды.
– Кайта албайм. Ант ичип койгом.
– Ант. Эмнеге?
– Өзүмдү акташ үчүн!
Темир улутунуп алды.
– Анда, абышканы алып келем.
– Ал да күнүн көрсүн. Мен жалгыз жасайм!
– Жок. Мен дагы кошо киришем. Иш жолун абышка келгенде түзөбүз. Мен келгенче үйдөн чыкпа.
Темир абышкага болгон ишти так түшүндүрүп, ээрчитип келди.
Абышка, Темир, Маха үчөө бир бөлмөдө иш жолун түзүү үчүн баштарын катырып көпкө олтурушту.
– Азыр Өзбекстан чет мамлекет болуп калган. Ал жакка кирүү да оңой эмес.
– Эң биринчи документти жаздырып сегиз саатка уруксат алып киребиз. Чек арадан ушул жол менен өтсөк болот.
– Макул өттүк, ошол сегиз саат ичинде бүтүрө алабызбы?
– Жок. Азыр ишке киришпейбиз. Жөн гана мекеменин турган жайын, кириш–чыгыш жолун көрүп кайтабыз.
– Ал жерге бир немени бетке кармап барбасак кирүү кыйын.
Буларды дагы ой басты.
– Ии, таптым. Бишкектен цемент тартып берем. Дүң алганга адам керек десекчи.
– Болот. Ошентип кирем. алар мени кайра таба алышпайт. – деди абышка.
– Жок, өзүм кирем. – деди Маха.
– Сени алар...
– Ал жерде мени кууй турган эч ким калган жок, Хай-

дар ага менин мээнетимди катуу баалачу. А тигил экөө жок.

– Сенин атыңды аларга башкача айтып жамандаган болсочу?

– Ошондо деле Хайдар акмак эмес. Ал бир гана нарко бизнес менен иштебестен башка жумуш менен алектенгенди да абдан жактырат.

– Бизчи?

– Сиздер мен келгенче Шамалды–Сайда күтө туруңуздар.

Маха өзү айткандай жол менен Хайдарга жетти. Аны Хайдарга дароо киргизишкен жок. Маха өзү күткөндөй Хайдардын баягы ашканасы чоң кафеге айланыптыр. Ал эми Хайдар болсо чоң кафенин жер төлөсүнө бөлмө жасатып алыптыр. Ошол жерде эркин эс алып олтурат. Бир келишинде бардык жагын байкаштырууга үлгүрө албады. Бир гана билгени, кафеде газ колдонулат. Жер төлөсүнө кирип чыгууга бир гана жол. Хайдар менен келишимди каныктыра түзүп кайра келди.

– Эмне болду?

– Азыркыда толук биле албадым. Мени Хайдардан башкасы таанызбады. Себеби, корукчулары бүт алмашкан.

– Хайдарың сага толук ишендиби?

– Ошондой го, жакшы жумуш таапсың деп мени колунан келишинче сыйлайм деп төргө тартты. Убактым жок кийинки сапар деп келе бердим.

– Эми канттик?

– Ойлонуш керек.

– Сен бизге кафеге барчу жолду чийип түшүндүрсөң, ошого жараша иш кылабыз.

– Менин оюмча, Хайдар менен азыраак иштөө керек. – деди абышка күлүмсүрөй.

– Анан?

– Кичине иштеп, сыр бербей ары-берини толук билип алып анан иш баштайбыз.

– Антсе да болот бирок, – Темир оюн ачык айткыча Маха чыйпылыктап кирди.

– Жок, болбойт. Хайдар мурунку ишеничтүү жигиттерин ушундай иштерге койгон болушу мүмкүн!

– Сени таанып калат деп коркуп атасыңбы?

– Өзүмөн коркпойм, максатым ишке ашпай калуусунан корком.

– Кантип? Сени куугандарды жок кылдым деп жүрбөйсүңбү? Дегинкисин алганда ПСИХ менен ПТОну жок кылган менен, менин атым топко душман бойдон калды. Хайдар душман санабайт. Башкалары бар. Мисалы, ПТОго жан үрөп кызмат кылган жигиттер бар.

– Аның туура. Анда эмне кылабыз?

Маха тунжурап көпко ойлонду.

– Бүгүн түндө Уч-Коргонго барып наркы өйүзгө суу менен өтөм...

– Анан...

– Тигил кафеге жетип, калганын учур көрсөтөт.

– Баарыбыз барабыз.

– Жок, жумушту жалгыз жасайм

– Эмесе мындай чогуу барып, абышка экөөңөр ошол жакка өткүлө. Мен силерди берки бетте күтөм.

Маха менен абышка көзүнөн башкасын кара кийим менен чүмкөп алышты.

– Темир байкем тынчтансын деп гана сизди ээрчиттим. Эми сиз ушул жээкте күтүңүз

Маха андан ары жалгыз кетти. Абышка да көрүнбөй артынан ээрчий басты. Абышка өтө жеңил басат, Маха да мышыктай жеңил чуркап, болжогон кафеге жетти. Булар ал жакка барганда кафе жабылып калган эле. Кире бериштеги кароолчу Маханы көрдү.

– Хой бола, кимсаң, кафе япык! – деп ары карай басты.

Маха ойлонуп турбастан артынан барып, эсин оодара койду.

Түз эле өзү көргөн жер төлөөгө кирип барды. Бир жигит тосуп чыгып Маханын кебетесин көрүп үнүнүн барынча бакырып качты.

– Вай да-ат! Вай да-ат! Вай да-ат!

Артынан жете келген Маха гүп эткизе тоголото чапты. Улам жолун торогопунун ээсин оодарып жүрүп олтуруп газды ачууга үлгүрдү. Бирок, өзү да тез аранын ичинде чыгып кетиш керек. Түн болгон үчүн ал жерде кызматчылар аз. Ичинде бир жигит накта урушту баштады. Маханын айласын анча курутту. Аны акыры аябай катуу уруп койду. Мойну сынган корукчу көзү ачык бойдон калды. Маха андан ары жол алды. Жер төлөөдөгү ар бир бөлмөнү ачып көрдү. Баягы Алтынай экөө алып качкан сандыктар бир бөлмөдө жыйылуу. Экинчи бөлмө

толо ийне. Үчүнчүсүн ачканда арттан «тырс» эткен добуш чыкты. Маха артка кайрылганда абышка Махага мылтык мээлеген жигитти ала салдыра тепти. Маха башын чайкады. Кармаган каалгасын ачканда кызыктын баардыгы ошол жерде экен. Төрт жигит шапкандай болуп салгылашууга даяр туруптур.

Хайдардан дайын дарек жок. Маха экөөсү менен ал эми абышка экөөсү менен тең тайлаша баштады. Маха бирин токко киргизе тепти, экинчисинин эсин оодара койду. Бөлмөнүн ичинде дагы чакан бөлмөсү бар, ошол жакта Хайдар эки кыз менен кенен эс алууда. Хайдарды тирүү калтыргысы келди. «Жок, тирүү калса мага окшогон жетимдерди пайдаланып куралып алат. Анан жаштарды туура жолдон адаштыруучу дарысын дагы улантат». Өзүнүн жыртык чокой кийип далай ызгаарларда адыр ашып бел басып, чөө, карышкырлардан качып, жанын тишине тиштеп Хайдар үчүн көк муштум болуп тоңгон күндөрүн эстеди, алган акысы арзыбаган тыйын. Аны да соо бербей бирде ПСИХ кумары канганча карта ойноп, бирде ПТОнун туткуну болгон азаптарын эстеп бар үнү менен бакыра:

– Ки-аа, – деп ачуусу менен Хайдардын мээсин чачырата чапты. Ал жердеги кыздар бейкүнөө, бирок ийне сайынганы көрүнүп турат. Хайдардын мээси чачыраса алар хи–хи–хилеп, рахаттана күлүп жатышты. Боору ооруган Маха бөлмөдөн аларды алып жөнөдү эле, абышка жете келип:

– Из калтырба, буларды ташта, – деди. Ал жерди газ каптай баштады.

– Качуу керек.

Эшиктен чыга качып баратып чылымды тутантып, ыргытып кетишти. Маха жээкке жеткенде абышка келе элек кези. Тынчы кеткен Маха айласын таппай турду. Таң сүрүлө баштады. Абышка жетип келди бирок абалы оор. Маха абышканы суудан араң алып өттү. Темир жээкте чыдамы кетип ары – бери басып турган. Болжогон жерден кыйла төмөн агып кетишиптир. Абышканы жекесине коюп Маха Темирге жеткенде таң агара баштаган. Алар жолго чыгышты.

– Кандай, эптедиңерби?

– Ошондой го. Эми газ күйүп жарылышы гана калды.

– Тан атып кетти го жарылбаса керек?

– Жарылат!

Булар жээктен узаган кезде газ атылып, Хайдардын кафеси күйүп күлү көккө сапырылды. Абышканын абалы ошондон кийин көпкө сундалып жүрүп оңолду. Булар эки эшиктен кайткан кезде Абышканы кимдир бирөө башына темир менен уруп жиберип качып жөнөй бергенде аксакал жыгылып бара жатып, тигини кекиртек тарапка муштайт. Көзү караңгылап аз жерден газ жутуп калайын деген. Мээ чайкалып баш сөөктөн жарака кетиптир. Темир аны Бишкектин чоң догдуруна көрсөтүп дарылатты.

– Маха тигил жак тынчып бүттү, эми үйлөнөсүңбү?

– Билбейм, дагы да болсо мени кимдир бирөө издегендей сезилет.

– Сен ушунча өмүр ушул коркунучта жашап көнүп калдың, ошон үчүн ушундай болуп турасың.

Арадан беш ай өттү. Баягы дүкөнүндө иштеп жүрдү. Калыскан базарлык кылып келип калды, Маха Темир байкеси экөө болчу. Соода кызуу. Казакстанга, Россияга да ушул базардан жүк ташыла баштаган.

– Жемпир канчадан?

– Эки жүз сом.

– Кымбат го, мен канчадан сатам?

– Сизби? – Темир Калыскан менен соодалашып жаткан. Маха бурула калып Калысканды көрүп калды.

– Кандайсың?

– Маха, сен чыкпай калдың эле го.

– Жөн эле бир жумуштар менен...

– Жумушуң бүттүбү эми?

– Бүттү.

Темир байкесинин кулагына шыбырады.

– Байке мен издеген кыз ушул.

Темир астыртан кызды карап:

– Болот, алып бара бер. Мен жеңеңе кабарлап коем.

– Келе баштыгыңды биздин дүкөнгө коюп турчу.

– Менин унаам кетип калат.

– Жетишесиң. Өзүм жардам берем.

– Азырчы?

– Азыр тамактанабыз. Шаарга чыгабыз. Калыскан Маханын көңүлүн кыя албай кошо жөнөдү.

– Шаарга дейсиңби?

– Ооба, – Маха кызды жетелеген бойдон таксиге олтурушуп шаарга бет алышты. Кыш келип күн кыскарып

калган. Алар кафеде олтурушту.

– Мен кечиктим!

– Ооба, сен да, мен да кечигип жүрөбүз. Сени ушунча күттүрүп койдум, өз күнөөмдү мойнума алам. Кел эми, турмуш куралы!

Махадан мындай сөздү күткөн бирок, угаарына ишенген эмес. Себеби, анын Алтынайы бар эмеспи. Калыскан эмне дээрин билбей, чын же тамаша экенине түшүнбөй Маханы үн–сөзсүз карап тура берди.

– Калыс, ишенбей турасыңбы?

Кыз бечара суроого жооп берүүнүн ордуна көзүнөн жаш куюлуп кетти.

– Билем мен бир кезде сени көп кыйнап койгом, ишене бербейсиң бирок айткан сөздөрүмдүн баары чындык. Мени кечир!

Калыскан мындай күндү канча күттү. Жүрөгү туйлап калтырак басты.

Той башталды. Маха Зайна апаны эчак Бишкекке көчүрүп алган, келинден көзү чачырап кудайдан тилеп күткөн эне, кубанычтан ыйлап, көйнөгүнө чалынып, өзү келиндердей шыпылдап жумуш жасап жүрдү.

– Эне, чарчап каласыз, олтура бериңиз, биз эле жетишебиз

Сүйүнгөн эне болчудай эмес.

Маха адатынча күчүн чылымдан чыгарды. Оор–оор үшкүрө үйдөн обочороок жердеги көлдү айланып чылымдан кере соруп коюп кусага малынган жүрөгү тынчыбады. Темир издеп жүрүп, Маханын маанайы пас отурганын көрүп чоочуп кетти.

– Маха, сага эмне болду?

– Эч нерсе!

– Ушул кызды күтүп, ал сени күтүп, эми бакыттын эшиги ачылаарда эмне кыйнап жатат?

– Өзүмдү өзүм кыйнап жатам!

Чылымын соруп-соруп, Маха улам аркы-терки баса баштады. Темирдин чыдамы кетти.

– Олтурчу жаныма. Сени эмне кыйнап жатат? Мага ачыгын айтсаң жеңилдей түшөсүң.

Өзүнүн Жаңылайга болгон махабатын ачыкка чыгаруу Маха үчүн оор болдубу, айтор олтуруп, туруп улутуна берди.

– Кана иничек, кыздардан коркуп калган окшойсуң,

Маханы тамашалап жонуна таптады. Суроосун кайталады.

Маха байкесине Жаңылайга болгон махабатын айтып, Жапарга кылган жамандыгын да ачык айтты.

– Жаман иш болгон экен. Чоң ката кетирипсиң.

Баятан араң сүйлөп олтурган Маха жаш балача ыйлап жиберди. Темир да ыйлап алсын дедиби унчукпай олтура берди.

– Мына, байке, мен ушундай акмакмын. Эч ким кечире алгыс иш кылгам. Мени кудай жазаласа болмок, бирок жазалабады. Алла Таала ак көңүлдүк кылдыбы же бечара жетим деп бооруна тарттыбы, айтор билбейм, жазасыз калдым. Көрбөйсүзбү эч нерсени билбеген кишидей бирөөнүн мончоктой кызына үйлөнүп жатам.

Темир да улутунуп, Махага акыл айта баштады. Аны сооротkусу келди.

– Ошол Жапар жаралганда пешенесине ажалы сенин колуңда деп жазылган. Буга сен эч качан күнөөлүү эмессиң, жазмыштын буйругу. Сен, мен дегеле адамдар жогорудан келген буйрукту аткарабыз.

– Жок байке, аны ошончо сүйүп кызганганда да башка жол менен тартып алсам болмок.

– Ал кыз да Жапарды ошончо сүйүп калган тура. Сен аны кандай жол менен болсо да кайрып ала албайт элең. Болору болуптур эми, аларды унут. Улам өткөн кечээги күн бизден алыс, аны кайрып оңдой албайбыз. Сен жараткан берген сыноодон гана өттүң. Өмүрдү, дүйнөнү чыдамкайлар гана кура алат. Айтайын дегеним, алдыга кадам ташта. Эми жаңылбай жашашка аракет жаса. Бул ишти өзүңдөн башка ким билет?

– Сиз, мен, Жаңылай!

– Ал да билеби?

– Мен ага катта ачык жазгам.

– Ошону бекер жазыпсың.

– Аны жазбасам жиндеп кетмекмин.

– Кат жеткен деп ойлойсуңбу?

– Ооба.

– Ага, жолуктуңбу?

– Кайдан. Жүзүм чыдабады.

– Мен айылга барганда... жок болбойт.

– Маха сен менден канча кичүү болсоң да көп окуяларды башыңдан кечирипсиң. Мен тоголок жетим болсом

да сенчелик жомокко бай эмесмин. Тигил Хайдарга кайдан илинип калдың?

– Оох.— деди Маха оор улутуна. – Ага жолуккан каргашалуу күндүн башатын эстегим да келбейт.

– Эмнеге?

– Мына ошол Хайдардын жигиттери ар көйгө салып жүрүп таш боор, мыкаачы болуп тарбияландым, кудайдын буйругу менен сүйүү мени ушул жолдон кайрыды. Мени сүйүүгө багынта алган Жаңылайга миң ирет ыраазымын...

Маха сөзүн улады.

– Жети жашар бала кезим. Сабакка баргым келчү эмес. Окууну жактырам, бирок мектептен качам. Себеби, өтүгүмдүн оозу ачылып балдар шылдыңдашат. «Өтүгүңө нан берип койбойсуңбу? Курсагы ачып калыптыр» дешет. Жаңы өтүк алууга акча кайда. Балдар мектептен майлуу токоч алып жешет, мен шилекейимди жутуп бир бурчта карап турам. Ошентип жүргөндөн жадай баштадым. Үйдөн апамды алдап мектепке жөнөйм. Бирок сабакка кирбейм. Мектепке жакын жерде айылды четтеп «Кара жыгач» деген багыбыз бар, ошол жакка кирип кетем. Кар кечип жүрө берем.

Бир күнү суусап суу ичким келип жээкке түштүм. Суунун жээгинде үңкүр бар. Ошол жерде бир адам жатыптыр. Коркууну билбеген экем. «Эй, киши эмне жатасың?» деп аны түрткүлөдүм, онтоп жиберди да мага «Уулум менден коркпойсуңбу?» деди. «Жок коркпойм» десем, «Азаматсың, туруума жардам берчи?» деди. Аны таяп тургузуп жогору тарткыладым. Аңгыча бир топ кишилер келип, мени кармап, көзүмдү бекем кысты, кулагымды да басып алды. Антсе да бир жак кулагымдан тигилердин сөздөрү угулуп турду. «Дары кайда?», «Билбейм» деди. Тигил киши «Жок кылгыла!». Алар эмне кылды билбейм, айтор шарп этип сууга түшкөнүн уктум. «Баланы эмне кылалы?», «Мени карачы?» деп бир топко мени карап турду да «Алып кетебиз» деди. «Мен барбайм апам мени издейт» дедим. Кайра кайрылып «Канчада окуйсуң?» «Экиде», «Апаңдан бөлөк кимиң бар?» «Эч ким».

Бутумдагы өтүктү буту менен тээп «Жүр кийим алып берем» деп мени Шамалды-Сайга алып барып кийинтти, курсагымды тойгузду. «Сен баатыр жигит турбайсыңбы? Акылдуу баатыр жигиттер бир сүйлөйт,

бүгүнкү көргөнүңдү эч кимге айтпайсыңбы? Айтпасаң ушинтип кийим алып берип турам. Макулсуңбу?» «Ооба айтпайм. Апам мени эч кимге ашыкча сөз айтпа деген» десем «Азаматсың» деп бир аз акча берди. «Шеф, баланы катуу сыйладыңыз го?» «Бул бала көп ишке жарайт, шашылба!» деди. Кийин-кийин апамдан ачык сурап алып кетчү болду «Машинамды жуудурам» деген шылтоо менен үч-төрт күн алып жүрчү. Ал – Хайдар болчу, жылуу жумшак мамилеси менен өзүнө тартып алды. Ал эми, ПСИХ, ПТО экөөсү алмаксалмак чүнчүтүшчү. Хайдарга даттанууну билбептирмин.

Бир күнү арызданганы келип турсам, кандайдыр бир үндөр угулуп калды. Жакшылап тыңшасам «Баланы даярдап бүттүңөрбү?» десе ПТО «Бышып калды го», «Сизге арызданган жокпу? «Жок» демек иштесе болот». Алар каткырып күлүштү. Булар Хайдар, ПСИХ, ПТО болчу. Ошондон кийин Хайдарды жек көрө баштадым. Алар ар түрдүү жорукка салып кыйнашчу эле, көрсө бышытып жатышкан экеп. Ошентип алардын адаттагы ити болдум да калдым.

– Ал топтон кантип чыктың?

– Ал топтонбу?

– Негизи мындайдан аман чыгуу кыйын жана күмөн.

– Туура айтасыз. – башын салаңдаткан Маха – Эх, мендей акмак бар бекен ааламда?! Анда кыш эле. Жаңылайды жактырып жүрөрүмдү артымдан киши салып ПТО ийне жибине чейин билип алыптыр. Анткени Жаңылай менен Жапардын артынан күн–түн чуркап алардын көп иштерин аткарбай жүрдүм. Бара–бара алар тарапка такыр баспай калдым. ПТО «Сага эмне болду?» дегенде «Мен жөнөкөй адам болгум келет» десем аябай каткырып күлүп, «Кечиктиң балакай» деген, көрсө мындай топтогулар адамдын таалуу жерин байкаштырат тура. Мени, Жаңылайды кап кийгизип алып барышты.

– Анан эмне болду?

– Хайдардын алдына Жаңылайды, мени да киргизишти. Жаңылайдын башындагы капты алды. Менин ошондогу абалымдын оордугун сөз менен жеткире албайм. Колу–бутум байлануу. Мен каптагы адамды Жаңылай деп ойлобогом. Айламды таппай кап ичинде тиштенип да, титиреп да тура бердим. Жүрөгүмдүн тарсылдаганычы, атып кетейин дейт. Жаңылай болсо чолпондой көздөрү

жалдыран Хайдардын алдында.
– Дароо басып алдыбы?
– Хы, жок, мандайында турду.
– О-ох, ошондой дечи. – Берилип угуп турган Темир окуянын ичинде кошо жүрдү.
– Жаңылайда корконунан титирейт. Аппак жүзүнөн нур төгүлүп, маралдай керилген мүчөсүнө сулуулук кошот. Хайдардын шилексйи чууруп кетти көрүнөт, бир топко үн-сөзсүз карап турду. Хайдарга кудай ыман бердиби, же Жаңылайдын чырайына таазим кылдыбы, айтор «Мындай сулууга кол тийгизүү акмактык. Ансыз да кудай алдында чоң-чоң кечирилгис күнөөм көп, ушул жолу чүрөктү тынч коеюн» деп «Жсткизгиле бир тал чачы түшпөсүн!» деп жигиттерине буйрук берди. Ошондон кийин Хайдар үч күн суракка алууга дарамети жетпей ыйлап жата берди. Кийин мени жарытып да суракка алган жок, тескерисинче «Ушундай периштени сүйө алган сендей баатырга оомат!» деп мени топтон чыгарып жиберди. Ошондо Жаңылай экенин билгем.
– Аа, сен, Жаңылайдын келбетине таянып бошонгон экенсиң да. Периште дечи.
– Ошондой. Ошол күндөн кийин ал кызды өз энчиме басып алдым.
– Сен ошолорго дары ташып жүрүп, өзүң наркоман болуп калбаганың кандай?
– Мага апийимди жолу менен тартса ага биротоло көнүп албайт деп Хайдар үйрөткөн, ал киши өзү да тартчу. Ийнесин гана сайынба дечү. Бирок аны да сайындым.
– Аны качан пайдаландың?
– Аныбы? Аны – чылымды удаа–удаа соргон Маха оор ушкүрдү – Жаңылайды издеп Оштогу таежесинин үйүнө барып, ал жерден Алтынай аттуу бөлөсү менен таанышчтым. Ал аркылуу Жаңылайды табам деп ойлогом. Бары башкача болуп кетти. Жаңылай көрсө Фрунзеге кетиптир. Анын кайда экенин билбей, Оштон издеп жүрө бериптирмин. Алтынайдын көз карашы Жаңылайга окшоп кетчү. Ошол карагаттай көз карашына арбалып, жашап калдым.
– Ой, ошону алып албайт белең?
– Жок. Аны алсам да болмок, бирок кыздын туругу жок. Ийне сайынгысы келгенде баарын унутуп коет.
– Өзүңчү ийнени кантип таштадың?

Маха өткөндүн баарын айтып берди.

– Калыскандын мээнети зор тура.

– Ошондой. Бирок Калыс өзүн менден алыстатып жүрдү. Көзү сүйөрүн айтып турса да өзүнө бекем кыз, сыр бербеди. Сизге жомогум жактыбы?

– Оор тагдыр экен!

– Мени жек көрүп калгандырсыз?

– Тескерисинче аяп турам.

– Менин периштем бактысыз болуп калды.

– Ал да өз тагдыр жолу менен жашап келди жана жашай берет. Эми Калысты жакшы күт.

– Арга жок жашоо, бир өмүр өзүмдү кечире албай өтөм го. Жаңылайдын жүзүнө да каралбай өтөм.

– Кызык, ачыгын билсе, эмнеге сени сотко бербей жүрөт?

– Ким билет. Болоору болду деп жүрсө керек.

– Же өзүн күнөөлөп жүрөбү?

– Билбейм...

Алар үйгө кайтып келгенде жеңеси

– Ой, кайда жүрөсүңөр? Келиндин жеңелери келип калышты – деп шашкалактады.

... Жалал-Абаддын базарында кийим сатып жүрдүм. Бишкектен дүң алып келем. Кайын атамдарды да багам. Байып да баратам. Бишкекке барганда Зина эжемдин үйүнө киргим келип, убакыттын тардыгынан кире албай жүрдүм. Бир жолу Белегимди алып элден бөлүнүп Бишкекке Зина эжемдин үйүнө бардым. Сагын да чоң жигит болуптур. Аябай эрке өсүптүр. Ата мээримине тоюп өскөн бала башкача болот тура. Анын жанында Белегим көзүмө бир бечарадай көрүнүп кетти. Жүрөгүм ооруду. Ансызда муңга толгон көөдөн ого бетер сыздады. Буга чейин билген эмесминби? Же тиричилик менен алышып элес албасам керек, жүрөгүм сыздап калды. Жарытып киши менен сүйлөшпөйм. Ой басып жүрө берем.

– Жаңылай, Россияга жүк тартпайлыбы?

– Сиз ошол ...

– Ооба, ал жакка жүк ташып көнүп калдым. Мага сендей ишеничтүү шерик керек.

– Макул.

Белекке айтсам макул болуп, чоң атасыныкында калмай болду. Зина эже экөөбүз вагон-вагон жүк тартып калдык. Бир күнү Зина эже

– Бизге вагон жок. – деди.
– Эмнеге?
– Махалар жүк салыптыр.
– Маха. Ал ким?
– Биздей окшогон соодагер.
– Мурда кайда эле?
– Мурдатан жүк ташычу, аялы Калыс деген.
– Калыс!

Мен Маханы андай чоң сатуучу катары күтпөгөм. Аты окшош болсо керек деп койдум. «Эжем болсо Маханы тааныйт, эгер ошол болсо мага айтмак, демек аты окшош» — деп өзүмдү соороттум. Бишкектен үй алгам. Абдан жакшы үй. Менин жашоом мынчалык жакшырат деп үч уктасам түшүмө кирген эмес. Кийинки сапарда Маханы чала–була көргөнсүп калдым . Арадан айлар өттү. Зина эже Россияда калып, Бишкектен жүк сүрмөй болдум. Уулум да бар. Жайкы каникулду ошол жактан өткөрөбүз деп Сагын экөө тең ээрчип алышкан.

Бир аял кирди артынан келе жаткан киши шарт бурулуп чыгып кетти. Көзүмө жылуу учурай түштү. «Ким?» деген суроо мени олтургузбай койду. Кирген аял дароо үйкуга кирди. Акырын ажааткананы шылтоолоп чыктым. Көргөн көзүмө ишене албай карап турдум. Ал – Маха. Мени тик карай албай жатты. Мен жакындай жылдым, ал кайда качарын билбей туйлагансып турду.

– Саламатсыңбы? – Маха көзүн ала качты.

– Кандайсың?

– Маха деген сен белең? – дедим, ал башын жерге салды.

Мен жанында тура бердим. Ички сезимим кээде жек көрүп, кээде аяп бараттым... Маха өзүн кайда катаарын билбей ордунда тура берди...

Бар күчүмдү жумшап поездден алып ыргыткым келди. Күчүм жетмек беле. Менин бактыма балта чаап, өмүрүмдү азапка салган ушул Маханын маңдайымда турушу кыжырымды кайнатты. Өзүнүн жазган каты чөнтөгүмдө жүргөн. Ошол катты алып чыгып четин күйгүздүм. Кат өрттөнүп бүткөн кезде:

– Сен мени ушул кагаздай күйгүздүң. Эми кезек сеники. Сени да кудай күйгүзөр күн бардыр! – деп басып кеттим.

Маха бирде бозоруп, бирде кызарып, титиреген бойдон

кала берди.

Жаныбыздагы аял Маханын аялы экендигин түшүндүм. Ал ойгонгон кезде

– Кел, таанышалы?

– Калыскан.

– Жаңылай. Канча балаңыз бар?

Жаркылдап жайнап бара жаткан Калыс ойлоно калды.

Мен анын ойго тунганынан «Бала көрбөй өтүшү мүмкүн мыкаачы! Буга мындай жаза аздык кылат» дедим ичимден. Калыскан таң калыштуу карай берди. Менин көздөрүмдө мыскыл жана кек аралаш заар турду.

Арадан дагы эки жыл өттү.

Уулумду университетке окууга киргизем деп догдурдан өткөрүп жүргөм, шаардын көчөлөрүн жөө айлангыбыз келди. Бир четте майыптардын арабасын аял жылдырып келе жатыптыр. Алгач көптүн бири катары көңүл бөлгөн эмесмин. Арабадагы киши шап колумдан кармаганда:

– У-ай! ай! – деп карап алып көргөн көзүмө ишенбедим, коркуп кеттим. – Маха!.. Сен...Сенби?

– Ооба, менмин! – Менден жашырынбай кайра, мени кара деп өзүнө көңүл бургузганы таң калыштуу болду.

– Эмне болду? – эзелки кегим эсимден эчак чыгып кеткендей боорум ооруп кетти.

– Авариядан ушул абалга түшүп калдым. Менин да төрүмдөн көрүм жакындагансып турат. Мени кечир! – көздөрүндө жалтануу жок, колдорумду алмак–салмак бетине коюп – Эгерде кечире алсаң?.. – деди.

Бирде Калысты, бирде уулумду карап эмне дээримди билбей тура бердим. Оюма чоң энемдин «Бир адам күнөөсү үчүн кечирим сураса кабыл албасаң, акыретке барганда анын күнөөсү кечирбеген адамда калат» деген сөзүн эстедим. «Ичимден мындан бешбетер болбойсуңбу?!» деп турсам да:

– Кечирдим. Эми эскини ойлобой, өзүң жөнүндө ойлон, жакшы болуп кет – деп коюп колумду тартып алып, басып кеттим.

Жүрөгүмдөн ыйлап да, сыздап да бараттым.

– Апа, ким? – деген Белектин суроосун жоопсуз калтырып, күчүмдүн жетишинче тез–тез бастым.

Ушул азыр ээн талаа, эрме чөлдө болсомчу, жок деген-

де кумарлуу кумдун ичинде Нарынды бойлоп турсам да арманымды чыгара өкүрүп–өкүрүп албайт белем.

Атаганат, арман күн ай, ушунча бактысыз өмүр, тар жол таалайсыз тагдырга туш болгон пенделердин акыркысы болсомчу. Өмүр бою өмүр шеригим армандуу көз жашым болду. А, Маха болсо кылган күнөөсүнө алган жазасы – туяксыз калса, эми миштип арабада. Бечарага да оор. Бир жолку жаңылыштык, бүт өмүргө азап берет тура.

Үйгө араң жетип олтурсам, телефон тынчытпайт. Алгым келбей олтура бердим.

– Апа, сизге эмне болду? – Белек келип телефонду алды.

– Тайэне кандайсыз? Апамбы мына... алыңыз!

– Кандайсыз апа?

– Тез келгиле, Совет жездең өтүп кетти! Биз силерди күтөбүз! – Өзүм араң олтурсам апамдан суук кабар уктум.

Кабарды угуп буулугуп турган жаным боздоп–бурку-рап жибердим. Белегим мени чимирилип чебелектейт

– Апа ыйлабачы. Эмне болуптур?

– Ошко такси таап келчи. Батага барабыз!

Белек суроо бербей жүгүрдү.

Ошко бардык. Жездем да, таежем да өтүп кетиптир. Атама жездемди гана угузуп, таежемди барганда айттык. Жалгыз уулу гана жоктоп калды. Алтынайдан дарек жок. Далай жолу дарыланса да токтото албай коюптур. Ал тургай дайынсыз. Нашаа анын түбүнө жетти го. Ушул кызынын айынан жездем да, таежем да кап басымдары көтөрүлүп жүрүп, акыры жездемдин ааламдан өткөнүн укканда көтөрө албай таежем да өтүп кетиптир. Бир көргө коюлду. Жарык дүйнөнү адам баласы үчүн эң бактылуу учуру балалык кез экен. Ата–эненин мээримине бөлөнүп эртеңкиге ой жок, оюн күлкү менен күн өткөрүп дүйнөнү тегиз кабыл алып бейиште жүргөндөй капасыз, пурга бөлөнгөн балалык өткөн соң, тагдыр салган таш жолдо, бирде тайып, бирде басып, күлүктү темине чаап да жүрө берет экенбиз.

Тагдыр, тагдыр, бирөөлөргө бак орноткон, бирөөлөргө чок орноткон, бирөөлөрдү торго салган, кээ бирөөнү орго салган шум тагдыр!..

## ТАГДЫР ЖАЗЫМЫШЫ

Түн... Айлана мемиреп тынч. Кезеги менен гана көлмөдөгү бакалар алмак–салмак чардашып, көчөдөгү чынар теректин түбүндө үй жайсыз калган бир бечера уктап жатат. Жолбун иттер да, анын аракка ууланган жытына көңүлү айныгандай обочорооктон жийиркенип өтөт. Кара чүмбөт чүмкөнүп каракчы кыяпатын кийген бирөө кара мышыктай секирип, пайдубалдын кырына конду. Дүпүйгөн дарактын кап ортосунан орун алган үкү көңүл буруп карагыча, ал караан куюндай көтөрүлүп, көздөн кайым болду. «Ким бул?» деген суроо түндү козгоп койду көрүнөт. «Шуу» деген муздак жел желпип өттү.

Каракчы кейпиндеги адам «дүп» этс майда бадалга жашынды. «Бул үйдүн адам жечүдөй иттери кайда кетти экен?» Эки жагын элеңдей карап, көзүнө эч нерсе көрүнбөгөн соң отура калды. Жүрөгү кысылып, бирөөгө эмес, чөпкө да зыян кылбаган бул адам эки анжы ойдо турду.

«Мен киммин?» Өзүнө суроо узатты. «Каракчы, ууру, же бөрүмүнбү, же бир байдын алгыр, илгир түйгунумунбу? Канчаларды какшатып, бышкан ашына ээ болгон алардын кургурумунбу? Менин минтип кайрымсыз, мээримсиз болушума ким күнөөлүү? Канча жолу рахаттана жасаган каракчылык ишим кесип болуп, аны аздектеп алууга ким мажбурлады? Эмнеси болсо да, менин өмүрүмдө «каракчы» деген эн тамга басылып, көөдөндө кара көө уюган кир болуп калдайын, кагын менен оорун айыга албаган адамдай жарат калды. Ал жарат темир торго түшкөндө ырбап, бир гана өч алуу сезими түйүнчөктөй түйүлүп, өмүрдү сайып коюуга аргасыз кылды».

Ушуларды ойлогондо кыз башы менен жасап жаткан ишине да кайыл болуп турду. «Тез жардам» машинасынын ачуу чыңырыгы угула ушул үйгө ак халатчандар кирип, шашылыш бирөөнү арабага сала жылып кетишти. Мойнун созо далилдеп көрө албаганына өкүнө жер муштап отуруп калды. «Кечиктим!..» ичи күйүп кетти. Караңгыда турган каптарды тээп жиберди. Бул адамга кезиккен алгачкы күндөрү көз алдына элестеди...

... Жол боюндагы чоң арыкты бойлоп, айылдагы жаш

балдар жай саратан аптабында акактап, суудан чыкпай жатышты. Саратанда жаш балдардын эрмеги жээктеги кумга оронуп, күнгө кактануу, сууга чөмүлө албагандар жээкке ылайдан кабат үйлөрдү, нан, боорсок жасап, той өткөрүп жатышат. Той кызыган кез...

– Келиңиз, кудагый, келиңиз!

– Арбагыла кудалар! – Кичинекей Айкан тызылдап чуркап, келди-кеттини тосуп, өз дитинде кадыресе конок тосуу менен алек. Балдардын оюнуна назар сала четте турган сержант Хамидди эч ким байкаган жок. Хамид да чоочутуп албайын деп этияттык менен карап турду. Аңгыча Айкан: – Биздин тойго келдиңизби?

– Ооба.

– Коюңуз барбы?

– Кой? – Хамид чоочугандай кайра сурады.

– Тойго куру барбайт го!

Наристеден мындай сөз күтпөгөн Хамид күлүп жиберди. Кыздын тике караган көздөрү сержантты таңдантты.

– Кимдин кызысың?

– Атамдын.

– Атаңдын аты ким?

– Абдырашит.

– Тиги, айылдагыбы?

– Ооба.

– Мен, атаңдын досу болом, жүр үйүңө барабыз.

– Кеттик. – Артына бурулуп: – Мен кеттим, үйүмдү бузбагыла!– деди кыз.

– Сен тойду буздуң го, мына сага! – Балдардын бири кыйкыра сүйлөп, Айкандын үйүн таш менен бузуп салды. Ачуусунан кызарып чыккан кыз чуркап барып, тигил баланы мурун талаштыра бир койду.

– Апа-а! – Бала чыркыраган бойдон мурдун басып калды. Заматта оюн бузулуп, балдар тегеректеп калышты.

– Мурдуңду сууга жуу! – деди Айкан буйрук бере. Хамид чыдабай кетип, баланы колдон ала сууга алып барып бетин жууп жатты.

– Сиз, Айканды камайсызбы? – деди баягы мурду канаган бала. Хамид эмне дээрин билбей калды.

– Сүйлөбө, оозуңа кан кирет, – деп Хамид катар турган балдарга кайрылды: – Силер эмне тизилип калдыңар?

– Антпесек Айкан бизди урат да.

– Ооба, ошондой. Мени укпаса урам. – Айкан эки

колун аркага ала бир топту жетектегендей көкүрөгүн көтөрүп алган. Хамид кызды карап «Оцой кыз эмес» деп ичинен ойлой, баштан аяк дагы бир сыйра карап алды.

– Каякка? – Айкан ачуу чыңырды. Хамид артка кылчайса жанагы мурду канаган бала качып бара жатат. Айкан эми кууп жөнөгөндө, Хамид аны кармап калды.

– Мен сага үйүңө баралы дедим белс?

– Кеттик анда.

Кодурайган көк көз кыз машинаны карай тартынбастан басты. Басканы кайраттуу, тайманып да койбойт.

– Токто, Айка-ан! Токто! Кайда барасың, көрүнгөндү ээрчип кете бересиңби?

– Атамдын досу экен, жүрсөң үйгө барабыз!

Тигил кыз Хамидди карады. Хамид кыздын оңубашын окшоштуруп, Айкандын эжеси экенин билди.

– Чыккыла машинага деди. Эки анжы болуп турган эжесин Айкан колдон тартып машинага чыгарып алды.

– Коркпой чыга берсең, мен турам го!

– Бул сөздү уккан Хамид же күлөөрүн, же таң калаарын билбей, бир аз ойлонуп туруп, анан «бырс» күлүп жиберди.

Машина ордунан козголгондо жардап турган балдар колдорун асманга көтөрүп: – Ураа, Айкан камалды!

– Кана, мындай болчу ушуларды. – Эжесинин нукуганыпа болбой. – Мен кайра келем, өлөсүңөр! – деп муштум кезей ордуна отурду. Балдардын дароо тынчтана калганын байкаган Хамид айдоочу экөө күлүп калышты.

– Ой, бо-ой, тополоңчу бала окшойсуң?

– Айтпаңыз, уул болуп калса болмок!

– Ие, кызбы?

– Ооба, кыз.

– Быйыл окуйбу?

– Мени мектепке киргизбейт.

– Эмнеге?

– Эжекенин баласынын мурдун жара койгом.

– Ох–хоо, сенден коркуш керек турбайбы.

Ансайын Айкандын мурду көтөрүлүп калды.

Көп жыл көрүшпөгөн эки дос кучак жая көрүшүп, бабырашып кепке киришти. Бир козу союлуп ал күнү Хамид шериги менен түнөп, конок болушту. Сөз арасында бала-чакалар жөнүндө кеп козголду.

– Канча уул, канча кызың бар.

– Хамиддин суроосуна бир аз буйдала түшкөн Абдырашит: – Он кыз, – деди уялгандай.

– Он кыз! Баары кызбы? – Хамид таңдана кайра сурады.

– Ооба, баары, – деди да, кыздарын чакыра катар тизип аттарын атай баштады – Аида, Алима, Айдай,

Ултай, Уулболсун, Болдукыз, Айкан, Асыл, анан бешикте Апал, Үнөл.

– Кыздарды сатып байып алат экенсиң да – Тамашага чалды Хамид.

– Куда кааласа.

– Эми досум, ушуга да шүгүр де, кыз эмес кызыл битке зар болуп мен деле жүрөм. Балам жок үчүн балдар мектебин ачкам, каражатын өзүм көтөрөм.

– Интернатпы?

– Ооба, тапканым талаага кетпесин деп ушул ишти мойнума алгам.

Досунун жасаган аракетине абдан ыраазы болгон Абдырашит чын дилден анын далысын таптады: – Азаматсың, досум!

Эртең менен эшик такылдады.

– Айка-ан! – Аялдын ачуу үнү угулду.

Сыртта кечээги мурду канжалаган баланы жетелеп апасы турду.

– Карагылачы, уулумдун мурдун эмне кылып салганын, – Аялдын безеленгенинче бар эле. Айкан муштаган жер көгөрүп шишип калыптыр. Апасы Айканды атып жиберчүдөй карады. Кыз сестенип да койгон жок. Баланын апасы жулкунган бойдон Айканды чаап жиберүүгө бет алды. Анын шилтеген шапалагы отура калган кыздын башынан өйдө кетип, аял аз жерден бурала жыгылып кала жаздады. Колу таамай тийбей калганына ызалана түшкөнө аял көсөөнү ала ынтыла жөнөгөндө Хамид кармап, көсөөнү колдон ала: – Шашпаңыз келин бала, бул кыз үчүн биз кечирим сурайбыз.

– Кызыңызды тарбиялай албасаңыз, бул жерден көчүп кетиңиз. Сиздин кызыңыздан таяк жебеген бала калган жок. Кичинесинен чоңуна чейин келтек жейт.

– Бул, эми жаш да. – Атасы сөзгө аралашты.

– Ошону айтам да, азыр жаш, чоңойсо кантебиз? Болор бала богунан, бул кыз эмес эле куюн, оо бала тарбиялабай...

– Буркан шаркап түшкөн аялдын үнү тээ көчөдө үзүлкесил угулуп бара жатты.

– Кагылайын кызым, балдарды урбачы деймго!

– Өздөрү тийишет да.

– Өздөрү, качан болсо өздөрү, ушул кызды адам болот деген сен айбансың, бул адам деле болуп жарытпайт! – Айкандын апасы күйүп кетти.

– Тарт тилиңди! Баарына сен күнөөлүүсүң, энедей болуп бир жолу бооруңа тарттыңбы, жакшы сөз айттыңбы?

– Мен айтпайм, сенин эркелеткениң жетет. Менин мындай кызым жок, төрөлгөндө алмашып калса керек, көргүм жок кызыңды.

Үй ичи заматта ызы-чуу түшүп жаңжал башталды. Копоктор упутта калды. Эжелери Айканды акырая карашып, айрымдары чымчып өтүшөт. Айкан эч нерсе болбогондой кайра аларга мыйыгынан күлүп турду. Бул кыз үчүн чаң тополоңго түшкөн үй-бүлөнү карап турган Хамид кызды чачынан сылады: – Келчи кызым, кетесиңби мени менен.

– Каякка?

– Интернатка.

– Ал жакта эмне иш бүтүрөм?

– Окуйсуң, спортко катышасың, машыгасың.

Бул сөздөрдү кулагы чалып калган апасы Анаржан: – Алып кетип анан, бушайман болсуз, – деп сөзгө аралашты.

– Жок, Айкан жакшы кыз болот.

– Кой дос, мен кыздарымды бере албайм, – Абдырашит кызды кучактап отуруп алды.

– Мен кызымды берем, анын айынан элден чыгып бүттүм, – деди апасы.

– Ушул чычкандай кыз көп көрүнүп кеттиби?

Айкан шарт ортого чыкты: – Мен кетем, аяш атам менен кетем! – деди.

– Сенсиз мен кантем, – деди атасы.

– А сизге аяш атам экөөбүз келип турабыз да, ээ, аяш ата?

Ойдо жок жерден чечим чыгып, Абдырашит кызын досуна берип койду. Буга канча айткан менен болбогон кызынын көктүгү себеп болду. Ал эмес, баятан көңүл калаар сөздөрдү сүйлөп жаткан Анаржан да эми кызынын чындап кийимдерин жыйнаштыра баштаганын карап ту-

руп ичи сыйрылып кетти.

– Кызым, чын эле кетесиңби?

– Ооба. Сизге, айылга жакпаймбы, кетем!

– Кызым сени мен жакшы көрөм, сени жөн эле коркутам деп ойлогом. Шоктугуңду коём дейт дегем.

– Мен эч нерседен коркпойм. Кетем.

Айласы түгөнгөн эне ыйлап ийди. Бирок кеч болуп калган эле. Кыздын көңүлү муздай түшкөнү качап. Апаржан баарын кеч түшүндү. Эми артка жол жок. Кызы кетип жатпайбы.

– Мына тилегиңе жеттиң!

Абдырашит аялын жекире карады. Жер жарылса кирип кеткиси келип турган эне ыйлагандан башка колунан эч нерсе келбеди. Мындай болоорун эч ким күтпөсө керек. Үйдөгүлөр Айканды ыйлап узатышты. Чоң жолго чыкканда кечээги балдар топ ойноп жүрүшүптүр.

– Айканды милиция алып кетти.

Балдардын бары машина тарапка жабылышты.

– Айкан камалды! Айкан көк көз – көпүрөдөн өтпөс.

Бирге ойногон айылдаштары кызды ушинтип узатышты.

– Силердиби, шашпагыла! Келгенде өлтүрөм! – Көк көз кыз муштумун түйүп, айылынан узады. Балдар кемсинткенге ызаланган жок. Борсулдап күлүп: – Көк көз болсом эмне экен, – деп бирдемелерди божурай берди. Баягы той өткөргөн жээкке жетип калышты. Кумдарын дагы бир ирет чеңгелдеп кеткиси келген кыз:

– Аяш ата азыраак токтоп турсаңыз?

Хамид кыздын көңүлүнө карады, башка аргасы жок эле. Кыз кыйраган шаарын көрүп башын чайкап турду да, билегин түрүнө ишке киришти. Күтүүдөн чарчаган Хамид да кызга жардам берип үйүн бүтүрүштү.

– Ураа менин үйүм бүттү!

– Эми, кетели кызым.

– Кеттик.

Кубанычы мойнуна батпай баратты. Айылдагы ызычуудан, апасынын заар чачкан көз карашынан кутулушу кыз үчүн чоң бакыт эле. Алар Андижанга барганда кеч кирип калган эле.

– Бүгүн курсагын тойгузуп, бир жума эркине койгула.

Хамид айткандай эле бир жума кенен кесир жүрдү. Спорт залда ойноп жүрсө, сексейген өзү курбалдуу сары

кыз келди. Ал кыздын чачы да өзүнөн бетер сары экен.

– Сары кыз кел ойнойбуз.

Сары кыз үн-сөзү жок карап турду. Айкан жетип келип, колдон кармап: – Жүрсөң ойнойбуз.

Кыз колун сууруп алып: – Не хочу! – деп орусча сүйлөдү.

Айкан орус тилин түшүнбөгөн үчүн кыздын оозун эңилип атып карады. Сары кыз тыпылдап артка жөнөдү. Ээрчий баскан Айкан аны менен кошо сабак өтүп жаткан бөлмөгө кирип барды.

– Мүмкүнбү?

Айкан да анын катарына кошулуп туруп калды. Ал жерде Софя эже орус тилден сабак өтүп жаткан эле.

– Охоо, жаңы кызыбыз Ирина экөө окшош тура.

Экөөнүн тең көздөрү көк эле. Балдар күлүп жиберишти.

– Эки көк көз, эки көк көз.

Алакан чаап каткырып күлүп жатты. Ызаланып кеткен Ирина Айканды түртүп, бөлмөдөн сыртка чыгарып жиберди да, эшикти тарс жаап алып ыйлап жиберди. Айкан кайра кирди. Ыйлаган кыздын чачын сылап сооротkусу келди. Себеби, сары кыз жагып турган.

– Ыйлаба, колунан келсе көк көз болсунчу көрөлү.

Күлүп жаткандар таңдана Айканды карашты. Балдар менен кошо эле күлүп жаткан эже да уялып кетти.

– Туура айтат. Көк көздү да, кара көздү да кудай жаратат. Атың ким кызым?

– Айкан.

– Анда Айкан, бул балдар сенин досторуң. Кана балдар жаңы кыз менен таанышып алгыла:

– Ринат.

– Ирина.

– Карабай.

– Нооманжан.

– Нигора.

– Атабек.

– Жалал.

– Серик.

– Жантур.

Ошол күндөн тартып Айканга түйшүк түшө баштады. Хамид аяш атасы: – Мен кыргызмын, балдарга көбүнчө кыргыз тилинен сабак өтүлсүн. – деп табыштаган үчүн

сабактын орчундуусу кыргызча өтүлөт. Кошумча саатка орус тили, англис тили, арабча окутуу да киргизилген. Оюнга убакыт аз. Сабак окутуу тапшырма жазуу менен эле күн өтөт. Кечке чаалыккан балдар шоктук жасоого алы келбей тырп этпей укташат. Тартип бекем. Балдардын эң албеттүүсү эле Ринат. Сабактан начар. Окууга анча кызыга бербейт. Ал эми Айкан болсо өтө тырыщчаак. Бардык сабакты бирдей өздөштүрүп алдыңкы окуучу. Чанда-чанда гана төрт алып калбаса үч деген баа ага тааныш эмес. Ал төрттү да Ринат экөө урушуп калган үчүн эже-агайлар коюп коюшат. Баасы төмөн болбош үчүн Ринат менен кежеңдешкиси да келбей калган. Чарчап кээде окуудан жадап турганда оюна ата–энесинин жаңжалдашканы келет да, «Кызың адам болбойт» деп апасынын атасына кыйкырганы кулагына жаңырат. Атасын аяп кетет. «Мен адам болом» деп кайраттана окуй баштайт. Убакыт учкан куштай зымырап өтүп жатты. Кээде залда ойноп калышат. Ойногон сайын Ринат менен Айкан жок дегенде түртүшүп өтөт. Бир күнү чоң майрам болду. Залга арча жасашып, аны тегеренип, ырдап-бийлеп жаңы жыл тосушту. Аяз ата белек берди. Аяз ата ким экени балдарды кызыктырып койду. Аяз ата менен кеткилери келсе да, аяз атасы аларды таштап, «Мени башка балдар да күтүп жатат» деп кетип калды. Аяз ата буларга табышмак бойдон калды...

... Жаз да келди. Кезеги менен балдарды спорт залга киргизип, машыктыра баштапты. Хамид бул жерде көп жүрбөйт. Жумушуна байланыштуу сыртта көп жүрөт. Бир күнү дагы күтүлбөгөн чоң майрам болду. Бул күнү Хамиддин кубанычы койнуна батпай, балдардын ар бирин көтөрүп ойнотту. Каримжан агай да көңүлдүү. Кеч киргенде баары чогуу олтурушту. Балдар үчүн өзгөчө күн болду. Бул жерге келгени алар өздөрүн мынча таалайлуу сезишпеген Хамид буларга бүгүн чыныгы аталык мээримин чачып ак сөзүн айтты.

– Балдарым, мен силер үчүн жашап келе жатам. Бардык өмүрүмдү силерге багыштайм. Мына мен «Старшина» элем азыр младший лейтенант болдум.

– Балдар эмне экенин толук түшүнө албаса да кубанычына тең шерик болуп олтурушту. Алардын жүздөрүндө кубаныч жайнап турган эле. Кыязында алар ата-энелерин көргөндөй толкундана олтурушту. Уктоочу бөлмөгө

барганда Ирина бышактап ыйлап калды. Айкан да ата-энесин эстеп ичтен сызып келген.

– Ирина, ыйлабачы. Эмне болду?

– Сенин ата-энең бар. Менин да сендей ата-эне, үйүм, бир туугандарым болсо мен алардан кетпейт элем.

– Менин шоктугумдан айылдагылар апамдарды кыйнап жиберишти. Ошон үчүн келе бердим.

– Эми баргың келип жатабы?

– Ооба. Бирок барбайм. Апам мени жек көрет.

Апасынын жеп ийчүдөй караган көзүн эч унута албаса керек. Жүрөгү муздап калган кыз атасын гана сагынат. «Менин кызым эмес» деп ачуу арасында айтылган сөзүн терең кабыл алып алган...

... Машыгуу күндөн күнгө күчөп күндүн өткөнү билинбейт. Бир күнү Хамид: – Мага тамаша көрсөтпөйсүңөрбү? – Буларды машыктырган Акбар агай балдарды топтоп:

– Кана балдар тизилгиле, азыр биз Паханга үйрөнгөн өнөрүбүздү көрсөтөбүз. Ринат, Серик чыккыла.

Балдардын ичинен эң күчтүүсү Ринат. Эркек аталган жаш балдар ыйлаганы ыйлап Ринаттан жеңилип жатышты. Бир гана Серик кечирээк жеңилди.

– Жакшы, сен балбан турбайсыңбы.

Ринат мурдун көтөрүп мактанып турду.

– Аяш ата мен чыгам Ринатка.

– Сен кыз баласың. – Акбар агай Айканды четке тартты. Күтүүсүздөн колун шарт сууруп алып: – Мен шарт коём, эгер жеңсем мени атама алып барасыз, – дегенде Хамид тайсалдай түштү. Жаш кыздан мындай шартты күтпөгөн эле. Аргасы кайсыл.

– Макул кызым келиштик. Башта.

Акбар агай кыздын колуна мээлей кийгизип, Ринат экөөсүн ортого чыгарды. Айкан менен Ринаттын таймашуусу башталды. Каримжан менен Хамидке эрмек табылды.

– Хамид аке мен Ринатка жүз сом.

– Мен кызыма.

Экөө кол алыша оюнга назар салышты. Ринаттан көп балдар жеңилгени үчүн Айканга тартып сүрөп жатышты. Далайлардын мурдун каңтара коюп көнгөн кызга Ринатты жеңүү жеңил болбоду, экөө көпкө кармашты. Балдардын баары Айкан тарапка өтүп кеткени үчүн Ринаттын шагы сына түшсө керек, шайы кете баштады. Айкан уба-

кыттан пайдаланып болжоп туруп тумшука бергенде, бечара Ринат чалкасынан түштү. Мурдунан кан атып кетти.

– Охоо! – Акбар агай жете келип, Ринаттын башын жөлөй

– Ии–ийи сынбаптырбы?

– Ким билет.

Ринатты ортого алган агайларды коркунуч бийледи.

– Акырын эле урбайсыңбы?

– Кызга тийбегиле. Соня кызды алып кет бөлмөсүнө.

– Жүр кызым.

– Атама алып барасызбы?

– Барабыз, барабыз.

Айкандан башка балдар Ринаттын жеңилгенине кубаныш турушса да, анын жатып калышынан чоочуп турушту.

– Айкан, ал эми эсине келсе сени урат.

– Уралбайт, үйүмө кетип калам.

Соня кызга боору ооруп кетти.

– Эртең барабыз. – Кызды бөлмөсүнө киргизип коюп анын көзүндөгү чылкай толгон жашты байкады. «Бечара кыз, бул кызды ата-энеси кантип берди экен?!» Сонянын оюнда булар көп балалуу болуп бага албай калган деп болжоду. Айканга таңдын атмагы тозок болду. Эртеси жолго чыгышты.

– Айкан, кандай жакшы ата-энең бар, – Нигора да көзүн балбылдатып ага суктана ээрчиди.

– Келгенде силерге курут, май алып келем.

– Сен кайра келесиңби?

– Ооба, келем.

Хамид дагы башка сөздөр айтылып кетеби деп чоочулаган үчүн шаштырып алып кетти. Балдар Айканга суктана карап калышты. Андижандын жин көчөлөрүнөн чыкканча бир топ убакыт өттү. Жүрөгү тарсылдап кубанычка толгон кызга жол арбыбай ар бир мүнөт сааттай сезилип турду. Жолдо баратып айыл четиндеги кумдуу жээке жетип келгенде

– Аяш ата менин үйүм.

– Ээ, бул жерде Айкандын конушу бар эмес беле

– Конуш.

– Эми күтүшкө мажбурбуз.

– Эмнеге?

– Бир аз чыда, өзү деле кыздын акыркы изи калат бул

кумда.

Соня айласы жоктон күтүп олтурду. Убакыт өтүшү Айканды кызыктырбайт. Ал берилип там салып жатты. Катар тыттын башына жылкычы чымчык конду.

– Былтыркы чымчык өлбөптүр!

– Сен аны тааныдыңбы?

Алаканын шакылдатып чапкылаган кыз так секирип кыткылыктады.

– Жылкычы чымчык менен ушинтип учурашыш керек. Болбосо ал сизди өлтүрүп кост.

– Ха-ха-ха. – Хамид көзүнөн жаш чыкканча күлдү.

– Ырым–жырымдардын баарын балдардан угабыз.

– Бул кыздын салган үйүн суктануу менен карашты

– Азаматсың, кызым.

– Колу гүл экен.

Булар Абдирашиттин үйүнө жеткенде кечке маал болуп калган. Айкан эжелери менен, атасы менен ысык учурашты. Кеч киргенде кызга англисче, кыргызча да окутту. Кызынын сабактан жакшы экенин уккан атасы абдан кубанып жетине албай олтурду.

– Аяш, эмнеге капасыз! – деди Соня. Анаржан эмне дээрин билбей бир азга кызын карап турду, анан: – Кызым, кызым мени карабайт, – деп солуктап ыйлап жиберди.

– Ага өзүң күнөөлүүсүң. Болду эми, бышактабай!

Бул сөз ого бетер катуу тийип, эчкире тигил бөлмөгө кирип кетти. Кемпирин аяган атасы: – Айкан, апаңа барчы!

Атасынын сөзүн таштай албай артынан кирип, апасын карап тура берди. Бирөөнүн киргенин сезген эне артына караса, кызы турат. Кубанган эне кызын бооруна кысып: – Кызым, мага таарындыңбы? Мени кечирчи, алтыным сен, сен менин кызымсың! Кызым мени уктуңбу?

Айкан мелтиреп тура берди да, үн-сөзү жок шарт бурулуп, чыгып кетти. Кучагынан суурулуп кеткен кыздын артынан колун сунуп жыгылган эне солкулдап кала берди. Эртеси эле кетээрин укканда ого бетер ичи ачышып, жүрөгү сыздады.

– Кызым жакшы оку.

– Айканым, кетпей эле койчу, – апасы дагы ыйлап кучактап солкулдады.

– Апа, мен жакшы окуп, адам болгондо анан келем,

жакшы калыңыз.

Келгенден бери көзүнүн асты менен карап, үн-сөзсүз жүргөн кызынын азыркы сөздөрү эне бечараны кубантып жиберди: – Алтыным, жарыгым ошент кызым, адам бол, жакшы оку, биз сени күтөбүз.

Апасынын соороткусу келип сүйлөгөн менен, дагы да болсо таарынычы жазылган жок.

Ошол бойдон кызды алып барбады. Молдоке балдарга тесие тарткандьг, намаз окуганды үйрөтүп, ошол эле негизде өздөрүн «Тазалоочу» деген кудайдын ишенимдүү кызматчылары катары тарбиялап койду. Жаш балдар жүрөгүнө кабыл алып алган үчүн тез берилип, тез эле үйрөнүштү.

– Жараткан Алла бизге бул жарыкты биз үчүн берди. Биз момундар алланын кулубуз. Ошыкча дүнүйө топтоп, көп акча кармагандар Алла Таалаанын алдында күнөөкөр. Биз ошол күнөөлүү пенделерди күнөөдөн арылтуу үчүн эмгектенишибиз керек. Дубаны окуп ошол жүгүн алып таштаныбыз керек. Эгерде биз ала албасак чоң күнөөкөр болуп тозок отуна күйөбүз.

Молдоке шакирттерге түрдүү түмөн дубаларды үйрөтүп, «Тазалоочу» деген ыкма менен жүрөгүнө орун алдырып, чындап уурулукка, каракчылыкка тайманбай кирүүгө так үйрөттү. Жети жылдын ичинде илбирстей илгир, арстандай алгыр жаш улан–кыздар курчуп чыга калды...

... Эмиегедир бүгүн да чоң майрам, чоң той. Пахан болсо кучагын жая балдарын биринен сала бирин кучактап, бар дүйнөсүн бүт өмүрүн ушулар үчүн арнаарын кайта кайталап айтып жатты.

– Уулдарым, кыздарым менин чүрпөлөрүм мен силерге бүгүн дагы чоң той өткөрүп жатам. Менин кызматым бааланып, мен азыр «Начальник ГОВД» болдум. Өзүмдүн званиям да көтөрүлүп «Майор» болдум.

Каткыра күлүп, курсагын салаңдатып, ичинде кири жок далдаңдаган, баарын төгө балбаңдаган кишидей көрүнүп, балдарды өзүнө тартып турчу. Азыр балдар да званияны түшүнүп калышкан. Кубанычына шерик боло кошо кубанып жүрүшөт.

Бир күнү: – Тагай балдардын даярдыгы кандай?

– Өзүңүз анча мынча көрүп турасыз, базар сайын өмөрүп келип жатышат.

– Мен бир сынап көрөйүн.

Элтеңдеген Тагай Молдокеге: – Молдоке, бол, бери бас.

– Эмне энтеңдейсиң?

– Тигил, балдарды сынайм дейт го.

– Жакшы болуптур.

– Эмнеден баштайбыз?

– Эң биринчи менин фокусумдан баштайбыз. Апан Каримжандын өнөрүн корсотобүз. Менин фокусум менен сен окуткан билим бирдей кетсе жакшы болмок.

– Сындап жакшы өтсөк эмне болот?

– Ымм. Жакшы өтсөкпү? – Молдоке бир азга ойлоно калды да. – Ээ бас, жумушту баштагыла дейт го.

– Ха-ха-ха! – Тагай Молдокени шылдыңдап. – Азыр эмне иштетпей жатабыз?

Эки жагын элеңдеп карап алган Молдоке Тагайдын башын ийип: – Бул жумуштан чоң–чоң акчалар келет, ашкабак. – Башка бир сокту.

– Ахаа. – Колун ышкоолоп ушу азыр эле акча алчудай шыпшынды.

Бул кезде балдарды машыктырууга алып кеткен Каримжан Айдар экөө кирип келишти.

– Келгиле, кандай келдиңер?

– Жакшы эле.

– Абдан жакшы.

– Ринат качууга аракет жасабадыбы?

– Ким билет дейсиң, азыр тынч эле барып келди.

– Ошол баладан корком. Көзү тик.

– Мен болсо Айкандан чоочуйм.

– Э–ээ ал кыз бала го.

– Деген менен тайбас. – Каримжан көзүн алаңдата.

– Кандай жаңылык? – Айдар Молдокеге.

– Чоң иш. Шеф балдардын кимиси эмнеге шыктуу сынайм дейт го.

– Бардык жагынан сынайт бекен?

– Бир жума сын жүргүзөм деди.

– Эленет экен да балдар.

– Колунан жумуш келбегенин кантет.

– Убакыт көрсөтөт го.

– Молдоке ар качандан бир качан “Ринат качпадыбы?” деп эле саксына бересиз да, себеби барбы?

– Албетте, ал сегиз жашында качып кетип, үч айдан

кийин Кара-Көлдөн табылган.
– Кыргызстандагыбы?
– Ооба, шаарлап кеткен.
– Кантип табылган?
– Бос өзү кызматы боюнча ошол жакка барып, аны таап алган, тигил аял бербей зордун зору менен кайрып алган. Бирок Ринат келгенден кийин копко чейин эч ким менен сүйлөшпөй жүрдү.
– Балдар, Хамид чыныгы атасы эмес экендигин билет экен да анда.
– Билбей анан чоңойгондо келсе.
– Мынча баланы кайдан алды экен?
– Ким билет дейсиң.
– Бос келе жатат.
Баары унчукпай олтуруп калышты.
– Ассалом алейкум, балдар!
– Валейку салам, келиңиз.
– Каримжан иш кандай иним?
– Жакшы.
– Анда өнөрүңөрдү көрсөткүлө.
– Макул.
– Азыр баштагыла.
– Болуптур, азыр.
– Эмне экен азыр болсо баштай бергиле.
Каримжан эмнегедир калтырап, титиреп, чып-чып тер чыга бостон алыстоого шашылды.
– Макул азыр, – демиш боло эптеп ээрдин кыбыратып, сыртка чыкты да кенен дем алды. Утурлай чыккан Айдар: – Сизге эмне болду?
– Билбейм, иним, билбейм
– Көлдө ишиңиз жакшы болсо, буларга эмнеге тутулдуңуз
– Сурабачы аны. – Оор улутуна чылым соруп, окуучуларына карай бет алды.
Хамиддин алдында ар кайсы өнөрлөрү менен балдар сындан өттү. Бири карта ачып жаап, оюн ойнотот экен, бири өтө тез жүгүрүп куюндай сызат, дагы бири каратып туруп шылып алат экен. Хамид өз капчыгын алдырганын сезбей калды. Серик менен Айкан, Ирина, Ринат тортоосунун өнөрү ашыкча экен. Айрыкча Айкандын колунан бардык жумуш келээрин көрүп таңданады, кубанды.

– Азаматсыңар балдарым! Эми баштасаңар болот сырткы жумушту, – деп Молдокени карады...

... Ошол күндөн тартып, Ринаттан башка балдар тынымсыз базардан базар кыдырып өз мойнуна жүктөлгөн жумушун аткарып, табылгасын Молдокеге тапшырып жатышты. Булардын тапканы эсепсиз жана суроксыз капчыкка түшөт. Балдардын азап тартып таап келгени да оңой олжо тапканы да эч кимди кызыктырбайт.

– Ирина, Серик, Нооманжан силер бүгүн "Когой" базарына барасыңар. Айкан, Жантур, Каравай, силер Наманганга жөнөгүлө.

Балдардын күнүмдүк жумушу ушул агайлардын буйругу менен болот. Иринанын ишин Айкан жеңилдетчү. Айкан бар жерде Ирина кайраттуу болор эле. Эки козу жайнап Ирина, Айканды жалооруй карады.

– Бошопо Ирина, сени Серик карай жүрөт. Серик Иринага карап жүр.

– Кеттик, Ирина. – Серик кызды колунан жетелеп алып кетти.

Ирина кыйылып, азыр, мына-мына эле ыйлап ийчүдөй араң кетти. Айкан да эмнегедир жүрөгү тыз-тыз этип Иринанын жаш кылгырткан карегине кадала калып калды. Жумуш артынан жумуш башталды... Ар кимиси өз мойнундагы кызматын аткарууга бел байлашты. Айкан Жантур экөө карта ойнотуп, акча жыйууга бөлүнгөн. Ошондон пайдаланып, кыйла акча топтоп, далайды сыздатты. Кеч киргенде Молдокеге тапшырып үйгө кайтышты. Айкандын шашканы эле Иринага эрте жетип, бир жолу кучакташып алышса. Ирина досу менен бир жыл көрүшпөгөнсүп, сагынычы курчуп, убакыт өтпөгөн сыяктуу сезилди. Ирина кечикти. Айкан бөлмөсүнө кирип чыгып досун күтө зарыкты.

– Айка-ан! – Иринанын үнүн укканда жүрөгү дирилдеп кубанган кыз досуна кучак жая: – Ирина! Сени аябай сагындым.

Экөө кол кармаша кыткылыкташып, бакка карай жүгүрүштү. Өздөрү чоңоюп калышса да, булар бала кезиндеги «Бекинмечек» оюнун эч качан таштагысы жок. Бири-бирине аткарган жумуштарын ачык айтуу тастыкталган үчүн сурашпайт. Эсен-соо жүз көрүшкөнүнө гана сүйүнүшөт. Ошол күндөн тарта эки досту таптакыр жумушуп бириктирбей коюшту. Кечки жолугушуу кызуу

оюн менен болуп чарчап чаалыгып уйкуга тартылышат...

Бир күнү эле Ирина жок. Күн кечтеп калды. Айкан тынчсызданып бир жерге тура албай ары–бери басат

– Серик келдиңби? Ирина кайда?

– Аны Пахан билет. – Серик да маанайы пас болчу.

– Эмне болду? Айтчы эми?

– Эч нерсе, мен билбейм. Жумушту чогуу эле баштап жүргөнбүз, анан билбейм.

– Кайсыл базарга бардыңар эле?

Серик «Базардын атын айтсамбы, же... айтсам Айкан ошол жака жүгүрсөчү» деп эки анжы боло туңжурады.

– Оой жигит кайсыл базар дейм?

– Билбейм! Биринчи жолу чыктык бул базарга, атын унутуп турам, – деди да ордунан тура бөлмөсүнө жөнөдү. Айкандын айласы куруду. Чылым соруп олтура кетти...

Ирина, Серик экөө "Үч-Коргон" базарына барышкан. Эл жык жыйма, базарда кенен болууга жол жок. Эл ичинде бири уул тойго камынып, бири «Ак кийдиге кийит алам» десе, дагы бири «Кел кызым, мага бул матаңдан тартчы келин алам, беш сом түшүп кой» дейт. Деги базар ичи кыжы-кужу куйкум сөздөр.

Ирина мындай окуялардын далайына күбө болсо да, күлкүсү келип карап турду. Тигил мал базардан чыккан абышканы карап көрсө, белинде он миндей акча бардай. Акырын артынан түшүп элдин кысылган жеринен аны шыпырып алды да, Айдар агайына жетти.

– Бул канча?

– Он миң

– Болот иштегиле. Серик экинчи жолу таштады, а сен эми.

Ирина ушул агайы менен такыр тил табыша албайт. Өзү да таңданып коет. Азыр да кыжыры келе айласы жок ишине жөнөдү. Жумуш деген жумуш да, болбосо карын тойбойт, жылаңач калат. Паханынын ар бир сөзү кулагында «чоң-чоң окуу жайларга жөнөтөм жакшы иштегиле» деп убада берген эмес беле. Ушул окуу жайларды элестетип үмүттү арыш таштады. Көпүрөдөн эми өтөйүн дегенде Серикти кимдир бирөөлөр кубалап келе жатыптыр. Ирина шарт бекине булбулдай сайрап койду. Булардын белгиси ушул болгон үчүн Серик олжосун Ирина тарапка ыргытып жиберди да, андан ары тигилерди алаксыта качып жөнөдү. Ирина акчаны карап көрсө,

отуз миңдей бар.

– Охо-о, мен базарга барбай койсом болот. Бүгүнкү жумуш бүттү. – деп кубанып кетти.

Серик тигилерди жаңылтып таштап келди.

– Тур кеттик.

Экөө Айдарга барып табылганы тапшырышты.

– Жакшы балдар жумушуңарды уланткыла.

– Агай бизге күнүнө 25 миң гана план азыр биз 40 миң таап келдик, жумуш бүттү да.

– Аныңар туура, деген менен базар эми эле ачылбадыбы. Али убакыт бар да.

– Жүрчү. – Серик ачуусу келе кызды тартып, артка кайтышты.

– Серик, бир жерге эле бекине тур тигилер сени издеп жүргөн болсочу.

– Сен кайда барасың?

– Мен жумушка

– Жалгызбы?

– Эмне экен менин куугунчум жок, ошондуктан коркпойм. А сен бүгүнчө бекине турушуң керек, – деп Сериктин такыясын жүзүнө жаап коюп, Ирина жол тартты. Баргысы келбесе да, мойнунан байланган иттей аргасы жок баратты. Серик узата карап, ичтен сыза карап калды. «Каап барбай эле койбоду да» дегенин ачык айта албайт, эрк өзүндө эмес. Ирина базарга кирип алып агылган элди карап кыйла олтурду. Бала-бакырасын ээрчитип эркелете, бешенесинен сүйүп каалаганын жегизип жүргөн ата-энелерди көрүп, «Кандай бактылуу балдар» деп суктана көз артты. Эч бир жанга кол ургусу келбей көпкө кыжаалаттанды. Кыбыраган жандын баары оокат деп басып жүрөрүн ойлоп, баарын аяп, баарын сүйүп, артка кайткысы келип кетти. Эми артка кайтаарда Молдокенин «Тазартуучу» билими эсине келип токтой калды. Айоо сезиминен да бул билими, ушул ишеничи күчтүүлүк кылды көрүнөт. Чымын-куюн боло эл аралай жүгүрдү. Эл суюла баштаптыр. Көпүрөдөн Кыргызстан тарапка бет алды. Бул тарапта да эл суюлган. Акырын эл аралап бара жатып, жерде жаткан капчыка көзү түштү. Шып этип ийилип алганда, бир аял чучуктай чаңырды.

– Ууру! Ууруну карма!

Ирина качууга үлгүрбөй калды. Арт жагынан бир чоң кол чап эткизе желкеден алды. Калтыраган кыз өңү бо-

зоруп, ээктери шакылдап кетти. Тигил аял жете келип жаакка берди да заар тилин чачып: – Ээй шүмшүк! Жетим! Каракчы десе! Бетинди тылтыйтып турасың уялбай! Акмак!

Безеленген аялдын сөздөрү кызга катуу тийип, коркунучтан бозоргон бети кызарып, албырып чыкты. Шалдая тик турууга алы келбей пыксырады. Оюн да жыйнай албай кулагы чуулдады.

– Милиция! Милиция барбы?

– Эмне болду?

– Мына бул ууру менин капчыгымды согуп баратып колго түштү.

Маңдайына келген милицияны кароодон жалтанган кыз жер тиктеди. Кыздан эч нерсе сурабай эле колдон ала машинага сүйрөдү. Бирөөнүн жетегинде бараткан кыз артка караса Паханы аны карап туруптур. «Мына атакебай, сен тарбиялаган кыз, мына мен Ирина, эми мен ким болдум? Көрдүңбү, мени зым торго тартты сенин билимиң», – деп ойлонуп, аябай кыжыры кайнап атасып, көзүндө огу болсо так маңдайга атып ийчүдөй карады. Кыздын жаман көзүнөн кайда жашынаарын билбей жүзүн сыйпалады. Азыр бул кызды кайда алып бараары буга белгилүү. Өзү да органда иштейт, дал ушундай «каракчылык, уруулук, тоноочулуктун» үстүнөн дело ачып, «Кызым мени кечир, бирок өзүңдү өзүң акта», – деп тигил милийсалар менен саламдашкан болуп, кыздын кулагына шыбырап өттү. Бул сөздү угуп ого бетер кыжыры кайнаган Ирина пахандын бар жакшылыгын унутуп, ушул бүгүн чоң түйүндү чачкысы келип, анын айласын таппай уйгу-туйгу ойго чөмүлдү. «Мага ким ишенет, азыр мен бар чындыкты ачсам, мага караганда атакебиздин кызматы күчтүү. Мен киммин, мен бир жетиммин», деген ой аны артка тартты. Кызды эч сураксыз эле торго олтургузуп койду. Түрмөнүн босогосун аттаганда жүрөгү титиреп коркунуч бийледи. Акылы ордуна келип: «Мен аны жерден таптым деп айтам» деп жыйнала тириле түштү. Пункттун начальниги келди. Арадан 4 саат өтүптүр.

– Чык, начальник сурап жатат.

Эки колун артына алдырып, аны начальнике киргизди. Ал жерде жанагы безеленген аял безилдеп олтуруптур.

– Келчи кызым, – милициянын начальниги кара тору киши экен. Иринага ал киши жароокер жана боорукер көрүндү.

– Жаш кыз тура. Бул жерге олтуруп, базарда эмне окуя болду, ошону жаз. Эженин капчыгын уурдаган болсоң ачык жаз түшүндүңбү?

– Ыхы түшүндүм.

Ирина ойлонуп олтурбай эле жазып кирди.

## ТҮШҮНҮК КАТ

«Мен Карпова Ирина бүгүн 21-май күнү капысынан базарга кирип, жолумда жаткан капчыкты ала койом деп, ууру атка конуп, ушул жалаа менен суракта олтурам. Мен уурдап алган жокмун таап алдым».

Аябай кыска, бирок нуска жазылган катты окуп.

– Ой, сен оруссуңбу?

– Ооба.

– Кыргызчаны кайдан билесиң?

– Кыргыздар менен чогуу окуйм.

– Мына эже, бизди кечиресиз бул кыз уурдабадым дейт го.

– Капчыкты сен алдың да ээ.

– Ооба, мен аны жерден алдым.

– Жерден алдың, бирок сен алдың.

– Эже, бул кызды күнөөлөй албайбыз. Мына, сиз өзүңүз айтып турасыз жерден алдың деп. Качан гана сиздин баштыгыңыздан алып жатканын так көрсөтө албасаңыз, аны биз күнөөлөй албайбыз. Кызым, сен бошсуң бара бер.

Ирина сыртка чыкканда күүгүм тартып калган эле. «Эми кайда барам?» деп коркуп баратса, Хамид атасы жолун тосуп чыкты: – Ирина, келчи кызым.

Ирина Хамидди көрүп кубанып кетти. Бирок, кубанганын ага сездиргиси келбеди. Кабагын түйө дулдуюп, тетири карай басты. Пахан жолун торой: – Кызым... кызым...

– Биз кайсыл жолдо баратабыз?

– Жашоо – күрөш кызым. Сен кандай жолдо бассаң да, ар бир иштин жорусу бар.

– Кандайча?

– Ушул бүгүн озүң көргөндөй.

Ирина эч нерсеге түшүнбөдү.

– Жору деген эмне?

– Кыскача айтсам, ар бир жумуштун душманы дегендей эле.

Кыз кыжаалаттанып турган, ыйлайын деп ыйлай албайт.

– Кел кызым, бул жерде бир аз эс алалы. Чоң суунун жээгине машинасын буруп, жээкте орун дайындады.

– Карының да ачкапдыр. Кел, келегой, биртике шамшум этип ал.

Ырас эле ач эле, аябай жеди. Кыз күтпөгөн таттуу тамактар. Пахандын колунан даам сызып – өзүнчө эле кереметтей сезилди. Ал азыр уу берсе да ичет элс. Уу эмес кыз күтпөгөн ичимдик берип турду. Пахан өзү сунуп турса, эки анжы боло, бирде арактыны, бирде Паханды жал-жал карап.

– Бул эмне?

– Азыр сен абдан кыйналып турасың, бул сага жардам берет. Коркпой иче бер. Сага зыяны жок, коркпо.

Кыз көпкө ойлонду. Пахандын ички сырын кайдан туйсун. Ал эми Хамид болсо кызды өзүнө тартууга аракет жасап жаткан.

– Билесиңби, Ирина, сен бүгүнтөн баштап жумушка чыкпайсың.

– Чын элеби?

– Ооба.

Иринанын кез-кезде жүрөгү ооруп калчу. Азыр да жүрөгү кысылып бараттты.

– Мен, мен кыйналып, – деген бойдон жүрөгүн кармай калды. Ушуну эле күтүп турган Хамид ийнесин алып сая кетти. Андан аркысын кыз бечера такыр билбейт. Көпөлөктөй немени арстандай айбан өз энчисине алды...

Ирина көзүн ачса жанында күрсүйгөн арстан жатат. Аябай коркуп кетти.

– Кызык, мен эмне болуп турам. Көзүн чоң-чоң ачып, элеңдей эки жагын каранды. Суунун жээги шапата, ээн талаа. Үй-жайсыз калган кишидей эмне үчүн алар талаада түнөп калганына кыз бечера түшүнбөдү. Келечекке чоң-чоң максат койгон жаш кыз ушул мүнөттө өз үмүтүнө суу себилгенин, максат-келечеги буга кең эшик ача албашын, күрсүйгөн арстандай атасы абийирин сактай албаганын, эми бул айбан киши кызга ким болуп калаарын ойлогон да, түшүнгөн да жок. Башы гана каңгырап, дене бою жанчылып, жүрөгү ачышып турду.

– Ирина! Суу жээктеп ой басып олтурган тигил кызды чакырып. – Кетелиби көпөлөгүм?

Кыз таңдана Хамидге карады. «Көпөлөгүм» деген сөз одоно угулду.

– Кызым демекчи элем.

Кыздын көз карашынан сүрдөгөн Хамид тантырай

түштү. Кыз бечера унчукпай жолго түштү. Хамид шыпылдап колуна тийген буюм-тайымдарын өзү ташып жатты. Булар үйгө келгенде Соня да жок экен. Базарга чыгып кетиптир. Хамид жеңилдей түштү. Айкан чуркап чыгып, Иринаны кыса кучактады. Ирина болсо жай гана илкий басып, ичкери кирип кетти.

– Ирина эмне болду сага? Маанайың неге пас?

– Мени тынч койчу, жүрөгүм ооруп турат.

– Пахан! Айкандын оозун баса салган Ирина көзүнө жаш кылгырта.

– Акырын, мени тынч койсоң эле болду.

– Уктайсыңбы? – деди Айкан жалдырай карап.

– Ооба. – Ирина шалдая басып кирип кетти.

Досун аяган Айкан сыртка чыгып кетти. Ошол күндөн тарта Ирина сырткы жумушка чыкпай үйдө тамак-аш менен алек боло Соня эжейге көмөктөш болуп калды. Себеби, жүрөгү тез-тез кармачу болду. Жүрөгү ооруса эле укол сайып коюшат да, өзүн жалгыз бир бөлмөгө калтырышат. Күндөр өтө берди. Ар күнү ар базардан 25 миңден акча оморуп, деги байып баратышат. Соня эжейдин ар бир бармактары алтынга бөлөнду. Бош бармагы калбады окшойт. Мойнуна кабат-кабат алтын сепичкаларды орой баштады. Байлык деген байлык да, адамдын баскан-турганын, кеп-сөздөрүн, кулк-мүнөзүн дүнүйөң түпкүр тез эле оз очогуна тартып, өзгөртүп жиберет экен. Куурчактай ийилген эпилдеп–жепилдеген эжей керилип каш керип, сүйлөөдөн эринип, чайпала басып алачыктай семирип, онтолоп олтуруп, тоголонуп туруп калган. Жайнаган жылдыздуу көзүн май басып, желпине буйрук берет да, зиркилдей басып кетет.

– Э-эй кыз, кириңди жуу, салпайган жетим, деги оозу бошобойт чаймыңдап, же семиргенин көрбөйсүң! Ирина бул эженин сөздөрүнө терикчү эмес, өзүнүн азыр Хамидге жашыруун аял болгонун билгенден бери «күндөштүн күлү жоо» деген макалдын тегин эместигине түшүнүп, Сонянын ар бир ссөзү чучугуна жете, кээде каяша айтчу.

– Эмне эле зиркилдейсиң, мен жалгыз жетише аламынбы?

– Сенсиребе ит, курсагың тоюп адам болуп калдыңбы? – Соня ордунан атырыла аны чапчып кирди. Ары машыккан, ары жаш кыз аны көмөлөтө койду. Үй ичи будуңчаң тополоң-тос боло чоң жаңжал башталды. Келтегин

жеп алып, кэчээ эле өзү асырап өстүргөн кыздан таяк жегени Сонянын ого бетер кыжырын кайнатты.

Өлбөгөн шүмшүк, жугунду кор! Менин ит аягымды жалап чоңойгонуң эстен чыктыбы?! Ушул сөздү укканда, азыр ким экенин ачык айткысы келип каткырып күлүп, бөйрөгүн таянганда сырттан Хамид кирип келип, ортого түшө:

– Ирина кызым, өзүңө келчи алтыным. Соня, кир үйгө!

– Ээ Соничка, билесиңби менин кимдигимди. Ирина бөйрөгүн таяна:

– Сенби, сен бир поркамансың да шүмшүк!

Ажаандай атырылган эки катындын ортосунда айласы куруган Хамид Соняны көмөлотө тепти да, Иринасын колдон ала өз бөлмөсүнө жеткирип:

– Ирина, анте көрбө жылаңач калабыз, кийин-кийин экөөбүз акырын чыгып кетебиз, – деп алдап-солдоп сорото коюп, далдактай басып Соняны эпке келтирди. Мандайынан сылап:

– Кемпир, ал бир наркоманка экенин билип туруп ошого теңелесиңби?

– Ой бул кызың көптү, тилимди албай жатпайбы?!

– Ошону жумшабай эле койчу.

– Анан кимди жумшайм. Анда бул кызды талаага жөнөт!

– Эмнеге, жумушка чыгарбашымды айтсам. Бул кыздан корком...

– Эмнеге?!

– Жүрөгү кармап калса, көчөдө жыгылып жатса, Буга азыр эч бир укол-дары таасир бербейт, бир гана нарко уколу. Мага ушундай уколду Хамид атам сайчу деп айтып койсо, өлөбүз.

Ушуларды угуп Соня да корко баштады. Ошондон кийин Иринага катуу сүйлөбөй, аны жумшабай калды деген менен Ирина аны ар кайсы сөздөр менен чымчып өтчү болду. Соня эжейин кор жапа көр болуп жүрүүгө мажбур болду.

– Хамид мен чарчадым эс алып келейинчи, Ташкентке барып, уруксат берчи.

Бул ой Хамидке майдай жакты. Ансыз да көптөн бери Ирина менен сейилге чыга албай кумардана жүргөн.

– Макул, эртең жолго чык. Өзүм узатып келем.

Мурда Ташкентке барам десе араң жөнөтөөр эле. Азыр шыр эле макул деши Соняны ойлонтуп койду. «Мага билгизбей өзүнчө фонд ачты бекен?» Акчаны, дүнүйөнү баарынан бийик көргөн аялга ушундай ойдон башка ой келбеди «Фонд ачканда да, менден бөлөк кимиси бар эле баары бир меники болот да» деген терең ишеничи аны чыйралтып өзүн токтотту.

Соняны узатаары менен Ирина экөө Хамиддин дачасына кетишти. Балдарга догдурга көрсөтөм деген шылтоо. Ал эми агайлардын баары билип бүткөн. Ал жактагы он күн аздык кылдыбы, же аябай эле ынак болуп алдыбы, айтор, үйүнө келип деле жүрөгү кармады деген шылтоо менен кыз Хамиддин бөлмөүндө көп түнөчү болду.

Бир күнү Пахан Айканга абдан оор тапшырма берди. Айкан Хамиддин буйругу менен Наманганга жөнөдү. Чыpактай сулуу кыз кумар ойнолчу жайга кирип барды. Буга чейин бир гана цыган аял ойноп жүргөн. Ал жердеги кумарчылар кызды таңдана да, тамшана да караштьг.

– Жакшы кыз, сиз адашып калган жоксузбу?

– Мен адашкан эмне экенин билбейм, оюнду тамаша кылганы келдим.

– Жигиттердин арасында зэригип калбайсызбы?

– Оюн зэриктирбейт го.

Босогону тоскон жигиттер буйрук күтө, төрдү караштьг.

– Кирсин.

Тээ төрдөгү жүн баскан чала маймыл күңк этти. Шляпасын кыйшайта кийген Айкан кирип келди. Ууртуна чылым түтөтө. Канча жолу кумар ойноп көрсө да Айкан үчүн бүгүнкү кадам сүрдүү болду. Сыр бербей солкулдап басып, солдон орун алды.

– Оюнга киресизби?

– Жок, – кыз көзүн сүзө кол шилтеп койду. Сырттан келген чаар киши кызды карап.

– Ухуу! – деп ышкырып койду.

Оюн башталды. Оюн аты оюн. Оюнда далайлардын башына балта чабылып кендири кесилет. Бул чоң оюн, мунун артында бир гана адам бактылуу болуп калат. Кээде оюн бир жумага созулса, кээде бир күндө аягына чыгат. Бул жолу да өтө чоң кумарчылар мелдешти. Оюн төрт күнгө созулду. Чарчаганы эс алып, кайра оюн улана берет. Жеңилгени чыр чыгара албайт.

Оюндун шарты ошондой. Чычалаган эркектерди «Катын» дешет. Бул сөздүн арты алар үчүн оор болот. Себеби, катын атка копгондун өз бөлмөсү болот. Айкан көпту билсе да, сыр бербей олтура берди. Оюндун акырын күткөн бул жердегилердин баарын жанагы чаар киши жыкты. Жыгылганы этегин кагып, чыгып кетип жатышты.

– Эми ким калды? – Баарын утканына кубанган чаар эки жагын каранды. Көпчүлүгү он сомдук кызыл акчалар эле.

– Мен бармын, – деди Айкан

– Мен кыз бала менен ойнобойм. – Тигил киши тура калды.

– Оой, аке оюнда бул. Эмне жаш кыздан сүрдөп турасызбы?

Уттуруп коюудан коркуп турасыз го чамасы? Качпаңыз, качпаңыз оо-ой!..

Бар быдырын уттуруп ичи ачышып турган эргулдар «Ушу кыздан утулуп калса экен» деп тымызын жер астынан акмалай карашат.

– Кел сулуу отур, канча пулуң бар?

– Эки жүз миң

– Охоо, сенден мынча чыгат деп ойлогон эмес элем. Макул анда канча таштайсың?

– Баарын бир эле берем

– Ха-ха-ха бир эле, эмнеге?

– Сиз баары бир утасыз да.

– Жок, оюнга аз аздап утуп, уттуруп кызыгуу менен күн өткөргөн жакшы да.

– Андай болсо жүзүн.

– Баштадык.

Буга чейин Айкан бул кишиге жардамчы ким экенин, булардын ак волгасы бар экендигин тактап койгон. Оюнда кыз да баарын уттуруп койду. Буга чейин майдачүйдө кумарчыларды ыйлатып, азыр өзү уттуруп акча алдырган оор экенин түшүнүп олтурат. Жөн эле туйлаптуйлап, ичи күйүп турса да сыр бергиси келбей, акырын туруп: – Аш болсун аке, – деп чыга жонөдү. Чекесинен тер чыгып уздай мөлтүрөгөн кыздын кебелбей уттуруп чыгып кетиши чаар кишини сүрдөнттү да, сезгентти. Эмнегедир кыз чыгып бараткада тигинин жүрөгү опкоолжуй түштү.

– Аке сизге эмне болду? Ха, эми сулууну уттуңуз го

же кошо кеткиңиз келип турабы? – дешти отургандар күлүшүп.

– Жо–ок, – деди да кыздын аркасынан чуркап чыгып, суусундук ичип шашылбай турган кызды көрө күлмүңдөп: – Жолугабызбы?

– Албетте. Кийинки Андижандан акеси, Андижандан. – деп Айкан басып кетти.

– Бул кыз кайдан келди? Кимден тарбия алды?

– Кандайча? Ким билет?

– Мен катуу сүрдөдүм. Утсам да катуу сүрдөп отурдум.

– Вай. Ва-ай жаш кыз менен оюнда жүзмө жүз олтуруш оңойбу! – деп далысын чаап коюшту. Деген менен тиги кыздын атайлап утулгандай сезди. Оюу онго, санаасы санга бөлүндү. Тынчы кетип, бул жерден тез кетүүнү туура деп чечти...

... Айкан бул жерден чыгып, бул чаар кишини кайдан тосуу жолун ойлоду. Эң жакшысы «Үч-Коргон» шаарынын кире беришиндеги чайканадан тосуу деп чечти. Чынында бул чайканага ал киши кирбей кетпейт болчу. А бирок кыз чоочулап турган. «Кирбей калсачы» деген оюнан селт-селт эте олтурду. Кокус кирбесе колдон чыкты эле. Чаар кумарчы санаасы тынчый түштү. Ал Номанжандан катуу корккон. Көңүлү жайына түшө сапырылган акчасын түйүнү менен көтөрө чайканага кирди. Ар дайым бул үчүн бөлмө даяр турчу. Азыр да четтеги чакан бөлмөгө кирип кетти. Чайканада олтурган Айкан баарын карап олтурду. Тигилер бош сумка алып киришти. Айканды тиги кишилер тааныбайт дагы болчу. Кыз өзү жалгыз чоң дептер алып, бирдеме жазган адамдай олтура берди. Кези менен гана тигилерди чакырып тамак буйруп коёт. Каптал жагында чаар кишинин сумкасына өңдөш сумка турган. Тээ бир кезде чайканага адам көбөйүп кетти, ушул таптан пайдаланып жумушун бүтөрүүнү туура тапты. Акырын тура тигил тарапты караса, алар жакка бир чайнек алып жаш бала бара жатыптыр. Жолун торой: – Келе чайыңды мага берчи?

– Жок тигил жака берем.

Аңгыча тигинден, мындан чай деп шаштырып калышты.

– Сен тигилерге алып келе бер.

Бала эки жагын карап шарт бурула чайга кетти. Колуна тийген чайды көтөрүп, Айкан чаар кишиге киргенде,

ал чылым соруп шыпты карап жаткан экен. Бир колунда чоң сумка, бир колунда чай. Бул жерге бөтөн адам кирбешине толук ишенген чаар киши кызды карап да койгон жок. Кыз эч шашылбай колун бошотуп, тигил чаарды кулак түпкө тыз эттире койду да, сумканы алмаштырып чыгып кетти. Чаар киши шыпты караган бойдон уктап калды...

... Айкан үйгө келсе, үйдүн ичи ызы-чуу түшүп, чаң-тополоң болуп жаткан экен. Ал Хамиддин бөлмөсүнө кирүүгө даай албай турду. Себеби Соня оозго алгыс сөздөр менен үнүпүн барынча Хамидди сөгүп тилдеп жаткан. Сөз арасында: – Жогол, чыгып кет шуркуяң менен! Жогол ит! – деп кыйкырып кирет. Хамиддин үнү болоор-болбос күңк этти. – Кетем, кетем.

– Азыр кет! Азыр чык! Чык дедим! – деп чаңыра берди. Айкан эч нерсеге түшүнбөдү. Акырын басып бөлмосүнө кирсе, Ирина мастай көрүндү. Коркуп кеткен Айкан досун булка: – Ирина, сен массыңбы?

– Жо, жоок, жок мен мас эмесмин. Тигил Соня жинди масс, – деп шыңк эте күлүп коёт. Мас дейин десе оозунан жыттанбайт. Бирок шалактайт, акырын көтөрүп жаткырып койду. Түн кулансөк тартып таң сүрүлө баштаган кезде Хамид кирип келди да.

– Айкан кызым качан келдиң?

– Сиздер урушуп жатканда.

– Иш кандай?

– Тигине, – деп ээги менен сумканы көрсөттү.

– Эч кимге сыр бербе, азыр кетебиз. Кыргызстанга, ошол жакта жашайбыз. Сен Ирина экөөң Молдоке менен чыга бергиле. Кочкор-Атанын паркынан саат бирге жолугушабыз, тез чыккыла тигиниңди өзүң менен ала жүр. Эч кимге байкатпа! – деп чыгып кетти...

... Хамид айткан жерге барган кезде саат эми гана он болгон экен.

– Уу дагы үч саат күтөт экенбиз да. – Ирина чыдамсыздыгын дагы көрсөтө баштады. Айкан акырын досун жаш балача эркелете: – Ира чыдачы эми, жүр тигиндей басып алаксыйбыз.

Экөө бак ичинде басып жүрүштү. Жаш кезиндеги шоктугун эстей күлүп бир жыргап алышты.

– Ира газета окуйлучу

Айкан барып «Советтик Кыргызстан» деген гезит

алып келсе, жаңылык бар экен. Горбочевдун «Кайра куруу» деген программасы Айканга жакпады: – Ира ушул жашоо эле жакшы болчу, менимче, кайра куруу деген кимге керек.

– Сен экөөбүз эмнени түшүнмөкпүз, заман аккан тарапка кете бергенден башка аргабыз жок.

– Кыздаар! Шеф келди!

Булар барганда Хамид жалгыз турган.

– Башкалар кайда?

– Үйдө. Мен үй алып койгом

– Ушул жерденби?

– Ооба, кана тез болгула жаңы үй жаңыча жашоо. – Хамиддин бул сөздөрүнө Айкан түшүнө бербеди. Бир гана так Соня айткан шуркуя Ирина экендигин толук түшүндү. Кыялы кармай түштү, бирок сыр бергиси келбей олтурду.

Чоң каалга ачылып ичинде дасторкон жайнап толтура дүр дүйүм тамак-аш. Ринат, Серик, Жантур, Нооманжан баары башкача кийинип, окшошуп алышыптыр. Бир оздон: – Куш келиңиздер! – деп кыздарга төрдөн орун беришти.

Кирип бара жатып эле Иринаны жоготуп жиберди, себеби каалга жабылып, караңгы боло түшкөн. Айкандын колунан бирөө кармап, улам төргө жетеледи.

– Ай жигиттер тамаша бүттү. Ира жок, жарыкты тамызчы, Серик! – Айкан жалооруй сурады.

– Свет жок!

– Өчүп калдыбы?

– Ооба.

– Каап десе. Ира! Ира! Кайдасың?!

Айкан алаңдай эки жагын карана төргө өтүп бара жатты. Бир канча убакыт өттү.

– Даярсыңарбы?

Кимдир бирөө суроо узатты.

– Даярбыз.

Хамиддин үнүн дароо тааныган Айкан ошол тарапка караса, Ирина менен Хамиддин той кийимчен экенин көрүп, оозун ачып туруп калды. Башкалар кол чаап

– Ураа! Горька, горька! – дешип кол чаап жатышса, Айкан өзүнө келе албай жатты.

– Бул эмне? – Серикке карап.

– Ой, сен билбейсиңби? Булар мурунтан эле жашап

жүрүшпөйбү. Сен керец болгонсуң го?! Бизге эмне баары бир эмеспи, – деп колун шилтеп койду.

Айкан ойго батып, ушунчанын бары билиң мен эле билбегенимди кара, кантип? Ирина, Ира ушул көпөскө кор болдуң. Эмне үчүн ушул маскарапозго тең болдуң? Бул жерде башка иш бардай го. «Айкан мына ушул ойлор менен Иранын көзүн кубуп карай берди. Ирина башын көтөрбөй олтурган. Айкан маңдайына келе: – Ирина мени карачы, – дегенде чылкай жаш толгон оттой жанган көздөрүн балбылдатып ирмөөдөн ийменип турган. Кичине эле кирпик какса жашы жамгырдай куюлмак. Айкандан жүрөгү биринчи жолу жараланды. Досунун абалын дароо түшүндү. Ирината өзүнө тарта: – Качабыз. – деп шыбырады.

Дароо эле бул чечимге келүү оңой эмес болчу. Бирок башка да айласы жок эле.

– Кайда качмакпыз?

– Унчукпа, саат үчтө тээтигил өрүктүн түбүндө болсоң калганын өзүм билем. Досунун жигиттерден кем эмес кайратына ыраазы боло башын ийининe коюп күлүп койду.

– Мына достор Горбачевдун «Кайра куруу» жаңылануу деген программасы бизге да зор пайдасын тийгизди, биз жаңыландык! Жаңы турмуш! Жаңы жашоо! Кайраттуу кадам! Мен силердин баарыңарды жаңы турмушуңар менен куттуктайм. – деп Айкан кадак көтөрдү. – Сөзүмдүн аягында досум Ирага бакыт каалайм. – Үнү кирилдеп тамагы буула түштү. Иринаны кызганганына чыдабай, бар күчүн ичимдик менен чылымга чыгарды. Аябай мас болуп теңтеңдейт, антсе да баары бир күчтүү.

– Бир жерге жыгылып калбасын жаткырып койгула.

Айкан Хамиддин бул буйругуна каршы чыкты

– Охоо, жаңылануу! Кайра куруу! Баары жакшы! Ураа! – деп кыйкыра берди. – Ээй Пахан, мен жыгылбайм! Унутпа! Унчукпа! Мага тийбе!

Хамид жигиттерине тийбегиле деген ишааратты берди да өзү сөзгө өттү: – Чынында бул жаңылануу башкача жаңылануу. Мен силерге ким экенимди эч качан айтпаган элем. Эми айтам. – Саамга унчукпай жер карап турду да сөзүн улады: – Мен Өзбекстанда жашадым, төрөлдүм, энем өзбек кызы эле, ал эми өзүм Кыргызстанды сүйүп чын дилим менен Мекениме кызмат кылдым. Мен улуу

Манас атанын урпагы, чыныгы чыгаан Кыргыз кулуну болом.

Баары мындай кабар күтпөгөн эле. Оозлорун ача тиштеген папын жене албай селейип туруп калышты. Молдоке чок баскандай чаңырды: – Кыргыз!

– Ооба, мен кыргызмын. Мен өз мекениме кайттым. Заман да, миитип өзгөрүлүп турган кезде өз эли-журтун, өз мекенин таап алуу чоң бакыт эмеспи.

Хамид көпкө сүйлөдү. Убакыттан пайдаланып, так качуу саатын Ирина менен Айкан болжошуп жатышты.

– Ира, так саат төрткө тигил өрүктүн түбүнө чык.

– Макул, макул, – Ирина досуна чын дилден кошулуп качкысы келип кетти. Аны бир гана кармаганы жүрөк оорусу. Ошол оорунун айынан Хамидге аял болуп жүргөнүн Айкан кайдан билсин. Ичтен сыза Ирина «Кош бол досум, мендей акмак кайратсыз досуңду бир кезде түшүнөрсүң. Кечир мени сага ак жол» деп көзүнүн жашын мончоктото өрүктүн түбүнөн ашып кеткен Айканды акмалай узатып жатты. Айкан тура бешке чейин Иринаны күттү. Ал жок. Артка кайтууга намыстандыбы же кимгедир ачууландыбы арышын кенен таштап муштумун түйө ачуусу менен жол улады...

... Аябай кыжыры кайнаган кыз: – Өз убалың өзүңө, – деп кимгедир сүйлөнүп коюп бара жатты.

Ичи туз куйгандай ачышып, өтө баалуу буюмун жоготкон адамдай кыйпычыктайт. Кимдидир кызгангандай ичи күйөт, аласалып алдастай өзүн коёрго жай таппай, тыбырчылап кээде чуркап, кээде жайлап бара жатты...

– Мени аялдамага таштап коюңузчу?

– Э кызым, Кербенге барасызбы?

Кайда барарын билбей турган кыз кубанып кетти.

– Ооба, ооба, Кербенге.

Кербен кайда экенин билбесе да, барам деп жол тартты.

– Мына кызым ушул жерден автобус кетет.

– Макул, аңда рахмат!

Айкан Маданиятта он мүнөт турду. Чоң кызыл "Икарус" келип токтоп, «Кербенге билет алгыла» деп диспетчер аял кыйкырды. Жол алыс экенин Айкан ойлогон эмес.

– Шопур аке, Кербенге аз калдыбы?

– Жарым саатта жетебиз.

«О-ох, аз калыштыр», кыз бечара ошол кербенге жетсе эле баары жакшы болуп кетчүдөй, ажыдаардын чеңгелинен чыгып эркин жашай тургандай сезип кубанып баратты. Досуна гана ичи ачышат, капа болот. «Мени алдады, ал байлыкка азгырылды», – деп таарынып, көзүнөн жаш агат.

– Кызым, эмне ыйлап жатасың?

Жанында олтурган эненин суроосун жоопсуз калтырып солкулдап ыйлап ийди.

– Ыйла, ыйла кызым жеңилдейсиң.

Ыйлап олтуруп Кербенге жетти. «Тооба, мен да ыйлайт экенмин да». Адам болуп жаралып эс тарткандан канча келтек жесе да, ал тургай ата-энесин сагынганда көзүнөн жаш чыкчу эмес. Достук сүйүү ушунчалык күчтүү беле ичи туз куйгандай ачышып, ыйлагысы гана келтирет...

... Ырас эле жеңилдеп алды. Кербендин аялдамасынан кайда бараарын билбей делдейип тура берди.

– Кербен–Жылгынга билет алыңыздар!!!

– Эже Жылгын деген жер алыспы?

– Ал жакты тоо дейт да:

– Тоолуу жерби?

– Ооба.

Айкан кубанып кетти. Ага азыр ээн талаа, эрме чөл керек болчу. Эл жок жерде жалгыз жашагысы келди. Тойбос ажыдаардан ошондо гана кутулам деп ойлоду да, ошол тарапка жол тартты. Канча жүргөнүн өзү да билбейт, айтор, айыл жок жерден түшүп алып, тоо тарапка бет алды. Жыпар жытын буркуратып, тоонун жели алда кайдан арча, кайың, карагайдын гүлүн күбүп Айкандын жүзүн сылап өтүп жатты. Бөксө белге чыгып желге мурдун тосо:

– Бах, тоонун жыты керемет, – деп кучагын жая тоолор менен амандашты.

– Амансыңбы Ала–Тоо!!! Мен эркин кушмун! Мен сага келдим! – деп үнүнүн барынча кыйкырды. Эми эле ачык турган асманга аяктай булут пайда болду да жамгыр жаап кирди. Ал гана эмес бурганактай буурчак кошо жаады. Кыз бечара кайда жашынаарын билбей жалгыз түп арчага баш калкалады. Айлана тазарып, жамгыр токтоду. Күн чыкты. Эми эле мөндүргө кулактарын шыпыртып алган чөптор күнгө эркелеп моюн созушат. Айкан тээ алыскы аска зоолорго жеткиси келип, күндү караса күн

кечтеп калыптыр. Токойдон чыккан койлор тигил каптал жол менен тумшуктан имерилип кетишти. «Жакын жерде сарай бар окшойт. Барсамбы? Кантип барам, таанылбаган элге» деп өзүнчө тартынып отун жыйноого киришти. Тим эле көп отун топтоп алды. «Ушул жетет» деп койду...

... Түн. Жылдыздар жымырап муздак жел согот. Отту чоң жагып алып ырдап олтурса, кимдир бирөөлөр келе жаткандай сезилди. Артын караса мышыктан чоңураак келген кандайдыр бир айбанаттар ороп алыптыр. Бирок отко жакын келе албашын кыз сезип калды. Себеби, алар обочорооктон карап турушат. Кыйналып жатып топтогон отуну тез эле бүтүп баратты. Жалын пастаган сайын тигилер кулагын тикчийте жакындашат. Алда бир немече үн чыгарышат. Кээде адам күлкүсүндөй, кээде мышыктай. Кээде иттей уулуйт. Алар от өчүп бараткан сайын кызды чырмап жакындайт. Айкан жашоодон түңүлдү. «Ажарды карышкыр жеген, мени да жейт тура, мен ушул замандын Ажары экенмин го, кош бол, Ира». Дагы да болсо досу менен коштошуп жатты. Алар абдан жакындап калды. Чокту тегерене алдастаган кыз үстүндөгү жемпирин чечип отко ыргытты, акыркы үмүтү жана акыркы жарыгы, акыркы отуну ошол болчу. Жемпир дуу күйүп жалп өчтү. Айкан көзүн жума олтура калды.

– Тарс! – Кайдандыр мылтык үнү угулду. Аттын дүбүртү менен иттердин үргөнү.

– Хайт, Хайт. – Адамдын добушу. Кыз эки жагын элеңдей караса, жанагы жырткычтардан дайын жок. Эки атчан киши келип калышты.

– Ой, бу сен кимсиң?

– Саламатсыздарбы!

– Кыз баласыңбы? А айбан десе, чөөлөргө жем болоюн дедиңби? Талаада эмне жүрөсүң, тентип ыя, өзүң кыз болсоң?

Эмне дээрин билбей Айкан башын жерге салды.

– Ой, бала! Түш аттан, бул кызга бер, өзүң жетеле кеттик үйгө. – Кызым, эмнеси болсо да, сен менин койлорумду асырап, периште болдуң. Тигилер сага алаксып адамсыз калган койлорумду көрбөптүр деп ыраазы боло беш-алты койду айдап бара жатышты. Бир канча да чатырга жетишти.

– Кемпир! Мейман келди.

Үйдөн арык кемпир чыгып: – Келгиле, киргиле.

– Бул кызды киргиз. Тамагың даярбы? Карыныбыз ач.

Эне даяр тамагын узата: – Ия айланайын кайдан бу?

Айкан башын салып үнсүз.

– Тынч кой эми, мен деле жоопсуз суроолорду берип жадаттым.

Кыз эч кимге эч нерсе айтпай бир жума жүрдү. Далай суроо жоопсуз калды. Аларды таң калтырганы кыздын машыкканы.

– Бу кызым сен баксёр окшойсуң?

– Жоок жөн эле жасап коем. – деп күлүп койду.

Ал жерде да көпкө жүрүүгө мүмкүн эмес эле.

– Эне, сизге рахмат! Мен эми барайын.

– Бара гой садагам, бара гой. Эми кайда барасың? Бул жерде эле жүрө берсең болот эле. – Эненин көзүнөн нур чачырап, мээрим төгүлөт. Чын ниеттен эле «Калып калса го» деп ойлойт.

– Үйүмө барам.

Айкан күн батып калган кезде айылына келди. Эшигинин алдында Хамиддин жигулиси турган эле. Үйүнө көчө тараптан эмес, арткы бак жактан кирди. Үйдө эч ким жоктой. Акырын басып келе берди. Тээ көчө жактагы дарбазада Молдоке туруптур ары карап. Айкандын жүрөгү шуу дей түштү. Акырын басып кирсе Хамид досуна пистолет такап: – Кызды тап! – деп коркутуп жаткан экен. Айкан аяш атасынан мындай жорук күткөн эмес эле: – Пахан тарт колуңду.

– Айкан!

– Ооба, менмин! Бас жекече сүйлөшөбүз!

– Мен жөн эле, тамашалап...

– Сенин тамашаңды түшүнөм

– Кызым. – Атасы кызына кол суна.

– Азыр ата.

– Айкан мени сенсиребе...

– Сен менин аяш атам эмес эле, аяшым болуп калбадыңбы?!

– Ха-ха-ха. Сен мени кызганып жатасыңбы?

Айкан тарс эткизе тээп жиберди.

– Ата, чыгып туруңуз!

– Кызым!

– Ата, чыгыңыз! Биз эми чек коёбуз

Абдурашит аке тынчы кетип турду. Тигил экөө көпкө сүйлөштү.

– Кириңиз ата. Мен дагы үч жыл досуңузга кызмат кылам, анан биротоло бошойм. Эгер бошотпосо башынан айрылат.

– Хамид! Кызым! – Абдурашит досу менен кызын алмак-салмак карап.

– Сөз бүттү, ата мен кеттим.

– Закон бар! – деди Хамид калчылдап

– Ата, бул менин тагдырым.

– Кызым кайт артыңа.

– Ата, мени кечир, шок кызыңды кечир. Апам билип айткан экен. Менин адам болушума убакыт бар. Дагы үч жыл чыда ата. Апама айтпаңыз. – Айкан чыгып кетти.

– Кызым! – Жер муштап атасы олтуруп калды.

Атасынын көз жашын элестетсе Айкандын жүрөгүн бирөө тилип жаткандай сыздайт. Мына тагдыр деген таш боор неме мончоктой кызды өз жолуна салып алды. «Оңбогон ажыдаар киши качан тоёт» деп Айкан Хамидди жек көрүп карап баратты. Ушул сааттан тартып, Хамидди душманы катары санап калды. Алар үйгө келгенде Ирина Хамиддин жолунан чыгып, мойнуна асыла тосуп алды. Бул көрүнүш Айканга жаккан жок. Досун акырая карап, кирип кетти. Эми Иринаны да жек көрүп, көңүлү муздап калды. Эртеси эле жумуш.

– Азыркы жумуш мурдагыдан жеңил, – дейт Хамид

– Кандайча?

– Токтогулга барып калганын ошол жерден сүйлөшөбүз.

«Мойнунан байлаган ит ууга жарабайт» дегендей, Айкан бул жолу араң эле жолго чыкты.

– Айкан, ал жерге барып эмне жумуш жасайбыз деп ойлойсуң?

– Каракчылык.

– Койсоңчу, эми адал оокат жасайбыз дебедиңби.

– Биздин колубуздан уурулук, каракчылыктан башка эмне келет?

Серик жооп таба албай ой басты.

– Бакма атабыз бизди алдады.

– Ал алдаган жок.

– Кандайча?

– Бакма атабыз убагында бизге чын ниети менен караган. Анын оюнча биз дүйнөнүн бардык бурчтарынан

эң алдыңкы инсан болорубузду самаган. Ошого жеткирүү үчүн көп каражат керек болгон. Эми ошону табышыбыз керек.

– Сен ошондой ойлойсуңбу?

Ринат сөзгө аралашты.

– Ооба, – деди Серик

– Андай деп ойлосоң жаңылышасың.

– Эмнеге?

– Айкан туура айтат. Эми биз кааласак да, каалабасак да Хамидин кулубуз. Ал бизди Авчарка иттей алгыр кылып, өз кызыкчылыгы үчүн өстүрдү.

Серик көзүн аландата ар кимисин карап:

– Качанкыга чейин?

– Өмүр бою. Барар жерибиз жок. Ушул, өмүр бою кызматчы болобуз.

Балдардын ар кимиси өз тагдырына нааразылана ойго түшүп баратышты. Баарында өкүнүч бар эле. Баарынын көздөрү муңайым тартып аяр эле. Ал эми Айкан болсо, ошол үч жылдын тез өтүп кетерин гана эңседи. Тынчтыкты Ринат бузду

– Силерди бул жака жеткирип коюп, мен Наманганга рингге барат экенмин.

– Рингге дейсиңби?

– Ошондой, татаал таймаш.

– Ал эмне?

– Өлсөң да эч ким сурабайт.

– Өлтүрүп деле коебу?

– Ооба, ал жерде чоң акча бар да, анын үстүнө алар да бирөөнүн кызматчысы.

– Демек, эки топ мелдешет дечи.

– Так ошондой.

Токтогулга жетип, Хамиддин тууган–уругу менен таанышып: – Азырынча эс алгыла жумуш кийин башталат. Эң биринчи атка минип чапканды үйрөнгүлө.

Хамид өзү да балдар менен чогуу ат чаап жарышууну адатка айлантты. Дагы да болсо Айкан адеп мингенде азыраак кыйналып турса билгизбей кайратына салып, бир жумада аттын кулагы менен ойноп калды. Бир күнү Пахан балдарын топтоп:

– Эми уулдарым, мына эл-жер менен тааныштыңар, атка казан асканды үйрөндүңөр. Жумушту эми баштайбыз. Ушул аксакал көрсөткөн жердин жылкы, уюн ай-

дап, Үч-Теректин жогорку бурулушундагы сайдан Камазга жүктөйбүз. Айкан сен камаз менен Майлы–Суунун үч айрылышына келесиң, ары жагы меники.

Ошол күндөн тартып баягы базарды чаңыткан, картаны сапырган, жел таман боз балдар, үйүр-үйүр жылкы топтоп уйларды күргүштөп Өзбекстанга экспорттой башташты. Токтогул, Суусамыр, Талас, Чычкан бул жерлерди бир эле жылда курутуп койгондой болду. Деген менен элчилик да кайра эле мал жайытка батпай көздү кызартат. Айкан, Серик, Нооманжан, Атабек төртөө бир жолу эстен кеткис уурулук жасашты. Таң эрте узак жолго камынган булар эмнегедир баргысы жок. Бири-бирин шаштырган болот, деген менен баарысынын буту тартпайт.

– Тургула бүгүн барбасак болбойт. Хамид күтөт. – Дагы да болсо Айкан буларды шаштырып жатты. Араңдан зорго жолго чыгышкан. Болжогон жайытта жылкы жок экен.

– Кайталычы артка. – Нооманжан аттан түшүп, карга жүзүн жууй олтура калды. Жигиттердин маанайы пас эле. Айкан аттан түшүп кар урушмай оюнун баштап жиберди. Оюн күлкү тамаша менен аз да болсо көңүлдөрү көтөрүлө түштү.

– Бастыргыла алга, тигил жайытка барабыз.

Билгендей эле ал жайытта бир чоң үйүр жылкы бар экен. Кубанып кетишти.

– Ураа! Олжо! – Серик кыйкырып жиберди.

– Айкырбачы. – Айкан жактыра бербей. – Болгула, тез кууп кетели.

– Карын ачты шамшум этип алсак болот эле.

– Ат үстүнө казан асабыз да.

– Качанга чейин аттын жалына казан асабыз, бир жолу жайыраак жеп алалычы. Нооманжан да жалакай кишинин бири болчу. Айкан аргасыздан көндү.

– Тездеткиле!

– Баары бир шаштырасың. Ушу сенден күйдүм, качан болсо буйрук бересиң! – Атабек да кыжырын кайната Айканды жутуп ийчүдөй карады. Мындайда да Айкан карап турчубу, шарт эткизе бир салды, ак карга башы сайылган Атабек турган да эле колуна таш кармай турганын эч сезбеди. Оюн чындап экенин эч ким түшүнбөдү. Экөө көпкө таймашышты.

– Болдугула, эми кечигебиз.

– Болду Атабек, жүр оюн бүттү.

Атабек Айканды эми кара кушка урганда кыз олтура калды. Ал эми таш болсо Атабек минген аттын так маңдайындагы кашкасына келип тийди. Ат алдыңкы эки бутун көтөрүп, чыңырып ийди да, талп эте жатып калды. Мындайды күтпөгөн балдар ден дароо болуп туруп калышты. Серик эки аттап атка жетти. Бечара кер кашка бутун эки жолу гана какты да көз жумду.

– Ээй, акмак! Карачы муну!

Титиреген Серик Атабекти кежигеден ала сүйрөп аттын үстүнө ыргытты. Тапылдап бутун сүйрөп ыйламсыраган Атабек.

– Айкан кечир мени. Мен жөн эле, жөн эле.

– Болдучу эми калп эле бырылдабай! Өзүңө убал, жөө калдың.

– Баскыла кеттик! – Айкан ордуна тура атына минди да жылкыларды карай чуу койду.

– Мына чай ичем деп эле ызылдайсың, эми минтип жөө калдың го!

Ноомапжанда кекенип коюп жол алды. Серик эчак эле кетип калган. Атабек жалгыз калды. Жылкыларды айдап келишип, бир мингич кармашты да, токуп Атабекке мингизди.

– Азоо болсочу.

– Өлбөйсүң, мин!

Эки жагын элеңдей карап минип алды.

– Азоо болсо таптакыр жолотмок эмес. Мына мингизип жатат, болгону сак бол! Кеттик!

– Серик бул кызга такыр түшүнбөйм

– Эмнеге?

– Адамбы же башкабы деп.

– Ыхы, ха-ха-ха эмне үчүн жезкемпир дейсиңби?

– Ой, хи-хи. Такыр тамака жулунбайт да.

– Ошол элеби?

– Мен чыйылдап турам, ичим ичиме жабышып, бул сезбейт

– Бол бастыр, эми экөөбүз көрбөйлү көргүлүктү.

... Эки кыр ашып, бир жайык жерге келгенде, эки аттуу киши олбуй-солбуй камчы уруп кирип келе жатышты.

– Ээй жигиттер! Таштагыла! Таштагыла жылкыларды!

– Ээси окшойт!

Жигиттер шашып калышты.

– Айкап качтык!

– Кайда барасың? Токто азыр булардын жолун табабыз. – Тигилерди карап. – Нооманжан, Атабек айдап кете бергиле! Серик жүр мени менен!

– Дагы эмне балекетти баштаганы жатасың? Барбайм!

– Бас дедим!

– У–уф, ушу сеничи! Сени!

Аргасы жок кыздын артынан түштү... Карды сапырып экөө ат үстүндө камчылаша кетишти. Айкан өз атынан тигинин мингенине секирди да жерге алып түштү. Колу бутун байлап салды. Ал эми Сериктин атаандашында беш атаар мылтыгы бар экен. Ал мылтык менен аны коркутуп алды. Сериктин колу байлануу... Айкандын айласы кетти. Өтө тездик менен бир атка жашынды да белиндеги узун арканды чече тигил кишиге укурук салды. Бирок иле албай калды. Аргасы кетип мойунуна карды катуу тоголоктоп урду эле кулак түбүнө тийди, мылтыгын таштап сулап калды.

– Биз силерди өлтүрбөйбүз. Тек гана качабыз, силер бизди көргөн жоксуңар, артка кайткыла. – Серик кеттик! – деп атка минип кайтаарда, артынан тигилердин карап турганын көрө, мылтыгын октоп эки аттын бутуна атып салып, кете беришти.

– Каап атты бекер аттың да.

– Алар бизди кууйт эле да.

– Кызык окуя болду, – деген менен баарында коркунуч бийлеп алган эле.

– Хамидди таштап качсакпы ыя?

– Кайда качасың?

– Өзүм да билбейм. Сага окшоп ата-энем, урук-тууганым болсо эчак эле кетмекмин.

– Хамид анын да айласын тапмак, минтип күн санап кызмат кылмаксың. – Мыскылдуу күлүп, Сериктин атына камчы салды. Экоо кубушуп олтуруп жетип келишти. Адаттагыдай эле Айкан камазга чыгат.

Булар барганда ал жерде Хамид улам саатын карап шашып турган экен.

– Айкап тез үйгө бар, атаң сени күтүп жатат. Ме муну атаңа берип узатып кой.

Толук эки жылдан бери атасын көрө элек болчу. Кубанып кетти. Хамиддин артынан узата карап.

– Мен үч күн келбейм, үйгө барам. – деди.

– Мейли кызым, барып кел. – деп койду.

«Кызык, бул киши кыйналбай жүрөсүңөрбү деп да койбойт, колуна олжо тийсе эле болду, түпөр пайдасын ойлойт» кыз ачуусу келе артынан узата карап калды.

Пахан аты өчүп Хамид атка коно баштаганы Хамидди чочутат. «Бул кыз сиз дебей калды, мен жаңылдым беken» деп көп ойлонучу. Молдокенин сөзүн укпай калды ойго түшүп.

– Ар бири 25 миңден кем болбосо керек, кандай дейсиз?

Хамидди караса ой баскан.

– Ой, Хамид аке сизге айтып жатам.

– Ыя, эмнени?

– Ой, эмнени ойлоносуз? Коркпоңуз?

– Мен бир гана адамдан корком.

– Кимден?

– Айкандан. Ал кыздын тик көзүнөн мен да корком.

– Айласын табабыз.

– Бирок, анын ишин эч ким аткара албайт.

– Өзүбүз байып алган соң, анын көзүн тазалайбыз шеф, эч коркпоңуз.

– Тескерисинче, анын көзүнө чөп салып жетелеп алышыбыз керек.

– Жок ал бир сүйлөйт. Эми ушул үч жылга жеткирбей алыстатуунун жолун издешибиз керек.

– Кантип?

– Ойлоп көрөбүз.

Айкан атасынын кабарын уга кубанычы койнуна сыйбай үйгө жөнөдү. Жигули ал үчүн жай бараткандай түшүп алып чуркагысы келди. Өтө шашылганы үчүн жол ого бетер узарды. Союз ыдырап, жаңы эгемендүү мамлекет болгону үчүн жолдор да жаңыланып жаткан учур. Жаңы жол боз топурак каптап, кичине жел жүрсө чаңы асманга сапырылат. Үйгө да жетти. Абдрашит аке досунун багында ары-бери басып жүргөн экен.

– Ата! – Кызынын үнү кулагына шак дей түштү.

Зымпыйган жигит кейиптенген кызын таанparam арaң зорго боолгоп: – Айкан, сенсиңби кызым?

– Ооба, менмин! – Эми гана эреркеп атасына эркелеп, мойнуна асылайын десе атасы аны баягыдай көтөрө алчуудай каруусу жогу көрүнүп турат. Анын үстүнө чоңоюп

калган кыз үчүн так секирип эркелөө да жарашыксыз эле. Экөө көпкө кол алышып, көздөрүнөн жаш кылгыра карашып турду да, атасы кызынын колунан өөп, маңдайынан сылап койду. Канча сагынып турса да, өзүнчө тартынып атасына эркелей албады.

– Ата жүрүңүз өзүбүздүн үйгө.

– Бара аласыңбы?

– Ооба үч күнгө уруксат алдым.

Абдан сүйүнгөн ата кудуңдап жолго чыкты.

– Бул машинага олтуруңуз.

– Ким айдайт?

– Мен.

– Аха, аха, охо–о кызым, кана кеттик!

Жаш балача кудуңдап кубанган атасынын карып кеткенин көрүп кыздын зээни кейиди. «Каап, атам мен деп карыды го».

– Ата жүрүңүз түштөнүп алалы. Үйгө да майда-чүйдө алып алалы дегендей...

– Менин пулум аз.

– Пулду мен табам да ата.

Чайканага кирип тамактана олтурушуп, тегереке көңүл буруп жаткан кыз тигинде кол кармашкан жаш жубайларга көзү түштү. Бири-бирине ыктап эгиз козудай ээрчишкен жубайлар көзгө сүйкүмдүү көрүндү. Жүрөгү эзилип биринчи жолу адамдык сезим козголду окшойт. Бала-чакасын ээрчиткендерге да кайдыгер карабады. Адам баласынын бул жашоодо калтырган мурасы эмне экенин ойлончу эмес. Мына азыр чөжүрөгөн чөжөдөй балдарды ээрчиткен аял-эркекти көрүп соко тарткан кош өгүздү элестетти. Мурда ар күнү апасына таарынып наразы болоор эле. Кечээ Атабек өлтүргөн атты ойлоп, «Эгерде мага тийсе, мен азыр атамды көрбөйт болчумун, апа мени кечир, мен сени канча жолу сыздаттым, мени кечир», – деп ичинен апасынын алдына таазим эте кечирим сурады. Капысынан көзүнөн аккан жашты атасына байкатпай сүртүп.

– Ата, базарлык алалы.

Атасы ойлогондон да көп белек оокат алды.

– Машина толду го, болду эми.

– Батпайт дейсизби? Бул жакка салабыз. – Ата менен кыз көпкө базар кыдырышты.

– Ата бул жакта жаз келип калган тура?

– Ээ балам, кургакчылык болуп, чаң асманга сапырылат. Тигил жак эмне?

– Ал жакта, айыл тарапта кар тескейде гапа калган, ал эми тоо тарабында бийик жеринде кар жатат.

– Эми кызым ал жак жайлоо да.

– Ошондой го?

Булар үйгө киргенде саат үчтөн өтүп калган эле.

– Апа кандайсыз?

Маңдайында турган кызын кучактап, ишенип ишенбей: – Айкаң, ананайын, бейбашым, апа деген тилиңден, садагам!

Эне бечара ыйлап да, сүйлөп да жатат. Көпкө кучакташса да, сагынычы таркачуудай эмес. Ушул кезге чейин келгенде апасын үтүрөйүп караган кызы эми энесин элжиретип апалап турушу Анаржан энени кубантып жиберди. «Кызым мени түшүнөөр бекен» деп күн түн Алладан кечирим жана жардам сураар эле. Мына тилеги кабыл болуп, кызы ийилип алдында турат. Энеси үчүн мындан ашкан дөөлөт жок эле.

– Апал, Үпөл экөөң тигил эже-жезделеринди чакырып келгиле, бир топтолуп бабырашалы.

Баары топтолушту. Бүгүнкүдөй өзүн бактылуу да телегейи тегиз да сезбеген. Досунан кол үзгөндөн бери өзүн кем сезер эле. Бүгүн бөксөргөн жери толуп, көңүлү жай алып, жайдары олтурду. Айида эжесинин бир уул, бир кызы бар экен. Алима эжеси врач болот тура 5-курста экен. Айдай эжеси мугалим болом деп 3-курста окуйт. А Уултай эжеси сырттан окуп, 2-курс экен, эсепчи болом дейт. Болдукыз эжеси жөн эле тикмечи болот экен, быйыл бүтөм дейт.

– Мынча жакшы баарыңарга ийгилик, – деп каалоотилек айтып, эжелеринин адам болушуна толук ишенип, өзүн бактылуу сезди. Ата–энесин аяр астыртадан карап, «Мен да адам болоор бекем» деп ичтен сызды. Айкандын корккону «Хамидден келген күндө да ууурулукка көнгөн колун токтото алар бекем», ушул оюу апын уйкусун качырат жана эртеңкисин үмүтсүздөндүрөт...

... Бир туугандары менен ойноп күлүп жүрүп, үч күндүн өтүп кеткенин сезбей калды. Календарды караса 4-март болуп калыптыр. Жолго камынды. Бул жолку коштошуусу эмне үчүндүр оор болду. Кеткиси жок, кылчактайт, айылдан обочороок чыгып алып аябай ыйлады,

көз жашын тыя албай, өзүн кармапа албай атасынын:
– Сенин акчаң бизге керек эмес, өзүң керексиң, – деген сөздөрүн ойлой-ойлой ыйлай берди. «Таш боор тагдыр ай! Неге мени ушул абалга салдың?» ичтеги муңу чыгып, жеңилдегиче ыйлады...

Айкан кирип келсе, аны Серик тосуп чыкты

– Ой, кайдан?

– Келдиңби?

– Силер эмнеге келдиңер?

– Пахан алып келди.

– Кел кызым. – Хамид ордунан обдулуп колун сунду

– Салам, – Айкандын шыпылдаган колу баарын шакылдата коюп чыкты. Ирина экөө тиктеше калды, элдин катарында эле саламдашып өттү. Бул эки достун суук мамилеси Хамидге майдай жакты, ичтен кубанып «Шашпа Айкан торго салам, сени шашпа», – деп кекенди.

– Мына ишенген кызым да келди, эми силерге болор ишти тактап айтайын.

– Кулагыбыз сизде, – деди Серик.

Хамид балдарды ойлуу тегерете карап: – Азыркы жумуш татаалыраак, эң биринчи чечишип алып, анан баштапшыбыз керек.

– Эмне, Госбанкка киребизби?

Мында олтургандар күлүп жиберишти.

– Эмнеси күлкү, ырас эле банкка кирүү татаал эмеспи.

– Банкка кирүүнү ойлонбопмун, андан башка. Эмесе, мындай: Ринат рингге чыгат, чоң суммада акча сайылат, беш жүз миң доллар.

– Үхүү, – деп Атабек ышкырып жиберди

– А биз эмне ошол акчаны алып качабызбы?

Дагы күлүп калышты.

– Биздин колдон башка эмне келмек эле, – деди Айкан

– Уулдарым, чүрпөлөрүм силердин колуңардан баары келет. Мен силерди карышкыр заманга да, түлкү заманга да, кой заманга да даярдап койгом. Буйруса кор болбойсуңар.

– Пахан азыр кайсыл замандабыз?

– Жөнчү эй. – деди Нооманжан Серикти тыйып.

Жоо жок. – Пахан колун көтөрүп. – Тийбе, туура суроо, азыр силер карышкыр менен түлкү замандын кууш кан кезиндесиңер.

Каткыра күлүп жиберишти.

– Кандайча?

– Бирөөнүн оозундагысын жула качмай, бирин-бири алдамай.

Баары тунжурап ойго түшүп калышты. Хамид сөзүн улады:

– Али алдыда не деген замана саат күтүп тураарын ким билсин, эмнеси болсо да адам баласы амалкөй болушу керек. Эми айтаарым ошол рингде кокустан Ринат ута албаса да, биз ошол акчаны алышыбыз керек. Силерге үч күн убакыт берем, ойлонгула. Биз дачага барып, эс алып келебиз.

Үйгө бала-чака топтолуп калганда эле, Иринасын алып, алыска жөнөмөй адат болуп калган.

– Үй тарыды окшойт. – Серик кырчыңдай.

– Охоо ал жакта өздөрү билет да. – Нооманжан да шылдыңдай сүйлөдү.

– Жап жагыңды! Калжырабай! – Айкан кекиртектен алды эле, – болду, болду, мына качтым, – деп колун көтөрүп артка жылды.

– Мен сени кач дебедим олтур!

– Олтурдум, олтурдум. – Нооманжан кара терге түшүп олтура калды. Булардын абалын сезбеген Атабек тигилерди узатып келе жатып, Айканга тийишип: – Иий Нарындан жазган салам кат! – деп ырдай белин имерип калды эле, араң турган кыз учура тепти. Эшик ачык турган, талп этип босогодон чыгып кетти.

– Оой азыр эле кирдиң эле го! Жакшы бар! – деп Нооманжан каш серпти, үй ичи күлкүгө толду, бир гана Айкан үчүн күлкүлүү туюлган жок. Ал ар дайым Ирина менен Хамидге ачуусу келип кетээр эле. Адатынча жалгыз калгысы келди. Бир бөлмөнүн каалгасын илип, чылым соруп, бирде ыйлап, бирде сооронуп олтура берди. Эшиги тыкылдап калды.

– Ким?

– Мен Жантурмун.

– Жантур!

Айкан ыргып турду да эшикти ачып, Жантурду кучак жайып тосуп алды

– Ва-ай, жаман сагындым!

– Уу сени да көрөт экем э?

Жантур аябай түшүнүктүү, оор басырыктуу жигит эле. Ал эми башкалары Айканга орунсуз тийишип алып

же келтегин жеп же таңууда калар эле. Жантур менен Ринат, Серик үчөө гана такыр тетири мамиле жасашчу эмес. Аңгыча Ринат келди

– Айкан булар кыйла мас болуп калышты.

– Серикчи?

– Ал да мас. Жүргүлө акырын бул жерден чыгып кетебиз.

– Кайда барбыз?

– Мен санаториядан нары бир жакшы батирди билем ошол жерге олтурабыз.

– Кызыксың түндө эле бизге ким ишенип киргизмек.

– Ал жердин ачкычы менде.

– Кантип?

– Билесиңерби бир сыр бар.

– Айтчы.

– Молдоке кээде зериккенде ошол жерде эс алат. Ошондуктан ал жерди алып койгон. Аны бир гана мен билем

– Кеттик анда.

– Кокус тигил барып калсачы?

– Ал бүгүн барбайт, себеби тигил буга табыштап кетет да.

– Кеттик, болгула!

Булар акырын жылып чыгып кетишти. Бул кезде тигилер кыйла эле кызып калышкан эле...

... Эки бөлмөлүү чакан үй. Каалгасын ачсаң кыйчылдайт. Эскилиги жетип калганы көрүнүп турат.

– Бечара Молдоке ушундай үйдө эс алат бекен?

– Көзүн май басып турганда коолдукка көңүл бөлмөк беле.

Ырсаландап күлүмүш болушту.

Ушул кезге чейин булар бири-бирине жасаган жумуштарын сыр тутуп келишкен. Эми акыл-эси кирип, канча азап–тозок тартып жанын тишине тиштеп тапса да Хамид үчүп өгөй балдар экенине, Хамиддин тойбос жети баштуу ажыдаар экенине толук түшүнүштү. Бири-бирин аяп, жөлөк-таяк болуп, бир жактуу жик таап өздөрүнчө жашоону максат катары ойлоп жүрүштү. Мына бүгүн саты чыгып, Айкан Акылкарачач менен кеңешүүгө убакыт жетип, сөздү кайсыл жерден кимиси баштаарын билбей, бири-бирин түрткүлөшө олтурушту.

– Эмне сырыңар барбы? – деди Айкан аларды карап.

– Ооба, сени менен кеңешели дедик эле.

– Ымм, – деп Айкан башын ийкеп, кулак сала тигилерди тиктеди.

– Биз... биз... биз качалы дедик эле

Ушул сөздөн башка эч нерсе айта албай «Эмне дейт» деп экөө тең көк кыздан ийменип олтурушту. Ал да көпкө чейин тунжурай олтура берди

– Туура ой, бирок кантип?

– Аны биз ойлоп койгонбуз. Жакында рингге барганыбыз да Хамид баарыбыздын паспортубузду берет. Себеби, Өзбекстанга өтүш үчүн ар бирибиздин документибиз керек. Өзбекстан бизге чет мамлекет болуп калган.

Булар бир топко чейин качуунун жолдорун тактап даярданып жолугаар жерди да чийип алышты.

– Таң атайын деп калды, Кичине уктап алалы.

Эки жигиттин ортосунда калса да, такыр чоочубай уктайт. Булар чыныгы достору. Толук ишенет...

... Хамид баарын топтоп, баягы эле сөзүн, тапшырмасын сурады. Чынында бул жөнүндө эч ким баш ооруткан эмес эле. Баары тунжурап уялыңкы жер карады.

– Акмактар! Мен силерге ишенсем, силер эшектин тушоосун да чече албайт турбайсыңарбы?! Ичкен ашыңарды актап ичкиле дейм го, өлүмтүгүңөрдү артпай...

Айкандын ачуусу келе түштү. Сүйлөйүн десе Жантур «Кой теңелбе, аз калды бизге» деп койду.

– Эмне шыбырашасыңар! Ачык айткыла билгениңерди! – деп экөөсүн каптай жекире карады.

Эмне дээрин билбей Жантур кайсалактады.

– Биз ошол олжоңуздун жолун тапканбыз, бирок сизге жакпашы мүмкүн.

– Айтчы угалы.

– Эгерде утпаса карактайбыз.

Жантур да, Серик да, Ринат да Айканды таңдана караштьı.

– Ал жумуш үчүн бизге өзүнчө машина керек. Жантур, Серик үчөөбүзгө. – Айкан көзүн ирмебестен бар оюн ортого салып төгүлүп ташып айтып жатты.

– Демек, силерге машина калганын учур көрсөтөт.

– Ошондой.

– Болот! Молдоке буларга машина дайында. Тигил Серикке жаздыр.

Кызык заман документ акчаң эле болсо эки сааттын ичинде даяр.

– Баары даяр, жолго аттанышыбыз гана калды...

... Көптөн машыгып топтогон күчүн, Ринат мына бүгүн чыгарууга белбайлап, Алла таалага сыйынып, чоң таймашка аттанды. Залга чыгып досторуна карады. Ринаттын экинчи жолу чыгышы болчу. Серикке карап көзүн кысып койду. А Серик да кубаттай колун көтөрдү. Азыркы таймашууда «Жалгыз көз» деген дардайган жоон билек тоголок киши менен мелдешээри анык болду. Бул жөнүндө Ринат мурунураак чала-була таанышкан эле. Анын бир козу жасалма экенинин билгени менен кайсыл тарабы экенин так биле албайт болчу...

– Биринчи раунд! – Аларды элге тааныштырып, жарым жылаңач кыз сахнаны бир тегеренип чыгып кетти. Булардын ортосунда ышкырык чалган бир киши экөөсүн кол алыштыра, колун көтөрдү, балка урулуп оюн башталды. Оюн аты жон гана таймаш... А тереңинде коп сыр жана чыр бар. Эки кишинини таймашуусу менен эки жоон топ, ал тургай эки эл эрегишип турган кез. Кыргыз-өзбек – деген жалпы улуттук намыс кошо араласа, ал эми жеке топтор үчүн чоң олжону көздөй умтулганы топ башчыларынын бири-бирине болгон ачуу жана ач күзөндөй көз караштары айгинелеп турат. Топ башчыларына олжо тийсе болгону, бул жерде адам өлөбү, калабы же бир өмүр майып болобу, аны алар түк ойлобойт, көздөгөнү акча. Тигил жалгыз көз деген неме Ринатты качырып сала берди. Ринат болсо такыр ага кол көтөрбөй тегеренип качып жүрө берип акыры чоң муштум жеди. Жалгыз көздүн күйөрмандары залды жаңырта чуу салып: –Ураа! Жалгыз көз азаматсың! – деп кыйкырып жатышты

Ринаттын күйөрмандары күйпөлөктөй үрпөйүштү.

– Мен тигиге сайам дедим эле, сен да буга сай деп...

– Эмне болуптур?

– Ой мунуң лох экен да.

– Ким билет.

– Тигил жеңсе бекер күйөбүз.

– Ой өтүп алчы ошого.

– Эмиби? Иттик болбойбу?

– Анда унчукпа. Шашпа, оюн эми башталды.

Эл ичиндеги талаш-тартышты угуп турган Нигора чыдабай кетти. Биринчи раунд бүтүп эс алууга чыккан Ринатка жете келип:

– Ринат сен күчтүүсүң! Биздин тагдыр сенин колуңда!

Мен сени менеминмин! – деп шыбырай, анын күчүнө күч кошту.

– Качан келдиң?

– Унчукпа, белди буу, кайраттан.

– Көрүшкөнчө, – деди да Ринат жанагыдан кайраттуу кадам таштап, ишеничтүү ага умтулду...

... Кайрадан таймаш. Ринат качып жүрүп тигинин көзүнө байкоо салды да адаштыра бөйрөкө сокту. Жалгыз көз теңселе түшкөндө секин келип, маңдайга тепти. Олжойгон неме таштай талп этип, чалкасынан түшүп, мурдунан кан жайыла кулап берди. Олтургандар ушуну эле күтүп турганда ордуларынан тура ураалап Ринаты коштоп жиберишти. Калыс болсо:

– Бир, эки үч, төрт, – деп онго жеткире кирди. Тигил туралбады.

Аттарчи тобу Хамидди акырая карап, четке сүрүлө залдан чыга жөнөштү. Күрсүйгөн эки жигит жалгыз көздү итче сүйрөп сыртка жөнөдү. Ринат бир чемодан акчаны алып, эл алдында кол көтөрүп жүгүнүп жатты. Хамидидин көзүнөн от жанып өтө кубанганынан: – Уулум азаматсың! Уулум, менин кубатым! – деп кыйкыра берди. Серик, Айкан, Жантур үчөө Ринаты коштой эл ичинде бара жатты. Хамид келип кучак жая өпкүлөп да, ыйлап да жиберди. Мунун ыйлаганы чоң кубанычын батыра албаганы эле.

– Айкан кызым, силер үйгө өтө бергиле. Менин жолугушуум бар. Серик сен мени менен барасың.

– Жок, Серикти жөнөтө албайбыз, себеби олжо бизде. – Айкан шарт эле жооп бере салды.

– Иий десе унутканымды кантейин. Анда ким барат?

– Атабек менен Нооманжан, – деп экөөсүн көрсөттү.

Хамид ойлонбой эле макул болду. Буларды качат деп эч ойлогон эмес эле. Үч уктаса да түшүнө кирмек эмес. Сыр бербей коштошуп жолго чыгышты. Айкан менен Жантур бир машинада, Серик, Ринат, Нигора бир машинада. Өзбекстандан чыгышып, канал жээкке токтотту да Айкан: – Силер баса тургулачы мен азыр, – деп артка кайтып кетти.

– Дагы эмнени ойлоду бул кыз, аны укпасак да балээге калабыз.

– Серик токто...

– Эмне болду?

– Силер бастыра тургула дейт го
– Анын башы жакшы иштейт, бир демени ойлоду го.
– Ким билет же жарылбаса.
– Күтөбүз да.
... Арадан бир топ убакыт өттү.
Айкан келди да: – Убакыт тар, аттангыла.
– Сенчи?
– Мен тигини алаксытам болбосо, артыбыздан түшөт.
– Мен сенсиз эч кайда баралбайм.
– Жантур, азыр антип эсептешүүгө убакыт жок, жөнөгүлө.
– Чын айтам билесиңби, мен... – деди кыздын жүзүн өзүнө буруп. Жантурдун көзү жайнап, жүрөгү тарсылдап, Айкандан алыстагысы келбей жалооруй карады. Ушул жашка чейин чогуу өсүп, бир туугандай бир үйдө жашаган бул жигиттен Айкан мындай табышмактуу көз карашты күткөн эмес болчу. Экөө бүгүнкүдой да тиктеше элек. Жантурдун жал ооруган көздөрүнөн кыз бир сырды баамдагандай болду. Бирок аны чечмелей албады. Оюнда булар менен кеткиси келип турса да ата-энесинин, бир туугандарынын тагдырын ойлоп, алар менен кетүүгө бел байлай албады...
– Эки анжы болбой жүрө бер биз менен. – Ринат ортого түшө экөөсүнүн көз ирмемин бузду.
– Жок, мен кетпейм.
– Дагы кайратыңа салбачы, эмнеси болсо да чогуу-чаран көрөбүз да.
– Жок, мен баралбайм ата-энемди Хамид жеп коёт, мага бир жылдай убакыт калды. Биз баарын сүйлөшкөнбүз.
– Сен Хамидге ишенбе да.
– Жок, ал сөзүнө турат болбосо, жообун алат. Жөнөгүлө дейм.
– Макул, анда кош бол! – Ринат Айканды кыса кучактап.
– Макул досум, кош бол. – Серик да көзүнө жаш имере.
– Кош бол, көрүшкөнчө, – деп Нигора да машинага олтурду.
Бир гана Жантур тура берди.
– Жантур кош бол, бар эми.
– Мен кетпейм дебедимби!
– Көшөрбөчү!

– Сенсиз мен жашай албайм!

– Мен барып калам!

– Качан?

– Бир жылдан кийин. Сен бул дарекке кат жөнөт. Мен сенин дарегинди алып барам, – деди да Айкан атасынын дарегин жазып берди.

Жантурдун көзүнө жаш толуп, журогу сыздап кетти.

– Сен чын эле барбайсыңбы?

– Азыр эмес кийин дедим го. Тигилер күтүп калышты, – деди да Жантурду жетелеп барып: – Кош бол, көрүшкөнчө! – деп машинаны ачып түртө салды.

– Айка–ан! Айкаан! Мен сени күтөөм...

Тигилер аны бекем кыса кармап алышты. Аларды узатып, Айкан чоң жоготууга учурап, жалгызсырап ыйлап жиберди. Машинасын өтө тездикте айдап үйүнө барды. Үйдө эч ким жок. Кочкор-Атаны жүз жолу кыдырып чыкты...

... Ал түндү көчөдө гана уйкусуз откөздү. Жүрөгү сыздап да, туйлап да түгөйүнөн түк ажырап калгандай кыйналды. Көз алдынан улам тасмадай тартылган Жантурдун жалындуу көзү жүрөгүн тилип-тилип өтөт.

– Бул кандай сезим...

Коштошуу Айкан үчүн оңойго турган жок. Үйүрүнөн адашкан боз байталдай серейип уйкусуз таң атырды...

...Таң. Эми Хамид келет. Айкан үйдөн туруп обочороокко көз жүгүрттү, Хамид корүнбойт. Ал эшикке жүгүрүп чыгып, Шамалды-Сайды карай чаң ызгыта жолго чыкты. Жүрөгү туз куйгандай ачышып, ичи ысып-күйүп, эч айла таппаганда бар күчүн машинасынан чыгара газды тээп, онду-солду кароого үлгүрбөй бара жатты. Кайда, кимге барарын өзү да билбейт. Көз алдында Жантурдун жаш кылгырткан карагаттай көзү. Кээде гана аккан туздуу жаш оозуна кирет. Бул кусалыктын, биринчи махабаттын жашы эле. Дал ушул жаш айрылуунун жашы экенин Айкан сезбеген чыгаар. Канча жүргөнүн, кайда баратканын сезбеген Айкан өтө катуу бараткан машинаны олдоксон, өтө тез токтоткондуктан, машина жол жээгине аз жерден оодарылбай токтоду.

– Бырылдаган акмак, эмне болуп кетти? – деп машинаны сөгүнө карап, дөңгөлөктөрүн тепкилеп чыкты. Майы калбаптыр, жол боюна бош бөтөлкөнү коюп, чылым чеге баштады.

– Жантур ыйлаган бойдон калат! – Өзүнөн өзү сүйлөнүп, бырс этип күлүп коет.

– Ээй, жигит! Май керекпи?

– Ооба.

– Кел, келе гой.

Айкан чакасын ала жүгүрдү.

– Иним жолдо калган жаман. Мен да далай-далай жолдо машинам да ач, өзүм да ач калып жүргөм.

– Рахмат аке, жакшы болбодубу.

– Мындан кийин ашыкча май ала жүр.

– Макул.

Айкан Шамалды-Сайга кайрылып, кайра артка кайтты. Жолдо бир жигит кол көтөрдү. Эмнегедир тааныштай. Жакшылап караса Жантур. Ачуусу келген Айкан токтобой өтүп кетти

– Алсыз акмак, эпсиз шалаакы. – Өзүнчө күбүрөнүп кыжырданып жатты. Бирок, таштап да кете албайт эле. Кайра келип: – Чык машинеге! Эмнеге калдың?!

– Айкан, сен белең?

– Ишиң болбосун! – деп ачууланды.

– Мен сенсиз кете албайм.

– Келжиребе!

– Түшүнчү мени...

– Жап! – ачуусу келгени менен, а жүрөгү жылый түшкөн.

Айкан үн-сөзсүз жолду карап кете берди. Капысынан Хамид менен жолугушуп калышты. Алар Өзбекстандан чыгып келе жатышкан эле.

– Айканбы, токтоткулачы.

Машинанын сигналынан улам кыз четке сүрүлө токтой калды. Айкан машинадан ыргып түшө: – Алар жок! – деп бар үнү менен ачуулуу чаңырды.

– Кимдер?

– Ринаттар.

– Качантан бери?

– Түндөн бери.

– Өзүңдү бас кызым, алар эчак эле үйдө болушса керек, жүр үйгө. – Хамиддин оюнда аларды качат деген шек жок эле.

– Үйдө да жок!

– Баарын карагыла.

Анын кызматчылары короо-сарайды, ал тургай дай-

ындуу жерлерди да карап чыгышты. Дайын жок.

– Олжо кимде эле.

– Ринатта.

– Эмне? Акмак! Тапкыла!

– Кайдан табабыз, кайдан?!

– Кайдан?! Жердин түбүнөн! Айкан мен сага ишенген элем. Эмне үчүн мени алдадың?!

– Мен аларга ишенген элем.

– Эмне кастыгың бар менде?

– Мени кечириңиз. – Айкан чоголой олтура калды.

Ачуусу келген Хамид адаттагыдай эле босогодо илинген камчыны ала төрт аяктай чөгөлөп турган кызды жон талаштыра чаап ийди.

Жантур чыдабай кетти: – Мында күнөө жок! – деп Айкандын баса калды да, ачуу камчынын шамалына урунуп алды.

– Токтотуңуз! – Ирина да чыдабай кетти. Жүгүрүп келип Хамиддин колунан кармай.

– Ачууга алдырбаңыз, андан көрө кыдырып көрүңүз, болбосо буларга оор жумуш тапшырыңыз.

Теңселе басып, камчысын сүйрөй Хамид олтуруп калды.

– Акча, акча, менин акчам!. Мен ушул рингдеги жеңиш менен чоң авторитетке ээ болгом! Билесиңби, Ира, ал менин акчам, менин жеңишим болчу! Эмнеге алар алып качат! Кантип кудурети жетти! Кантип колу барды! Мен.. мен аларды ымыркай кезинен өстүрбөдүм беле! Ушуну күткөн белем! Жоок, жок! Мындай болушу мүмкүн эмес! Тапкыла! Тапкыла!

Хамид машинанын ачкычын балдарга ыргытты да.

– Ким таап келсе чоң суммадагы акча менен эркиндик алат! Айкан сага да тиешелүү, – деп басып кетти.

Баары башын сала Хамидди узата караштЫ.

– Э–эсть, Атабек кеттик издейбиз. – Нооманжан өтө кубанып кетти.

– Сөзүнө тураар бекен? – Айкан ишенбегендей сүйлөдү.

– Шек санабай чын дилден издегиле, мен кепил болом. – деп Молдоке Хамиддин сөзүн бекемдеди...

... Төртөө топтолуп эки экиден издөөгө бөлүнө баштаппы.

– Мен Атабек менен барбайм, – деди Нооманжан

– Кимге бөлүнөсүң?

– Сен Атабек менен барасың! Бас Жантур кеттик. Баса силер Өзбекстан тарапты карагыла, – деп Айкан адаттагыдай эле буйрук бере бурк этти.

– Эмнеге Өзбекстанды. – Хамид чыга калды

Айкан шарт бурула: – Нигора да бар эле.

– Нигора!

– Ооба.

– Демек, иш бүттү, баары түшүнүктүү. – Хамид эрдин тиштеп, көпкө ойлуу турду да, анан: – Атабек, Нооманжан экөөң Өзбекстанга баргыла. Айкан, Жантур Ошко баргыла. Биз Бишкек тарапка барабыз, – деп Молдокени карап койду.

– Издөө салып ачык жарыялоо да туура келбейт. Мафиянын иши кыйын.

– Анда кеттик.

– Барган жерибиздин коён жатарына чейин тинтебиз. Түшүндүңбү?!

– Түшүндүк!

– Ар кимиң өз жумушуңарга жол алгыла

Буйрук алгандар туш тарапка тарады

– Айкан биз кайсыл жерден баштайбыз?

Жантур кызга суроо узатты. Экөө бирин бири карап каткырып күлүп алышты да: – Эс алабыз.

– Акчачы.

– Бензинге берилген акча менен тоюп жүрө беребиз.

– Кеттик, а тигилер колго түшүп каабас бекен?

– Чоочуба Ринат жонокөйлөрдөн эмес.

– Эс алууну кайдан баштасак?

Экөө көпкө ойлуу олтурушту.

– Айкан, давай атаңдын үйүнө барабыз.

– Үйгөбү?

– Болот да э?

– Жакшы ой, бирок эң биринчи Васкага жолугуп коёлу.

– Эмнеге?

– Издегенибизге ишенич.

– Макул.

Алар Васкага жолугуп коюп, Айкандын үйүнө келип жүрө беришти. Убакыт жетип, алардын кайтып кетүүгө камынып турган кези.

– Кызым досуң менен кел кийин дагы.

– Макул ата.

Булар барганда Хамид чыдамсыздык менен күтүп жаткан экен. Эки колду артка алып, бак ичинде ары-бери басып, кимгедир ачууланып жүрүптүр.

– Жантурдун абалын карасаң.

– Таба албаптыр.

Булар кубанычтуу кирип баратышты. Каптал жакта Ринаттар айдаган жигулини көрүп экөө тең коркуп кетишти.

– Ринаттар. – Калтырак баскан экөө Паханга барбай машинага көздөй жүгүрдү.

– Аларды ушул жерге байлап койгом.

Хамиддин үнүнөн улам артка кылчая: – Алар кайда?

– Билбейм, билбейм! – ийинин куушура.

– Бизден жашырба.

– Ээй! Өлүк-тиригинисен кабар жок!

– Ал эмне дегениң.

– Ушуну көрмөк!... Оох ушуну! – Колун кезеп. – Билесиңерби, бул силерге чоң сабак, ойлонгула

Айкан ачуусу келе шарт башын буруп, үйдү көздөй жөнөдү.

– Карап чык, үйдү кара, сандыкты тытып чык!

– Сенин сандыгыңды өрттөйм.

– Билгениңди жаса.

– Ираа! – Айкан досун чакырды.

Көз жашын көлдөткөн Ира чыкты.

– Алар кайда?

– Дайыны жок.

– Эмне?

– Аябай издеттик бири да жок.

– Мындай болушу мүмкүн эмес.

– Айкаан, эми эмне болот?

Башын мыкчып, чыйт түкүрө Айкан олтура калды. Адатынча чылым түтөттү. Ушунчалык ыйлагысы келсе да, терең дем алып, ыйлабай калууга аракет жасады. Хамидди көзүндө огу болсо атып жиберчүдөй карайт. Чогуу өскөн досторунан түбөлүк ажырап калуу, коркунучу канчалык өкүнтүп турса да айласы кайсыл. Душмандын дабасын кандырбоо үчүн кайраттанат. Бардык кайгысын жутуп, жер тиктеп мелтирейт.

– Бай-бай, бул кыздын кайратын көрчү, – деди Молдоке

– Ичи күйүп эле кетти го? – Бырс күлөт Хамид
– Айкан, эми эмне болот. – Ирина шолоктоп. Айканды баса жыгылды.
– Ыйлаба! Алар өлбөйт! Эч качан! Ыйлаба! Амандык тиле! Мен кеттим!
Колун бекем кысып алган Ирина анын жолун тороп:
– Кайда барасың?
– Издейм.
– Ира, тек гой бара берсин.
Хамиддин бул буйругунан улам Айкан жолго чыкты. Кайда барарын билбей жол боюнда олтура берди. Хамиддин мыскылдуу көз карашы эсинен кетпей койду. Аябай буулуп кетти. Кантип ыйлаганын өзү да сезбей калды. Үнүн барынча бакырып ыйлагысы келсе да, элден тартына бышактап, солкулдап жатты. Кеч кирип калса да, үйгө киргиси жок. Ары-бери басып жүрсө артынан кимдир жүргөндөй сезилет. Эч ким жок. Бир караан жолун торой: – Чылым берчи, – деди
Төш чөнтөгүнөн чылым алып түтөтүп, ага сунду.
– Олтур чогуу тартабыз.
Экөө үн-сөзсүз чылым тартып олтурду. Айкандын бардык ой-кыялы дале Ринаттарда «Жок алар тирүү», ушул эле ою аны чыйралтып жатты. Шырп эткен дабыштан улам тегерене караса ортодо жалгыз алыптыр. Кандайдыр бейтааныш топтун курчоосунда экенин көрө мыйыгынан күлүп койду да
– Силерге эмне керек?
– Чөнтөгүңдү кагып бер.
Башка учурда болсо урушат элек.
– Азыр мен силер менен беттешүүгө чамам жок, мына алгыла, – деп бар тыйын тыпырын берип жатты.
Мунун бергенине алымсынбай алар кол сала, аны ары бери чойгулап киришти. Саамга унчукпай турду да, анан:
– Болдубу, мага уруксат.
– Уруксат! Сагабы?.. – Алар дуу күлүп жибериштп.
– Болбосочу, тиешеңерди алдыңар эми.
– Жоок жигит шашылба. – Тигилердин тыңы шыңга бойлуу жигит экен анын күрмөсүн кармай.
– Бул джынсы американский го, чеч.
– Тарт колуңду.
– Сен укпадыңбы? Чеч муну.
– Тарт дедим.

– Макул өзүңдөн көр. Баштагыла, – деди да четке чыкты.

Алар көпчүлүк болсо да, бир кызга тең келе албай, аркай жерде сулап онтолоп жатышты. Кыйындары сулаганда арты жолго түшкөн эле.

– Токтогула! – Айкан тигилерди артынан кууган болуп калып калды.

Бир тикеден кийин Чаар баш чатакчыл болгон бала кезин эстеп кетти. Аттиң ошол кезде андай болбосо ата-энесинин тарбиясынан алыстабайт эле. Мынчалык эркек түспөл да болбой эжелеринде аялзаттагы назик келбет мында да болмок. Эми болсо жүрүш-турушу эркектен айырмасы жок. Неге мындай бой тартканына өзү да таң. «Жантур. Жантур, эмне болду экен?» деди да үйгө кайтты. Бечара Жантур көп ооруп назик жашык болуп өстү.

Хамид камчысын сылап, сыйпап олтурган экен.

– Кел Айкан, мен сенин келээриңди билгем.

– Жипсиз байлоодомун да.

Тигилерди экөөлөп издейбиз. Азыр эс ал, эртең жолго чыгабыз.

– Жантурчу?

– Аларга башка жумуш бар. Пулубуз калбады, – деп алаканын жайды.

Түн бир оокум. Айкандын уйкусу качып кетти. Сыртка чыкса Хамиддин жеке болмосу жарык экен. «Ал да уктай албай жатат го» деп ойлоду. Бул кезде алар Айканды торго илинтүүнүн жолун издеп жатышкан.

– Жантур менен Атабекти базарга жөнөт, Карабай менен Нооманжанды карта ойнот. Тигил көк көз шер мени менен.

– Сиз ал кызды канча алып жүрмөксүз?

– Ашып кетсе үч күн.

– Кийинчи? – буларды аңдып турган Ирина калган сөзүн укпай калды. Себеби, алар шыбырашып жаткан эле.

Айкандын тике көз карашы буларды чоочутуп көзүн тазалоого иш баштамак.

– Айкан сак бол. – деди Ирина

Көптөн бери эки достун сүйлөшкөнүн көрбөй кубанып жүргөн Хамидге бул жакпады.

– Кеттик.

Айкан «Эмне үчүн, кимден сак болом» деп суроого

үлгүрбөй кетти.

Хамид эки достун имерилишинен катуу коркуп калды. Убакытты өткөрбөй Айкандан кутулуунун жолун издей баштады.

– Айкан, мен сага бир тапшырма берем. Так аткарсаң, болжолду күтпөй бошотом.

– Чынбы?

– Ишенбей турасыңбы?

– Түшүнбөй турам.

– Азыр экөөбүз Наманганды̆н чоң банкына барабыз. Эки жагын жакшы карап ал, ошол банкты карактӑйсың, Жантур экөөң.

– Жантурду билесиз болбойт.

– Башка эч ким жок да.

– Ал оорулуу да.

– Жантур орукчан болгону менен, кайраттуу.

– Билем.

– Мына банкка да келдик.

– Охоо, бул жерге кирүү үчүн көп күн баш катыруу керек.

– Эми ушул күндөн баштап Жантур экөөңө ушул жерден батир алып берем, даярданасыңар.

– Эң оор иш.

– Ооба, сага ишенем.

– Биз тигилерди издебейбизби?

– Жок. Мен өзүм суроо салып карайм.

Булар банктын ичине киргенден Айкан тегерете карап, бул жакка кирүү үчүн жол издеген болуп жатты. Бир гана кирип-чыгуучу чоң каалга. Хамид акчасын алып ары бери басып жүргөн кызга: – Кеттик, – деди.

– Эмнени сездиң?

– Жол жок.

– Тээтигил жактанчы. Мен сага имараттын ички жана сырткы түзүлүш сүрөтүн алып келип берем. Иштеп чыгасың.

– Айкандын айласын кетирет го.

– Ээх, жашоо мынча кыйын, – деди да жолго түштү...

... Ошол күндөн тартып Айкан Жантур экөө банкка кирүү үчүн иш-планын түзүү менен алек...

... Арадан эки ай өттү.

Молдоке келгенде Айкан дале карта чийүү менен алек болуп жаткан.

– Сени тездетсин дейт.

– Ким?

– Уктуңбу?

– Шашылыш болсо, өзүң кир.

– Баягы койдун көзүнө окулчу дуба бар эмеспи ошону пайдалангыла

Айкан каткырып күлүп жиберди.

– Дуба!

– Ооба, баягычы, биз ал дубалардын күчү менен канча канча кирече алганбыз.

– Ымм, көрөлүчү жазып кал Жантур.

– Августтун опу, Жантур бүгүн киребиз.

Алар аттанып чыгышты. Канча аракеттенсе да кире албады. Экинчи аракет он экинчи август. Дагы кире алышпады.

– Эч бүтүм тартпай жатат.

– Менин дагы. Кетеличи...

– Кайда.

– Башка жумуш бер дейбиз.

– Бүгүн бир көрөлү, болбосо кетебиз.

Алар барган кезде банктын кароолдору орун алмашып жатыптыр.

– Буларды карачы...

– Көрдүм, артка өтөлүчү.

Арткы эшиктин жанында эч ким жок экен. Жантур бурчту карап, Айкан жанындагы түр-түр ачкычтар менен эшикти ача баштады. Арткы эшикте сигнализация жок экен. Жолдуу болуп кирип кетишти. Кирип алып жөрмөлөй басып баягы карта боюнча акча сактоочу бөлмого келишти.

– Каалгада коңгуроо бар, эми кантебиз.

– Азыр, – Айкан коңгуроонун зымдарын кыркууга киришти.

– Каалга ачык сен бул жерде тур. Айкан кирди да сейфти ача баштады. Сейфтеги үч кабат эшик ар биринде коңгуроо бар экенин унуткан Айкан акыркы каалгасын саксынбай ача койгондо, бардык жакта конгуроо иштеп, ызы-чуу башталды.

Айкандын колу олжого жеткен эле. Ал болушунча сумкасына сала баштады.

– Айкан, качуу керек.

– Шашпа.

– Бол дейм. Тигилерди карачы, бол тез.

Жүрөктөрү түрсүлдөп, Жантурду калтырак басты. Айкан баш көтөрүп сыртты караса, карооллор мылтыгын октоп, ары-бери чуркап жүрүшөт.

Арткы эшиктен чыгууга аракеттенүүдөн башка арга жок. Тигинде патрульдар да машина менен шаарды сапырып келе жатышат. Шаар ичи заматта ызы-чууга толуп, милициялар тополоңго түшүштү. Алар арткы эшик тараптагы карооллорду ыргыта тээп качып жөнөштү. Банктын ичинен чыга калат деп күтпөгөндөргө оор сокку болду. Андан ары бак аралап качып жөнөштү. Артынан түшкөн патрульдар атууга мажбур болушту. Ок. Жантурга тийип, ал кулап кетти.

– Жантур! – Айкан аны колдон алды.

– Мени ташта! Кач! Тез кач! Кач дедим!

– Жок, тур бас.

– Мен... мен... – деген бойдон шалактап жыгылып калды. Бул кезде тигилер да жакындап калган эле.

Айкан Жантурду таштай албай башын жөлөп олтура калды. Жантур кеп-сөзгө келе албай, эки-үч жолу гана тыпырап диртилдеп кетип жатты. Колдорунда жарыгы бар куугунчулар буларга жакын калышты.

– Колуңду көтөр

Айкандын кулагына бул буйрук жеткен жок. Бар үмүтү Жантурда болчу.

– Жантур, ач көзүңдү! Жантур алар келип калышты, тур качалы. – Оюна дароо бир деме келе калды. Жанындагы ачкыч менен баштыкты буга таштай качып жөнөдү. Тигилердин тортоо кыздын кеткенин байкагандай дале келе жатышты. Жолдогу акыр-чикир топтолгон жерге кыз бекинип калды. Тигилер өтүп барышты да эки жагын карапа: – Эч ким жок. Бироо эле окпойт.

– Жүр кайталы.

Алар артка кайтканда, ал акырын туруп үйүнө жөнөдү.

Жантурду бир өмүр жоготконуна ичи куйкаланып кетти. Ыйлап да, сүйлөп да, бир бөлмөдө жалгыз жинди немече ары-бери басты. Хамид, Молдоке экөө кирип келишти. Жиңдиликтан кабар таап келиптир.

– Мен аны таштай качтым

– Түшүндүм.

Тунжурап олтура беришти.

– Аны соогуп алабызбы.

– Жок, ала албайбыз.
– Эмнеге?
– Анда бизди кошо тартат.

Мурдагыдан да жийиркеничтүү караган кыз эми чындап өзүн өзү өлтүргүсү келип кетти.

– Акмак, ал акмак кет деген элем. Мен аны, мен жалгыз кирем деген элем акмак, иттей өлүп, өлүгү ай талаада калыш үчүн сага кызмат кылган беле? Мен өлсөм да калат белем! Ыя калат белем дейм! – Көзүнөн заар чачып, Хамидге колун кесеп, өкүрүп жер тепкилеп жатты.

– Мага эле жеңил дейсиңби?! Олтур ичели. – Алар арака тоё мас болушту.

Айкан аябай ыйлап, муңун чыгарып жеңилдей түшкөн. Таң куланөөк, саат төрт болгон экен.

– Айкан, тур кызым, базарга барабыз.
– Базарга, эмне үчүн?
– Мал бар. Ошону сатып анан кетебиз, сени да үйүңө жөнөтөм. Сөзүмө турам ишен.
– Акыркысыбы?
– Ооба, акыркысы жигиттик сөзүм.

Айкан ойлоно калды

– Корко турган иш эмес. Даяр мал сатасың да кетебиз.

Эмнегедир буту тартпай алчактады. Хамидди суроолуу караса, ал: – Ооба дедим го, баарын тактап койгом.

– Макул, кеттик.
– Болгону жалгыз сатасың.
– Болуптур.

Айкан адеп биринчи соодасын ача баштады. Эч баалашпай келген баасына берип салды. Байкап калгандар милиция чакырып коюптур. Экинчисин соодалашып жаткан жеринен колго түштү.

– Мынча малды кайдан алдың?

Айкандын башы каңгырап, эч нерсеге түшүнбөй тура берди. Кайгыга тунуп, мундан жарылчудай арманга чулганып турган кыздын оюна бурмалап айтууга эч бир шылтоо табылбай колун кишенге тосуп бергенден башка жолу жок болду. Бул кызга жардам берүүнү эч ким ойлонгон жок. Тескерисинче эл арасынан акмалап карап жүргөн Молдокени Айкан көрөрү менен ал шып этип көздөн кайым болду. Дүрбөлөңгө түшкөн элдин арасынан бир көрүнүп жылт койгон таанышын кыз жалооруй карап издей баштады. Байкаган милиция: – Шеригиң барбы?

Кыз бар дей албай, кылчак-кылчак артын карап кете берди...

* * *

... Артымдан бирөө жардамга келээр деп жол карап үмүттөнөт. Бир күнү Хамид келди. Айкан абдан кубанып кетти. Бирок, эми эле кубанычы койнуна батпай турган кыздын кабагы бүркөлүп түпөрө түштү.

«Кызым мындай ишти бир өзүң мойнуңа алып кеткениң оң. Сени мен түрмөдөн сатып алам. Азыр мени куткар» деп алдаган сөзүнө ишенди. Мына ошентип алдыга чоң максаттарды койгон күжүрмөн көк көз кызды тагдыр сынагы темир торго түрттү. Ишеничи артып, үмүт гана жылт этет. Бирок, ошол үмүт түбү жок. Качан жарык нурун чачаарын биле албады. Түрмөнүн ным тарткан караңгы бурчунда тээ тиги асмандагы кол жеткис жылдыздай жылт этип үмүт гана жанат. «Уурлукту мен өзүм жасагам» деп 1994–жылдын 5–августу күнү камакка алынды.

Бир күнү күтүүсүздөн Айканды бирөө чакыртып жатты. Жолугуучу жерге келсе Ирина турат. Ага жакын барууга даай албай, ыйлап жибербөө үчүн ээгин тиштеп тура берди. Ичи туз куйгандай ачышат. «Ира, мен Жантурду жоготтум, өзүм болсо абака түштүм, кандай бактысызмын. Ушул абалымды көрүү үчүн неге келдиң? Неге келдиң?» бирок, аны кучактап өксөп ыйлагысы келсе да, тиштенип чымыркаып тура берди. Бир ооз сөз сүйлөөгө тили күрмөлбөдү. Ыйлап жибербөө үчүн чымырканды.

– Убакыт бүттү. – Кайтаруучу жигит Айканды тартып, кайт дегендей ишаарат кылды.

– Айкан мени кечир. – Жанатан сүйлөгөнгө чамасы келбей солкулдап ыйлап турган Ира колун сунду. Анын колунда төрт бүктөлгөн кат бар эле. Иринанын да арманы аттын башындай. Бардык көргөн азап арманын ичине жутуп ал да жалынсыз куйкаланып жүргөн.

Иринанын катын ачпай өзүнүн ным жыттанган караңгы бөлмөсүндө аябай өксөп ыйлады...

Тээ бир оокумда үрүл-бүрүл жарык кирди бөлмөгө, ошондо гана катты окууга үлгүрдү.

* * *

Саламатсыңбы досум, Айкан! Абалыңды суроо мен үчүн канчалык оор экенин сөз менен жеткирүү өтө кыйын. Сенин бул абалга дуушар болууңа мен өзүмдү күнөөлүү деп таап, өзүмдү өзүм кечире албай келем. Мен жашымдан эле жүрөк ооруга кабылып даба катары мага Соня эже ар дайым жасалма уколун, ал табылбаса алда немени жыттантып, мени өлүмдөн сактап келген. Ошондуктан менин жан дүйнөм ушул дарысыз жашоого мүмкүнчүлүк таба албай, наркоман атка конгом. Мына ушул дары үчүн мен Хамидге аял болууга аргасыз элем...

... Тагдыр кандай жолго салбасын ар бир инсан эртеңкиге үмүттүү жол карайт. Бул жарык дүйнөнүн эртеңкиси кызыктуу. Булардын сенден кутулуу үчүн түзгөн бул иштерин билсем да, сага жеткире албаганым үчүн өзүмдү күнөөлүү сезем. Мени кечир. Акылсыз, алсыз, кайратсыз досуңду кечир. Жүрөгүм сыздап көөдөндү муң-кайгы эзип, Ринаттардын дайынсыздыгы, Жантурдун сөөгү адалдалбай калышы, сенин абакта кыйналышың менин түн уйкумду алып, тынчымды кетирди. Мени кечир, сени сүйгөн, сага ар дайым түйшүк арттырган алсыз досуң жүрөктөгү канын сыя кылып наркоман жүзүн барак кылып, кечирим катын жолдойт.

Мени кечир! Кечир! Сага менин жардамым Сенин абакта экениңди ата–энеңе айттырбоого шарт түзөм. Кош бол! Абактан аман–эсен чыгышыңа толук ишенген досуң сени күтөт! Өзүңдү сакта! Көрүшкөнчө!...

– Жок, жо-ок! Сенин күнөөң жок! Ира, сени эч качан айыптабайм! – деп Айкан ыйлап жатты...

Чынында эле бул жаш өспүрүмдөрдүн эч кандай күнөөсү жок эле. Хамид деле эң алгачкы кадамында буларды теңдешсиз спорт чеберлери катары өстүрүп, тарбиялоону көздөгөн. Адам баласынын терс тарапка өзгөрүлүшүнө чоң себеп, бул акча энергиясы экенин али да болсо ойлонбой келет. Хамид качан, кантип тарбия жолун каракчы уурулукка буруп алганын сезбей калган. Бир күнү капысынан эле бир жумага тыйынсыз калып, Соня эң алгач жолу Атабек менен Нооманжанды акча уурдоого жөнөтүп көргөн. Андагы табылга булар үчүн өтө чоң жардам берип, мына ошондон тарта аз аздан ушул арам оокатка таянып, балдардын тырышчаактыгына карап, кол куроого өткөн.

Серик менен Жантурду да мына ошол ойдо алардын

кайраты көзүнөн жанып турганына ишенип алып келген. Ошол эле катары Айкан да мына ушундай зор ишеним менен келтирилген кыз эле. Акчага арбалып, ач көздүктүн түбү буларды кайырсыз кылып койгонун сезбей калышкан эле. Аттиң жалындуу курч жаштар бул зор кайраты менен чыныгы ак ниет спорт машыгууларынан талым алса, Айкан өзү эңсеген чоң жеңишке жетип, Кыргыз туусун желбиреткен атак даңктуу баатыр кыз болоору анын сүрдүү көзүнөн, теңдешсиз кайратынан сезилип турбайбы. Отко-чокко тике караган тайбас кыз эми минтип түрмөнүн зак жеринде калышына ким күнөөлүү?

... Айкандын башы тарсылдап ооруп чыкты. Көп ойлонуп койду көрүнөт. Баары келип тагдыр деген таш боор жолго гана кабылып, андан ары ой чулгоосун токтотот. «Эми» дейт көк көз кыз «өч алуу» деп муштум кезей кайраттанат.

Убакыт учкан куштай зымырап Айкандын тагдыры чечилүү алдында турат. Бардык кылмышты жеке мойнуна алып тура берди. Бир гана шекшинүү уйларды кайсыл жерден алып келгенин так айталбаганы. Айкандын өз келечегин ойлоого эми такыр мүмкүнчүлүк калбагандай көрүнөт. Эртеңки күн ага караңгы. Ичи туз куйгандай ачышып, жалыны жок чок болуп күйүп, Жантурдун өлүмү аны эсеңгиретип турса. Иринанын каты да ого бетер «өлгөндүн үстүнө көмгөн» дегендей эле кыжырын кайнатып ойдон бош убактысын жоготчудай эмес. Кулагына бир сөз кирсе, экинчиси кирбейт. Уйду так алган жерин ачык айта албаган үчүн буга адвокат бөлүнүптүр. Бул жаңылык кызды кубантмак турсун кыжырын кайнатты.

– Кереги жок! Менмин жеке өзүммүн! Мына сотто мени! – деп ушундан башка сөзгө келбей тогуз жылга өкүм чыгартып албады беле. Эми эсине келе «Каап десе бекер өткөргөн экем мүмкүнчүлүктү», деп эрдин кесе тиштеди. Аккан суу артка кайтпайт да, эми баары кеч. Айкандын чачын кырып тигил жактагы аялдар колониясына кошуп койду. Жалпыга салам айтып тээ четен орун ала чылым түтөттү. «Түрмө деген түрмө да, бул жерде боорукерлер жок болсо керек» деп Айкан ал жердеги аялдарды коз кыйыры менен карап жатты...

Ар күнү жаңжал мушташ. Алсыздар тамагын алдырып, кыйындардын кызматчысы боло карын тойгузат.

Тигинде бир кара арык кызды бирөө кордоп жатты. Тынчтык бербей ызы-чуу боло берген үчүн Айкан баш көтөрдү эле, бейтааныш цыган аял келди да: – Аралашпа, ал сени сынап жатат, – деп койду. Айкан унчукпай жатып калды.

Айкан аларга көңүл бурбай койсо, алар өздөрү келип жөнү жок жерден анын кежигесин кемире баштады. Дагы да болсо баягы цыган: – Унчукпа, – деп коюп басып кетет.

Бирок ушунча кармангàны жетет. Эми өзүн кармай албады. Баарынан да ачуусунун келишине Айкандан он күн кийин келген сулуу кыздын кыйналышы, чоң себепкер болду. Олчойгон дөөдөй болгон кара катын ага ар өнөрдү көрсөтүп, аны кыйнай берди.

– Соргун тигини! – алар колго даярдалган чылымды алып кызга соргузду.

Ал бечара ыкшып жөтөлүп, ал тургай окшуп теңселей сенселди.

– Ээй дөңгөч, токтот! – деди Айкан тигиге тике карай.

– Охоо эмне дейт! – Алардын тобу каткырып күлүштү.

– Акыры сен менен беттешмей болдум. Цыганка сени эмнеге корчологонун билбедим го, бирок өзүңдөн көр! – деди да. – Ээй, Настя давай! – деп четке чыкты.

Настя менен Айкан беттешүүгө чыкты. Тигил да чекене эмес экен, бирок Айканга эч ким тең келе албай, ошол күндөн тарта бары Айканга баш ийип мурдагыдай алсыздар ачка калбай, тегиз жеп, ал эми кара дөө күн санап арыктай баштады. Андайга оңой менен көнүү кыйын болгондуктан, Айканды өлтүрүп кайрадан баарын колго алууну максат койгон кара дөө, ар качан ага кол салып жүрдү...

... Цыган аял кээде түнкүсүн бир жака барып келет. Бирде көңүлү жай келсе, бирде капалуу келет. Айкан сураса да айтпайт. Бир күнү бош убакыттан пайдаланып Айкан карта ойноп жаткан кишилерге кошулуп оюнга кирди. Алар тек гана майда-чүйдөгө ойноп жатыптыр. Зерикпеш үчүн ойносо болот деп ар эки үч күндө көк көз кыз барып турду. Сырттап байкаган цыган: – Картанын кайсыл түрүн билесиң?

– Баардыгын.

– Тигилердин оюну чоң оюн.

– Жок, алар менен зерикпеш үчүн гана ойнойм, – деди

Айкан чыныгы оюнду тапкысы келгендей.

– Айкан, сен маймыл менен чаарды билесиңби?

Айкан дароо эле түшүндү. Баягы кумарчылар жөнүндө сурап жатканын. Сыр бергиси келбей.

– Ал эмне?

– Жашырбай айт, чаар кишини сен тоногонсуң тууралы?

– Кайдагы чаар, мен эч нерсеге түшүнбөдүм, – деп басып кетти.

Артынан узата карап калган цыган аял «Демек, чыныгы кумарчы жана каракчы сенсиң, мен билдим» деп мыйыгынан күлдү. Айкандын маңдайынан чып-чып тер чыга ажааткаңага кирип олтуруп калды. «Ооба, бул баягы Хамид айткан кумарпоз цыган аял, так өзү. Демек, бул сырт менен байланышы бар. Эмне дебесин мен буга сыр алдырбашым керек. Хамид үчүн жан үрөп мээнет жасап андан мен душман гана арттырган экенмин... бул мени оюнга тартса, барсамбы же барбасамбы?...»

Цыган аял бөлмөгө карта алдырып, Айканды күтүп олтурган эле.

– Кел Ая, мен сени эмнеге жакын алдым десем, экөөбүздүн жолубуз бир тура, – деп чылымын соруп, көктү карай көпкө ойлуу олтурду.

Айканды түрмөдө «Ая» деп атоого чакырган ушул аял болчу. «Мейличи маңдайга жазганды көрдүм» деп ойлонгоң Ая картаны ала шыпылдатып таркатып кирди. Цыган аял анын колун кармады да: – Мен сага төлгө ачайын дегем.

– Төлгөбү?

– Ооба, Сенин эртеңкиң үчүн. Кандай дейсиң, болобу?

«Бул менин эртеңкимди буга чейин деле билген го» деп ойлоно.

– Макул, – деп күлүп койду

– Мына бул башка кеп, – деди да картаны ача баштады. Көпкө тунжурап олтура берди...

... Ал жердегилер да кулак түрө экөөсүн курчап алышты. Аянын тагдырын ортого салгысы келбеген цыган аял: – Чыгып кеткилечи ачык түшпөй жатат, – деп баарын чыгарып жиберди. Андан соң: – Алаканыңды жайчы, – деди Ая алаканын ачып, анын оозун карады.

– Кызым, ар бир инсан өз тагдырына баш ийүүгө милдеттүү. Сени кубантар кеп айта албайм. Сен ты-

рышчаак жана кайраттуулугуң менен татаал жолдорду басып келгенсиң, дагы да басасың. Сен бир адамды катуу сүйгөн экенсиң, достук сүйүү – эң алгач жүрөгүңдү ошол досуң оорутса, кийинки айыкпас жараны жигитиң калтырган. Азыр сенин жүрөгүң ыйлап турат. Бардык муң-зарыңды ичиңе катып, ички дүйнөң от менен жалын. Өтө оор иш. Эртеңкиңе келсек, сен канча ийгиликке жетишсең, ошончо душман арттырасың. Ийгилике жетүү да, душман арттыруу да сенин тагдырың. Кимдир бирөөдөн өч алуу максатта күн санап жүрөсүң, өчүңдү да аласың. Азап тозоктор бара-бара жүрөгүңдү жалтанчак кылат. Алга умтулууң өчүп, күнүмдүк жашоого көнөсүң, өзүңдөн улуу киши менен өмүр кечиришиңе мажбур болосуң. Мени кечир, бул сенин тагдырың. А балким кээ бир жерден өзгөрүп кетээр, – деп койду.

Өзү да ичинен сызып турган кыз көпкө ыйлады. Аргасы кайсыл кайра эле баягы түрмөнүн азаптуу күндөрү өз очогун тутантууда. Күндөр жумага, жумалар айга, айлар жылга алмашты. Бул убакыттын ичинде цыган Ляга кумардын белгисиз сырларын үйрөттү...

Айкан жан дүйнөсү берилген үчүн кунт койгон үчүн чоң кумарчы болуп чыга калды.

– Эртең оюнга чыгабыз, – деди цыган.

Түн бир оокум, саат 12де бирөө келип, бул экөөн түрмөнүн бир жеринде кумар ойнолчу жайга алып барды. Бул жердегилер цыганды жакшы тааныйт экен.

– Оо, Зебу апа, – дешип төрдөн жай көрсөтүштү. – Бул ким?

– Аа, Ая кир, бул Ая.

Мына ошол күндөн тарта Аянын бош убактысы көнүгүү жасоо менен өтсө, түнкүсүн кумар ойноо менен кызыктуу күн кечире баштады. Ажаатканага эми эле баш багып, ал жерден бир кишини көрө коюп, артка кайтты да:

– Мен адаштымбы? – деп эки жагын каранды. Артынан келе жаткан кыз.

– Эмне болду? – деп коюп кирип кетти.

Айкан баягы цыгандын сөзүн эстеп артка кайтты. Канча өзүн алып качса да, артынан түшкөндөр бир бурчтан ортого алды, өзүнүн ыкчамдыгынан бирин ыргыта тээп, экинчисинен чала бычак жеди.

Санын чала чарпып кеткен миздүү курч бычакты алып бөлмөсүнө кирди.

– Мына башталды, – деди да цыган аял аны дарылап таңып койду.

– Булар кимдер? – деди Айкан энесине.

– Булар кумарда уттургандар. Сен үч жолу уттуң, эми сени рингге чыгарат

– Ал эмне?

– Мында өтө чоң суммада акча сайылып, дасыккан кумарчылар ойнойт. Ошого жеткирбей, сени жок кылууну көздөгөндөр изиңе түшөт. Сак бол.

Айкан кимге утуп берип жатканын билген жок. Болгону ага ошол уткан акчанын 10%тин гана алууга макул болгон. Анын жанында цыган кошулуп жүргөндүгүнө Ая ишенип алган. Айканды акча деле кызыктурчу эмес. Ойноп күн өткөрсө болду. Бул кыздын жашоого болгон жакшы сапаттагы кызыгууларын кумарга алмаштырып жибергендей. Жан алы менен киришип, баш-оту менен кумар сырын тереңдете билүүгө далалат жасайт. Күнүмдүк жашоосу кумар оюну менен кызыктуу да коптуу да өтүп жатты...

... Капысынан карп–курп чыга калган караан менен кармаша кетти. Копкө кармашып жатып, ал бир кезде жалгыз жатканын сезди. Өйдөлөөгө такыр алы келбей, ысык сууну бирөө төгүп жаткандай денеси сууга бөлөндү. Андан аркысын билбейт. Канча күн жатканын да сезбейт. Бир кезде көзүн ачса айлана боз чалып, күүгүм тартып, жанындагы караандын ким экенин ажырата албай:
– Эмне таң ата элекпи? – деди.

– Ая, алтыным, ширин кызым, сен күчтүүсүң. Сен жеңдиң, ажалды куул жиберип, жарык ааламга жол тарттың. Демек сенин дагы да ишке ашпаган чоң максаттарың бар. Сени кимдир бирөөлөр көз албай жолуңду карап, амандыгыңды тилеп күтүп жатышат, – деп кучактап алып безеленген аялды Айкан үнүнөн аялдабай тааныды.

– Зебу, бул сенсиңби?

– Мени тааныдыңбы?

– Ооба, бирок үнүңдөн. Айтчы мага, азыр күнбү же түнбү?

– Чакалайдын чак түшү кызым. Сен коркпо, бер жагы он күн, ары жагы бир айда өзүңө келесиң. Ишен мага.

Айкан мыскылдуу күлдү: – Бери дегенде он күн, наркысы дегенде бир ай дечи.

– Дал ошондой

– Турсам болобу? – Туруута аракеттенген кызды цыган аял тык эле токтотту.

– Жок доктурдан сураш керек.

– Биз кайсыл жердебиз?

– Госпиталдабыз.

Ошол күндөн тарта цыган аял Айкандын жанынан алыс кетпей аны өз баласындай асырады. Күн санап жакшы боло баштады.

– Эми мен бөлмөмө кетем. А сен кызым толук дарыланып анан кайтасың.

– Мен дагы канча жатам доктур аке.

– Ашып кетсе он күн. Мына көзүң да ачылды, азыраак эле кубат болчу дары-дармек аласың болду. – Бул доктурдун кызды соротуусу болчу.

Айкан дале өзүнө келе албаганы сезилип турат. Далдырап, бир тешикти бир саат карайт. Мунун абалын карап турган догдур: – Айкан айтчы, Жантур ким?

– Жантурбу? Мага ал келдиби? – деди дароо эле көзүнө жаш ала. – Ал кирбей койдубу? Мага таарынды да э? – деп жаш баладай аркы-терки суроолорду берип жиберди.

«Эмне десем, келди деп койсом, буга жардам болор беле. Сөзүнө караганда анысы жүрөктөн орун алгандай» деп ойлонгон догдур: – Ооба, келип кетти, – деп жиберди.

Ордунан обдула колун сунуп кудум эле Жантурун көрүп тургандай догдурдун колун сылап-сыйпап: – Ал мени жактырчу, мен дагы... – деп мукактана көзүнөн жаштар тоголонуп кетти.

– Ооба, ооба, сен да аны сүйөсүң. Билесиңби ал сенин жанында үч күн болду. А сен он бешинчи күн дегенде өзүңө келдиң.

Айкан оор абалдагы кезинде түш көргөн. Жантурду түшүндө көргөнүн ал дароо эле өңүнө алмаштырып койду.

– Эстедим, эстедим ал келди, ал келген, азыр, азыр... – колун оозуна кое, – ал мага, ал мага таарыныптыр, мени кет деген, – деди да бүлкүлдөп ыйлап кирди.

– Жок, ал сени жакшы болуп кеткин деген эле, – деп догдур улай салды.

– Жакшы болуцбу?

– Ооба, ошондой.

Бул жаңылыктын чын төгүнүн анык билбесе да Айкан

кубатына кирип өңүндө жылуулук пайда болуп ууртунан жылмайды.

– Мына Зебу, сага айтсам ишенбейсиң, мунун бычак жеген карыны эмес, көбүнчө жүрөк дарты оор. Биз муну убактылуу алдасак да сакайып кетишине өбөлгө түзөбүз, – деди догдур Зебуну узатып чыгып.

Ошо күндөн тарта кыз чырайлып өзүнө келе баштады. Догдур да күндө бир маал кирип Жантурду «Сулуу жигит тура» деп оозун толтура мактап, Айкандын жүрөгүнө жылуулук, кубат киргизүү менен алек.

– Кийин калп экенин билсе ого бетер ооруп калбайбы?

– Андай болушу мүмкүн эмес, ал улам оңолгон сайын өткөндү эстесе баарын түшүнүп, бизге рахмат айтат, – деп догдуру курама аңгемесин токтотпой келет.

Цыган аял көбүнчө «Бул эми баягыдай эле ойной алат бекен?» деп чоочулап жүрдү. Зебу өзү үчүн кумар ойносо, кийин Айканды пайдаланып, көп эле байып алган эле. Жүрөктөн жараланган кыз үчүн ал кезде акча эмес, убактысын бош кетирбөө көбүрөөк зарыл эле. Оюнга алаксып, ал көбүрөөк пайда көргөндөй болчу...

... Айкан жол карагандан тажабады. Эми эле жабылган каалга «кыйч» этип кайра ачылды. Кыз көгүлтүр көзү жайнап үмүттүү моюн созо жол карады. Бул жолу Зебу чыдабай кетти. Шапа–шупа жете келип, оозунан ак күбөгүн буралтып, шилекейин чачырата: – Болду эми! Токтот! Үмүтүңдү үз! Келечеги жок сүйүүңдү чыгар эстен! – деп буркан-шаркан түштү. Кыз бечара не көйгө түшүп жүрөгүнүн элдир-селдир, кирди-чыкты түшүнүп, түшүнбөй жатты.

– Мен сени Жантуруңду күтпө деп жатам. Өзүңө келчи, чыйралчы! – деп цыган аял булкуп-жулкуп, бүлкүлдөп ыйлады.

Айкан болсо каңгыраган бош мээсин солкулдаганына чыдабай чаңырып жиберди. Бул догдурдун, эң оор оорулусу болгон үчүн аны өз бөлмөсүнө жакын жайгаштырган. Анын үстүнө өтө ачуу чаңырыктан догдурлардын баары, мээрман эжелер ал тургай кенже кызматкерлери да тос тополоңго түшүп, Айкандын жанында чабалекедей чыркырап үйрүлүп түшүп жатышты. Тез жардамдын натыйжасында көк көз кыздын абалы жакшырып калды. Цыган аялды ошол күндөн тарта бул жерге жакын жуутпай калышты. Бар күчүн жумшап догдурлар чын дили,

зор мээнеттин күчү менен Айкан баягыдай толук сакайып, алты ай дегенде баягы ордуна барды...

... Айканга абактын ичи мурдагыданда суз... коркунучтуу сезилди. Ал ар бир кадамында жүрөгү селт-селт сезгенип кандайдыр чоң коркунучта баратты. Анткени ар бир бөлмөдөгүлөр аны таңдануу менен карап турушкан эле...

Капыстан бирөө менен тиктеше калды. Тааныштай көрүндү. «Ким, бул?» деген суроо менен баш ийип саламдашты. Чын эле «Ким?» Айкан копкө мойнун созо көзүн албай карап баратты. Тигил да ийиле алик алды. «Ким, бул?» деген суроо кыздын тынчын алса, тигил жигитти «Мени таанып калыптыр» деген ой айласын кетирди. Себеби, кыздын ар бир кадамында «Мени ким жараласа өч алам!» деген кастык оту жанып тугандыктан, анын көздөрү заар чачып, өңүндө Кабыландын сүрү бар эле...

Ички дүйнөсүндө жүрөгү жалтанган менен, ал бар заарын сыртына чыгарып өтө кайраттуу көрүнгөн...

... Мурдагысындай эле Зебу экөө дос. Бир күнү ажатканага баратып Зебу, кызды баягы жараланган жерге жеткенде, чалып жыгып койду. Капысынан жыгылган кыз эки ала салып, башын көтөргөндө мурдагысын эстеди. Коз алдына баягы саламдашкан жигиттин элеси келди. Экөө алышып жатканын дана кудум тасмада тартылгандай көрүп жатты.

– Бул, Кеша, – деди кыз шыбырай.

– Эмне дейсиң? – цыган аял кулак төшөй.

– Бул, Кеша! Кеша! – деп кыйкыра.

– Кешабы? Кешаны эстедиңби?

– Дал өзү, мен аны тааныдым, – деп муштум түйө артка жөнөдү.

– Кайда барасың?! Кайт артка! – Зебу жолун тороду

– Турчу мындай. – Айкан цыганды четке түртө жол улады.

Силкингенине карабй Зебу аны токтотуу керек эле. Ал кызды мурдагыдан күчсүз деп корккон. Жете келип артынан кучактай: – Кереги жок, мына эсен соо турасың Ая, кереги жок. – деп жалбарыңкы сүйлөдү.

Ачуусу келип алган Айкан укмак турсун аны ыргыта койду. Алибеттүү сөөк-саактуу аял Айкандын колунда куурчактай чимирилди. Кайрылып аялды тургузуп коюууну да ойлогон жок.

Кешага жетүүгө шашылды. Азыр эле аны бир жактуу кылып талкалап салгысы келди.

– Кеша! Кеша чык! – топ ойноп жаткандардын арасынан суурулуп келген Кеша. Кыздын калтыраган кебетесин көрүп кайда жашынаарын билбей... карбаластады. Өзүн жоготкон Кешаны кыз алынын жетишинче аткый ыргытып топтой тепкиледи. Анын тобу ал кезде аны ажыратуу ордуна, кыздын бул жолку соккусуна эч ким туруштук береалбашына көзү жетип, оолактан тамаша кылып туруштту. Дагы да болсо цыган аял жетип келип

– Болду! Токтот! Сени мен... Эй, кыз, сени мен чыгарып кетүүгө сүйлөшүп жатканда шоктук кылба! Өзүңдү карма! – деп кыйкырды

– Чыгарып! – Айкан каткырып күлдү. – Кайдан! Жомогуңду жоорубайм! Тур мындай! – четке сүрдү.

Бул жолу цыган аял анын бутуна чырмала жата калды.

– Токтот! Токтот! Болду кызым!

– Ууф! – деди да Айкан артка кайтты.

Бөлмөсүнө жеткенде цыган аял.

– Ая, Айичка, билесиңби? Мен, мен – деди мукактана

– Эмне, сен! Сен! Сенсиң! Эмне. Азыр мен эч нерсе укпайм! – деди да тетир карай чылым соро жатып алды.

Бир аз болсо да жеңилдеп алган кыз, ал күнү эмнегедир тынч уктады. Ошол күндөн тарта бул кызга мурдагыдай курал көтөрмөк турсун, бул кызды көргөндө четке сүрүлчүлөр да болду. Бирок цыган аял кыздын курчтугунан коркот эле. Эмнеси болсо да бул кызды сыртка чыгарып кетүүгө далалат жасай баштады. Түрмөнүн башчысы менен сүйлөшүп көргөндө ал жакында президент аммиция чыгарып калаарын, ошого илинсе, чыгаарын айтты. Бирок күтүү керек. Түрмөдө Айкан ар дайым өзбек тилинде сүйлөгөндөктөн, аны өзбек деп ойлошкон. Кыргыз кызы деп эч ким билбейт эле. Ылайыгы келсе орусча биреөлөрдү мазактайм десе англисче сүйлөй ала турган. Зебу менен дос болуп, цыган тилин так билбесе да анча мынча сүйлөй алчу.

– Ая, байымдуу сергек кызсың. – деп көп эле цыган аял тамшанган.

Абактагылар «Ойхан» деп аташаар эле. Бир күнү «Жаны кыз келди» дешип түрмөдөгү аялдар дүрбөп калышты. Айкан көңүл бөлгүсү келбеген. Капысынан эле

бирөөлөрдүн «Кыргыз экен, ит кыргыздын башына чай кайнатабыз» деген сөздөрүнөн улам ал кызга көңүл бура баштады.

– Ая, тиги кыргыздын периси тура карасаң, – деди Зебу.

Чынында эле сулуу кыз экен. Үрккөн улактай үрпөйүп четте. Тасырайган чымын туралбаган башынан ар кимиси бирден матек алып, анын айласын кетирип жатышты. Айкан акырып басып барды. Тигил кыз жалтана колу менен башын калкалады.

– Жүрү бул жакка. – деп Айкан аны колдон ала четке тартты.

Бечара кыз өтө назик экен. Карап турган Айкан «Мунун колунан кандай иш келди экен» деп ойлоно суроо узатты.

– Неге камалдың?

Кыз эки жагын карап

– Жала доо. – деди

– Атың ким?

– Самара, – деди да бүлкүлдөп ыйлай баштады.

Кайрылган кирпигинен аккан жашты көрүп, Айкан кичине кезиндеги жарышып ойногон музоосун эстеп кетти. «Ал кезде менден ашкан бактылуу адам жок эле. Аттиң менин кумда калган бактылуу балалыгым. Өмүрүмдүн эң табылгыс бактылуу кездеримди ошол кумга көмүп келсем керек. Табылгыс табышмактуу таалайды эми кайдан таба алам». Айкан да көзүнө жаш имере кыргыз кызы менен кошо келген, туулган жердин жытын искегендей көңүлү жибип сагынычы курчуду...

... Ошондон тарта ошол кыз экөө ынак. Бир күнү Самарага бирөөлөр келди. Ал көңүлдүү белек-бекчегин алып бөлмөгө кирди. Айыл жыттанган даамдар дагы да сагынычын козгоп, өкүнүч бийледи.

– Атаң өзбекпи? Самара деймʼ? – Кыз болсо ар бир даамды ооз тийсе көзүнөн жаш кошо кетет.

Бул жолку суроону уккан жок. Бир оокумда: – Мен атамдын тун кызымын. Мени кошунамдын таенеси каматты. Биз Беш–Талда жашайбыз. Кошунабыз өзбек. Бир күнү ал кызы менен мени Наманганга жөнөттү. Ал күнү таенесинин үйүндө түнөп калдык. Түн бир оокумда терезе тыкылдады. Мени менен барган кыз, мени тургузду да тээтигил машинаны берип койчу тигиге деди. Мен

кимге экенин сурабай эле көтөрүп жөнөдүм. Оюмда тигил бөлмөдөгү кемпирге алып барам го деп ойлогон элем. Уйкудан ачылбаган көзүмдү ушалап чыгып кеттим. Мен оозгу каалгага жеткенде сырттан бир жигит кирди. Ал мага эми колун сунганда тигил бөлмөдөн кемпир чыга калды. «Ой даат угри» деп чаңырды. Тигил бала да кошо кыйкырды. Ошентип колумда көтөргөн кийим тигүүчү машина менен колго түштүм. Мен канча аракет жасап актансам да, алар үчөө бир тарап болушту. Бир гана мага ишенген ата-энем болду. Эгер аларда мага ишенбей мени ууру көрсө, мен өзүмдү өлтүрүүгө жол издемек элем. Мына эжеке, жалган жалаа менен эле абакта олтурам. Мага үч жыл берипти, – деди да Самара дагы ыйлай баштады

– Бул сенин тагдырың. Болду эми ыйлаба. Сен тигил жигитти тааныйт белең?

– Ооба, ал берки кыздын агасы болчу, – деп солуктады.

Айкан кызга боору ооруп, «Олдо бечарам ай» деди кызды карап.

– Сиз жакшы мушташат экенсиз, – деп Айканды карай жылмайды Самара.

– Ооба, ошол мушташты жакшы көргөнүмдүн пайдасы ушул болду го, – деп Айкан оор улутунду.

– Бирөөнү өлтүрүп алдыңызбы? – Самара Айканга эңиле карады.

– Жок, андай эмес. Кел карта ойнойбуз.

– Картабы?

– Кел олтур.

– Мен билбейм да. – Самаранын көздөрү алаңдап кетти.

– Үйрөтөм, мына мындай, – деп Айкан Самарага эң жөнөкөй оюну критти үйрөттү.

Ал тез эле үйрөнүп, алтургай кызыгып алыптыр. Колдору бошосо эле карта чапмай. Эч ким жокто ал кыз менен кыргызча сүйлөшүп алгысы келип турса да, өзүн карманат. Кантсе да бул кыздын келиши Айканга кыйла эле күч багыштаган. Зебу болсо кезек-кезеги менен Айканды кумар оюнуна алып кетип жүрдү. Бул жолу Айкан ага шарт койгусу келсе да, бирок ар дайым аз суммада акча коюлуп жатты.

– Сиз түндөсү кайда барасыз? – деди Самара жалооруй

карап.

– Жумушка.

– Күндүз жумуштан чарчайсыз, кечкисин жакшылап эс алсаңыз болот го дегеним. – Бул жолу бул кыздын мээриминен Айкан өзүнө келип кубанып калды.

– Жөн эле, – деп кыздын башын сылады.

– Пайдасыз жумуш болсо тек койсоңуз болмок, – деди да Айканга эркелей тизесине баш коюп жата кетти.

– Пайдасыбы? – «Ырас эле мен пайдасыз эле чаң басып жүрөм. тигил догдур да айтпады беле «бу түрмөдө жолун таап, сендейлердин ыкывалынан пайдаланып байыгандар көп, а бирок ал пайда алып четте калат, а сендейлер өз жанын кумарга сайганын сезбей, утурумдук саныргылган акчанын изин кууйт. Сак бол» деген эмес беле. Кантип баш тартсам?» деп Айкан көп ойлонду. Кумарпоз кыз экенин Самарага айткысы келчү эмес.

– Эже мага мушташканды үйрөтсөңүз.

– Мушташ?. – Айкан мыйыгынан күлө.

– Ооба, минтип, минтип, урам, – деп Самара муштумун түйө ар кай жакка сокков болуп колун көтөрдү.

– Ыым үйрөнөм дечи. – Айкан аны бир муштаганда, ал тоголонуп кетти. Борсулдап күлдү да чаңын кагып: – Мына ушинтип келтек жебейм да. Келиңиз ыы келиңиз. – деп буту колун арбаңдатып тарбаңдатып секире берди. Анын бул турушун Айкан скелетке окшотту. Каткырып күлүп жиберди. Ал эми Самара ансайын секирип билген өнөрүн көрсөтүп жатты.

– Оой, боорум оой, боорум каты. Токтотчу ай, мейличи эми үйрөтөйүн, – деп ага багынган өңдү кол көтөрдү.

– Охоо! Уаа! – деп кыйкырып туруп калды.

– Жарайт, скелетим, – деди Самараны түртө.

– Скелетке окшойм, ооба окшойм, – деп каткырып күлдү.

Мурдунан лампочкалар атып кетти. Экөө тең кыраан каткыга түшө түйүлүп калганча күлүштү.

– Ийреңдеген арбак күлкүлүүсүң да. – деди Айкан күлкүсүн тыя албай.

– Сиз, сиз – деди Самара колун кезей.

– Эмне мен. – Айкан таңдана.

– Сиз кыргызсыз ээ, мына азыр эле так сүйлөдүңүз. – Көзүн бакырандатып, ал Айканды таңдана карады.

– Жок, – деди да Айкан «Жок, бул үйдөн чыкпаган

кыз болсо, сыр сактоону кайдан билсин». – Каалайсыңбы сага англисче, орусча, арабча сүйлөп берем, – деп мактанды.

– Көп тил билем деңизчи?

– Дал ошондой, баарын так сүйлөйм, – деп Айкан моюн түзөй, мурдун көтөрдү.

– Охо-о, – Самара арбаңдап тарбаңдап секирип ойноп баратты. Булар бөлмөгө жеткенде Зебу келди.

– Айичка, абдан сагындым, сен меңден алыстап баратасың го дейм. – Сырыңды, чыныңды айтчы алтыным, – деди жасакерлене.

Айкан ойлоно калды

– Билесиңби, Зебу, мен ким үчүн жан күйдүрдүм? – деп Айкан колундагы шаригин ойноду.

– Зебу үнсүз тиктеди.

– Ачык айтуудан коркосуңбу? Же...

– Жок ыым... эмне десем?

– Айта бер ошол жоругуңду жоруп, анан айтам. Же жазыла элек жомокпу?

Зебу тайсалдай түштү

– Андай эмес.

– Анда толук жазып эч бир жеринен такалбай, кыпчылбай этчүдөй жомок түзүп кел, кийин сүйлөшөбүз. – Зебу таңдана карап чыгып кетти. Көп өтпөй пакана келди.

– Айхан, сизди стадионго чакырып жатат.

– Кимдер?

– Билбейм.

– Баратам.

Тигинин көз карашынан ким экенин билген кыз жолго түштү. Бул Карис эле. Көзү жымшыйган өзү былчыйган өзбек улутундагы киши, муну Карис деп аташчу. Чыныгы ысымы ким экени белгисиз. Түрмөнүн эң байы, кумарчылардын башчысы. Кумарды ушул башкарат. Анын жанында далысында сүрөтү бар жигиттер коруктап жүрчү эле. «Азыр да толгон жигиттери менен болсо керек « деп ойлогон Айкан аны көрүп таң калды. Биринчи жолу аны жалгыз көрүп турат. Ал киши үчүн түрмө өз үйүндөй болуп калган. Уу заттар менен нечен жолу кармала берип, акыры түбөлүк өмүрү түрмөдө өтмөй болгон. Зебу буга тамшана «Оой ой Каристей болуш үчүн башты иштетиш керек. Өзү түрмөдө жатып шаарды башкарат»,

– деп калаар эле. Бул Карис жөнүндө жомок катары уккан. Айкан азыр ага жолугууга баратты. Баарынан таң калыштуусу чоң стадиондо бир гана Карис фудбол тобун тепкилеп жүрөт. Жан киши көрүнбөйт, жымжырт. Чын эле сүрдүү киши экен. Айкан да жүрөгү солкулдап ага жакындай берди.

– Айкаан кандайсың?

– Жакшы өзүңүз? – деп кыз колун сунду.

Экөө кол алыша тиктеше калды. Көзү жок, аз жерден Айкан күлүп жибере жаздады. Байкай калган Карис көзүн көрсөткүсү келе кыбыратты да каткырып күлдү. Колу менен Айканды кезей: – Менин, ...менин көзүмө куштарсыңбы? – деп алаканы шак кое санын чапкылап күлүп жатты.

Айкан күлүшүн же күлбөшүн билбей оозун баса күлкүсү келсе да өзүн тыя ичинен күлүп, акыбалы жетпей тарс жарылды. Экоо көпкө күлүштү. Тиктешсе эле күлөт. тигил кипи кыздын таң калыштуу караганына күлүп жатты.

– Ой, боорум оой, мени андай карабачы деги менчелик Каристи көрбөгөнсүңбү?

– Жок, сиз Карис эмессиз, жымшык экенсиз, мени көрүп жатасызбы?

Айкан олдоксон суроосунан өзү коркуп кетти. Бирок тигил киши ого бетер күлө.

– Туура айтасың, мен сени кантип көрүп жаттым экен, – деди да дагы күлдү.

Беш кило чыккыдай болгон бетинен же кашы билинбеген же көзүнүн жылт эткен жарыгы чыкпаган эт баскан териден кичине сызык бар, мына ошол жерден жаш чыгып кетти. «Көзү ушул жерде болсо керек» деп ойлогон Айкан, алтын тапкандай кыйкырды: – Таптым! Мына! Мына! – деп жымшыктын бетин сайгылады.

Баятан күлүп жаткан киши: – Эмнени таптың? – деди чоочулай.

– Көзүңүздү, – кайрадан күлкүгө түштү.

«Чоң үйдөгү каткырса, оозгу үйдөгү ырсаят» дегендей, тээ нарыда булуң-бурчта буларды акмалап турган Каристин жигиттери шефинин күлгөнүнө таңдана жылмайышты. Экөө шалдая олтуруп калышты. Күлкүдөн аябай чарчашкан. Көпкө унчукпай олтурду.

– Атың ким эле? – деди Карис кызга

– Көк көз, – деп бырс күлдү
– Болот, жакшы ысым экен. Чынында түрмөнүн мыйзамы боюнча өз аты аталбаганы дурус. Мени болсо Карис депчү, эми жымпык атка кондум го. – деп Айканды далыга чапты.
Көк көз кыз башын жерге салып ойлуу олтурган, «Мага эмне жумуш берет экен» деп.
– Билесиңби, Зебу чычалак оюнчу. – деди
– Кумарчылардын баары эле чычалак болот да, себеби чоң суммадагы акча менен жаның, бактың кошо сайылып кетет эмеспи. Ошон үчүн болсо керек. Мында баары эле утууга умтулушат.
– Сенче алганда оюн кандай?
– Оюн, өтө оор, татаал жана кооптуу.
– Сени ар дайым утат деп угам, мында сен кубанасың го ээ?
– Тескерисинче корком.
– Анда утпай кой.
– Утпай коюуу да оңой эмес го.
– Бул деген, кумар да, ооба... утпаган учуруң болгонбу?
– Көп эле болгон.
– Мен билгенде утулбаган күнүң боло элек. Зебуну байыттың. өзүң эмнеге ээ болдуң? Жашырба, – деп Айкандын көзүн кубуп карады.
«Эмне десем» копко ойлонду кыз.
– Убакытты уттум, – деди көк көз кыз.
– Убакыт сен үчүн зарыл беле?
– Ооба, зарыл болчу... – деди кыз оор улутуна.
Кыздын калп айтпаганын анын коодонундо айыкпас дарт бар экенин сезген Карис.
– Эң туура, – деп койду.
Карис тээ алыска көз чаптырды. Бирок кыздын көңүлүн алыстарга бура албады. Кыз башын салаңдатып, жер чиймелеп олтура берди.
– Көк көз канчага кирдиң?
– Билбейм. – деп койду кыз жини келип.
– Охоо чыкыйыңа тийип койдум го, сага тапшырма бар. Зебуну күзөт, бул сага белек, өз кассаң болушу бүгүндөн башталат. Түшүндүң деп ойлойм. Ар жуманын ушул бейшемби күнү экөөбүз жолугушчу жер ушул жер. Көрүшкөнчө. Оюнуңду уланта бер, – деди да басып кетти.

Колунда пачка сомду кармаган Айкан оозунан сөзү учуп калып калды. «Эмне үчүн сом, сум эмес же доллар эмес. Демек, менин кыргыз экенимди билген белгиси болсо керек» деп түшүндү көк көз.

Айкандын аты ошол күндөн тарта «көк көз» болуп калды. Эч ким муну Айкан дебейт. «Айичка» деп эркелетчү Зебу болсо уламдан улам алыстап баратты...

– Чык, көк көз. – Түн бир оокумда бирөө келип кызды алып кетти.

– Бүгүн оюн болбойт, – деди Карис

Оюнга аттанып чыккандар таң кала бири-бирин карашты.

– Бүгүн түрмөдөн качабыз, кеттик, – деп жол баштады.

Артынан алтын адам ээрчиди. Көк көз да көктөн тилегени жерден табылып кубана жол алды...

... Түрмөнүн ичинде сүйлөшүлгөндөй эле булар сыртка чыгаары менен жекече жол алышты. Ар бир инсандын өз арзуулары бар эмеспи. Эл сыяктуу эле көк көз кыздын да катылуу сыры алынуучу өчү бар эмес беле. Ал мурда жашырынып жасаган бычагы жанында болчу. Ал дароо ошол бычагын сырттан сыйпалай «Кана канжарым ак жолтой бол, менин балалыгымды, менин үмүтүмдү, бактымды уурдаган анткорлордун канын ичебиз» деп ант бере кадам таштады. Өзбекстандын ичинде болгон үчүн эң алгач ал Молдокенин изине түштү.

Молдокенин үйүн акмалай үч күн жүрдү. Үчүнчү күнү гана ал үйүнө келди. Мингени Мерседес, кийингени мода катюм шым, баягыдай башында селдеси жок. Артынан акмалай басып, кыз анын жеке бөлмөсүнө түн жарымында гана кирүүгө мүмкүндүк болду. Молдокенин молдочулугу үй ичинде гана болот экен. Теспелери, жайнамазы баары ордунда. Баарынан таң калыштуусу жалгыз жатышы.

– Ким, бул? – деп Молдоке чоочуп тура калды.

– Сенин ажалың, – деди да Айкан оозун баса мойунун бурады. Молдокеден башка кеп сурабай минуталык убакыттын ичинде кайрадан жолго чыкты...

Айкан үчүн Молдокенин жанын алуу чымын өлтүргөнчөлүк да түйшүк арттырбады...

– Кезек сенде Айдар, – деп көздөрүнөн заар чача жол улады...

Айдарды издеп жүрүп, түрмөдөн чогуу качкан пакананы кезиктирди.

– Сен кимсиң? Эмнеге мени ээрчийсиң? – Айкан тигинин кекиртегине бычак кезеди.

– Мени өлтүрсөң өзүңө кыйын жымшыктын изин таба албайсың.

– Мага ал керек эмес.

– Сен аны табышың зарыл, ал сени Кербендин аэропортунда күтөт. Беш күндүк убактың бар. Алтынчы күнү жетишиң керек, – деди да кыздын колун акырын түртүп коюп басып кетти.

Беш күн Айкан үчүн кыска мөөнөт. Шашылуу абзел. Айкан түндөп, күндөп тыным албай Айдарды тапты. Ал кезде Айдар Хамид менен жолугушуудан кайткан эле.

– Кечиресиз байке, бир мүнөт, – бул үндү Айдар жаземдебей тааныды. Анын үстүнө Айкандын түрмөдөн качканын уккан эле. Ушул жаңылыкты Хамидге жеткирип келе жаткан.

– Айкан, абалың кандай? – деп өзүн коргоого камдана турду. Муну сезген Айкан, мыскылдуу күлө: – Ээ сен деген каратис эмес белең, туура коргоно аласың, чык жекече, – деди да тегеренип басты.

Кантсе да өз агайы да. Көңкө убараланышты. Жеңе алчудай түрү жок. Агайы анча мынча сырларды жашырып, эми өзүнө каршы колдонуп жатканын сезген кыз, баягы бычагын алды да таамай урду, бул жолу Айдар бычак жеп калды. Жараланган агай качууга далалат жасай тар көчөдөгү дубал коргонго жабышып жыла берди. Артынан кууй баскан Айкан: – Ушул кезге чейинки бекер аштын ээси болгон курсагың жарылды. Хамидди түз жолдон адаштырган чынында сен жана Молдоке болчу. Силер болбогондо, же болсоңор да ач көздүкө үндөбөсөңөр биз үчүн да, сиз үчүн да эки дүнүйөң бейиш болмок. Жетимдерди жетилтип, жакшы инсан катары тарбия бергениңер үчүн чыныгы бейиш багында жүрмөксүңөр. Эми баары бүттү, – деди да бычакты сууруп алып, Айдардын кез келген жерин сайгылап, 6–7 жерден жаралап:

– Бул өзүм үчүн! Бул, Жантур үчүн! Бул, Ринат үчүн! Бул, Ирина үчүн! Бул, Серик үчүн! Бул, Атабек үчүн! Бул, Нооманжан үчүн! – Каны кайнап, жаны карайып калган кыз Айдарды кескилеп салды...

– Аа-а, – деп бакыра туш келди жүгүрдү.

Канга боелгон колун көтөрүп алып далдактап жүрүп олтуруп айылдан узап, канал жээктеги камышка сүңгүп кетти. Сууга секирип, көпкө жууңду.

... Адам өлтүрүү канчалык оор экенин эми түшүнгөн Айкан, бирде ыйлап, бирде күлүп жата берди...

Бир кезде теңселей басты да кара кийимин ийинине илип, жолго чыкты. Калтырап баса албай баратты. Башы айланып уламдан улам кускусу келет. Мунарыктап боз чалып көзү тунара, ысыгы көтөрүлүп алдында турган жер кепеге жетүүгө канча аракеттенсе да чамасы жетпей жыгылды. Андагы абышка жете келип, небереси экөө эптеп кепесине жеткирип, дары-дармек беришти. Ал түнү бою уктаган да, тигилерди уктаткан да жок. Көл шал тердеп уламдан улам шейшебин жуурканын алмаштырып, бар төшөнчөсүн Айканга жаап өздөрү чепкен жамынып жатышты. Таңга жуук гана кыз оңолуп оор уйкуга кирди...

... Айкан турганда түш оон калган. Мээ кайнаткан ысык

– Кызым турдуңбу?

– Айкан үнсүз тигини карады.

Кандай башың жакшыбы? Катуу суук өткөнбү деймн, сыз жерде жатпадың беле? – Абышка көзүн күлмүңдөтүп Айканга эңиле карады

– Сызгабы?

– Ооба, сыз жерде жатып калгансың го

Абышканын кыраакылыгына Айкан таң кала карады.

– Рахмат ата, мен жакшы болуп калдым. Эми жолго чыгайын.

– Кайда барасың?

– Кочкор-Атага.

– Кел анда кооп жеп ал.

– Коонду жек көрөм.

– Эмне дейт, коон жебеген да адам болобу?

Айкан ыңгайсыз абалда калды.

– Олтур, сен даамы жок коон жегенсиң го. Менин коондорум таттуу, даамы оозуңда калат. Дагы издеп келбе, – деп борсулдап күлүп койду...

... Ысыктын табынан дем ала албай, кээде жүрөгү кысылып жатты. Оор дем тартат.

– Кызым бир сааттан кийин жолго чык, азыр күн ысык, бир саатта күн кайта баштайт, – деп абышка чайын алып келди да. – Бул көк чай, баса баса ичсең ысык

суукту сүрүп тениңди тазалайт, – деди.

Ырас, дары чай экен. Айкан кайра-кайра сурап ичип жатты.

– Сен чын эле, коон жебес экенсиң го?

Айкан жылмайып койду. Азыр кыздын оюу Хамидге жетүү. Бүгүн акыркы күнү. Эртең карис айткан жерге барбаса болбойт. Эми Каристин көрсөтмөсүн аткарууга тийиш. Качып эч жака бараалбайт. Сыртта болсо көп жүрө албайт. Баары бир колго түшөт. Кариске баш ийүүгө мажбур. Анын канаты узун бардык жака колу жетет. Адам баласы жолдон бир адашкан соң оң жолго түшүү кыйын болорун билген Айкан өтө өкүнүчтүү сапар тартып жатты. Ал кыпчак талаага чыкканда, саат бештен өтүп калган экен. «Эрте экен үйгө барып келсемби» деди да, такси жалдап атасына жөнөдү. Атасын көрбөгөнүнө алты жыл болду. Бул жылдардын ичинде ата-энеси кантип калышты экен. «Атам мени сагынып жолумду күтүп сарсанаа болуп, карып кетпеди бекен. Мейли карыса да аман болсунчу». Өзүнүн сагынычы артып, куса болуп жүргөн эми улам жакындаган сайын убакыт өтпөй машина артка кетип бараткандай сезилди.

– Тезирээк айдай аласызбы? – Айдоочуну шаштырып жатты.

Туулган жердин топурагы алтын дегендей, туулган жердин абасы да таза болот тура. Көңүлү жибип таза абадан керээ керээ дем алып алды. Денеси жайылып сезими жыргап жан дүйнөсү эс алды.

– Ушул жерге азыраак токтотуңузчу. – Айкан баягы канал жээктеги кумга түшүп, кичинекей кезинде там салып той берчү жеринен балалыктын изин издеди. Жок, ал жерде из жок, бир гана жыты бар. Кумдун ным жыттанган жытын ал чеңгелдеп жыттады да, «Менин бактылуу балалыгым, мына ушул кумга сиңип, шамалга сапырылып кеткен тура. Сени сагындым кумдагы издерим... Жок дегенде ошол кумда изим калсачы... алтын кумум менин! Сени сагындым! Кумдагы издер!» деп кумду сапырып, кыйкырып алды. Ушул азыр кичинекей болуп калса, баарын башынан баштамак. Аттиң айла канча баары өттү, убакыт артка кайтпайт да. Айкандын ичи күйүп туз куйгандай ачышат. Аябай кусага батканда апасына катуу таарынат азыр да таарынып кетти.

– Ата-а! Атаке! – тээ мал сарай жакта жүргөн атасын

чакырды

– Ата-а, мен келдим!

Кызынын үнүн угуп, Абдырашит ава: – Айкем, ананайын! Айкем келди, Айканым келди! Жарыгым карадым, – деп сакалын көз жашы менен жууп солкулдап жатты. Үйдөн апасы да чыга чыңырып басып жыгылды. Баятан апасына таарынып келсе да, ал таарынычын унутуп, кучакташып көңүл черин жазды...

– Мен шашылыштмын ата тигинде машина күтүп жатат, – деп бир пачка миң сомдук акча таштады. – Ата мен силерге өзүм убакыт тапканда гана келип турам.

– Кызым ишиң кайда? Каякта иштейсиң? – Анаржан апа жалдырап сурай берди.

Эмне деп жооп берерин билбей Айкан: – Мен Россияда иштеп жатам, – деп жиберди.

Баргандан бери көзү кургабаган апасы жоолугунун учу менен жашын сүрттү да: – Абышка, козуңду алып чык, – деп шаштырды

– Ата, апа, мен кетем

– Кетесиң балам, күн батканда чыксаң жетишесиң. Менин колумдан, атаңын короосунан даам сызбай кайда шашасың. Тигил айдоочуңду чакыр күтсүн.

Эч айласын таба албай күтүүгө көндү. Чынында апасынын тамагын сагынган болчу. Баягыдай эле бир туугандарына акчалай белек берди. Карис берген акчанын баары бүттү.

«Кариске эмне дейм?» деп селт дей түшөт да, «Билгенин кылсын, мен андан сураган жокмун», – деп өзүн соороттуп коет. Тууғандары болсо: – Айкан байып кетиптир, ар бирибизге он миңден акча берди, – деп ал акчага кубанып жатышты.

«Кана эми ушул акчалар ак мээнет менен табылса, менин жүрөгүм оорубайт эле го. Бул кандуу акча, силерге таза бойдон буйрусун. Азабын өзүм тартайын», – деп эже-жезделерин аяр карап жатты... А тигилер муну сезишкен жок.

– Мен кайтайын, Россияга кеткиче дагы бир жолу келип кетем. Товардан акча артса, дагы таштап кетем. Жакшы калгыла. – деп коштошуп жолго чыкты. Апасы кайра үйгө тартып: – Кызым, акчаңдын кереги жок бизге, өзүң кел, айланайын. Ишиңди бүтөр. Жашың өтүп кетти, турмушка чык, – деди апасы көзүнүн жашын көлдөтө. –

Мен себинди камдап койгом, көрөсүңбү көрүп койсоң. – Эне бечара кызын колдон алып төркү бөлмөгө киргизди. – Ушул үйдүн ичиндеги баардык сеп сеники кызым.

Айкандын ыйлагысы келип кетти. Унчукпай, ар бирин кармап апасынын чебер экенине таңданып жатты. «Мени ким алаар эле. Түрмөдөн келген шүмшүктү ким жактырып, ким тең кылмак. Алда байкуш, апам ай!» – деп апасын аяп ичинен сыздады...

...Түн. Айкан «Хамиддин таш жүрөгүн сууруп колуна карматам», – деп аттанып турганда, тез жардам келип Хамидди алып кетти...

«Каап жетпей калдым, артынан барууга убактым тар», – деди да жанагы токтоткон машинасына жете келди.

– Эмне болду жумушуңуз бүттүбү?

– Бүттү. Эми Кербенге таштайсың, анан толук каржыңды берем.

– Жакшы төлөсөңүз эле болду.

– Беш миң болобу?

Муну уккан айдоочу кубанып кетти: – Болот, эже, болот!

Шашыла жолдо баратышып, Ак-Батанын үч айрылышына келгенде машина бузулуп туруп калыпты.

– Түндөсү кантип оңдойсуң? – Айкан тынчсызданды.

– Азыр эле, ары-бери, – деп бечара айдоочу оңдогон болуп жатты. Анча убакыт өтсө да, тигил эч натыйжа чыгара албады. Айкан түштү да: – Мындай болчу, – деди эңиле карап, ар жерин кармалап. – Зажиганиең күйүптүр жаңы салуу керек.

– Башка жок да. – Айдоочу шалдая түштү.

– Айла жок, таң аткыча күтөбүз.

Айкан чылым түтөтө жол четине басты. Тээ нарыда бир жеңил машина турган. Айкандын оюнда ошондон запчасть сурайын деп бараткан. Капысынан кулагына тааныш үн угулду. Тык эле токтоп калды. «Ким, бул?» ырас эле, ким? Мынчалык тааныш үн? Айкан сол тарапка өтүп дарака жашынып, ал үндү күзөтө баштады. Жолдогу жарыктан улам Зебуну даана таанышы. «Бул, кантип бул жерде жүрөт?» Көргөн көзүнө ишенбегендей улам жашынып, аларга жакындай берди. Чын эле Зебу болчу. Ал товар алып жаткан экен. «Зебу кара курай менен иштейт тура. Карис ошол үчүн мени Зебуну карап жүр деген тура. Демек, Карис менин өтмүшүм менен да тааныш.

Эми түшүндүм. Баарын түшүндүм. Пакананы мага, мени Зебуга, мына бул көргөнүн Карис үчүн табылгыс болсо керек». Пачка пачка күкүрттөрдү санап алып жаткан Зебуга Айкан таңдануу менен карады. «Бул, качан качты экен?» Ушул эле суроо Айканга табышмак болду. «Өтө көп товар, муну кантип алып өтүшөт?» Кыз артына кайтып, ал машинанын кетишин күзөттү. Таңга жуук гана алар кетишти. Булар да запчасын таап аттангыча бир топ болду.

– Эми шашылышыбыз керек. – Айдоочу өтө тез айдап баратты...

... Пакана Кербенде күтүп турган экен. Айкан ага жетип келди.

– Келдиңби?

– Кечиктимби?

– Тигиге чык. – Айканды тигинде турган “Волгага” жетеледи...

Алар барганда Карис жымшык чыдамсыздык менен күтүп жаткан эле. Бак ичинде чакан, бирок, тыкан салынган төрт бөлмөлүү үй бар экен. Бакка кирчү жолдун баары, ал турган бактын айланасы гүл менен коргондолгондой кооз гүл бакча. Айкан гүлдөрдү суктануу карады. Тээ алыста заңкайган бийик тоолор, аркайган курч миздүү аска-зоолор көз жоосун алат. Мөңгү жыттанган, гүл жыттанган абасы таза, кереметтүү Ата Мекендин жумшак желине мурдун тосо кенен дем алды. «Менин жерим, менин мекеним! Менин Ата Журтум! Мен сени сагындым» Кулачын кере тегеренди.

– Көк көз, сага эмне болду? – деди тигинде турган жымшык.

– Оой, сени унутуп койгонумду көрчү. – Айкан ал менен кол алыша ичкери кирди.

– Ассалом алейкум! – ичкериде олтургандарга салам айткан кыз төргө умтулду.

– Келчи кызым, арабызда бир кыз бар экен, төрдөн орун берели, – деп ооз жактан бир киши төргө колун жаңсады. Тээ төрдө былчыйган жүн баскан чала маймыл олтуруптур. Айкан аны дароо тааныды. Ал сырттан кирип чыккандарга көңүл бурбагандай эле, өзү менен өзү. Оюн башталды. Арадан үч күн өттү. Оюн бүтчүдөй эмес.

– Кирбейсиңби оюнга. – Жымшык Айканды оюнга чакырды.

– Жок, кирбейм, акчам калбаган.

– Ой, ошол да кеппи, баса, жаңылык барбы?

Зебуну сурап жатканын түшүнгөн кыз: – Ал товар алып түшүп кетти. Качан чыккан эле?

– Товарынын өлчөмү?

– Чоң эле. – Көк көз колун бириктирди да сүрөттөп көрсөткөндөй, эки жака эки колун жайды.

– Түшүндүм. Оюнга кире бер ме, – деп акча берип, кирип кетти. Айкан акчаны кармалай бир топ турду. «Таң мен буга иштеп калдымбы?» деп шылкыя басып кирди.

– Көк көз, олтур оюнга. Олтур да, ойно. – Көк көздү ийининен басып олтургузуп койду. Анан да: – Бул жерге оюнга чоң-чоң акча сайылат. Утулсаң эч нерсе таппасаң, жаныңды сайууга мажбурсуң, – деп Жымшык чылым сорду.

– Менин туткундарымды көрдүңбү? – деп Валижан деген кумарпоз каткырып күлдү. Ал айтпаса да түшүнүктүү болчу Айканга. Кумардын шартын кыз жатка билерин ал байкабады го. Кыз өмүрү оюн ойнобогондой сезилди. Биринчи эле турда көк көз ута баштады. Оомат ооп кетерин ойлобогон Вали кутура баштады.

– Ээй сен грамы экенсиң.

– Жаап жагыңды. – Жымшык тыйса да, тигил митаамдана Айканга чап салды. Айкан жалтанып да койбой, колун бурап астына басып олтуруп алды.

– Түш! Кое бер мени! – Тигил кыйкырып жатты.

– Чычалабайсыңбы? Эми чычаласаң, кекиртегиңди жулуп алам! – Айкан ачуусу келе тигинин колкосун сыйпалады.

– Болду, чычалабайм.

Кайрадан оюн башталды. «Анын бар быдырын шыпырып алды көк көз кыз» деп таң кала карашат

– Тигил кан сийип жиберди, – деп Жымшык мыйыгынан карап күлөт.

– Кайталыбы? – деп кыз тигил акчаларды тактап жаткан кезде кандайдыр бир кара чүмкөнгөн адамдар буларга кол салышты. Күтүлбөгөн жерден кармаш башталды. Көк көз кыз чапчаңдыгын көрсөтө чын дили менен Жымшыкты акчасы менен ал жерден алып чыкты. Экөө делбектеп качып келе жатышып дагы бир жерден куугунчуга жолугушту. Бул жолу милийсалар болчу. Ошентип экөө колго түшүштү. Кармалган соң буларды кайра эле

түрмөгө салышары айтпаса да түшүнүктүү...

– Көк көз, – дейт Жымшык мылжыя карап.

– Эмне дейсиз? – Айкан көңүлсүз.

– Сен катуу капасың го, эч нерсе эмес, мен буга көнүп калгам. Менин акчам айланып өзүмө келет. Зебу келди бекен? Мага кара, – Жымшык ыргып тура, көк көздү тургузду да: – Сен жанагы жерде катуу күрөштүң, кыйынсың го, – деп башын ийкейт.

Айкан «Ушул элеби» дегендей, чыртыйа тетири карады. Бирок, кайрадан тагдыры тайкы болуп, качкан күнөөсү үчүн жана дачадагы өлүм үчүн иши дагы сотко ашып, үстүнө төрт жыл үстөк кошулду. Буга Айкан биринчи жолку камалгандагыдай катуу капаланбады, тескерисинче, кубанган. Анын ички дүйнөсү жеңилдеп калгандай эле, өзү да түшүнбөйт. Туулган жерин, ата-энесин көрүп келген үчүндүр, эмнеси болсо да, мурдагыдан жайдары. Арадап күндөр өтүп, бир күнү күтүлбөгөн жерден Ирина келди. Айкан бул жолу ыйлагысы келбеди. Бирок каршысында баягы мөлтүрөгөн Иринаны эмес, көзүнүн ичиндеги көгү сыртына чаап кеткенсип көзүнүн баары көк каны калбагандай ак кан менен ооруп алы кеткен бир бечера кемпирди көрдү. Досунун бул абалын көрүп, зээни кейип кетти. Кайрадан эски дарты козголуп, жүрөгү тыз-тыз ачышып. Көөдөнүндө муң пайда болду: – Эмне болду?

– Хамид өлдү. – Ирина ыйлап жиберди.

Айкан Иринаны «Хамидге күйүнбөйт го» деп ойлогон эле, бирок...

– Мен кожоюнумдан айрылып калдым, эми кантип жашайм? – деп эчкире ыйлайт.

«Эгер менин колумдан кеткенде, Иринага душман болуп калмак экенмин, кудайга шүгүр», – деп ичинен сызган Айканды дароо эле күзөтчүлөр: – Убактың бүттү, кеттик! – дейт.

Ирина шашып калды.

– Мен убакыт аз болорун билген элем. Бул катты окуп кой, – деп шашкалактады.

– Ира, атама менин жакында түрмөгө түшкөнүмдү айтып кой суранам.

– Айтып? – Ира таңдана.

– Ооба, төрт жылга кетти де, анан ушул даректи бер, уктуңбу. Сураныч. – Көзүнө жаш ала жалдырады.

– Бас, бас, бол! – Күзөтчү көп сүйлөтпөй тартып кетти...

... Иринанын башы маң «Төрт жыл дейби? Мурдагысын жашыруун бойдон калтырабы?». Дары алып колдонууга чамасы жетпей күндөн күнгө Иринанын абалы оор «Айкандын тапшырмасын аткарып койсом» дегенде эки көзү төрт...

... Айкан Иринанын катын ачса ичинде жазуу жок. Тээ ортосуна гана «Сен баарыбызды жеңдиң» деген жазуу бар. Айкан көптү күткөн эле, эми таң... Мына ошол күндөн тарта ички дүйнөсү жанчылып эзилип жүрдү. Көп эле жолу кечкисин ичмеймнче уктабай калчу болду. Азабына азап кошулуп түрмөнү «Нак тозоктун өзү» деп зырылдай баштады. Өзүн-өзү коргой алса да, башкалардын азап чегишине чыдабай келет. Иринанын абалын элестетсе көңүлү бошоп ыйлагысы келет... Күтүлбөгөндөй оюнга чакырды:

– Мени кечиресиз, мен ойноой албайм. – Айкан оюндан баш тартты..

Эртеси Жымшыктан жолугушууга буйрук келген. Түрмөдө минтип сегиз жыл жүрсө да, түрмөнүн атасы ким экенин анык билбей жүргөн. «Барсамбы, же жокпу?» ушул суроо менен таңды аттырды. Ой басып жүрсө, сулууча келген цыган кызы: – Сен экиленбей барганың оң, болбосо. – деп колун бычактай кезеп мойнуна толгоп койду. Бул жоругу Айкандын күлкүсүн келтирди. Колун шилтеп коюп басып кетти. Айкан цыган кыздын белгисине кыжыры келип, «Көрөбүз» деп муштум түйө сак жүрдү. Айкандын тетири мүнөзү эмне болуп бүтөрү түрмөдөгүлөр үчүн талаш. Бири «Карис муну чайнап салат» десе, бири «Бул кыз Манастын чыгаан баатырынын урпагы, Жаңыл мырза деген кыргыздын урпагы. Бул жеңиши мүмкүн», – деп айткандар шыбыраша сүйлөшөт. Баары Каристен коркушат. Самара мурдагыдай кор болбой, өзүн-өзү чала-була коргоого жараганы үчүн Айканга ушул жаңылыктарды жеткирип турат. Капысынан эле Самара жок, үч күн өттү. Самар жок. Самараны ич ара издеп жүргөн Айканга дагы Каристен чакыруу келиптир. Бул жолу «Айкан, кыз менде», – деп жазылган кат алды. Айкандын каны кайнап кетти. Кат жеткирген жигитти желкеден алды да: – Алып бар мени! – деп кыйкырды.

Булар барганда, Карис чоң креслодо ары карап, тамак

жеп аткан экен.

– Конок келди, – деди бирөө цыган тилинде.

Айканды күтүп жаткан Карис: – Кош келипсиң Айкан! Жол болсун! – деп мыйыгынан күлөт.

Айкан бөлмөнүн ичине бир сыйра көз жүгүртүп чыкты. Жасалгалуу бөлмө, ар кандай сүроттөр менен кооздолгон.

– Алып келгиле. – Карис буйрук берди.

Тигилер колу-буту таңылган Самараны алып келип, Айкандын алдына ыргытты.

– Мына бул кыргыздын абалын көрчү, күчүктөй кыңылдайт оо бечера, – деп тилин шыкылдатып мыскылдуу карайт.

Айкан шашып колун чечүүгө камынды эле, күржүйгөн төрт жигит келип экөөсүн эки жакка тартты.

– Сага сунушум бар, сен бул кызды коргоп жүргөнсүң, дагы да коргошуңа ишенем. Эми мени ук. Бүгүн кечинде оюн болот чыгасың. Эгер кош көңүл болуп уттурчу болсоң тээтигил витаминди буга сайдырууга мажбур болом. Мени мыкаачылыка чакырба, бошсуң.

Айкандын каны кайнап кетти. Бар күчүн жыйып колун суруп алды да: – Акмак! Дөөпүрөс! Тийбегиле! Ал кыз жаш! Коё бер! Эркекче мени менен сүйлөш! – деп кыйкырды.

– Акырын, акырын элди чоочутасың. – Карис колун артка алып ары бери баса. – Мен да ошону айтам да, бул кыз жаш, ошондуктан тагдыры сенин колуңда, – деп олтуруп алды.

Ал эми корукчулары Айканды сыртка чыгарышты. Канчалык күчтүү болсо да азыр бир кыйшың десе, тигил төртөө жеп коерун, андан дагы Самарага оор болуп калаарын билгендиктен, Айкан ачуусун жутуна бөлмөсүнө келди... Түрмө башчысы да Айканды чакыртыптыр.

– Сени тигил Каристин тузагына илинди дейт го, чынбы? – деди түрмө башчы.

– Сиз аны кайдан билдиңиз

– Ошол да кеппи. Мындай, сен ал кызды бул жерден эртерээк чыгартып жибербесең башыңа балээ болот. Сөздүн кыскасы сен мага иштесең баары жайында болот, – десе Айкан таңдана башчыга карады.

– Эмне жумуш.

– Ээ баса, эмне жумуш дебейсиңби? Ал эң эле жөнөкөй, сенин колуңдан келет. – деп эңиле карады.

Айкан дале суроолуу карайт

– Ачыгын айтсам, мага Зебунун товарынан бир эле күкүрт алып чыгып бересиң, мен тигил Самаранды жакшы жүрүш–турушу үчүн дегизип чыгартып жиберем. Ойлонуп жооп бер, – деп бошотту.

Айкан басып баратса: – Сизди караган догдуруңуз күтүп жатат, тигил бөлмөдө, – деп бирөө шыбырап өттү. Айкан догдурун сыйлайт эле, ал жолугууга шашылды. Көптөн бери көрүшпөгөн догдуру менен кучакташа саламдашты. Айкан ал догдурду көргөн сайын катуу толкунданып алчу, азыр да ошентип турду...

...Ички дүйнөсү уйгу-туйгу болуп болгон төрт сырын догдуруна төгүп кеңеш сурагысы келип турса да баарын тил учуна кармап, тили тишине такап жатты...

– Эмне болду кызым? Табышмактуу көрүнүшүң? – деди догдуру жумшак гана. Айкан эркелеп кетти. Жаш баладай кылыктана оозун чулчуйтуп туйтуңдай басты. Бирок жарыла албай койду. Эки анжы болуп жатканын сезген догдур: – Сенин абалың мага түшүнүктүү. Самараны куткарыш үчүн баарын жасоого даярсың. Өзүң жөнүндө ойлодуңбу?. Абакта арбайып түрмөдө өмүрүң өтүп чирип кетпе. Ошондуктан ал кызды да, өзүңдү да эсен соо алып калыш жолун ойло. Эгер түрмө башчынын ишин аткарсаң Самара чыгат, бирок сен аны уурдасаң, Карис сага уу тырмагын салат. Сени ар кандай оор иштерге түртүп, бир өмүр түрмөдө калууга аргасыз кылат. Терең ойлоп, так иште. Бар эми бара гой. Жөнү жок сыгылбай так иште, – деди да жөнөп кетти. Айкан таң кала артынан узатып, көзүнөн жашын имерип алды. Бул түрмөдөгүлөр бардык жаңылыктан кабардар болорун мурда укканда ишенчү эмес, эми так эле ошого көзү жетип калды. «Баарынын тыңдоочулары жакшы иштейт тура» деп күлүмсүрөй бөлмөсүнө келди. Бүгүн түнү Каристин табышкери боло оюнга чыгуу керек. Самараны чыгарып алса, анан түрмө башчынын тапшырмасы менен бул сулуу кызды биротоло бошотуу жолу турат. Айкандын башы маң. Каристин иши Айкан үчүн жеңилдей сезилгени менен кимдер менен беттешет, кокустан жеңилсе кыздын тагдыры эмне болот? Ушул ойлор Айканды кыйнап жиберди. «Жок кандай болбосун жеңишим керек»,

– деп катуу чиренди. Капыстан эле оюна эң сонун акыл келди да, Карис менен жолугушууга шашылды... Бирок, Кариске барса, аны жигиттери киргизбей, кыйшаңдатып жатты.

– Ким ал! – Ичкериден Каристин үнү угулду.

– Айкан көк көз!

– Кирсин.

Көк көз кирип келгенде, Карис бутту асып коюп жаткан экен.

– Кел, эмне болду?

– Мен оюнга макул болдум, бирок шартым бар? – деди көк көз.

– Шарт! – Карис каткырып күлө. – Сенде да шарт барбы?

– Ооба, – деди кыз көзүн ирмебей.

– Айтчы,–деп колун көтөрдү.

– Оюндагы пайданын жарымы меники болот жана бул кыздын жанына да жолобойсуңар, – деди. Бирок ичтен коркуп турду, чоң сурап жатасың десе эмне дейм, баары жакшы болот», – деп кайта өзүн сооротуп алат. Карсылдап күлгөн Карис.

– Кызыңды берем жана коргойм. Акчага келсек 50гө 50 деп турасың го.

– Ооба,

– Эликке элик эмес, сага отуз берем болобу?

Айканга бул акча кенен жетмек. Ошондуктан:

– Болот, – деди. Эми баарын тактап алгандай болду. Оюндан алган акчага түрмө башчысына дарыны сатып алып берет. Кубанып кеткен Айкан Самараны тигилер чыгарып бергенде кучактап алып, өпкүлөп жиберди.

– Эже, эжекебай! – деп үч күндөн бери байлоодо жаткан кыз да шишиген колдорун көтөрө албай ыйлап жиберди. Кыздын абалы оор болчу.

– Самара, турчу өйдө. Байкуш кыз ач, таңууда үч күн жаткандыктан колу-буттары талыкшып калган.

– Карис! – деп кыйкырды Көк көз, – карачы муну! – Ачуусу келген Айкан артка кайта,– ээй ит! Элүүгө элүү болбосо сени менен башкача сүйлөшөм! Карачы кыздын абалын! Дары бердиңби?! – ачуусу келип калтыраган Көк көздү көргөн Карис.

– Өлөйүн, дары бербедим, только ачка, ээ баса массаж жаса, жигиттер! Жеткиришип койгула! – деп тигилерге

буйрук берди.

– Кереги жок! тур тиякка! – деди да Көк көз кыз Самараны жаш балача эле көтөрүп алып кетти. Айкан бөлмөсүнө келип, кыздын буту колуна массаж жасады да, тамак жегизип коюп догдуруна жетти.

– Самаранын абалы оор, – чуркап келген Көк көз кыз аптыгып:

– Алып кел, – деди догдур.

– Бул жергеби?

– Ооба, бол эмне сайыптырбы?

– Билбейм! – Кайра дикилдей жүгүрүп жетип, кызды госпиталга алып жөнөдү...

...Карис айткан убакыт жакындап жатат. Айкандын каны кайнап ачуусу келип турду. «Эгер Самарага сайып койгон болсо мен эмне үчүн ойнойм?» ары бери баса берип, тажап кетти. Догдурдан кабар келди. «Сайылбаган, бирок көпкө ачка жана таңылуу болгон». «Өх!» деп Айкан кубанып калды. «Эми бул жагы менин ийгилигим менен тыгыз. Жеңиш жана жеңиш!». Айкан оюнга чоң ишенич менен кирди. Ооба, адам ар кандай ишке ишенич менен кирсең жеңишке жетери Айкан үчүн анык. Ал түнкү оюнда уттуруп барып, анан ута баштады. Арты ийгилик менен бүттү. Өз тиешесин алган кыз эртеси Зебудан төрт күкүрт сатып алды да убада боюнча түрмө башчыга барып: – Мен келдим,– деди аны тике карай.

– Кел, алып келдиңби? – Башчы ишенбегендей карады.

– Мен сага кандай ишенейин?

– Магабы? Аха, хы-хы! – деп күлүмүш болгон башчы бир азга ойлоно калды.

– Кандай кепилдик бере аласың? – деп Айкан ого бетер демитти.

– Бул кыздын чыгышына дагы бир жыл бар, мен болсо ушул эле айдын жыйырмасында чыгарам, болобу? – деди башчы жылмая.

– Эгер чын эле жыйырмасында чыгарсаң ал азыр госпиталда ошондон ары жөнөтүп жибер мен сага эки күкүрт берем, – деп колундагы күкүрттөрдү таштады. Муну көргөн башчы кубанып кетти: – Болду, сөз жок, – деди арсалактай.

Догдурдун кеңеши болбосо Айкан үйрөнгөн адаты менен уурулук жасап баягы кейпине түшмөк да дуп-

мандардын курчоосунда калмак. Ушул иштери минтип ойдогудай аткарылганы үчүн догдурду миң ирет алкап жатты... Өмүрүндө мынчалык кубанган эмес. Айкан госпиталга барып, Самара менен коштошоордо жүрөгү жарылчудай түрсүлдөп, канаты болсо учуп, дүйнө жүзүнө жар сала мактангысы келди. Себеби, бул иш Айкандын адам баласы үчүн жасаган биринчи жакшылыгы болчу. Ал өзүн укмуштуудай зор эрдик жасаган баатырлардай сезип турду. Нак тозоктун чогунан, эч бир жерине так калтырбай, бир аппак, жумшак кебезди сууруп алып чыгуу оңой иш беле. Мына эми Самара нак тозокто болсо да анын даамын татпай таптаза бойдон бейиш дүйнөгө жол алышы, анан да бактылуу күн көрүшү мүмкүн эле да. Буларды ойлогондо, Айкан өзүн чексиз бактылуу сезип кетти.

– Эже, мен кетип жатам, сиз качан чыгасыз?

Айкан бул суроого эмне деп жооп берээрин билбей жатты. Эрдин тиштенип ыйлап ийчүдөй араң турду.

– Мен сиздин жакшылыгыңызды эч качан унутпайм. Эгерде сиз болбосоңуз, мен кор болуп калмакмын. Эки дүйнөдө сизге ыраазымын, эже! Сизди Жараткан колдосун! Сизге белек жөнөтүп турам. Жакшы калыңыз. – Самара Айкандын мойнуна асылып, жаш балача ыйлап жиберди.

– Кой ыйлаба, бактылуу бол! Турмушка чык, мен чыкканда балаңды көрөйүн уктуңбу, – деп чачынан сылай маңдайынан сүйдү.

– Мени ким алсын, – деди Самара көзүн ушалай.

– Антчу эмес, сен деген сулуу, адептүү кызсың, сага суктанбаган жигиттер көр болот, – деп күлмүңдөй карады.

– Чын элеби? Мен сулуумунбу?

– Сендей сулуу жок болсо керек.

Экөө күлүп калышты. Айкан Самараны узатып келди да, бар тыйынына башчы үчүн белеке күкүрт алды. Башчыга жолугуп, ыраазычылык билдирип, белегин сунду.

– Бул эмне?

– Рахмат, бул белек.

– Охоо! – Каткырып күлгөн башчы «Бул кызды пайдаланып, көптү тапса болот экен» деп ойлой. – Сен билесиңби, сага дагы 4 жыл үстөгү менен 13 жыл болот. Эгер бир жолу жакшы жумуш бүтөрсөң, сени амнисияга

илинтип коем, бошойсуң. – деди
– Эмне жумуш? – Айкан көңүлсүз
– Ушундай эле, мага эми оңду алып келесиң
Бул жолу Айкан иренжий түштү
–Ырас айтам. Жакшы жүрүп–туруш үчүн 4–5 жыл мурда чыккандар бар, же болбогон иш үчүн камалып, ишин кайра козголтуп калып кеткендер бар. Сен кайсынысын тандаар элең? – Башчы кызды тике карады. Айкан «Бул чындап жатабы же сындап жатабы?» деп суроолуу карады... Башчы күлмүңдөп ары-бери баса баштады.

* * *

Самара кеткенден бери Айкан жалгызсырап жүрдү. Антсе да, эч сыр бербей элге аралашып жүрө берген. Кокусунан Жымшык чакыртыптыр
– Эмне болду?
– Саламды унуттуңбу?
– Салам!
– Билем, сен мени жек көрөсүң. Кантсе да менин сага ишим түшүп алдыңда ийилип турам, – деди ал чылым соро
– Келе чылымыңдан. – Көк көз колун суна.
– Ой, бул башка. Буга чылым бергиле!
Айкан чылым тутантты да: – Айт дартыңды! – деди тикиреңдей.
– Ачууланба дос. – Карис көзүн жүлжүйтө кызды карап. – Эмесе, мындай! Менин бир керегиме жарасаң, аларың да чоң болот. Зебу мени көзгө илбей калды, ошону имерип бересиң. Башында өзүң болушуң керек.
Бул иш Айкан үчүн оор эле. Ачуусу келе: – Сенин максатың мени жок кылуубу?
– Жо, жоок түк андай ойлобо. Мен сенден жардам күтүп жатам. Ойлонуп жооп бер. Канча керек десең күтөм, – деп дулдуя ары-бери басты. Айкан ачуусу келе ушул азыр мээсин чачырата тепкиси келип турса да, тишин кычыратып, муштумун түйө чыгып кетти. Бүгүнкү сунуш көк көз кызды ойго салды. Мурдагыдан да оор күнгө калгандай кыйналып жүрдү. Бул жолу догдуруна өзү барды.
– Саламатсызбы? – Шылкыя кирген кызга
– Саламатчылык, ой эмне болду шайың жок? – деди догдур.

– Иш чатак.
– Кандайча?
Айкан догдурга Жымшыктын сунушун айтты.
– Ээ, «Өдө тартсам өгүз өлөт, ылдый тартсам араба сынат» дечи.
– Так ошондой.
Айкан башын салаңдатып, мурунун шырылдата бетин жаап алды.
– Эмне шырылдайсың? Билем, Зебу сага көп жакшылык жасаган. Баягы сени жаралаган мына ушул Каристин жигиттери болчу. Демек, сен сазга чырмалып калыпсың.
– Сазга дейсизби? – кыз бырс күлдү.
– Күлбө, эчак эле сазга кирип бирок, аттамагын таамай таап сазга сорулбай өтүп келдиң. Эми да өтө аласың. Сен чебер кызсың. Ар бир ишти оң жака да, сол жака да, өзүңө да зыянсыз болчудай бүтөрөрүңө ишенем. Мен чогулушка барат элем. Кана болбо. Ойлон. – деп болмосун бошот дегенсип, ишаарат бере босогону бойлой шапкесин колуна алып, ачкычын шарактата кызды күттү... Айкан сырдашууга толук канаттанбай калган эле. Бирок айласы кайсыл. Көкмөк көздөрүн чоң–чоң ачып, догдурду таң карап, кетүүгө камына жол алды...
«Эми эмне болоор экен? Бул саздан чыгып кете алса чыныгы баатыр кыз болот. Болбосо билбейм да, ай билбейм», – деп кийине ойлонгон догдур кыздын артынан узата карайт. Ушул жолу мурдагыдан да катуу боору ооруп кетти кызга. Себеби, кыз өтө чарчаңкы, алсыз жана үмүтсүздөй көрүнгөн...
Шалдая басып, шараптан ачып, айкыра ырдап, түндү көбүн олдоксон өткөрө берди... Арадан үч ай убакыт өтүптүр. “Жымшык мага кенен убакыт койдуго же башкача оюу бар бекен?». Көк көз кыз Жымшыктын мынча күткөнүнө ишенип ишенбей жүрдү «Зебу менен элдешип алды бекен?» Бул оюу кызды кубантаар эле. Далай далай ушул оюн бекемдеп, өзүнчө жыргап алчу. Кайдаан, ыплас ишке катуу киришип, ошол иштин арты менен жашап, кара ниеттике толук батып алган топтун иштери, тынччылык менен бүтөөрү күмөн го. Аны так билсе да кыз бечара өзүн соороткоп көңүлүн аз да болсо жибитип алганы буга жардам да...
Адаттагыдай эле Жымшык чакыртыптыр. Баруудан мурда башчыга жолугуп сүйлөшкүсү келди. Иши оңунан

келбеди, башчы жок экен. Айкан Жымшыкка барган кезде караңгы кирип калган.

– Кел көк көз, – деп Жымшык жайдары тосту.

Булар ким үчүн дегендей, үстөлдүн үстүндөгү түркүн даамдарды карады.

– Буларбы? Сен менин коногум болосуң. Бул даамдар сага жагабы, жокпу билбеймин, бирок, сени сыйлагым келди, – деп колун суна Айканды жетелеп төргө өткөрдү.

«Бул кандай сыр болду?» Айкан бүкү-түкү болуп оңтойсуздана берди.

– Көк көз, сен чоочулаба, мен жөн эле, – деп карсылдап күлө...

«Эмне болсо да көрдүм» деп таттуу даамга кол узатты. Экөө бири бирин катуу сыйлашып кызый баштаган ченде Карис: – Сен кыз бала болсоң да, мен сени көп кыйнап койдум, мени кечир, – десе, Айкан башын чайкай:
– Жок! Мына бул даам өтө жагымдуу экен, – деп тамака тойбой уламдан улам. – Ым, укмуш, сонун! – деп жей берди. Оозу толо булдуруктайт:

– Айкаан, билесиңби, убакыт учкан куштай зымырап, тез эле үч ай өттү. Сага менин сунушум өтө оор экенин ойлоп көрдүм, – деп карт кекирсе оозунан сасыган арак жана сарымсак жыттанат.

– Анан? – деп көк көз дале жегенге умтулат.

– Эң оңой жолу бар, – деди да музыка койду.

– Кандайча? – кыз суроо бергиче Карис көзүн жымыйтып кызды бийге тартты.

– Кел бийлейбиз. – Бутунда араң турат.

– Мен бийлей албайм. – Көк көз кыз каткыра күлүп, ордунан турду. Ырас эле бийлей алчудай музыка эмес экен. Кыз кыймылдаган болуп тура берди. Жымшык деле жыргатып бийлечүдөй түрү жок. Калп эле далдайып, канатын жайып, ары-бери басты. Акырын жылып келип кызга жакындай берди. Айкандын жүзүнө ээрдин тийгизе.

– Молтүрөйсүң жүзүмдөй, – деп тийише кеп улады.

Айкан жүзүн буруп ары жылды, тигил ээрчий баса.

– Сен мага жагасың, – деп мойнуна колун артты.

Кыздын итиркейи келе түштү. Шарт уруп жибере жаздап, сырттагы корукчуларын эстей өзүн токтото:

– Ырас элеби? – деп күлгөн болуп, анын жагын сыламын этти.

– Бүгүн түнү чогуу эс алалыбы? – деди Жымшык.

– Тигилериңди жөнөт, – деди кыз анын сырткы кароолдорун жаңсай.

– Ошол да кеппи, менин бир ооз сөзүм да. – Жымшык ыргала басып. – Ээй! – карт кекирет, – бошсуңар, эртең келгиле! – деди да эшикти жапты.

Ыржалактай күлүп, эми кызга жетээрде кыз буйтап кетти. Семиз немени жакшы эле ары-бери бурмалап, буйтап колго түшпөй чарчатты. Көңүлүнө топ келген Жантурду жолотпогон кыз ушул Жымшыка эле оңой алдыра койбосун Карис кайдан билсин.

Карис зор үмүттө «Колго түштү кайран кыз. Эми менин гана чеңгелимде болосуң», деген кыска оюна берилип ишенген. Капысынан тийген соккуга гаңгирей түштү. Мындайда Айкан карайбы, анын талылуу жерлерине катарма–катар муш берип, эсин оодара төшөгүнө сүйрөп жаткырды да, бөлмөнү акырындык менен аңтарып кирди. Талап-тоноочулукка машыккан кыз тез эле акча тапты. Өзүнө керегин алды да, буттарын кыймылга келтире баштаган Каристи тепкилеп салды.

– Акмак, көпөк, бир кап саманча келбейт тура. Ме сага ме, Самаранын да кегин алам, мына сага мына, – деп оозунан каны чыгып кеткиче кез келген жерине тебе берди.

– Мени менен ойнойт имиш, – деп кекенип коет, керсейип коет...

Акырын бөлмөдөн чыга өз ордуна жөнөдү, жакындаган чеңде: – Эй кимсиң? – деген үнгө карап, колун көтөрө: – Мен ажааткападан, – деп койду.

– Аа, бар укта милашка, – деп тигил күзөтчү артка кайтты

Мастыгына карабай Айкандын уйкусу келбеди. Тынчы кетип, ары-бери оодарыла тыпырчылай берди. Таң сүрүлө баштаган кезде гана таңкы уйкуга тартылып калган эле. Таңкы таттуу уйкуда балкып жаткан. Бөлмөнүн ичи ызы-чуу түшүп төрт жигит чүмбөтчөн кирип келип:

– Көк көз кана? – деди бири.

– Тигине. – Ооз жакта кыпчылгандын бири төрдө жаткан кызды көрсөттү.

Түнү бою уктабай, эми эле көзү илинген кыз катуу уйкуда эле. Тигилердин бири башын экчей беркисине буйрук берди. Ал аткан октой магдырап жаткан кызга курч

бычакты бышып алды. Олтургандардын бири көк көз менен кошо ачуу чаңырды.

– Ааай! Өлдүү! – деп деңн башын мыкчый.

– Апа! – Көк көз бүрүшө калды.

Тигил кызды да бакырып жибергени үчүн далыга сайып кетишти. Калгандары буттарын кучактай, эки тизесине башын катып, тиштенип олтуруп калышкан. Бир топтон кийин гана бирөө: – Күзөтчүлөргө айткыла, кан көп кетип калбасын. Ошондуктан көп нерсе билбеш керек, – деп бирөө тыңсышат. Бир да жан күзөтчүгө айтууга даай албай, бири-бирин алмак-салмак жалдырап карашат.

– Турбайсыңарбы... – Жанагы аял дагы чакылдай бергенде, ооз жактагы экөө жарыша чыгышты. Булар деле кабар тапканбы, же башка жерде да тополоң болгонбу, айтор, топ күзөтчүлөр келе жатышкан экен. Тигил экөө: – Бул жакка, – деп тигилерди баштап киришти

– Ким бул?

– Көк көз да.

– Бул кыз жана өзүнө ишенип койду да. – Кимдир дабалап жаткандай сүйлөндү. Ал эми бирөөлөр: – Бечара кыз экинчи жолу жараланды, – деп бору ооруп жатты...

... Көк көздүн абалы мурункудай эле оор экен. Баягы дарыгер агасы операция бүткөнчө көл-шал терге түшүп, бар күчүн жумшап атып, өлүмдөн экинчи жолу алып калды. Көк көздүн тагдырына ушундай күндөр жазылганбы, же качандыр Алла таалам кечире алгыс күнөө жасаганбы? Бул жөнүндө эч ким ойлобойт. Түш көргөнсүп улам артта калган оор күндөрүнө кол шилтей жашап көнгөн кайраттуу кыз, дагы да болсо чымындай жаны аман калса, бул жашоонун жакшы жаман күндөрү менен бел байлаша бермек... Мындай өжөр, кайраттуу неме саналуу гана жаралат.

«Аттиң» деп, кайран кыз ушул кезге чейин далай, далай арманда болуп келди. Ар бир күнү тополоңсуз өтпөгөн тээ кичинекей чагына далай ирет кайрылып, баарын башынан баштагысы келээр эле. Оо, чиркин дүйнө, колдон келип башынан баарын баштаса, бул тозоктун босогосуна жоломок эмес. Өзү эңсеген ыймандуу, зээндүү, күчтүү спорт чебери болуп, дүйнө элине таанылмак... Ушундай кайраттуу чебер кызды жолдон алдастатып адаштыргандар эки дүйнө жакшылык көрбөсүн...

Көк көз кыздын жөөлүп сүйлөгөн сөзүнөн улам догдур

селт эте чочуп ойгонду.

– Каач! Каач! – деп кыйкырат ал.

Алактап колдон көтөрүп, кэзде жаткан жеринен так эле көтөрүлүп кайра ордуна келип өтө кыйналып жатты.

– Бечара кыз, неге бешенең шор? – деп кейип-кепчип кыздын абалына боору ооруган мээрман эже да көк көздүн жанынан кетпей, чын дилден карап тез сакайып элине кетээрин тилейт...

... Арадан күндөр өтүп, айга айланып жатты.

– Мына үч ай болду, менин кызым али да болсо сакайып кете албады. – дейт догдур өзүн күнөөлүү сезип.

– Жок, Салижанович мурункудан анча жакшы, күндөн күнгө чыйралат. – деп мээрман эже кыздын абалын күндөгүдөн кыйла жакшы экенин байкады.

– Баягы күнкүдөй бейтааныш адам кирбей калдыбы?

– Азырынча жок, алар кимдер, бул кыздан аларга эмне керек?

– Бул жер, түрмө, кимден ким кандай пайдалангысы келгенин сен экөөбүз кайдан билебиз. Биздин максат оорулууларды сакайтып коюу.

Салижанович врач болуп иштегени мынчалык кайраттуу кызды көрбөгөн. Бул кыздын көргөн азаптарына жүрөгү эзилип кетчү. Ошентсе да, бул кыз сыр бербей ар бир тосуктан таза бойдон, чепемсиз акылдуулуктун жана бекем кайраттын, табылгыс күчтүн жардамы менен камырдан кыл сууругандай чыгып жатты. Чыкалап кеткен терс топтор мунун көзүн тазалоо үчүн изине түшүп, госпиталда жаткан да кол салып турушту. Пендем деп боору ооруган Теңирим бул кызды ар убак ажалдын оозунан сууруп алып турду.

– Кандайсың кызым? – деди догдур көзүн ачып кимдидир издегендей элеңдеген кызга күлмүңдөй.

– Турсам болобу? – Кыз обдула берди

– Болот. Келе колуңду өзүм жардам берем. – Догдур Айканды таяп тургузуп, бөлмөдөн коридорго алып чыкты. Экөө көпкө басалчудай эмес.

– Чарчадым, – деди көк көз кыз кеберсиген ээрдин араң эле бүлкүлдөтүп.

– Макул анда, бүгүн жакшы жумуш жасадың. Абдан жакшы, эми жат бөлмөңө. – Жетелеп кирип, керебетине жеткирди. Алы жоктуктан тер кетип жатты. Мурууну кыпчылып, өңү бозоруп, калтырап алган.

– Оозуңду чоң-чоң ачып дем ал. Ии ошондой, дагы, – деп врач кыздын дем алуу органдарын иштетүүгө жол көрсөтүп.

Азаптан азап күчөп, Айкандын жашоого болгон умтулуусу солуп бараткандай.

– Кыйналып кеттим, – дейт калтырап

– Кайратыңа кел! Мурдагыдан жакшы болгон сайын кайра шалдырайсыңда! Сен ушундай кыз белең!? Айкан балбан! – деп врач Айканды ардантып күлдү.

Өктөм, өктөм айтылган сөзгө кайраттандыбы, же өзү сакайдыбы, айтор, көк көз кыз сакайып калды.

Буга чейин врач да тек жүрбөй амнистияга келген буйруктарды тынбай текшерип турду. Антпесе Айканды чыгарып алчудай эмес. Эмнегедир кызга имерилип калган догдур бул кыздын эсен соо, бул тозоктон чыгып кетишин көп ойлойт, Кудайдан тилейт. Бул жалган дүйнөдө жакшы пенделер да бар эмеспи. Бул дарыгер да ошондой пенде эле. Эгерде андай болбосо, минтип байкушка боору оорумак эмес.

Азапты көп тарткан көк көз кыз күндөрдүн биринде түрмөдөн бошотулду.

– Дагы да болсо сак бол, тигилер сени тынч койбойт болуш керек, – деп Каристерди болжоп айтты.

–Буйруганын көрдүм, – деди да врачына алкоосун айтып, ыраазычылыгын билдирип, анын менен коштошуп жатты.

– Шашылба, мына бул акча сенин жаныңдан чыкты эле, – деп бир пачка акча берди.

– Мага эми кереги жок, сиз ала бериңиз. Мен бул акчаны түрмөдөн чыгуу үчүн топтогон элем.

– Үйдөгүлөргө куру барбай белек аласың ала бер, сен бул акчага мээнет менен жеттиң.

Кыз акчаны көпкө ойлуу карап турду да, анан дарыгердин кең пейилине, дилинин тазалыгына, күйүмдүүлүгүнө жүрөгү жылыды бейм, пулду алып баштыгына салды.

– Элдер түрмөдөн чыкканына катуу кубанып алгандыктан өздөрүн коерго жай таппай делдеңдешет, а сен болсо кападайсың? – Кыздын жүзүнөн кубаныч көрбөгөнүнө таңданган врач суроолуу карады.

Тамагына бирдеме тыгылып калган өңдүү бүлк-бүлк жутуна көк көз үн сөзсүз жол улады. Күткөндөй суроосуна жооп ала албаган догдур «Кызык болду го» деп таңдана

узатып, көпкө карап турду... Кантсе да көптү көргөн көк көздүн ички дүйнөсү уйгу-туйгу. Деги ата-энеси, тууган уругунун алдына кайсыл жүзү менен барарын, жүз ойлоп да бир жактуу жооп да, жол да таба албай айласы куруду. «Алдыда тагдырдын мага деген кандай белеги бар?» деген суроо менен жүрөгү болк дей түштү. Күтүлбөгөн жерден: – Эже! Эжекебай! – деген чакырыкты угуп алды. Артын элендей карайт.

– Ким бул? – Карасай салса Самара экен. – Самара! Самара!

Эже сиңди бири-бирине карай кулач жая жүгүрүштү. Сагынычка тунгандар бат эле жетишти. Ыйлап да, бири-бирин кыса кучакташып да, көз жашын тыйбай да сүйлөп жатышты...

Түрмөдөн чыгып, Самара менен жолукканына абдан кубанганы ай!

– Эже, бүгүн биздин үйгө баралычы. – Самара эркелей суранды.

– Макул. – деди Айкан.

Ансыз да өз үйүнө такыр эле бөтөн кишидей болуп калганы талашсыз. Анын азыркы турушунда чогуу өскөн достору көбүрөөк жүрөгүн оорутуп жаткан. Баарынан түбөлүк ажыраганын ойлой жүрөгү тилинип, кан жуткандай буулуп, дагы деле басылбай ыйлап баратты...

Самара болсо эжесин «Кубанганына ыйлап жатат», – деп ойлоду...

Кайдагы кубаныч. Деги Айканга кубанаар күн мурдагыдай бактылуу минуталар, көмүскө сезимдер кайра келээр бекен...

* * *

Айкан үйүнө барганына бирде өкүнсө, ата–энесинин кыздын алдында чебелектеп турганын көрүп, өзүн акмактай көрүп кетет. Күндөр агын суудай агылып өтө берди. Колунан келээр жумушу атасын ээрчий дыйканчылык менен күн өткөрүп жүрдү. Көбүрөөк кыйналып кеткенде, жеңелерин топтоп арак ичет да, ырдап-бийлеп көңүл ачат. Өтө мас болгондо шолоктоп ыйлайт. «Мен бактысызмын!» деп ачуу айкырыкты салып, ызы-чуу салып бара–бара жеңелерине колу тийип калчу болду. «Кант-

се да түрмө көргөн шумшук да» дешип айылдагылардын баары мындан алыстай башташты. Бир гана Мистекан женеси:

– Ай кызыке, сен эрге тий! – деп башкалар ачык айтуудан айбыгып жүргөн сырды ачык айтты.

– Эрге.. – кыз каткырып күлө. – Ээ, женешка! Мени ким алат! Мага окшогон зөөкүр кызды ким алат! Ал дөөбү же сыйкырчыбы?! – деди Мистеканды чимирилте колдон алган Айкан. Экөө тең кызуу болчу.

– Мен табам сага күйчүсүн. – Мистекан шыңкылдай күлүп чыга качты.

– Посмотрим жеңе, – деп сомөкөйүн кезеп, темтендеп басып калып калды да, үйгө кирип апасына: – Билесиңби, мен эмнеге бактысызмын.

Кызын мындай абалда биринчи жолу көргөнө ата-энесин калтырак басты.

– Мен белек болгон үчүн бактысызмын. Мен керексиз буюм катарыбы же баалуу буюм болуп, белеке берилген үчүн айтор бактысызмын, – деди да чалыштай басып бөлмөсүнө кирип кетти.

Ошол күндөн тарта ата-эненин ортосундагы эски талаш жаңырып, уруш жаңжал көбөйдү... Мистекан жеңе убадага бек тура, жуучу алып келиптир. Келген жигитти көрүп Абдирашит ава, башын чайкай: – Менден он жаш эле кичүү экенсиң иним. Кызым өзү чечсин, – деп четке чыкты. Апасы да абышкасынын сөзүн кубаттай четке сүрүлдү.

– Жүрүңүз кызыке жигит менен тааныштырам. – Мистекан жеңе чепилдей сүйлөп, кызга кирген. Корксо да күлгөн болуп колун сунду.

– Салам, – деди Айкан калтыраган жеңесинин колун кыса. – Эмне калтырайсың, менин кыялыма чыдачу болсо кете берем. Кыздын барар жери күйөө да.

Бул сөздү уккан Мистекан жеңилдей түштү: – Кемпири өтүп кетиптир, беш баласы бар экен. Балдары өзү менен өзү экен. Абышка үйдө жалгыз калыптыр. Сиз төрөсөңүз деле оор көрбөйм дейт.

– Ээ бежиребей менин кыялымды айт тигиниңе, жүзгө чыкса да боло берет. Мени ким карамак ушул абалымда, – деп күлүп жеңесин түртө, сыртка чыгарды.

Ошондон көп күн өтпөй эле той болду. Ичи туз куйгандай ачышып, жүрөгү күйгөн көк көз кыз тагдырга

баш ийе турмушка аттанып чала сакал абышка менен бир жаздыка баш койду... Мистекан жеңе болсо:

– Сүйүнчү! Сүйүнчү! Кызыбыз уул тапты, – деп эжелерине, ата-энесине сүйүнчүлөп жатты.

Алгач сөздү уккандар таңдана элеңдейт. «Уул тууганы эмнеси, ырас эле уул төрөп алса го» деп ойлойт. Ал тургай таң эрте Алладан сурап тиленсе да, жараткан кызды эне болуу бактысынан да ажыратып койгон эле.

Бала сүйгүсү келип кыжалат болгондо, өткөн-кеткенди эстеп сыгылганда жинди сууга түшүп алып, аюудай бакырып, колуна тийген менен көзүнө көрүнгөндүн баарын уруп, ушул жүрүштү адатка айлантты. «Чоң жинди» атка конуп, аялдын мас экенин көргөндө айылдагы баладан тарта жетимиштеги абышкаларга чейин бекинип калышаар эле. Өзүнүн абышкасы да көрүнбөй, ал уктап калгыча карбаластап сыртта жүрчү. Бул көрүнүш бир айда бир жолу болуп турчу. Бир күнү сопсоо келген Айкан аябай ыйлады.

– Эмне болду? – деп сураган абышкасына, – Менин Ира досум нашадан өлүптүр. Эмне үчүн биз бактысыз болдук?! Эмне үчүн?! Жантур жаш кетти! Өлүгү талаада калды! Ринат, Серик, Нигоралар дайынсыз жоголду! Менин көрбогөнүм көр, кирбегеним кара жер болду. Акыры миңтип сенин сакалыңдын битин тердим. Тагдыр неге таш боор. Неге? – деп жер-сууну бузуп өкүргөн аялдын үнү айыл жаңыртты. Абышкасы үн–сүзсүз башын салып олтура берди.

– Баягы мас окшойт, – дешет коңшулалар үйлөрүнө шаша.

Кайдаан ал бечаранын арманы күч, көөдөнүндө ачылбаган сыр, айыкпаган дарт бар экенин ким билсин. Атаганат арман ай тайбас кыздын тагдыры ушинтип көкүрөк дарты менен калаарын ким билсин.

Кээде өзүнөн жийиркенсе, кээде өзүн баатыр сезет. Молдоке менен Айдардын көзүн тазалаганына кээде өкүнсө, кээде «Эгер алар өлбөсө, мага окшогон каракчыларды тарбиялап, оюнга салат. Мен жакшы иш жасадым. Хамид болсо менден коркуп жүрөгү карман өлдү. Мен көмүскө тарбияланган каракчынын акыркысы болсом керек», – деп ойлогондо өзүн табылгыс баатыр катары кайраттанат...

Тагдыр оюнуна такшалып, түркүн түрдүү адамдар ме-

нен мамиле жасап, ар бир адамды бир көргөндө сынап, ичиндеги ала жибине чейин таамай айтчу болуп алды. Арманы күч айыкпас дарт менен чырмалып аракты гана сырдаш-муңдаш тутуп өмүр өткөрүп келет... Короо-сарай тазалап жүргөн көк көздүү абышкасы шаштырып: – Бол ай, тез бас атам келди, – деп үйгө тарткылайт.

– Атам келдиби? – Айкан таңдана.

– Келбей анан. – Абышкасы шашыла үйүн көздөй жөнөдү. «Атам эмнеге келди экен, менин жинди жоругумду токтот деп кеңеш берсе эмне дейм? Менин кыздарым ыймандуу эле. Сен кайдан чыктың?, – десе, эмне дейм?» деп санаасы-санга бөлүнүп, терс кыял жоруктарын ойлой бети ысып, уялыңкы кирип барды. Атасынан жалтанып олтурду. Бирок: – Эмне жумуш менен келдиңиз? – деп түз суроо бергенин өзү да сезбей калды. Себеби, оңтойсуз абалда олтурган атасынын абалын көргөндө кандайдыр бир чоң маселе бар экенин түшүнгөн эле. Оор улутунган атасы да кантип сөз баштаарын билбей бушайман.

– Аа кызым, эми минтип бир бутум көрдө, бир бутум жерде турган кезде, мен мындай сырды жашырып жаратканга күнөлүү болгум келбейт. Сен келе элек кезде сага Орусиядан кат келди. Сага ал катты берсек, сени колдон чыгарып жиберүүдөн чочуп, энең экөөбүз сыр тутканбыз. Бизди кечир, – деп катты сунганда, Айкандын жүзүнө болуп көрбөгөндөй нур төгүлүп, жылуу сезим пайда болду.

– Ринаттар, алар тирүү, алар тирүү экен. Мен катты чыдамсыздык менен күткөн элем. Ата рахмат сизге, – деп шашыла катты алып жыттап койду.

Келгенден бери кызын мынчалык кубанганын көрбөгөн, ичтен сыза «Аттиң кызым бөлөк өсүү болуп калган тура. Бизден дагы тигилерди жакын тутуп алганын көрчү» деп өкүндү.

– Ата кеч бердим деп, кыжаалат болбоңуз, «Эчтен көрө, кеч жакшы». Алар менин табылгыс досторум, демек алар тирүү, мен кандай бактылуумун бүгүн. Ата бүгүн конок болуп кетиңиз, – деп тыбырчылап тамак даярдоого ашыкты.

– Жок кызым, энең күтөт, барайын, – деп капа болгон ата жолго чыкты.

Атасы таарынганча бар, кыз мынчалык кубанган эмес. Бирге өскөн досторунан жок дегенде Ринаттар бактылуу

болуп калышы да Айкан үчүн чоң дөөлөт эле... Катта Айкан күткөндөй, Нигора экөө үйлөнгөнү жазылыптыр. Серикке бир орус кызын алып беришиптир. Алардын бактылуу турмушуна көпө термелип, өзүн бактылуу сезип, бул жашоодо да чындык бар экенине толук ынагандай үмүт ойгонду. Кээде ырдап калчу болду, өзү таалайсыз болгону менен досторунун бактылуу болушу Айканга күч берди. Ал досторуна чын жүрөктөн берилип алган эле. Биз тарапка кел дешиптир. Катты окуп жылмайып коет да, «Кайдан барам, мен бул жерден орун алдым» деп абышкасына эркелеп коёт. Абышкасы да чоочуп жүрчү «Жаш неме бир күнү болбосо, бирде тура калып кете берсе кантем?» деп ушул жолку «орун алдым» деген сөзүнөн абышкасы да ишенип калды. Досторун сагынса эле, ошол катты ачып окуп алат. Ал катты жүз жолу окуса да Айкан үчүн жаңыдай сезилет. Жүрөгүнө тумар тутканы ушул кат эле. Самара да турмушка чыгып, атайылап Айканга өкүл кыз койдуруп алды. Бул күнү да Айкан өкүл эне болуп өзүн таалайлуу сезе кызын жууп жүрдү.

– Туубасам да, тутунган кызым бар! – деп безеленип сүйлөйт.

Кубанычы чексиз. Эл бар жерде жалгыз калбашын эми түшүнгөн Айкан Жантуруна болгон махабат дартынан гана айыгаар жолун таба албай келет. Анын башынан өткөргөн оор кыйынчылыктары баары бир айыкпас дарт бойдон кала берди...

## МАЗМУНУ

*1. Жараланган аккуу*........................................3
*2. Күтүлбөгөн жолугушуу*..................................97
*3. Тагдырдын жазымышы*....................................153
*4. Түшүнүк кат*..................................................172

**Үмүтай Жээнбекова**

**Жараланган аккуу**

Редактору: *Ж. Чоргоева*
Компьютерге терген: *Ж. Бексултанова*
Калыпка салган: *Н. Жолдошбаева*

Формат 60х80 1/16 Көлөмү
16 физ. Басма табак.
Нускасы 700 экз.

«Гүлчынар» ЖЧК басмаканасы,
Бишкек ш., Фрунзе к., 91/1
тел.: (0312) 41-77-67

